**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш Д 13.20.623**

*кКол жазма укугунда*

*УДК....*

**АБДУХАМИДОВА БАТМАХАН АБДУАКИМОВНА**

# «АДАБИЙ ОКУУ» САБАГЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУРМАНДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

**13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы** (кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын

изденип алуу үчүн жазылган

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий кеңешчи: А.Ж.Муратов,** педагогика илимдеринин доктору, профессор

**Бишкек – 2023**

**М А З М У Н У**

**КИРИШҮҮ. ИЗИЛДӨӨ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ** ....... 5

**БИРИНЧИ БАП**

**«АДАБИЙ ОКУУ» САБАГЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУРМАНДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ ПРОБЛЕМАСЫНЫН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ**

1.1. Азыркы учурдагы «Адабий окуу» сабагынын жана анда окурманды тарбиялоо проблемасынын максаты, милдеттери жана ааламдашуу доорундагы функциялары ........................................................ 13

1.2. «Окуу», «Окурмандык ишмердүүлүк» түшүнүгүнүн теориялык концепциялары ......................................................................................... 18

1.3. «Адабий окуу» сабагында окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруу проблемасынын изилдениш тарыхына обзор 25

1.3.1. Дүйнөлүк, орус, совет жана постсоветтик педагогика, психология, библиография илиминде окурмандык кызыгуулар проблемасынын изилдениш тарыхы .............................................................. 25

1.3.2. Кыргыз педагогика жана психология илиминде окурмандык кызыгуулар проблемасынын изилдениш тарыхы ......................................... 33

1.4. «Адабий окуу» сабагында окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруу проблемасын изилдөөнүн методологиялык негиздери ......................................................................................... 53

*Биринчи бап боюнча корутунду* ............................................................ 64

**ЭКИНЧИ БАП**

**ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. Илимий изилдөөнүн материалдары ................................................ 73

2.2. Илимий изилдөөнүн методдору ..................................................... 89

2.2.1. Изилдөөнүн теориялык методдору ............................................. 89

2.2.2. Изилдөөнүн тажрыйбалык (эксперименталдык) методдору ...... 100

2.2.2.1. Педагогикалык тажрыйбанын уюштурулушу .......................... 100

2.2.2.2. Педагогикалык тажрыйбанын жыйынтыктары ......................... 117

*Экинчи бап  боюнча корутунду* .............................................................. 124

**ҮЧҮНЧҮ БАП**

**ТЕКСТТИ ИНТЕРПРЕТАЦИЯЛОО ПРОЦЕССИНДЕ ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУРМАНДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН МОТИВАЦИЯЛОО**

3.1. Аң-сезимдүү жана шар окуу – окуучунун окурмандык ишмердүүлүгүн мотивациялоонун алгачкы ачкычы .................................... 128

3.2. Адабий окуу предметинде окуучулардын окуу-таануу ишмердүүлүктөрүнүн баскычтары ............................................................. 133

3.3. Жомоктор – кенже мектеп жашындагы балдардын окурмандык кызыгууларын калыптандыруунун каражаты катары ................................. 147

3.4. Башталгыч класстардын окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүү аркылуу алардын окурмандык маданиятын калыптандыруу ...................... 157

*Үчүнчү бап боюнча корутунду* .......................................................... 172

**ТӨРТҮНЧҮ БАП**

**«АДАБИЙ ОКУУ» ПРЕДМЕТИНДЕ ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУРМАНДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРЫП ОКУТУУНУН ТАЛАПТАРЫ, ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ, ПРИНЦИПТЕРИ, МЕТОДДОРУ, ФОРМАЛАРЫ ЖАНА АЛАРДЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР**

4.1. «Адабий окуу» сабагында окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандырып окутуунун талаптары жана педагогикалык шарттары ........................................................................................ 276

4.2. Адабий окуу предметинде окуучулардын окурмандык кызыгууларын калыптандыруу ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн принциптери жана мотивациялоонун компоненттери ....................................................... 285

4.3. Адабий окуу предметинде окуучулардын окурмандык кызыгууларын калыптандыруу ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн методдору ..207

4.4. Интерактивдүү методдор менен окуучулардын окурмандык кызыгууларына таасир этүүнүн технологиялары ........................................ 212

*Төртүнчү бап боюнча корутунду* ........................................................ 225

**ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР** ....................... 229

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР** ............................................... 235

**ТИРКЕМЕЛЕР** ........................................................................... 238

# КИРИШҮҮ

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Адамзаттын өнүгүш тарыхы, цивилизацияга умтулуунун жолу, коомдун маданияттуулугу, ар тараптуу жетилүүсү кайсыл заманда болбосун инсандардын окурмандык ишмердүүлүгүн уюштуруу менен тыгыз байланыштуу каралып келген. Көркөм адабий чыгарманы окуу, андан тарбиялык таасир алуу улутту өзгөртүүчү күчкө ээ. Азыркы шартта кыргыз коомунда моралдык кризис болуп жаткандыгы, андан көтөрүлүп чыгуунун зарылдыгы, мындагы билим жана тарбия берүүнүн ролу КРдин Президенти С.Н.Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндөгү жарлыгында (2021-ж.) өзгөчө белгиленди .

Окуучулардын билимин баалоо боюнча эл аралык изилдөө борборунун (PISA) Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү программасы ушул кылымдын башынан бери ар түрдүү мамлекеттердин он беш жаштагы окуучуларынын окурмандык кызыгууларын жана окуу ишмердүүлүгүн текшерип келет. Жыйынтыгында Кыргыз Республикасы 2006-жылы экспериментке катышкан 57 мамлекеттен 57-орунду, 2009-жылы 65 мамлекеттен 65-орунду ээлеген. Алардын аныктоосу боюнча биздин өлкөдө он беш жаш курактагы окуучулардын 16,8 пайызы гана окуганын түшүнөт, калганы эмнени окуп жатканын эл аралык талапка ылайык айтып бере албайт. Бул чоң проблема, улуттук трагедия, дал ушул трагедиянын башаты биринчи кезекте мектептерде окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн уюштура албай жаткандыгыбыз менен байланышат.

Мектеп курагындагы балдарды көркөм адабият менен тааныштыруу, аларга китеп окуу маданиятын үйрөтүү, алардын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруу аркылуу окурмандык кызыкчылыгын ойготуу мугалимдин башкы милдети бойдон ар дайым күн тартибинде турат.

Кыргыз коомунун азыркы этабы советтик түзүлүштөн бошонгон соң жаңы, мурда күтүлбөгөн саясий-экономикалык, социалдык-маданий кырдаалга туш келди: социализмдин жана коммунизмдин идеалдары кыйрады; рыноктук мамилелер, IT технологиялары адамдардын аң-сезимин башка нукка бурду; инсандын моралдык-руханий баалуулуктарга умтулган кызыгууларынын ордун алардын материалдык-мүлктүк кызыгуулары басты. Адептик-ыймандык деградациянын күч алышы, интернеттин жалпы ааламга таралышы көркөм адабий чыгармага болгон кызыгууну төмөндөттү.

Соңку жылдардагы социологиялык, психологиялык изилдөөлөр азыркы окуучулардын окурмандык кызыгуулары детектив, фэнтези, мотивациялык китептер жакка ооп, көркөм адабиятты, анын ичинен классикалык адабиятты окуу артка сүрүп ташталганын тастыктады. Бул болсо жаштардын адептик-руханий сапаттарынын, эстетикалык табитинин өсүшүнө, практикалык ишмердүүлүгүнүн гиперактивдүүлүлүгүнө, эмоционалдык инфантилдүүлүгүнө тескери таасирин тийгизүүдө. Мультимедиялык компьютерлештирүү, виртуалдык дүйнө барган сайын балдардын китеп окуу маданиятын солгундатып, анын натыйжасында мектеп окуучуларынын бири-бири менен гана эмес, айланасындагы адамдар жана жаратылыш менен диалогу азайып, сабаттуулугу төмөндөп, монитордон көзүн албаган муун пайда болду.

Мына ушундай шартта билим берүүнүн маданий өнүгүүгө, окурманды тарбиялоого багытталган моделин өнүктүрүү, анын стратегиясын заманбап талаптарга ылайыктап иштеп чыгуу баланы кайрадан китептер дүйнөсүнө тартып келүүнүн мүмкүнчүлүгүн жаратат деген ишенимдебиз.

Биздин кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илими методологиялык таяныч кылып алган орус тилин жана адабиятын окутуу тармагы окурмандык ишмердүүлүк аркылуу инсанды калыптандырууга өзгөчө басым коюп келген. XIX кылымда жана XX кылымдын II жарымында орус методисттери жана практик мугалимдери В.И.Водовозов [1958], М.И.Рыбникова [1985] ж.б. орус адабиятын, тилин окутуу боюнча адистер

теориялык негиздерин сунуш кылды. Балдардын китеп окуу маданияты, окурмандык ишмердүүлүк теориясы XX кылымдын II жарымында жана XXI кылымда В.В.Голубков [1962], О.В.Джежелей [1994; 1997], Л.Ф.Климанова [2000], М.Г.Качурин [1988], Н.Н.Светловская [1977; 1980; 1991], Е.В.Карсалова [1991], С.И.Колодезникова [2007], С.М.Костомина [2006], Л.Я.Кузьмина [2000], М.Пиримова [1981] ж.б. методист окумуштуулар тарабынан өнүктүрүлдү.

Окурмандык ишмердүүлүктүн адам тагдырындагы орчундуу орду тууралуу Я.А.Коменский [1612-1656; 1982], К.Д.Ушинский [1861; 1864], Л.Н.Толстой [1998], А.С.Макаренко [1937], В.А.Сухомлинский [1981], Ш.А.Амонашвили [1983; 1986] ж.б. классик педагогдордун эмгектеринде жана алардын практикалык иш-аракеттеринде кеңири чагылдырылган.

XX кылымдын соңунда жана XXI кылымдын башында бул проблема боюнча Кыргыз Республикасында Г.У.Соронкулов [1989], Казакстан Республикасында К.Г.Нурахметова [1986], Т.М.Кунекова [1917], Өзбекстан Республикасында М.П.Бабаханова [1987] ж.б. изденүүчүлөр кандидаттык диссертацияларын коргошту.

Кыргыз адабиятын окутуу боюнча методисттердин (Б.Алымов [1981], Б.Акматов [2016], К.Акматов [2018], С.Байгазиев [2004; 2005; 2006], С.Т.Батаканова [2010], К.Иманалиев [1973; 2976], Н.Ишекеев [1994], С.Момуналиев [2014], А.Ж.Муратов [2009; 2013], С.К.Рысбаев [2006; 2015;] ж.б.) эмгектеринде түздөн-түз болбосо да, ар кандай проблемалардын алкагында болсо да окурмандык ишмердүүлүк тууралуу ойлор айтылган.

«Адабий окуу» сабагында адабий чыгармаларды окутуу процесси С.К.Рысбаевдин «Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү (улуттук балдар фольклорунун материалдарына таянуу менен)» [2006], С.С.Сакиеванын «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» [2013], А.Т.Саттарованын «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери» [2019] деп аталган доктордук, А.Токтомаметовдун «Кыргыз

башталгыч класстары үчүн адабий окуу китептеринин дидактикалык негиздери» [1995], К.Б.Миңбаеванын «Азыркы кыргыз балдар акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар жана аларды окуп-үйрөнүүнүн жолдору» [2016] деп аталган кандидаттык диссертацияларында жалпысынан каралган. Бирок бул эмгектерде «Адабий окуу» сабагын окутуу процессинде окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгү проблемасы, аны өнүктүрүүнүн методикалык системасы атайын диссертациялык багытта изилденген эмес. Биз болсо 2-4-класстарда окутулуучу «Адабий окуу» курсунда чыгармаларды үйрөтүү процесси аркылуу окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмунун жана методикасын заманбап талаптарга ылайык иштеп чыктык.

«Адабий окуу» сабагын окутуу багытында жогорудагыдай айрым эмгектер жазылгандыгына карабастан, мына ошол процессте окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү боюнча теманы ар тараптан ырааттуу жана докторлук диссертация формасында иштеп чыгуу жагы али да актуалдуу бойдон турат.

Анын башкы *себептери жана карама-каршылыктары* төмөнкүдөй жагдайлар менен түшүндүрүлөт: «Адабий окуу» сабагы мектеп практикасындагы окурмандык ишмердүүлүктү калыптоонун эң негизги звеносу болсо да, адабий чыгармаларды талдоо процессинде окуучулардын акыл-эсин, аң-сезимин, эстетикалык табитин, адеп-ахлактык тарбиясын өнүктүрүүгө чоң мүмкүнчүлүк түзүлсө да, бул багытта илимий-методикалык изилдөөлөрдүн системалуу жана бир багыттуу болбой жаткандыгы; «Адабий окуу» сабагында адабий чыгармалар кеңири сунуш кылынып жатса да, алар аркылуу окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн дүйнөдө колдонулуп жаткан заманбап технологиялары улуттук педагогикага алып келинбей жаткандыгы; мектеп практикасында мугалимдер тарабынан окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн оптималдуу жолдору, ыкмалары, каражаттары колдонулуп жатса да, алардын

тажрыйбалары илимий жактан үйрөнүлбөгөндүгү жана жыйынтыкталбагандыгы ж.б.

**Диссертациянын илимий программалар жана илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертация КРдин Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндөгү жарлыгына, «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясына» ылайык келет жана И.Арабаев атындагы КМУнун илимий-изилдөө иштеринин планына кирет жана байланышып турат.

**Изилдөөнүн максаты –** башталгыч класстарындагы «Адабий окуу» сабагында көркөм чыгармаларды окутуу процессинде окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн методикасын теориялык жактан негиздөө жана илимий жоболорду жана сунуштарды иштеп чыгуу, иштелип чыккан жыйынтыктардын натыйжалуулугун тажрыйба аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. «Адабий окуу» сабагында окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн тарыхын жана азыркы абалын, ааламдашуу доорундагы функцияларын аныктоо.

2. Тема боюнча философиялык, педагогикалык, психологиялык эмгектерди методологиялык база катары үйрөнүү.

3. Теориялык-методологиялык изилдөөлөрдүн концепциясына ылайык «окуу», «окурмандык ишмердүүлүк» түшүнүгүнө толукталган аныктама берүү.

4. «Адабий окуу» предметинде окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүп окутуунун талаптарын, педагогикалык шарттарын, принциптерин, методдорун, формаларын аныктоо.

5. Окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн методикасын иштеп чыгып, алардын оптималдуу варианттарын мектеп практикасына сунуштоо.

6. Сунушталган методикалык ыкмалардын, жолдордун, каражаттардын эффективдүүлүгүн педагогикалык тажрыйба аркылуу текшерүү.

Алынган жыйынтыктардын **илимий жаңылыгы** төмөнкүлөр менен аныкталат:

- «Адабий окуу» сабагында окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн ыкмалары, жолдору, каражаттары текстаануу, педагогика, психология, лингвистика илимдеринин заманбап жетишкендиктерине негизделип кыргыз педагогикасында алгачкы жолу иштелип чыкты;
- «Адабий окуу» сабагында окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгү проблемасынын табияты изилденди, бул проблеманын изилдениш тарыхы такталды;
- башталгыч класстардын окуу программаларында, окуу китептеринде окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгү проблемасынын берилиши көрсөтүлдү;
- окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгү боюнча методисттердин, мугалимдердин тажрыйбалары анализденди;
- «Адабий окуу» сабагында окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүп окутуунун методикасы педагогикалык тажрыйбадан өткөрүлүп, натыйжалуу деп эсептелген жолдор жана ыкмалар практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** «Адабий окуу» сабагында окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасы боюнча биздин сунуштар мугалимдеринин кесиптик компотенттүүлүктөрүн жогорулатууга, балдар жазуучуларынын чыгармачылыгын өркүндөтүүгө таасирин тийгизет жана окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда, жогорку жана орто окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иштерди жаздырууда көмөк көрсөтөт.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- башталгыч класстардын окуучуларынын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн шарттары туура аткарылып, мугалим окуучунун окууга болгон

кызыгуусун, шыгын актуалдаштырса жана түзүмдөштүрсө өзүнүн оң жыйынтыгын берет;

- «окурмандык кызыгуу», «окурмандык ишмердүүлүк» түшүнүктөрү окуучунун руханий кызыгуусу экендиги, алардын түзүмү жана спецификалык бөтөнчөлүктөрү туура табылса гана бул ишмердүүлүк натыйжалуу болот;

- окуу-тарбия процессинин конкреттүү шарттарындагы окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө оптималдуу жана комплекстүү мамиле кылуунун технологияларын аныктоо – максатка жетүүнүн жолу болуп эсептелет;

- «Адабий окуу» сабагында окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүп окутуу аркылуу окуучуларды компетенттүүлүктөргө жеткирүүнүн педагогикалык-дидактикалык базасы түптөлөт ж.б.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:**

- «Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүп окутуунун оптималдуу ыкмалары табылгандыгы;

- окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгү проблемасынын табияты, тарыхы, өзгөчөлүктөрү, бул багыттагы изилдөөлөрдүн эволюциясы аныкталгандыгы;

- 2-4-класстардын окуучуларынын окурман катары компетенттүүлүккө жетишүүсү үчүн окутуунун салттуу жана жаңычыл ыкмалары иштелип чыккандыгы жана практикага сунушталгандыгы;

- бул ыкмалардын натыйжалуулугу педагогикалык тажрыйбада сыналгандыгы;

- илимий иштин негиздери окуу китептери, методикалык колдонмолор, жумушчу дептерлер, макалалар түрүндө апробацияланганды ж.б.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Диссертациялык тема боюнча илимий-практикалык конференцияларда (И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде (2013), Кыргыз билим берүү академиясында (2015, 2020), Жалал-Абад мамлекеттик

университетинде (2023) докладдар жасалган, тема боюнча окуу китептери (“Адабий окуу” 2-класстар үчүн (2013, 2018, 2022; “Адабий окуу” 3-класстар үчүн (2014, 2019, 2022; “Адабий окуу” 4-класстар үчүн (2015, 2020, 2022), окуу-методикалык колдонмолору (“2-класстарда адабий окуу предметин окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (2013); “3-класстарда адабий окуу предметин окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (2014); (“4-класстарда адабий окуу предметин окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (2015), окуу хрестоматиялары (“Дил азык” 1-2-3-4 класстар үчүн (2008), “Рабаят” (2011) жарык көрүп изилдөөнүн жыйынтыктары апробацияланды. Иш аткарылган жерде – И.Арабаев атындагы КМУда, Диссертациялык кеңештин алдын ала коргоо жыйынында талкууланган.

**Изилдөөнүн эксперименталдык** Баткен областынын Лейлек районундагы Б.Набиев, М.Баетов атындагы орто мектептери, Ош шаарынын Курманжан датка атындагы №31 орто мектеби жана “Жетиген” мектеп-лицейи, Бишкек шаарындагы №89 жалпы орто билим берүү мектеби, Чүй областынын Аламүдүн районундагы Б.Бейшеналиева жана Пригород жалпы билим берүү орто мектептери.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Илимий изилдөөнүн материалдары жана анын сунуштары, жоболору илимий-практикалык конференцияларда, кафедранын жыйындарында баяндама катарында окулган. Scopus даражасындагы 1, РИНЦ статусундагы 20 басылмаларда жарык көргөн. Диссертациянын негизги мазмуну 3 окуу китепте, 9 хрестоматияда, 26 макалада чагылдырылган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** Эмгектин жалпы бети – 270, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 339, таблицалар – 24, сүрөттөр – 11, тиркемелер – 14.

## БИРИНЧИ БАП

## «АДАБИЙ ОКУУ» КУРСУНДА ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУРМАНДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ ПРОБЛЕМАСЫНЫН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

### 1.1. Азыркы учурдагы «Адабий окуу» курсунун жана анда окурманды тарбиялоо проблемасынын максаты, милдеттери жана ааламдашуу доорундагы функциялары

Келечекте инсан болуучу баланын жашоо-турмушунда өбөк болор көп нерсенин бири – көркөм адабият. Анткени окуучу адабият аркылуу рухий азык алат, жан дүйнөсү бай болот, ой жүгүртүүсү кеңеет, сөз байлыгы, дүйнө таанымы, эстетикалык табити өсөт, адеп-ахлак тарбиясына ээ болот, турмуштун түрдүү сабактарын алат, аларды өз турмушунда практика жүзүндө колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болот. Демек, адабият – бала турмушунда, тагдырында маанилүү роль ойногон касиеттүү нерсе. «Бала кезде окулбаган чыгарма – өмүр бою окулбаганга тете» дегендей, эгер бала балалык кезинде өз курагына ылайык чыгармаларды окубай калса, анда ал руханий улуу байлыктан куржалак калган менен барабар. Ооба, бала кайсы бир мезгилде ал чыгармаларды окуп алуусу мүмкүн. Бирок, ал кезде балалыктын жан дүйнөсү менен кабылдагандай, балалык сезимдерди ойготкондой таасир албай калышы ыктымал. Ошондуктан, биз баланын көркөм чыгарма менен азыктанышына шарт түзүп, ага түрткү болуучу иш-аракеттерди өз убагында жүргүзүүбүз зарыл. Демек, окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруу маселесине адабият сабагын өтүүдө, класстан тышкаркы окууну уюштурууда, мектептик түрдүү иш-чараларды өткөрүүдө эске алуу башталгыч класс мугалиминин түздөн-түз милдети болуп саналат.

Кыргыз баласынын улуттук менталитети анын генетикалык кодундагы «Манас» дастаны баш болгон оозеки чыгармачылык, күндөлүк турмушундагы ар дайым угуп, таасир алып келген макал-ылакаптар менен тыгыз байланышат.

Мектепте окуучулардын көркөм чыгарма окуу ишмердүүлүгүн калыптандырууга арналган бирден-бир окуу предмети дал ушул адабият, анын башталыш этабы болгон «Адабий окуу» курсу болуп саналат. Албетте, адабият сабагында мугалимдин окуучунун окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруудагы ролу абдан жогору болууга тийиш. Аны менен катар, ата-эненин, китепканачынын, коомчулуктун таасири да андан төмөн болбошу керек. Мугалим сабакта көркөм китеп окууга окуучуну канчалык кызыктырып, үгүттөгөнүнө карабастан, ата-эне баласы үчүн көркөм китептерди сатып бере албаса, же бала издеген китеп китепканадан табылбаса, же китеп окууга кызыктырар, оң таасир берер китеп окумал чөйрө болбосо, анда окуучунун окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруу татаалга турат. Бул тууралуу жалгыз мугалим гана эмес, ар бир мамлекет өкмөттүк деңгээлде көңүл бөлүп, кам көрүп, каражат бөлүп, тиешелүү шарттарды, өбөлгөлөрдү түзүүсү керек. Көп окуган окуучу рухий жардылык илдетине кабылбайт. Кыргыз элинин байыркы замандардан берки турмуштук мол тажрыйбасынан улам, акыл таразасында нечен ирет калчанып келип чыккан мындай накыл кеби бар: «Көзү сокурдан коркпо, көкүрөгү сокурдан корк». Анын сыңарындай, көзү сокур киши өз жолун табууда, өзүнө тиешелүү кайсы бир иш-аракетти жасоодо кыйынчылыкка дуушар болсо, ал эми көкүрөгү сокур, жан дүйнөсү жарды адамдын залакасы көпчүлүккө тиерин эсте тутуу зарыл.

Бирок КРдин Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен «Окуу көндүмдөрү түшүнүгү жана адабий окуу боюнча стандарт» [228] аттуу нормативдик документте «Адабий окуу» предметинин *негизги максаты* – «кенже мектеп окуучусунун окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандыруу болуп саналат, – деп айтат. – Окурмандык компетенттүүлүк материалды

туура, так, көркөм окуй алууну, окуганын жана укканын түшүнүп, ал материалдарды турмушунда колдоно билүү аркылуу кеп ишмердигин, карым-катыш кылуу мүмкүнчүлүгүн өстүрүүнү, сабаттуу окурман катары тексттерди, чыгармаларды окууга туруктуу кызыгуусун арттырууну, чыгармага карата баалуулук негизде өз пикирин айтуу жөндөмүн билдирет», – деп көрсөтөт.

«Адабий окуу предметинин *милдеттери:*

1. Базалык окуу көндүмү катары окуучулардын текстти так, туура, тиешелүү ылдамдыкта, түшүнүп окуусу, андагы жаңы сөздөрдү, маалыматтарды, түшүнүктөрдү өздөштүрүүсү.

2. Ар кандай текст менен иштөөнү камсыз кылуучу кеп ишмердигинин түрлөрүнө (угуу, айтуу, окуу жана жазуу) окуучулардын ээ болуусу жана алардын чыгармачылык дараметин арттыруу.

3. Окуучулардын көркөм жана башка адабияттарды окууга болгон кызыгуусун арттыруу жана окуган чыгармасына карата пикирин, баасын билдирүү менен баалуулук мамилелерин калыптандыруу».

Ушул эле документте предметтик компетенттүүлүктөр катары беш компетенттүүлүк берилет. Алар:

1. Тыбыш жана тамга менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К1)

2. Окуй алуу компетенттүүлүгү (К2)

3. Сөз байлыгы менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К3)

4. Сүйлөм, текст менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К4)

5. Аң сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К5).

Көркөм адабият бүгүнкү балдарга эне тилин сүйүүгө, анын терең сырларын ар тараптуу өздөштүрүүгө үйрөтүүнүн куралы. Анын чоң милдети – моралга үйрөтүү. Азыркы учурда кыргыз коомунда социалдык, руханий деградация, экономикалык кризис улам тереңдеп жатат.

Бул тууралуу С.О.Байгазиев мындай деп жазат: «Изилдөөлөр бүгүнкү окуучу өспүрүмдөрдүн кечөөгү ата-бабаларындай өз өлкөсү жөнүндө эмес, көбүнчө өз керт башынын маселелери жөнүндө ойлонуп, турмушка коммерциялык, прагматикалык мамиле тарабына, материалдык кызыкчылык жагына ооп баратышкандыгын ачыкка чыгарууда. Социологиялык изилдөөлөрдүн далилдеринен мисал келтирели. Маселен, балдар бүгүн төмөндөгүдөй ойлонушат:

«Мен шаардын сыртында эс ала турган үйлүү болууну каалар элем.

Мен үч кабаттуу жеке үйлүү болууну каалар элем.

Мен миллион акчалуу болууну каалайм.

Мен BMW машиналуу болууну каалайм.

Мен төрт кабаттуу үйлүү болууну жана дүйнөдөгү эң бай адам болууну каалайм.

Мен бизнесмен болууну каалайт элем, себеби мен жакшы жашоо, «крутой» болуу жана шаарда, өлкөдө «авторитет» болуу үчүн көп акча табууну каалайт элем».

Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, азыркы балдардын арасында маданий-руханий, адептик-ыймандык, атуулдук-патриоттук багытта ой жүгүрткөндөр негедир аз. Ырас, бирин-экин окуучу «Мен эски кыргыздын ырларын кайрадан жаратууну каалайм», «Мен президент болуп, өлкөмдү бай өлкө кылгым келет» деп жооп беришкен. Балдардын тилеги жакшы, бирок өспүрүмдөрдүн анкеталык жооптору, негизинен, «акча», «пайда», «бийлик-байлык», «жеке атак-даңк» сыяктуу түшүнүктөрдүн тегерегинде айланчыктап турат. Балдардын дүйнөсүндөгү мындай тенденция адеп-ыйман, руханият тарбиясынын кызыкчылыгынан караганда, кооптонууну жаратпай койбойт.

Бул жагдайдан улам, кененирээк ой жүгүртүп көрөлүчү. Бүгүнкү дүйнөдө рынок, соода-сатык системасынын үстөмдүгүнүн шартында эл, мекен, журт кызыкчылыгы деген чоң түшүнүктөр урматталбай, ыйман, уят, абийир аттуу ыйык нерселер тебеленип, материалдык байлыктын культу өсүп, үлүлчөсүнөн «кабыгынын» ичине кирип кеткен өзүмчүл, индивидуалист жандар көбөйүп, акчага, алтынга, көр дүнүйөгө жүгүнүү күчөөдө. Америкалык илимпоз Кольберг «Турмушка өзүмчүлдүк, пайдакечтик, жалаң бухгалтердик, коммерциялык, технократиялык мамиле Европа менен Америкада өзүнчө бир улуттук ооруга айлангандыгын» тынчсызданып жазат. Цивилизациянын мындай терс илдеттеринин белгилери биздин Кыргызстанда да пайда болду» [88, 11-12].

Окумуштуу мында социализмден кийинки кыргыз коомунда материалдык дүйнөгө кызыгуу, өз өлкөсүнүн патриоту болуудан качуу, коммерциялык-технократиялык нукка түшүп алуу тууралуу айтып жатат. Андан ары ал 2006-жылы апрель айындагы кыргыз телеберүүсүндөгү бир берүүдө өспүрүм балдар «эгер кайра төрөлүп калсаң, ким болор элең» деген суроого «француз болгум келет», «орус болууну каалайм», «немис болгум келет», «англичан болгум келет» деген жоопторду айтышканын белгилейт да, кыргыз болууну каалабаган окуучулардын көбөйүп жатканын чоң трагедия катары бизге көрсөтүп берет. Макаланынын ары жагында «Жаңы Ордо» газетасындагы маалыматка таянып руханий-адептик кризисти мындай цифра-фактылар менен ачып берет, өлкөдөгү: алкоголиктер – 100 000, баңгилер – 20 000, сойкулар – 30 000, ажырашуулар жылына – 7000, кароосуз балдар – 50 000, адам сатуу жылына – 4000, адеп-ахлак кетип, эртелеп, кээде партада төрөгөн өспүрүм кыздар жылына – 2000, мектеп рекеттерине козголгон кылмыш иши жылына – 500 ж.б.» [88, 12].

Ушундай кризистик абалдан чыгаруунун жолу – азыркы цивилизациянын «чабуулуна» кыргыз маданиятын, тарыхын, адабиятын, этнопедагогикасын, улуттук салт-санааларын каршы коюу. Ааламдашуу

бүгүнкү адамдын мүнөз-аракетиндеги, пейилиндеги, идеал-үлгүсүндөгү социализм учурундагы кабыл алган өрнөктөрүн жокко чыгарып жатат. Мунун орчундуу себептеринин бири – окуучулардын окурмандык кызыгууларынын пассивдеши. XX кылымдын соңку чейрегинде активдүү көрүнгөн процессти философ, социолог, экономист ж.б. окумуштуулар «globalization» («глобализация») атап, аны кыргызчага «ааламдашуу», же «дүйнөлөшүү» деп котордук. Дал ошол жаңы аталыштагы доор бизге IT технологияларын, анын ичинде чөнтөк телефон, нотбук, нетбук, планшет, скайб, вотсап, электрондук кат куржун (E-mail), теле, кино-фильмдер, OK, DVD, MTV, KTV, Internet ж.б. маалымат каражаттарын алып келди. Булар баары бири-бирин толуктап, китеп окуган муунду электрондук каражаттардын жана электрондук оюндардын дүйнөсүнө алып келип, окуучулардын окурмандык кызыгуулары басаңдап кетти.

Бул көрүнүштөр мектепте көркөм адабий чыгармаларга мамилени өзгөртүүнү, окурманды тарбиялоону талап кылды.

## 1.2. «Окуу», «Окурмандык ишмердүүлүк» түшүнүгүнүн теориялык концепциялары

Адабият – адамдын коомдогу ролун, орду көрсөтүп берет, ошону үчүн аны «адамтаануу» деп аташат, ал окурмандын ой жүгүртүүсүн калыптандырат, сезимин байытып, эсте тутуусун жогорулатат. Ошону үчүн адабиятты окутуу процессинде, класстан тышкаркы жана өз алдынча окууну уюштурууда, түрдүү иш-чараларды өткөрүүдө окуу иш- аракети, окурмандык ишмердүүлүк калыптанат, улам өркүндөйт. Деги эле, окуу деген эмне? Окурмандык ишмердүүлүк деген эмне? Мына ушул суроолордун тегерегинде ой жүгүртүп көрөлү.

**Окуу** – бул жазылган символдордун оозеки (сүйлөшүү) тилге которулушу.

**Окуу** – бул окурмандын өзүндө болгон билимдери, сунушталган тексттеги маалымат же окулган тексттин мазмуну аркылуу динамикалык өз ара байланышты жаратуучу маани-мазмун.

**Окуу** – бул жазма тексттин жаратуучу маани-мазмундук процесси.

**Окуу** – бул жазылган текстти кайсы бир максатка жетүү үчүн түшүнүү жана ой жүгүртүү.

**Окуу** – бул туура ойлонууга үйрөтүү.

**Окуу** – бул сөздүн көркөмдүүлүгүн, образдуулугун түшүнө билүү.

**Окуу** – бул окуучунун сүйлөө, айтуу, угуу, жазуу, окуп-түшүнүү компетенттүүлүктөрүнө ээ болуусу.

**Окуу** – бул окуучуну чыгармачылыкка шыктандыруунун жолу.

**Окуу** – бул текстти ичтен, же үн чыгарып так, туура окуй билүү, андагы мазмунду түшүнө да, талдай да, баалай да билүү.

Окууга жогорку психикалык функциялар катышат жана ал татаал когнитивдик процесс болуп эсептелет. Ал тыбыштарды туура айтып, тамгаларды туура таануу менен байланышкан фонетикалык да, окуган сөзүнүн маанисин чечмелей билген семантикалык да процесс.

**Окуу** – тилди үйрөнүүнүн, башкалар менен карым-катнашка чыгуунун, ойлорду жана маалыматтарды алуунун каражаты. Чыгарманы жазган автор жана окурмандын байланышы дал ушул окуу ишмердүүлүгү аркылуу ишке ашат.

Демек, алдына койгон максаттарына жетүү үчүн текстти окуу менен адамзат ал ким же эмне жөнүндө экендигин түшүнүүсү керек жана алар тууралуу ой жүгүртүүсү зарыл. Түшүнүп, ой жүгүртө алган адам өз оюн, көз карашын да эркин айта алат, коомдо да өз мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтө алат.

Окуу көндүмдөрү аркылуу окуучу окурмандык ишмердүүлүккө ээ боло алат.

**Окурмандык ишмердүүлүк** – бул баланын көркөм чыгармага кызыгып, аны окуп чыгып, мазмунун түшүнүү, талдап, баа берип, ой жүгүртүп, элестетип, салыштыра билүү иш-аракеттери. Окуучу өз курагына,

кызыгууларына жараша окуу программасына ылайык түзүлгөн окуу китептердеги, класстан тышкаркы окуу үчүн хрестоматиялардагы, өз алдынча окуу үчүн көркөм адабияттардагы тексттерди аң-сезимдүү окуп чыгып, аларды түшүнүп, талдап, баа берип, көркөм сөз каражаттарын түшүнүп, алган билимдерин турмушунда колдоно билүүгө жетишиши зарыл экендиги окурмандык ишмердүүлүктүн башкы талабы болуп саналат.


Айрым теоретиктердин «окурмандык ишмердүүлүк» түшүнүгүнө берген аныктамаларына көңүл буралы.

**Таблица 1.1. – «Окурмандык ишмердүүлүк» түшүнүгүнүн аныктамасы**

| | |
|---|---|
| К.Д.Ушинский, Улуу орус педагогу | «Окурмандык ишмердүүлүк – окурмандын үлгүлүү чыгарманы түшүнүүсү жана аны сезүүсү» [240]. |
| Н.А.Рубакин, психолог | «Окурмандык ишмердүүлүк – бул инсандык өзгөчөлүк болуп, ал окурманда китепке болгон кызыгуулардын мотиви менен байланышкан билим, билгичтик, ык-машыгуулардын системасы, ал аркылуу аз күч жана убакыт коромжу кылып, коомдук жана жеке кызыкчылыгы үчүн көп нерсеге жетишип алуу ишмердүүлүгү» [168]. |
| Г.Наумчик | «Окурмандык ишмердүүлүк – бул окурмандын китепти билимдин жана маалыматтын булагы катары пайдалана билүү жөндөмдүүлүгү» [168]. |
| О.Джежелей, методист | «Окурмандык ишмердүүлүк – окууну «жан эмгеги» («труд души») деңгээлине жеткирүү каалоосу жана ишке ашыруусу, китепте окуп баштай электе эле ал тууралуу ой жүгүртүүсү, окуп бүткөн соң мазмунун кабыл алуусу, окугандары боюнча пикир жаратуусу» [130]. |

| | |
|---|---|
| С. Дорошенко | «Окурмандык ишмердүүлүк өз ичине окуу техникасын, окуганын уга билүүнү, кабыл алууну жана ошонун негизинде ой жүгүртүүнүн калыптануусун камтыйт» [168]. |

Окурмандык ишмердүүлүккө берилген жогорудагы, дагы башка аныктамаларды [159] жыйынтыктап айтканда, төмөнкүдөй пикирге келдик: окурмандык ишмердүүлүк – адамдын көркөм чыгарманы окуу, аны түшүнүү, ошол түшүнгөнүнүн негизинде ой жүгүртүү ишмердүүлүгү болуп, ал ошол адамдын аң-сезимин, турмушту кабыл алуу жөндөмдүүлүгүн жогорулатат. Окурмандык ишмердүүлүк – бул чыгармачылык процесс, ал дароо эле калыптанбайт, тынымсыз аракеттин, анын ичинде башка бирөөлөрдүн жардамына таянган аракеттин натыйжасы.




**Сүрөт 1.1. – Окурмандык ишмердүүлүктүн байланыштары**

Бул окурмандык ишмердүүлүктүн биринчи фазасы болсо, экинчи фазасы ориентирлөөчү-изилдөөчү (ориентировочно-исследовательская) этап болуп, окурман автордун ойлорун, идеяларын өздөштүрөт, үчүнчү этапта окулган тексттердеги маалыматтарды өз дили менен өткөрөт, б.а., аткаруучу-текшерүүчү (исполнительно-контрольная) фаза ишке ашат. Мына ушул үч

фазасынын биримдиги, этап-этап менен жүрүп отурушу максатка ылайыктуу келет.

Окурмандык ишмердүүлүктүн этаптарын С.Л.Вальтгард мындай көрсөтөт [159].

**Таблица 1.2. – Окурмандык ишмердүүлүктүн этаптары**

| **окурмандык ишмердүүлүк-түн компоненттери** | **Этаптары** | | |
|---|---|---|---|
| | *окуганга чейин* | *окуу процессинде* | *окугандан кийин* |
| максаты | чыгарманын тематикасын, мүнөзүн, көлөмүн, бөтөнчөлүгүн болжолдоо | окуунун конкреттүү максатын алдыга коюу менен алдын ала болжолдоо боюнча чыгармага баа берүү. | бардык пайдалуу маалыматтарга ээ болуу үчүн чыгарманынын маанисин түшүнүү. |
| окурмандык ишмердүүлүктүн каражаттары | сырткы көрсөткүчтөрү менен эле чыгарманынын мазмунун болжолдоо (тексттик жана тексттен тышкаркы маалыматтар: аталышы, | -эске түшүрүү; - картиналарды калыбына келтирүү; - анализ; - кайра окуу; - чыгармачылык интерпретация; - көркөм сөздү (речти) | - жалпылоо - баалоо; - көрктүү окуу (выразительное чтение); -чыгармачылык тапшырмалар; - жаңы китептерге кайрылуу; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | майда темалары, кириш сөзү, мазмуну, иллюстрациялары). | кабылдоо);<br>- маанилик окуу (таанышуучулук, тандоо менен, үйрөнүүчү). | -долбоордук (проектная) ишмердүүлүк. |

Окуу ишмердүүлүгүнүн калыптангандыруунун этаптары:

1. Кат тааный электе («Алиппеге» чейин) балдар бирөөлөрдүн окуп бергенин гана кабыл алып, өзүнүн окууга кызыгуусун, жогорудагы окуп берип жаткан адамга окшоп окуй билишин пайда кылат.

2. Тамга таанып, тамганы тамгага курaштырууну үйрөнөт (а+т; а+к).

3. Сөздү муундап окууну үйрөтөт (А+та, ат+ка та+ка как).

4. Сөздү толук окуйт.

5. Кыска сүйлөмдү окуйт.

6. Окуганын түшүнөт.

7. Окуганын түшүндүрүп берет.

8. Окугандыгынын негизинде оюн айтат.

9. Өзүнө китептерди таап, окуй баштайт ж.б.

Окурмандык ишмердүүлүктүн калыптангандыгынын бир нече чен-өлчөмдөрү (критерийлери) бар экендигин көрөбүз. Алар:

- тамгаларды туура окуу;
- сөздү муунга туура бөлүп окуу;

- сөздү так окуу;
- сөздү туура окуу;
- сүйлөмдү так, туура окуу;
- текстти так, туура окуу;
- көрктүү окуу (выразительно читать);
- окуунун темпи, ылдамдыгы балдардын курагына ылайык келиши;
- окуганын түшүнүп, айтып бере алышы.

Жыйынтыктап айтканда, окурмандык ишмердүүлүктү төрт жактуу мүнөздөөгө болот:

1. Окуунун тууралыгы, тактыгы, б.а., тамгаларды, алардын муун түзүшүн, сөздөрдү, алардын муунга ажырашын билүү, эне тилдин орфоэпиялык эрежелерине ылайык окуганын ичтен так жана туура чыгарып, угузуу же ичтен окуу.
2. Окуунун аң-сезимдүүлүгү, б.а., текстте автор айткан маалыматтарды, фактыларды, цифраларды ошол айткан бойдон түз кабыл алуу, т.а., адекваттуу түшүнүү, башка бирөөнүн оюн ар түрдүү тилдик каражаттар менен туюнткан болсо да туура түшүнүү.
3. Окуунун көрктүүлүгү (выразительность), б.а., автор текстти кандай тон менен, интонациялык фон менен берсе, ошондой түшүнүү, каармандардын оюн, сезимдерин, эмоциясын максималдуу түрдө авторго жакын кабыл алуу.
4. Окуунун ылдамдыгы, текстти тез окуу үчүн тилдик бирдиктерди дароо түшүнүү, башка окурмандардан артта калбай тексттин аягына жетүү.

Л.Н.Толстой жаш чагында адамдардын ичинен бирөөлөрү жазса, башкалары окуйт дегендей оюн айткан. Мына ошол жазгандар аз санда болот да, окугандар көп болот, эгер окурмансыз калса адабият да, жазуучунун чыгармачылыгы да өнүкпөйт. Экөөнүн тыгыз байланышы ишке ашышы керек. Окурман жазуучу менен диалогго чыгат, дискуссия уюштурат, окурмандын ишмердүүлүгү бул ар кандай тексттер ар түрдүү маалыматтарды алуу гана эмес, өзүнү абалын психологиялык жөндөө (психорегуляция) да болуп эсептелет.

### 1.3. «Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруу проблемасынын изилдениш тарыхына обзор

#### 1.3.1. Дүйнөлүк, орус, совет жана постсоветтик педагогика, психология, библиография илиминде окурмандык кызыгуулар проблемасынын изилдениш тарыхы

Кыргыз педагогикасындагы окурмандык ишмердүүлүк проблемасын изилдөөнүн тарыхый жолу түздөн-түз дүйнөлүк классикалык педагогика жана орус, совет педагогикасы менен тыгыз байланышат. Кытайда биздин заманга чейинки XVI-XI кылымдарда эле иероглиф жазууларын ойлоп таап, ошол тамгаларын таш бакалардын таш тонуна, жаныбарлардын терисине, дарактардын кабыгына жазган, кийинчерээк бамбук дарагынын сөңгөгүнө, анан да кийин жибекке дарактардын ширелерин колдонуп жазышкан. Биздин заманга чейинки III кылымда тушту ойлоп таап, аны менен жазган. Биздин замандын I кылымында Кытайда кагазды ойлоп табышкан да, кагазга жаза баштаган. Ошол байыркы заманда эле Александрияда дүйнөдөгү эң бай китепкана болуп, анда кол менен жазылган 700 000ге жакын китептер сакталган. Орхон-Эне-Сайда, Таласта, Кочкордо VI-VIII кылымдарга таандык таш бетиндеги жазуулар (рун эстеликтери) табылган.

Орусиянын тарыхында кол жазма түрүндө китептерди чыгаруу иши 1491-жылдан башталат. Ошол жылы Дмитрий Герасимов балдар үчүн атайын кол жазма китептерин чыгарат. Андан кийин кол жазма китептери көбөйүп отуруп, XV кылымда Иван Федоров (болжолу 1510-жылдан 1530-жылдардын аралыгында төрөлгөн) китеп басуу станогун ойлоп таап, кагазга китеп басуу өндүрүшүн өнүктүргөн. Китеп басылгандан кийин, демек, анын окурманы да болот. Мына ошондон тартып «автор жана окурман», «китеп жана окурман» түшүнүгү улам өнүгүп, өркүндөп, изилденип, бааланып отурган.

Орус элинин мекенчил уулу, педагог жана окуу китептеринин автору К.Д.Ушинский (1824-1871) окурмандык ишмердүүлүк тууралуу теориялык ойлорун жана практикалык иш аракеттерин илимге жана педагогикага киргизген. Ал «Детский мир» (1860) жана «Родное слово» (1984) деген окуу китептерине өзү окурманы кабыл ала турган тексттерди түзгөн, окурманынын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн тексттеринин аягына атайын тарбиялык мораль кошкон. Ал окурмандык маданият үчүн эки нерсени өзгөчө белгилеген: биринчиси, окуган тексттен тарбиялык мораль чыгаруу; экинчиси, окуганын түшүнүү. Түшүнүү анын оюнча сөзсүз керектүү нерсе, ансыз окуунун зарылдыгы жок. Ошон үчүн ал аңгемелеринде мисалы, «Талаага көйнөк кантип өнүп чыкты», «Шалбаадагы балдар», «Аарылар менен чымындар», «Токой жана булак» дегендей тема коюп алып, окурман-баланы аңгемесине кызыктырган, ошол эле кезде анын дүйнөнү жана адамды таанып билүүсүн жогорулаткан. Ал адабияттын биринчи кезектеги милдети баланы элдик ойлорго, элдик сезимдерге, элдик турмушка, элдин рухуна баштап киришинде экендигин айткан, ошон үчүн да жогорудагы окуу китептерине батайтмалар, табышмактар, чакан жомоктор, макалдар, ылакаптар сыяктуу элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн киргизген. Элдик оозеки адабияттын чыгармалары балдардын жогорку психикалык функцияларын: угуусун, кебин, көрүүсүн, көңүл буруусун, ой жүгүртүүсүн, чыгармачылык аракеттерин, сөз байлыктарын, кеп маданиятын, туура сүйлөөсүн жана жазуусун калыптайт деп айткан.

«Родное слово» деген китеби үч бөлүктөн турган: биринчиси «Азбука», экинчиси «Первая после азбуки» жана үчүнчүсү «Вторая после азбуки» деп аталган.

«Детский мир» китеби тематикалык бөлүктөрдөн куралган (жаратылыш, география, тарых). «Азбука» баланы курчап турган айлана-чөйрө, буюмдар, анын ичинде оюнчуктар менен тааныштырат. Андан соң адамга – балага өтөт, анын белгилерин көрсөтөт.

К.Д.Ушинский кийинки окуу китептерине, анын ичинде «Адабий окуу», «Эне тили» китептерине жол ачып берген, анын үлгүсү азыркы күнгө чейин көп өлкөлөрдө пайдаланылып келет.

Дал ушул мезгилде орус мектептеринин окуучулары европалык адабияттын үлгүлөрүн француз жазуучусу Шарль Перронун (1628-1703) «Кызыл Шапкечен», «Өтүкчөн мышык» деген жомоктору, немец бир туугандар Якоб (1785-1863) жана Вильгельм (1786-1895) Гриммдердин «Түлкү менен каздар», даниялык жомокчу Ганс Христиан Андерсендин (1805-1875) «Кар ханышасы», «Дюймовочка» аттуу чыгармалары менен таанышкан.

Жазуучу катары Л.Н.Толстой (1828-1910) агартуучулук ишке дилин коюп, 1857-жылы Ясная Полянада мектеп ачат. Ошол мектеби үчүн «Азбука» (1872), «Новая азбука» (1872) деген китептерин, «Книга для чтения» деген төрт китептен турган окуулугун (1875) жазат. Мына ушул китептерине ал орус эл жомокторун, аңгемелерин кайра иштеп чыгып жана ушундай чыгармаларды өзү жазып, көркөм тексттерди өз мектебинде өзү апробациядан өткөрүп, дыйкандардын балдары кандай чыгармаларга кызыга тургандагын, алардын окурмандык кызыгууларын кантип ойготуу керектигин иштеп чыккан.

Орус коомунун ойгонуу доору болгон XIX кылымда В.Г.Белинский (1811-1848), А.И.Герцен (1812-1870). Н.Г.Чернышевский (1828-1889),

Н.А.Добролюбов (1836-1861) ж.б. орус адабиятчылары, сынчылары, эстетиктери көркөм чыгармалардын табиятын, аны талдоонун принциптерин жана эстетикалык концепцияларын иштеп чыккан. В.Г.Белинский «О детских книгах» деген 1840-жылы «Отечественные записки» деген журналга жарыяланган макаласында [104, 62-63] балдарды китептер аркылуу тарбиялоо проблемасын көтөрөт да, балдар китептери жогорку көркөмдүктө жазылып, балдарды эстетикалык, адептик жактан тарбиялашы зарылдыгын, алардын элдүүлүгү жана тааныттуучулугу биринчи орунда турушу керектигин айткан.

Орус педагогу Николай Фёдорович Бунаков (1837-1904) «Азбука и уроки чтения и письма» (1871), «В школе и дома: хрестоматия» (1876), «Обучение грамоте по звуковому способу» (1871) деген китептеринде К.Д.Ушинскийдин дидактикалык талаптарына ылайык түшүндүрүп окуунун (объяснительного чтения) методикасын иштеп чыккан. Башталгыч мектепте окуу, жазуу, эсептен тышкары, жаратылыш тууралуу маалымат, география, тарых, адабият, ырдоо, багбанчылык жана огородчулук окутулушу керек деген.

В.И.Водовозов (1825-1886) педагог, котормочу, балдар жазуучусу катары китеп жана анын окурманы түшүнүгүн бир кыйла жактан терендеткен. Өз мезгилинде аябай популярдуу болгон жана орус балдар китеп окуу маданиятына тарбиялаган «Рассказы из русской истории» (выпуск 1-2, Санкт-Петербург, 1861-1864), «Книга для первоначального чтения в народных школах» (ч. 1, Санкт-Петербург, 1871; 18-е издание 1887) жана анын методикалык колдонмосу болгон «Книга для учителей» (Санкт-Петербург, 1871; 5-е издание, 1879) аттуу оригиналдуу китептери жана бир катар антологиялары, хрестоматиялары [122] буга мисал болот.

Лингвист, фольклорист, орус мифологиялык мектебинин негиздөөчүсү Ф.И.Буслаев (1818-1897), педагог, адабиятчы В.П.Острогорский (1840-1902), педагог жана публицист В.Я.Стоюнин (1826-1888) ж.б. интеллигенция

өкүлдөрү орус коомунда окурман инсандардын калыптанышы үчүн китептерин жазып, жеке жашоолорунда китепке үндөп турган.

XX кылымдын башында орус педагогдору Ц.П.Балталон (1855-1913) жетекчилик кылган топ (В.Д.Балталон, В.Е.Ермилов) «Воспитательное чтение, как основа преподавания русского языка в семье и школе» (1901), «Воспитательное чтение (Беседы по методике нач. обуч.)» (1913) аттуу китептерин жарыялап, окурмандык ишмердүүлүк тууралуу илимий идеяларын сунуш кылган. Ошол мезгилдеги украиналык педагог, жекшембилик мектептердин негиздөөчүсү Х.Д.Алчевская (1841-1920) «Детское Чтение» (1870), «Драматические произведения, как его понимают люди» (1887), 3 том болуп 1888-1906-жылдары чыккан «Что читать народу?» деген библиографиялык эмгектеринде улуу жаштагы адамдардын (чоңдордун) сабатын жоюу методикасына негиз салган жана ошол убактагы балдар эмнени, кандайча окуу керектигин түшүндүргөн.

Орус библиографы, китептаануучусу (книговед), илимди үгүттөөчү жана жазуучу Н.А.Рубакин (1862-1946) «Этюды о русской читающей публике» (1895), «Среди книг» (1905), «Письма к читателям о самообразовании» (1913) аттуу эмгектеринде китеп окуу маданиятын элге сиңдирүүнүн практикалык маселелерин иштеп чыккан.

А.П.Нечаев (1870-1948) эксперименталдык психологиянын негиз салуучуларынын бири, психолог 1923-жылы «Психологический метод обучения чтению» деген эмгек жазып, окуу жана окурмандык түшүнүктөрүнө психологиялык аспектиден анализ жүргүзүп, адамдын окууга байланыштуу психологиясын изилдеп чыккан.

Библиограф жана жазуучу Н.А.Рубакиндин (1862-1946) «Этюды о русской читающей публике» (1895), «Книжный поток. Факты и цифры из истории книжного дела в России за последние 15 лет» (1903), «Письма к читателям о самоорбазовании» (1911) деген эмгектеринде китеп окууну

индивидуализациялоого маани берип, мамлекет балдар кайсыл китепти окуш керектигин көрсөтүп берүүгө милдеттүү деп жазган.

XX кылымдын 20-жылдарынан соң совет мектептери ачылып, жаңы большевиктер партиясы элдин сабатын ачууну, ошол сабаттуулук аркылуу өз саясатын жүргүзүнү көздөгөн.

Орус адабиятын окутуу боюнча методист, педагог, адабиятчы М.А.Рыбникова (1885-1942) методикалык окуу китептеринде окурмандык ишмердүүлүктөр тууралуу теориялык ойлорун айтып, орус элинин табышмактарын, жаңылмачтарын балдарга ылайыктап китеп кылып чыгарган (1932).

СССР түзүлгөн кезде эле – 1925-жылы ВКП (б) БКнын агитация жана пропаганда бөлүмүнө караштуу Окурмандык кызыгууларда үйрөнүү институту негизделет да, алар совет адамдары үчүн кандай китептер зарыл экендигин изилдеп чыгат. Ошол мекеменин илимий кызматкери Я.М.Шафир 1927-жылы «Очерки психологии читателя» деген эмгегин жарыялайт. Анын аныктоосу боюнча окурмандык кызыгуулар төмөнкүлөр менен байланышат:

- психикалык конституция;
- жашы жана жынысы менен (кыздар китеп тандоодо көбүнчө жергиликтүү идеялар, эстетикалык мотивдер менен караса, уландар жаңычылыкка жана ойлоп табуучулукка ыкташат);
- таптык кызыкчылыгы боюнча;
- тарыхый доорго карап;
- жашаган жерине карап;
- спецификалык шарттар менен (мисалы, түрмөдөгүлөр олуттуу кыйынчылыктардан алаксытуучу китептерди окуйт [311].

1931-жылы С.Л.Вальтгард «Очерки психологии чтения» деген эмгегинде окурмандык кызыгуулардын башаты инсандын психологиясында, таанып билүү кызыгууларында экенин айтып, рефлексологияны биринчи орунга

коёт. Ал окурмандык кызыгуунун үч этабын: окуганга чейин, окуп жатканда, окуп бүткөндөн кийин деген этаптарын көрсөтөт (мурдагы параграфты караңыз).

Окурмандык кызыгуулардын кийинки этабы түздөн түз советтик психолог, педагог, философ М.М.Рубинштейдин (1878-1953) ысымы менен байланышат. Ал көптөгөн эмгектеринен жана билим берүү тармактарындагы уюштуруучулук иштеринен кийин, өмүрүнүн соңку жылдары окурмандык кызыгуулардын психологиялык аспектисине көңүл буруп, 1950-жылы «Воспитание читательских интересов у школьников» деген эмгегин жазган [243]. Ага чейин ал инсандын теориясы, социалдык психология, педагогикалык психология, үй-бүлө менен мектептин байланышын жазып жүрүп, окуучулардын китеп окууга болгон кызыгууларын, чыгармачылык ишмердүүлүгүн тереңден үйрөнүп чыккан. Ал окурмандык кызыгууларды жалпы жана жеке, туруктуу жана туруксуз, тар жана кенен, активдүү жана пассивдүү деп бөлүштүрөт.

Көркөм чыгармалар аркылуу окурмандык кызыгууларды өнүктүрүү проблемасы XX кылымдын 2-жарымынан тарта Л.В.Благонадежин, О.И.Никифоров, Н.Д.Молдавский, Л.Г.Жабиц, М.Д.Пушкарев, Л.Н.Рожин, ж.б. изилдөөчүлөрдүн психологиялык, педагогикалык эмгектеринде каралган. 1967-жылы Н.А.Бодрова «Методика организации и проведения уроков внеклассного чтения по литературе в старших классах средней школы» деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон [117], ал китеп окууну социалдык жана педагогикалык көрүнүш катары караган. О.И.Никифорова «Психология восприятия художественной литературы» деген китебин [224] чыгарган, Л.И.Беляеванын «К вопросу о типологии читателей» [105], В.А.Бородинанын «Читательская деятельность: теоретический аспект» [121] дегендей теориялык эмгектери жарык көргөн.

Орус адабиятын окутуунун методикасы боюнча бир катар окуу китептеринин (М.Г.Марацман [195], М.Г.Качурин [157], О.Ю.Богданова

[115]) айрым главалары окурман, окуучулардын окурмандык кызыгууларын ойготуу проблемаларына арналган.

1960-жылы С.А.Аничкин «Эстетическое воспитание детей младшего школьного возраста на уроках чтения и во внеклассной работе» деген темада XIX кылымдын экинчи жарымындагы орус балдар адабиятынын чыгармаларын окутуу боюнча кандидаттык диссертациясын коргойт [68], анда балдардын эстетикалык табитин тарбиялоодо көркөм чыгармалардын мааниси өзгөчө белгиленет.

Өткөн кылымдын 60-70-жылдарда О.Н.Сороцкая «Формирование нравственных представлений у младших школьников на уроках чтения» [304], В.И.Ионова «Внеклассное чтение как одно из средств руководства самовоспитанием младших школьников» [145] деген темаларда кандидаттык эмгектерин, Н.Н.Светловская «Теоретические основы читательской самостоятельности и их реализация в системе начального обучения» деген темада докторлук диссертациясын коргоп [298], башталгыч мектептерде класста жана класстан тышкаркы учурда адабий чыгармаларды окуу боюнча китептерин чыгарган жана хрестоматияларды [293, 294, 295, 296, 297] түзгөн.

XX кылымдын 80-жылдарында бул багытта Н.Б.Берхин активдүү иштеген. Анын «Литературное развитие школьников» деген окуу колдонмосу [112] жана «Эмоциональное развитие школьников на уроках литературы» деген темада докторлук диссертациясы [113] жазылган.

Адабият сабактарындагы окуу ишмердүүлүгү, окурмандык кызыгуулар башка союздук (кийинки постсоветтик) өлкөлөрдүн окумуштууларын да кызыктарган. Мисалы, кандидаттык диссертациялар:

Азербайжан: М.Пиримова «Организация внеклассного чтения в начальных классах и его влияние на повышение качества обучения» [239], А.М.Гасанов «Возможности и пути использования детской литературы в

нравственном воспитании школьников младшего возраста: (На материале детской литературы Азербайджана)» [125].

Якутия: С.И.Колодезникова «Формирование читательских интересов у учащихся начальных классов в якутской школе» [161].

Украина: Н.А.Зинченко «Формирование культуры отношений младших школьников во внеклассной воспитательной работе» [138].

Кабардино-Балкария: «Уроки внеклассного чтения в 5-8 классов Кабардино-Балкарии в общей системе литературного образования» [230].

90-жылдарда О.В.Джежелей жазган китептерде [128, 129, 130] окуу ишмердүүлүгү, окурмандык кызыгуулар аркылуу окуучулардын оозеки кебин өнүктүрүү жана чыгармаларды окуунун класстан тышкаркы формалары тууралуу сөз болот.

Ошентип орус, совет жана постсоветтик педагогика, психология, библиография, китеп таануу илимдери адам турмушундагы китептин ролун, окуучуларды китеп окууга кызыктыруунун методикасын ар тараптуу иштеп чыгып, биздин изилдөөнүн да методикалык негиздерин түздү.

### 1.3.2. Кыргыз педагогика жана психология илиминде окурмандык кызыгуулар проблемасынын изилдениш тарыхы

Окуучулардын окурмандык кызыгуулары проблемасынын тарыхый жактан пайда болушун, калыптанышын советтик мектептер, ошол мектептерде колдонулган окуу китептери жана андагы сунуш кылынган адабий чыгармалар менен байланыштуу кароо керек. Жаңы мамлекет балдарды жаш кезинен окутууга өзгөчө көңүл буруп, бир нече токтомдорун

чыгарган. Аларга 1931-жылы чыккан «Башталгыч жана орто мектеп жөнүндө», «СССРде башталгыч жана орто мектептин структурасы жөнүндө», 1932-жылы жарыяланган «Башталгыч жана орто мектептеги программа жана тартип жөнүндө» деген токтомдорун атай кетүүгө болот. Ошолорго ылайык 1-4 топ же 1-4-окуу жылдары мындан ары башталгыч класстар деп аталып, «топ» деген түшүнүк «класс» деген түшүнүк менен алмашылган. Бирок эки сөз тең бир топ жыл бирдей эле колдонулуп келген. 1935-жылы «Баштооч, толук эмес орто жана орто мектептерде окуу ишин уюштуруу жана ички тартип жөнүндөгү» токтому чыгып, анда мектептердеги класстарга бөлүүнүн критерийлери, ар баскычтагы окуу иштеринин мазмуну, формасы, уюштурулушу көрсөтүлгөн.

Кыргыз АССРинин мектептери, анын ичинде башталгыч класстар Москвада түзүлгөн программаны пайдаланган, ал 1924-жылы кыргыз тилине которулган, бирок мында улуттук тил менен адабияттын материалдары киргизилген эмес, бул кенемте окуу программасынын толукталган 1929-жылкы басылышында дале эске алынган эмес. Демек, эне тили жана окуу программасын түзүп алуу регионалдык адистерге калтырылган. Ошондуктан 20-жылдарда жогорудагы аталган негизги предметтер окуу программасыз эле үйрөнүлгөн.

Кыргызча жарык көргөн биринчи окуу китеби 1924-жылы Ташкент шаарында басылган Ишеналы Арабай уулунун «Кыргыз алиппеси» деген окуулугу. «...өзүнүн ички маани-мазмуну боюнча алганда да кыргыз баласына өзүнүн эл-жерин, анын мүнөзүн, жашоо-турмушун, тил байлыгын, бүткүл руханий-материалдык дүйнөсүн чагылдырып турганы менен, ал аркылуу кыргыз баласын куралдандыруу максатын көздөгөнү менен баалуу. Ушундай мазмуну менен ал – өзүнөн кийинки бүткүл кыргыз китептеринин улуттук кайталангыс үлгүсү бойдон калды жана да кала бермекчи» (С.Рысбаев [245, 33]) болгон бул эмгек ошол 20-жылдардын балдарын окууга үйрөткөн. Ал китепте элдик ырлар жана жазма адабияттын, котормо

адабиятынын үлгүлөрү кошо берилген. Мисалы, китептеги окуганды эң биринчи үйрөнүп жаткан бала. Мына ушул алгачкы окуу китебинде И.Арабаев балдар үчүн ырларга да бир топ «Калб (калп) ырлар», «Чын ырлар», «Тору тай», «Табышмактар», «Сокур кыз менен жетим кыздын табышмагы», «Санат ырлар» ж.б. чыгармалардан өз турмушуна жакындыкты көрөт, себеби балдар бул чыгармалардын көбүн ата-энесинин оозунан угуп жүргөн, алардын каармандар (тору тай) өз жашоолорунан көрүп жүрөт. Өзү уккан жана өзүнүн турмушуна жакын чыгармалар сөзсүз түрдө балдардын чыгармага болгон кызыгуусун ойготкон. Анан калса, ал кезде кыргыз баласын курчап турган бир да окуу китеби жок болгон.

1930-жылы «Биздин мектеп» (авторлору Эшенаалы, Султан, Сатыбалды), 1931-жылы «Кичинекей колхозчу» (автору С.Наматов), 1933-жылы «Алиппе» (автору С.Наматов), 1936-жылы «Алиппе» (автору Б.Жунушалиев), 1938-жылы «Алиппе» (авторулору К.Каримов, Т.Актанов, А.Кошоев) деген китептер чыккан. Бул китептер жаңы эле пайда болгон кыргыз мектептеринин 1-класстарына арналганы менен аны кат сабаты жоюла элек балдардын көбү эле пайдаланган.

XX кылымдын 20-30-жылдары балдарды гана эмес чоңдорду да окутуу, жалпы элдин сабатын жоюу Совет өкмөтү менен ВКП (б) БКнын чоң милдети болгон. Ошону үчүн балдар үчүн гана эмес, чоңдор үчүн да «Алиппе» китептери чыккан. Андай окуу жайларын ликбез (ликвидация безграмотности) деп атап, алар 1919-жылдын 26-декабрында РСФСР эл комиссирлар советинин декрети тарабынан кабыл алынган да, 8 жаштан 50 жашка чейин ар бир атуул окуй жана жаза билиши талап кылынган. Мына ошол муктаждыктан улам И.Арабаевдин «Алиппе» китеби 1925-жылы Пишпек шаарында да басылып чыккан, 1926-жылы К.Тыныстановдун «Чоңдор үчүн алиппе» окуулугу Москвадан бастырылып алып келинген, 1927-жылы И.Арабаев менен К.Карасаев экөө биригип жазган «Жаңырык» деген китеп Фрунзеден жарык көргөн. Ошондон кийин Кыргыз АССРинин

борбору Фрунзе шаарында басмакана ачылып, 1930-жылы М.Бактыбаевдин «Кызыл жылдыз», 1932-жылы С.Наматовдун «Сабаттуу колхозчу», 1937-жылы Т.Саманчиндин «Алиппе» деген окуу китептери элге тараган. Бул китептер көп нускалар менен кат сабатын жоюп жаткан чоң адамдардын окуу курстарына, эмгек талааларына, кызыл аскерлердин катарына, жайлоолорго, кыштоолорго жеткирилген.

Бул китептердеги окурмандык кызыгууларды пайда кылуучу учурлар алардын саясый-агитациялык мүнөзү, доор менен байланыштыруучу пафосунун болгондугу менен түшүндүрүлөт. «Тап душмандарды араңардан сүрүп салгыла», «Басмачыларды жок кылгыла», «Колхоздорго киргиле», «Эл душмандарына арабызда орун жок», «Бай-манаптарды жок кылабыз» деген сыяктуу ураандар карапайым окурмандарды кызыктырып, ошондой тексттерди жаңы гана сабат ачкан адамдар жаттап алып жүргөн. Саясый-агитациялык ырларды жаттоо, аларды обонго салып ырдоо – бул мезгилдин мүнөздүү көрүнүшү болгон.

Адабий окууга үйрөткөн алгачкы китептерди жазууда Касым Тыныстановдун өз орду, өзүнүн мектеби болгон. 1924-жылы Ташкент шаарынан «Окуу китеби» [321], Москва шаарынан «Окуу-жазуу бил» деген окуулугу [322], 1927-жылы Фрунзе шаарынан «Биздин тил» [119], 1929-жылы Фрунзе шаарынан «Жаңы айыл» [320], 1931-жылы «Эне тилибиз» [323] деген китептери чыккан. Булардан башка да «Социалдык-экономикалык сөздүк» (1933), «Кыргыз тилинин морфологиясы» (1934), «Кыргыз тилинин синтаксиси» (1936) деген эмгектерин жаратты. Ал гана эмес таланттуу акын, котормочу, драматург, лексикограф, тилчи, адабиятчы, коомдук ишмер, билим берүү тармагында уюштуруучу да болгон. XX кылымдын 20-30-жылдарындагы кыргыз окурманынын ой жүгүртүүсүнүн, көз карашынын, тилдик маданиятынын калыптануусу түздөн-түз К.Тыныстановдун чыгармачылыгы менен байланыштуу. Анын кыргыз

балдарын (чоңдорун дале) окурман катары калыптоодогу ишмердүүлүгүн төмөнкүдөй багыттардан көрүнөт.

Биринчиси – окуу китептерине кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын үлгүлөрүн киргизген. Мындай чыгармаларды киргизүүнүн башкы себеби – «улуттук фольклордун бешигинде чоңойгон» балдарга кайра эле ошол «бешикте» уккан ырлары менен аларды балалык дүйнөсүнө баштап баруу. Бала чагында уккан чыгармаларды эми китептен окуу – окуучулардын окурмандык кызыгууларын сөзсүз жогорулаткан. Мисалы, кыргыз элинде ар түрдүү жаныбарларга сыйынуу, аларды пир тутуу ишенимдери бар, аны ошол мезгилдеги окуучулар жана алардын ата-энелери жакшы билген. К.Тыныстанов ошолорду ырга салып, төөнүн пири тууралуу «Ойсул ата», жылкынын пири тууралуу «Камбар ата», уйдун пири тууралуу «Зеңги баба», койдун пири жөнүндө «Чолпон ата» ж.б. ырларын жазган. Мындан окуучулар этномаданий компетенттүүлүгүн жогорулатып, элдик түшүнүктөр менен таанышкан, ошол эле кезде үй жаныбарларына карата гумандуу мамилесин активдештирген.

Экинчиси – орус педагогу К.Д.Ушинскийден үлгү алган К.Тыныстанов окуу китептерине өз чыгармаларын жазып, алардын тарбиялык маанисине өзгөчө басым жасаган, ар бир аңгемесинен кийин моралдык жыйынтык берген. «Талаага тай өнүптүр», «Тергөө», «Арпа менен буудай», «Малдардын талашы», «Ууру», «Алдар көсө жана шайтан», «Таштанды ит», «Калпычы» ж.б. аңгемелери балдарды турмуш менен, алардын айлана-чөйрөсү менен тааныштырып гана калбай, аларга таалим-тарбия берет, кыргыздын бай тилдик мурастарына сүңгүп кирүүгө даярдайт. Баланы билим алууга үндөгөн «Бала менен чымчык», ырыс-ынтымакка чакырган «Ынтымак» деген сыяктуу аңгемелери жазылган. Булардын дагы бир артыкчылыгы – балдар психологиясын жакшы билгендиги, ошону үчүн ал баянын кызыктуу алып барат, балдар эмнеге кызыгат, эмнеге кызыкпайт – ошол өзгөчөлүктү жакшы түшүнөт.

Үчүнчүсү – окуу китептериндеги материалдардын жаш окурмандар үчүн информациялык базасынан жогорулугу, таанып-билүү ишмердүүлүгүн өстүрүүгө салым кошуусу. Бала өзү үчүн али белгисиз, мурда билбеген нерсени окуганы – аны окурман катары чыгармага тартат, эгер жазуучу бала билген эле нерселерди кайра-кайра жаза берсе, ал окуп жатканын аягына чыгарбай таштайт. К.Тыныстановдун жылдын төрт мезгили, куштар, аялдар, малдар жөнүндөгү баяндоолору, ал мезгилдин оор проблемасы болгон котур жана келте оорулары тууралуу маалыматтары сөзсүз түрдө жаш окурмандарын өзүнө тарткан.

Төртүнчүсү – К.Тыныстанов эл агартуу комиссары жана билим берүү, басма сөз тармагын уюштуруучу катары ондогон макалаларында, алфавит жана сөздүк түзүү, окуу китептерин жазуу тууралуу докладдарында окурманды кызыктыруучу чыгармаларды, окуулуктарды жазуучунун теориялык-методологиялык базасын түзүп, өз пикирин айтып, башка авторлорго жол көрсөтүп турган.

Биз Касым Тыныстановду адабий окуу курсунда окурмандык кызыгууларды изилдеген, аны тапкан жана практикага сунуш кылган эң биринчи окумуштуу-педагог деп атайбыз.

Кыргыз адабиятынын үлгүлөрү менен тааныштырган алгачкы окуу китептеринин дагы бири  Э.Арабай уулу менен К.Карасай уулу авторлошуп жазып, 1928-жылы жарыкка чыгарган «Жаңылык» аттуу латын арибиндеги чоңдорго арналган алиппе китеби. Бул китеп кыргыз адабиятынын үч доорун камтыйт: биринчиси – элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрү («Керме-Тоо», «Терме-санат ырлары», «Санат ырлар»); экинчиси – элдик акындардын чыгармалары (Ысак Шайбек уулунун «Кайран эл» поэмасы), үчүнчүсү – Кеңеш доорундагы жазма адабияттын өкүлдөрү (А.Токомбайдын «Өктөбүрдүн келген кези», Касымдын «Жаз», «Кыш», Ч.Жамгырчы уулунун «Кайгылуу күн (21-нчи жаныбар)», Салы уулунун «Жаштарга» деген ырлары). Демек, окурмандык кызыгуулар үч багытта жүргүзүлгөн, мунун

ичинде жаш жазуучулардын чыгармалары (К.Тыныстановдун мезгил ырларынан башкалары) алардын ким экендиги менен тааныштырып гана калбай, ошол жылдардагы саясатка да ылайыкташтырылган.

1930-жылы Кыргыз АССРинин Эл агартуу комиссариаты башталгыч мектептер үчүн программа түзүп, ал К.Тыныстанов өзү редакторлук кылган «Жаңы маданият жолунда» журналына (1930, №3-4) жарыяланган. Бул программада адабий окууга ылайык материалдар берилген эмес, кыргыз тили боюнча грамматикалык эрежелерди үйрөнүү талабы киргизилген.

1932-жылы акын А.Токомбай уулу жооптуу редактору болгон I-IV топтор (класстар) үчүн алгачкы окуу программасы «Айыл-кыштак башталгыч мектептеринин программасы» [52] деген ат менен жарык көргөн. Анын кийинки басылышы 1934-жылы жарык көрөт [100]. Мына ошондон кийин окуу китептерин жазуу, түзүү, аларга көркөм тексттери киргизүү, анан массалык нуска менен чыгаруу активдешкен. Бул ишке эң биринчи М.Абдыкеримов, А.Осмонов, У.Абдукаимов ж.б. жазуучулар киришкен.

Бул мезгилдеги программанын өзгөчөлүктөрү тууралуу кийин методист К.Иманалиев мындай деп жазат: «Бул жылдарда кыргыз адабияты боюнча айыл-кыштак мектептеринин 3, 4-окуу жылдары үчүн программалар биринчи жолу класс-сабак системасына ылайык түзүлө баштады. Буга чейин жогоруда көрсөтүлүп өткөн «комплекс», «лабораториялык-бригадалык», «долбоор» методдорунда түзүлгөн программалар колдонулуп келгендиктен мүмкүнчүлүк болбогондугу өзүнөн өзү түшүнүктүү. Экинчиден, бул жылдары толук эмес орто мектептер үчүн дароо жаңы программаларды иштеп чыгууга биздин өзүбүздө да мүмкүнчүлүктөр жетиштүү эмес эле. Ал эми орто мектептерди ачуу жана көбөйтүү жөнүндө жогоруда көрсөткөндөй, жаңыдан гана маселе коюлуп жаткан болчу. Класс-сабак системасы мектептер үчүн милдеттүү жана жалпыга тиешелүү системага айлангандан кийин биринчи түзүлгөн программа алдына кандай максат койгондугу жана материалдын көлөмү жана тандалып алынышынын кандай экендиги ачык

болсун үчүн айыл-кыштак, шаар мектептери үчүн 3-жана 4-окуу жылдарына арналган программанын 1934-жылы түзүлүп 2-басылышынан [100, 23-24] үзүндү келтирели: «Программанын түшүнүк катында адабият сабагынын мааниси жана милдети жөнүндө төмөндөгүдөй айтылат: «Ырларды, аңгемелерди окуп, жаттоо, көркүү чыгармалардан окугандарын кайра айтып берүү сыяктуу окуучулардын көз караштарын кеңейтип, көркүү сезимдерин арттыргандыктан, өсүп келе жаткан жаштарды тарбиялоодо адабияттын алган орду чоң, 3-жана 4-топтордо көркүү чыгармаларды окуп билүү натыйжасында окуучулар мына буларга ээ болуулары тийиш:

1. Окулган көркүү чыгармалардын тексттерин идея жана көркүүлүк жактан түшүнүү.

2. Көркүү чыгармалардын тилиндеги өзгөчөлүктөрдү билүү (салыштыруу ж.б.).

3. Көркүү чыгармалардын кайсы бир түрлөрүн ажыратуу (кара сөз, жомок, тамсил).

4. Жазуучу кайсы таптык экендиги тууралуу жана анын чыгармасы кайсы таптын мүдөөсүн сүйлөй тургандыгы жөнүндө жөнөкөй түшүнүктөрдү алуу.

5. Коом турмушунда адабият алган орун тууралында жөнөкөй түшүнүктөр.

6. Адабият чыгармасынын бул тизмесин тандап алганда мына булар эскертилди: чыгарманын тил жагынан кымбаттуу болушу менен катар, көркүүлүк жагынан барктуу болушу, балдардын кызыгуулары менен тажрыйбасына жакындыгы» [143].

Жогорудагы түшүнүк катта көрсөтүлгөндөй башталгыч класстарда адабий чыгармаларды окутуунун максат-милдеттери: чыгарманынын идеясы менен көркөмдүүлүгүн бирдей билүү; адабий тектер, түрлөр, жанрлар боюнча түшүнүктөргө ээ болуу; көркөм чыгарманын тилин (салыштыруу)

өздөштүрүү; чыгармалардын балдардын кызыгуулары менен алардын өмүр жолуна жакындыгы. Мына ошолордун катарында өзгөчө милдет – жазуучунун таптык көз карашы. Бул милдет ошол убактын башкы урааны болуп калган, автор феодалдык турмушту, эскини сүрөттөөгө, улуттук идеяларды көтөрүүгө акысы жок болгон. Мына ушул жарлык менен дал ошол 30-жылдарда К.Тыныстанов, С.Карачев, Молдо Кылыч, Калыгул, Арстанбек, Казыбек, Солтобай, Боогачы ж.б. таланттуу сөз чеберлери окутуудан алынып салынган.

XX кылымдын 30-жылдарындагы башталгыч класстар үчүн адабият хрестоматиясы деп аталып, хрестоматиялык типте түзүлгөн, б.а., көркөм тексттер гана сунуш кылынган окуулуктар чыкты. Алар:

М.Абдыкеримов түзгөн хрестоматиялар: 1938-жылкы «Адабият хрестоматиясы» [41], 1933-жылдан 1940-жылга чейин бир нече жолу басылып чыккан 4-окуу жылына арналган хрестоматиялар [42, 43, 44, 45, 46, 47].

1939-жылы А.Осмонов жана М.Кырбашев түзгөн хрестоматия [231].

У.Абдукаимовдун 30-жылдардагы 3-окуу жылына арналган хрестоматиясы [2,3,4].

Алар окуу китептерине төмөнкүдөй принциптер менен адабий көркөм тексттерди киргизген:

1) Орус жана чет элдик адабияттын кыргыз тилине которулган үлгүлөрү (бир катар чыгармаларды өздөрү которо койгон).

2) Ошол кездеги совет өкмөтү менен партиянын саясатын үгүттөгөн чыгармалар.

3) Эл арасында оозеки айтылып жүргөн чыгармаларды акын-жазуучулар жазма адабияттын талабы менен иштеп чыгып, ошол жылдардын окурмандарынын кызыгууларына ылайыкташтырган (А.Үсөнбаев «Жолборс минген киши», К.Акиев «Ач карышкыр», «Акылман ата», А.Токомбаев

«Жетим менен сыйкырчы», Ж.Бөкөнбаев «Торгой менен жагалмай», «Чептен эрдик күчү бек», Т.Үмөталиев «Күч бирдикте», «Алп кара куш», К.Маликов «Сан-Таш», А.Осмонов «Толубай сынчы», Р.Шүкүрбеков «Эки бөжөк» ж.б.).

4) Фольклордук тексттер (санат-насыят, терме ырлары, элдик дастандардан үзүндүлөр).

5) Элдик ырчылардын чыгармалары (Б.Алыкулов, Т.Сатылганов, А.Үсөнбаев, О.Бөлөбалаев, К.Акиев ж.б.).

6) Октябрь революциясына чейинки жазгыч акындардын чыгармачылыгы (Тоголок Молдо, Молдо Кылыч)

Бул жылдардагы окуу китептеринин негизги өзөгүн Ленин жана партия, пионер жана комсомол, жаңы турмуш, социализмдин бүткүл фронт боюнча чабуулу жана анын жеңиши, колхоздоштуруу, индустриализациялоо, эл чарбасы боюнча чыгармалар (К.Тыныстанов «Биздин темп», М.Элебаев «Күз», «Кең талаа», «Ырым – бештик», «Жаңы заман», «Совхоз маалы», «Фабрика», «Пахта бышты», «Маданият жаңырды», «Жаз», «Биздин аскер», А.Токомбаев «Лениндин орду – ленинчил», «Сен даярдан, «Чанхайши», «Даяр бол», «Көрүк ыры», «Москва – жүрөк», «Пионер ыры», «От араба», «Жумушчу», «Кызыл аскер», Т.Байжиев «Күрөш», К.Маликов «Айлуу түндө», Ж.Турусбеков «Пахта сыры», «Ак алтын өлкөсү», С.Сасыкбаев «Коммунисттер партиясы», «Үнү угулуп турду», К.Маликов «Айлуу түндө» ж.б.). Дал ушул ырлар жаңы замандын балдарын өзүнө тартып, окурмандык кызыгууларын арттырган.

Бул мезгилде балдардын окурмандык кызыгуулары дале болсо фольклордук тексттерге жакын болгон, ошондуктан мектептеги эң эле көп окулган жана балдар жаттап, декламация катары эл алдында айтып жүргөн чыгармалар Тоголок Молдонун «Каак-каак, каргалар», «Үркөр, үркөр топ жылдыз», «Жер жана анын балдары», «Жүгүрүп, жүгүрүп мен таптым», «Телибай тентек», «Кемчонтой», «Турумтай», «Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк

сулуу», «Абышка-кемпирдин көмөчү», «Чынчыл бала», «Иттин доолдай тиктирем дегени», «Торпогум» ж.б. чыгармалар болгон.

30-жылдардагы адабий көркөм тексттердин басымдуу бөлүгү котормо тексттери, саясатташкан чыгармалар болгон, бирок ошолордун оң жагы да бар эле: биринчиси, котормолор окуучуларды башка улуттардын адабий мурастарына кызыгуусун арттырган; ал эми саясатташкан тексттер балдардын окурмандык кызыгууларын замандын өзгөчөлүгүн туура аңдап билүүгө багыттаган.

Дал ошол 30-жылдарда кыргыз адабий сыны пайда болуп, 1931-жылы 18-январда М.Элебаевдин «Кызыл Кыргызстан» газетасына «Сынчылар тобун уюштуралы» деген ураанчыл макаласы жарыяланат. Анда автор акын катары көркөм чыгармаларга жаңыча талап коюу, окурманды тарбиялоо маселесин көтөрүп чыгат. Жазуучулардын көркөм чыгармаларын жарыялоочу «Чабуул» журналы негизделип, анын 1931-жылдагы санына М.Дөгдүровдун «Акын, жазуучулар жана көркөм адабият тууралуу» аттуу полемикалуу макаласы жарыяланат. 1932-жылы 8-январда КырАППтын (Кыргыз пролетардык жазуучулар союзу) партиялык, комсомолдук уюмдар менен бирге жыйыны болуп, ошол жыйында М.Дөгдүров «Марксисттик-лениндик сын жөнүндө», А.Идрисов «КирАППтын коомдук уюмдар менен байланышы тууралуу» деген темаларда баяндамалар жасалат. Жогорудагы баяндамалар жана макалалар ошол жылдардын адабияты кайсыл нукка бурулуш керектигин, окурманга кандай чыгармалары жазып берүү керектигин түздөн-түз көрсөткөн.

Ушул кыргыз билим берүүсү, маданияты, китеп басып чыгаруу өндүрүшү, жазуу жана китеп окуу маданияты мурда болуп көрбөгөндөй өзгөргөн он жылдыкта адабий чыгармаларды окутуу методикасы илими пайда болду. 1928-жылдын май айынан «Жаңы маданият жолунда» (азыркы «Эл агартуу») аттуу журналдын чыга башташы, ага К.Тыныстановдун башкы редактор болушу мектептерге методикалык жардамдардын уюштурулушуна

стимул түзүп берди. «Жаңы маданият жолунда» журналынын алгачкы эле санынан псевдоним менен жазган Айыжман деген автордун «Окуу-окутуу ишин уюштуруу системасы», кийинки №6-7 санына С.Шамырза уулу деген автордун «Комплекс жолу менен сабак берүү» [329] деген макалалары жарыяланып, аларда окутуу жана окуу ишмердүүлүгүн мугалимдерге түшүндүрүп берген.

Бул мезгил аралыгында башталгыч мектеп үчүн активдүү иштеген С.Нааматов болгон, ал адабий окуу, эне тили боюнча алгачкы окуулуктары [221, 220, 222] менен бирге эле аларга методикалык түшүндүрмөлөрүн [218, 219, 223] жазган, өз мезгилинде бул эмгектер мугалимдердин негизги куралына айланган, айылдык кыргыз мугалимдери «метод», «методика» деген түшүнүктөр менен таанышкан. Ушул методикалык эмгектерде башталгыч класстын окуучуларынын окурмандык кызыгууларын жогорулатуунун, аны үчүн текст тандоонун жана методикалык ыкмаларды туура колдонуунун жолдору аныкталган.

Ушул мезгилде кыргыз окурманынын табити бир кыйла жогорулап, дүйнөлүк классикалык адабият (А.С.Пушкин, М.Ю.Лермонтов, Л.Н.Толстой, А.П.Чехов, К.Д.Ушинский, М.Горький, Д.Бедный, В.В.Маяковский ж.б.) «Эне тили» (ал кезде «Адабий окуу» ушундай ат менен берилчү) китептерине киргизилип, жаш окурмандардын талабы да, кызыгуулары да өскөн. Илим менен техниканын өнүгүшүн утурулай, кыргыз адабиятына фантастика жанры менен К.Эсенкожаев кошулат, 1937-жылы «Саякатчы бала», 1938-жылы «Үчүнчү шар» деген фантастикалык мазмундагы аңгемелерин китеп кылып чыгарат. Бул китептер жаңыга кызыгып, социализмдин өзгөрүүлөрүнө кубанып жаткан окурмандар тарабынан өзгөчө кызыгуу менен кабыл алынат.

XX кылымдын 40-жылдары, негизинен, Улуу Ата мекендик согуш жана согуштан кийинки кыйраган эл чарбасын кайра калыбына келтирүү менен байланышат. Окутуу процессине совет элинин согуштагы эрдигин даңазалаган, баатырлардын облигин чагылдырган чыгармалар көп

киргизилип, жаш окурмандардын кызыгуулары ошол тарапка оогон. Ошол кездин педагогикалык-дидактикалык талаптары, саясий позициясы менен мурдагы учурдан айырмаланган кыргыздын алдыңкы интеллигенттери З.Бектенов, Х.Карасаев, У.Абдукаримов биргеликте иштеген 4-класс үчүн «Эне тил» деп аталган окуу китеби [103] жарык көрөт. Бул китепте котормолор эмес, оригиналдуу чыгармалар арбын киргизилген, авторлор бир катар чыгармаларды 11-12 жаштагы балдардын курак өзгөчөлүктөрүнө ылайык адаптациялап чыккан.

Э.Бердибаев Н.Макешов менен бирге «Эне тилден коюла турган баалардын нормалары» [108], жеке өзү «Жаңы программа боюнча эски китептердин пайдаланышы жөнүндө» [107] аттуу методикалык эмгектерин жазып, аларда балдардын окурмандык ишмердүүлүгүн уюштуруунун жана өткөрүүнүн жолдору көрсөтүлөт.

Бул мезгилде Н.Макешов башка авторлор (С.Турусбеков, М.Жаңыбаев) менен бирге жана жеке өзү 1-4-класстар үчүн «Эне тили» окуу китептерин [184, 185, 186, 187] жазып, окурмандык ишмердүүлүктү ишке ашыруунун технологияларын жана принциптерин ошол китептери аркылуу практикада реализациялаган. Ошол эле автордун «Мугалимдерге жардам» журналына басылган (1947, №10) «Башталгыч мектептердин окуучуларын окууга жана сөз өстүрүүгө жатыктыруу маселелери» деген макаласы түздөн-түз биз изилдөөгө алган проблема менен байланыштуу.

1939-1940-жылдарда «Окутуучуларга жардам» журналына жарыяланган үч макала өзгөчө окурмандык ишмердүүлүктү өнүктүрүү методикасына арналгандыгы менен мугалимдер үчүн пайдалуу болгон. Алар М.Жаңыбаевдин «Окуу сабагын жүргүзүү жөнүндө» [136] жана К.Акылбековдун «Адабият сабагын окутуу методикасы» [57], «Адабият методикасынан» [56] деген макалалары.

Ушул мезгилде окуу программаларына жана окуу китептерине жаныбарлар аркылуу адамдарды, алардын жүрүш-турушун, мүнөзүн, ички-

тышкы дүйнөсүн кейиптештирген Молдо Кылычтын «Канаттуулар», Ж.Бөкөнбаевдин «Торгой менен жагалмай» деген ыр-тамсилдери окутулган, бул чыгармаларды окуу менен 4-класстын окуучуларынын аллегориялык ой жүгүртүүлөрү, ассоциациялоо сезимдери калыптанган.

XX кылымдын 70-90-жылдарында адабий окуу, эне тили китептерин жазууга жаңы авторлор жана практика мугалимдер тартылды да, 1-класстар үчүн Ж.Мукамбаев, Ш.Шүкүралиев, Т.Байбураев «Эне тили» окуу китебин [210], 4-класстар үчүн ушундай эле аталыштагы окуу китебин К.Сартбаев, А.Корголдоева, У.Каримов жазган [289]. Бул китептер бир топ жыл мектеп практикасында пайдаланылып келди.

Ошол эле кезде Ж.Мукамбаев «Башталгыч класстарда элдик оозеки чыгармачылыкты үйрөтүү жолдору» [208] жана Ж.Мукамбаев менен мектеп мугалими Ш.Шүкүралиев «2-класста эне тилин окутуу» [209] деген усулдук колдонмолорун жазат. А.Маткеримовдун «Окуу сабагынын эффективдүүлүгү жөнүндө» [199], А.Мамбеталиевдин «Жаңы доордун жаралышы сабакта» [189] деген макалаларында окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгү тууралуу да ойлор берилет. Бул мезгилде К.Сартбаев адабий окуу боюнча «Адабият сабагын окутууну жогорку деңгээлде өткөрөлү», «Класстан тышкаркы окууну кандай өткөрүүгө болот?» деген проблемалык макалаларын жарыялаган жана коомчулуктун көңүлүн бурдурган [287; 291].

Кыргыз ССРинин Эл агартуу министрлиги тарабынан 1984-жылы «Жалпы жана кесиптик билим берүүчү мектептин реформасынын негизги багыттары» тууралуу токтому кабыл алынып, ошол документте көрсөтүлгөн реформага ылайык башталгыч класстар төрт класс болгон, балдарды алты жаштан окуу ишине тартуу киргизилген. Ошол талаптан улам Б.Рысбекова менен К.Сартбаевдин авторлугунда «Алиппе» жана «Алиппени» окутуу жана класстан тышкаркы окуу» китеби жазылган [274]. Жаңы реформага ылайык адабияттан класстан тышкары окуу боюнча атайын хрестоматиялар түзүлүү менен окурманды тарбиялоодогу бурулуш этап ишке ашырылды. Баланын

колундагы хрестоматия аны адабият дүйнөсүнө баштап кирүүнүн чоң жолу болду. Ушул талаптардан улам методист-окумуштуу К.Сартбаев жана практик мугалим З.Маразыкова тарабынан 1-4-класстарына класстан тышкаркы окуу үчүн окуу комплекстери практик мугалимдерге жеткирилди [290; 190; 191; 192]. Бул комплекстер балдардын кабыл алуусуна жакын болуп, дал ушул жылдарда советтик коомдо өзгөрүүлөр болуп, адабий билим берүүнүн мазмунун саясатсыздаштыруу процесси жүрүп жаткан. Ошол мезгилдеги Б.Рысбекованын жеке өзүнүн жана анын К.Сартбаев менен авторлоштукта жазган методикалык колдонмолору [273; 274], К.Сартбаевдин бул багыттагы изилдөөлөрү [288] мектептерде адабий окуу ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн өзүнчө бир баскычы болгон.

С.Кондучалованын «Балдардын өз бетинче окуусу» аттуу макаласы [165], А.Жолдошованын 1-класстарда окуучулардын кебин өстүрүүгө багытталган кандидаттык диссертациясы [137], мугалим А.Курбанбаеванын өзүнүн иш тажрыйбасы чагылдырган макаласы [174] окуучу – көркөм сөз – кеп маданияты байланышына арналган.


Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийин «Адабий окуу» предметтери боюнча жаңы окуу китептери даярдалды. Бул ишке «Алиппе» жана «Адеп алиппеси», «Алиппе-интеллектуал (комплекс, 1-класстар үчүн эксперименталдык окуу китеби)» деген аталыштагы китептери менен С.К.Рысбаев активдүү катышты [248; 249; 262; 270]. Ошондой эле ал К.Ибраимова, Б.Абдухамидова менен биргеликте 4-класстар үчүн [247] окуу китебин жазды. Ал адабий окууга материал болуп берүүчү көркөм чыгармаларды жазган авторлордун адабий портретин жазып, алардын чыгармачылык өз алдынчалыгын чагылдырган «Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер» (1998) жана «Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери» (2007) деген китептерин чыгарды [265; 271]. Окумуштуунун эмгектеринде окуучуларды көркөм сөз менен тарбиялоо проблемасы да башкы орунда

турат [272; 266; 267; 266]. С.Рысбаев жетекчилик кылган окумуштуулар жана мугалимдер адабий окуудан класста жана класстан тышкаркы учурда пайдалуучу тексттердин антологияларын жана хрестоматияларын [255; 256; 257; 258] түзүп берди. Ошондой эле айрым эмгектеринде окуучулардын жазуу жана сүйлөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн заманбап майнаптуу методикасын сунуш кылды [269].

Биздин темага түздөн-түз катыштыгы бар С.К. Рысбаевдин китеби «Баланы китеп окууга үйрөтүү технологиялары» деп аталып, ал башталгыч класстын мугалимдери, бакчанын тарбиячылары жана ата-энелер үчүн методикалык колдонмо катары жазылган [263]. Колдонмодо китеп окуунун жалпы классификациясы, окуучунун окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу формалары, окуучунун окурмандык ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методдору, текстти окууда окуучулар ээ болуучу компетенциялар, китеп окуудан кийинки ишмердүүлүктөрдү текшерүү жана бекемдөө, окуу ылдамдыгы, окуучунун окуу жана түшүнүү ишмердүүлүгү, көркөм чыгарманы адабий-мазмундук жана педагогикалык жактан интерпретациялоонун маани-маңызы ж.б. проблемалар тууралуу теориялык ойлор менен бирге практикалык сунуштар айтылат.

Эгемендүүлүк жылдарында адабий окуу предметинин мазмунун өркүндөтүү, бул предметти окутуунун илимий-методикалык негиздерин окуучулардын окуу ишмердүүлүгү менен биримдикте изилдөө багытында С.С.Сакиева узак жылдар бою стабилдүү иштеп келе жатат. Ал жаңы кылым башында «Адабий чыгармаларды окутуудагы окуучунун кеп ишмердүүлүгү» [281], «Адабий окуудагы окуучунун кеп ишмердүүлүгүнүн булактары» [278], «Адабий окуунун өнүгүү тенденциялары» [279], «Адабий окуудагы традиция жана инновация» [280], «Башталгыч класста адабий окууга үйрөтүүнүн проблемалары» [282], «Башталгыч класста адабиятты окутуунун актуалдуу маселелери» [276] ж.б. макалаларын жазып, «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» деген темада докторлук

диссертациясын [283] жактайт, ошол эмгегинин негизинде ушунда эле аталышта монографиясын чыгарат [284]. Анын бул эмгектеринде «Адабий окуу» курсунда окурмандык кызыгууларды ойготуу үчүн мугалимдин иш-аракеттеринин мазмуну жана формасы көрсөтүлгөн учурлар кездешет. С.С.Сакиева адабий окуу ишмердүүлүгүнүн төмөнкүдөй моделин сунуштайт [283, 26-27]:




**Сүрөт 1.2. – Адабий окуунун кошумча багыты**

Изденүүчү андан ары «Адабий окуу» сабагында окуучунун окурмандык чыгармачылыгы, же болбосо окурмандык калыптануу технологиясы, окурмандык компетенцияны калыптандыруу түшүнүктөрү тууралуу сөз кылып, мындай технология текст менен иштөөдө 3 этап боюнча жүргүзүлөт деп келип, аларга төмөнкү этаптарды кошот.

«1-этап. Текстти окуганга чейинки жумуштар. 1. Мында тексттин мазмунун, тематикасын, эмоционалдык багытын, чыгармадагы каармандарды

бөлүп алуу, чыгарманын автору, таяныч сөздөрдү бөлүп алуу, алар менен таанышуу.

2-этап. Текстти окууда жүргүзүлүүчү жумуштар. Текстти алгачкы жолу окуу. Текстти окуучулардын жаш курактык өзгөчөлүктөрүнө карата өз алдынча окуусун уюштуруу. Текст жөнүндө алгачкы элестетүүнү аныктоо. Текстти кайра окуп чыгуу. Акырын ичинен окуу. Текстти анализдөө (текстти комментарийлеп окуу, окугандары боюнча аңгемелешүү, таяныч сөздөрдү аныктоо). Тексттин мазмуну менен толук аңгемелешүү. Окугандарын жыйынтыктоо. Текстти жыйынтыктоочу суроолорду түзүү. Текстти көркөм окууга даярдануу.

3-этап. Тексттин мазмуну боюнча аңгемелешүүнү уюштуруу. Окуган текст боюнча коллективдүү талкууну уюштуруу. Тексттеги автордун көз карашы менен окурмандын көз карашын салыштыруу.  Автор менен таанышуу. Автор жөнүндө аңгемелешүү. Окуу китебиндеги кошумча булактар менен иштөө. Тексттин сүрөттөрү менен иштөө. Тексттин темасын талкуулоо. Окуучунун чыгармачылыгын өнүктүрүүчү тапшырмаларды уюштуруу (эмоция, элестетүү). Бул этап менен иш жүргүзүүдө тексттин инсандык, метапредметтик, предметтик жыйынтыктарын кароо ыңгайлуу экендигин белгилөөгө болот» [283, 27].

Башталгыч класстардын «Адабий окуу» курсунун мазмунун аныктап, окуу китептерин түзүүнүн концепциясын, дидактикалык негиздерин иштеп чыгып, окуулуктарды жазган дагы бир автор – А.Д.Токтомаметов. Анын «Адабий окуу» аталышындагы бир нече жолудан басылган 2-класстар үчүн [313], 3-класстар үчүн (Б.Субанова менен авторлош) [314], 4-класстар үчүн [315] окуу китептеринде окуучулардын окурмандык кызыгууларын өркүндөтүү боюнча принциптер, методикалык сунуштар иштелип чыгып, окуу китептеринин практикасы аркылуу апробациядан өткөрүлгөн. Ал жогорудагы окуу китептеринин методикалык колдонмолорун [316] да жазып,

адабий окуунун дидактикалык негиздери тууралуу кандидаттык диссертациясын коргогон [312].

«Адабий окуу» курсун толук албаса да, анын айрым бөлүмдөрүндө балдар ырларын окутуу боюнча А.Т.Саттарова «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери» деген темада докторлук диссертациясын жазды [292]. Анда изденүүчү методисттердин эмгектерине мындай анализ берет: «Башталгыч класстарда балдар ырларын окутууда орусиялык мугалим С.Н.Лысенкованын чечмелеп башкарууда таяныч схемаларын пайдалануу менен алдыга озуп окутуу технологиясы өткөн кылымдын аягында кеңири колдоого ээ болгон. Чечмелеп башкарууда сабакта бүт класс жооп берүүгө даяр турган, алар «ойлойм», «айтып берем», «жазып жатам» деген үч кыймылдагы ишмердүүлүктү аткарган, мугалим бир таяныч же зарыл окуучу менен иштейт, калгандар өз алдынча тапшырмаларды аткара берет. «Жооп бер!» деген буйрук этиш анын сабактарында колдонулбай, окуучулар кээде мугалимдин ролунда да турган. Алардын баары катуу добуш менен сүйлөшкөн. Анын методикасында «таяныч сигналдар», же жөн гана «таянычтар» болуп, анда мугалим кайсыл окуучуга кайсыл убакта кандай тапшырма берүү керектиги иштелип чыккан. Алдыга озуп окутуу технологиясында болсо кийин өтүлүүчү айрым материалдар алдын ала тааныштырылган. С.Н.Лысенкованын сабактары жааматтык-кошоктошкон, жекелик технологияларга негизделет.

Ошол эле жылдарда ленинграддык мугалим Е.Н.Ильин адабиятты адамды калыптандыруунун системасындагы предмет катары кароо технологиясын өнүктүргөн. Адабиятты салттуу окутууда окуучулар чыгармадагы идеяны, сюжетти таанып-билүүнү биринчи орунга коюп, андан тарбиялык таасир алуу экинчи орунда турса, Е.Н.Ильиндин педагогикалык технологиясы көркөм адабияттан тарбиялык таасир алууну биринчи орунга чыгарган. Балдар чыгармадан ар бири өзүн, өз чындыгын издешкен жана майда деталдарды да анализдешкен, окуучу менен мугалим мамилеси

кызматташтык педагогикасынын бири-бирин түшүнүшү, бири-бирин сыйлоо, полилог (сукбатташуу) ж.б. принциптерине ылайык уюштурулган.

Советтик педагогикада башталгыч класста жалпы окуу көндүмдөрүн өркүндөтүү технологиясы (В.Н.Зайцев) да кеңири колдонулган» [292, 14-15]. Ушул анализдерди диссертацияда андан ары чечмелөөгө аракет кылат жана окурмандык кызыгуулардын калыптануу процессин балдарга арналган ырлардын мисалында ачып берет, бирок ал өз объектине ылайык ырларды жалпы эле окутуу технологияларын колдонуу аркылуу талдоо ишмердүүлүгүнүн айланасында сөз кылат.

Көркөм адабият аркылуу окурмандардын компетенттүүлүктөрүн, анын ичинде окурмандык ишмердүүлүгүн өркүндөтүү проблемасы А.Муратовдун «Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана методикасы» аттуу китебинде [215], К.Б.Миңбаеванын «Азыркы кыргыз балдар акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар жана аларды окуп-үйрөнүү жолдору» аттуу диссертациясында [202] жана «Азыркы кыргыз балдар акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар жана аларды окуп-үйрөнүү жолдору» деген методикалык колдонмосунда [203] да каралган.

Б.А.Абдухамидованын «Адабий окуу» боюнча 2-класстар үчүн автордук өнөктөштүктө (С.Рысбаев, К.Ибраимова) жазган окуу китебинде [8] жана 3-класстар үчүн окуулугунда [9] жана ошол китептердин мугалимдерге багытталган усулдук колдонмосунда [7] көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү боюнча сунуштарын практика жүзүндө демонстарциялаган. Анын «Пути развития словарного запаса учащихся через обучение художественных произведений» [38], «Адабий окуу сабагында башталгыч класстардын окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүүнүн айрым жолдору» [19], «Аң-сезимдүү жана шар окуу – окуучунун теманын мазмунун натыйжалуу өздөштүрүүсүнүн ачкычы» [22], «Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнө коюлуучу дидактикалык талаптар» [37] ж..б. макалаларында түздөн түз «Адабий окуу» курсунда окурмандык

кызыгуулар, аларды өркүндөтүүнүн технологиялары жана прининптери, натыйжалары көрсөтүлөт.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз педагогикасында «Адабий окуу» курсунда окурмандык кызыгуулар проблемасы XX кылымдын 20-30-жылдарынан бери эле, болжолу, бир кылымдай убакыттын ичинде ар түрдүү багытта, ар түрдүү деңгээлде каралып келди, бирок ал диссертациялык мазмунда алгачкы жолу ишке ашырылып отурат.

### 1.4. «Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү проблемасын изилдөөнүн методологиялык негиздери

«Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык кызыкчылыктарын өнүктүү проблемасы боюнча биздин методикалык багыттагы изилдөөбүз дүйнөлүк, орусиялык, советтик, кыргыз философиясынын, педагогикасынын, психологиясынын, китептаануу жана библиография илимдеринин ар тараптуу изилдөөлөрүнө, алардын тарыхый ачылыштарына жана бүгүнкү күндөгү заманбап изилдөөлөрүнө таянат. Мына ошол таянычтар биздин изилдөөнүн максатына, милдеттерине, божомолуна жана жалпы спецификасына ылайык жол көрсөтөт, илимий багытыбызды аныктап берет, алар изилдөөбүздүн методологиялык негизин түзөт.

Э.Мамбетакунов жана Т.Сияев педагогикалык изилдөөлөрдүн методологиясын төмөнкүдөй аныктайт: «Илимий педагогикалык изилдөөнүн методологиясынын негизги милдеттери төмөнкүлөр саналат:

а) изилдөөнүн объектисин жана предметин тактоо, тастыктоо;

б) педагогика илимин бир бүтүн система катары кароо менен бирге анын биримдүүлүгүн, бири-бири менен байланышын түзүү;

в) педагогика илими менен башка илимдердин байланышын изилдөө;

г) изилдөөнүн жаңы методдорун, каражаттарын изилдөө.

Адатта илимий педагогикалык изилдөөлөрдүн багыттарын төмөндөгүдөй бөлүшөт:

а) фундаменталдык;

б) прикладдык;

в) нормативдик-укуктук.

Фундаменталдык изилдөөлөр педагогикалык процесстин жалпы закон ченемдүүлүгүн изилдөө менен илимий билимди жаңы деңгээлге жогорулатуу максатында жүргүзүлөт. Фундаменталдык илимий педагогикалык изилдөөлөр, адатта, республикалык масштабда жүргүзүлүп, изилдөөнүн объектисин жана предметтерин ар тараптан жана узак убакыттын ичинде көп кырдуу окумуштуулардын катышуусу менен иш жүзүнө ашат. Натыйжада изилденип жаткан илимий маселенин негизинде илимий билим дагы бир деңгээлге жогорулайт.

Прикладдык багыттагы изилдөөлөр аныкталган теориялык жана прикладдык маселелерге багытталат жана педагогикалык байланышын түзүүгө арналат. Илимий педагогикалык изилдөө педагогика илиминин аныкталган бөлүгү боюнча белгилүү чөйрөдө жүргүзүлөт. Натыйжада илимий маселени чечүү боюнча аныкталган багыттар, методдор, формалар жана каражаттар, башкача айтканда, жаңы технология даярдалат.

Нормативдик-укуктук багыттагы педагогикалык изилдөөлөр окуу планын, окуу программасын, окуу китептерин, методикалык көрсөтмөлөрдү, окуунун жана тарбиялоонун жаңы формаларын иштеп чыгууга багытталат. Натыйжада илимий маселенин чечилиши үчүн нормативдик, укуктук документтерге тиешелүү өзгөртүүлөр, тактоолор жана кошумчалар киргизилет.

Илимий педагогикалык изилдөөнүн логикасы жана процедурасы төмөнкү багыттарга арналат:

а) фундаменталдык теориялык жана эксперименталдык илимий педагогикалык изилдөөнүн функциясын, анын мүнөзүн аныктоо;

б) изилденип жаткан маселени жана аны чечүүнүн илимий гипотезасын негиздөө;

в) илимий изилдөөнүн негизинде топтолгон материалдарды жалпылоо жана аны илимий интерпретациялоо;

г) илимий фактыларды тактоо;

д) чыныгы педагогикалык процессти илимий фактылар менен, закондор, теория менен туура, адекваттуу чагылдыруу;

ж) илимий педагогикалык изилдөөнүн негиздерин түзүү.

Педагогика илиминин методологиясы төмөнкү функцияларды аткарат:

1. Дидактика жана методика боюнча изилдөөлөрдү өркүндөтүү методологиясын иштеп чыгуу.

2. Тарбиялоонун теориясына жана практикасына багытталган изилдөөнүн методологиясын негиздөө.

3. Педагогикалык процессти система катары кароо менен аны изилдөөнүн методологиясын негиздөө.

4. Мектепке чейинки педагогикалык системаны изилдөөнүн методологиясын иштеп чыгуу.

5. Педагогикалык системаны прогноздоо жана диагноздоо багытындагы изилдөөлөрдүн методологиясын иштеп чыгуу [188, 28-29].

Ушундай аспектилерден ой жүгүрткөндө биздин изилдөө прикладдык изилдөөлөрдүн катарына кирет. Биздин методологиялык базабыз илимий изилдөөнүн негизги жоболорун, структурасын, функцияларын аныктоого

жардам берет. Алар түздөн түз методдорубузду табат. А метод болсо бир нерсеге жетүүнүн жолу, ыгы. Ошол методдорду аныктоочу илимий-билимдер – методология. Методсуз методология болбойт, методологиясыз илим болбойт. Методология илимий таанып-билүү ишмердүүлүгүбүздүн принциптерин, формаларын жана жолдорун аныктоочу, көрсөтүүчү окуу, теориялык идеялар системасы, изилдөөнүн ыкмаларын көрсөтүп туруучу таянычтар. Ал гректердин «методология» деген сөзүнөн алынган, бизчеге которгондо «methodos» – таанып билүүнүн же изилдөөнүн жолу, теория, идея, окуу, «logos» – сөз, түшүнүк.

Мына ошол методологиялык негиз эң биринчи кезекте бардык илимдер үчүн таанып-билүү тууралуу илим ***философия*** болуп эсептелет. Философия бүт илимдердин башталышы, б.а., булагы. Илимдердин бардыгы, адегенде, ошол булактан сугарылат. Окурман катары башталгыч класстын окуучулары адабий чыгарма менен таанышат, аны талдоо, түшүнүү үчүн ал бала аздыр-көптүр деңгээлде ой жүгүртөт, логикалык ырааттуулук менен автор айтып жаткан турмуш чындыгын кабылдайт, ошол турмуш чындыгын адабияттын мыйзамдары менен чагылдырган көркөм чындык менен ассоциациялайт, өзүнчө ой жүгүртүп талдоого өтөт. Мына ушул учурда анын таанып-билүү ишмердүүлүгүнө философия жардамга келет. Ошол процессти туура түшүнүү жана түшүндүрүү үчүн биздин изилдөөбүз да философиялык эмгектерге таянуу менен иш жүргүзөт. В.Ф.Асмустун эмгектеринде [72; 73; 74; 75] китеп окууну эмгектенүү жана чыгармачылык катары карап, ал ишмердүүлүктүн адам жашоосундагы маани-маңызын көрсөтөт. М.М.Бахтин [91; 92; 93] адабиятка эстетикалык аспектиден баа берип, сөз өнөрүн эл турмушунун чагылдырылышы деп эсептейт, Н.А.Бердяев [109; 110; 111] коомдук ойдун өнүгүшүндө көркөм адабият чоң ролду ойноп, адамдын өзүн өзү жана турмушту таанып билүүсүнүн булагы китептер экендигин көрсөтөт.

Ю.П.Азаровдун изилдөөлөрү [48; 49] көркөм адабияттын таалим-тарбиялык функцияларын философиялык аспектиден чагылдырууга арналса,

С.Ф.Анисимовдун китептери [67] адабиятты руханий керектүүлүк, руханий байлык топтоонун булагы деп эсептейт. Кыргыз эстетик-адабиятчысы Т.Аскаровдун көп жылдык эмгектери [69; 70; 71] адабий процессти, анын ичинде көркөм образдарды, чыгармаларды философиялык жактан талдоого алып, алардын кыргыз окурманын эстетикалык жактан тарбиялоодогу маанисин ар тараптуу ачып берет. Бул багытта кыргыз эстетиги А.А.Салиевдин китептери [285; 286] да биздин изилдөөбүзгө философиялык-эстетикалык аспектиден методологиялык негиз түзүп берди, ал адабий чыгарманы адамдын ойлоо сезими, ой жүгүртүүсү, акыл-эси менен байланышта карап, адабий көрүнүштөргө жана искусство чыгармаларына психологиялык-эстетикалык көз карашы менен баа берет.

«Окуучулардын окурмандык кызыгуулары» деген түшүнүктөгү «кызыгуулар», «китеп тандоо», «китеп окууга үйрөтүү», «көркөм чыгарманы кабыл алуу» деген түшүнүктөр түздөн-түз **психология** илими менен байланышат, андыктан да биздин изилдөөнүн методологиялык базаларынын бири психологиялык теориялар менен байланышат. Окурмандык кызыгуулар, китеп окуу маданияты балдардын психикалык, мүнөздүк, куралык өзгөчөлүктөрү менен карым-катышта турат, ал түшүнүктөр болсо психологиянын объекти. Н.А.Рубакин «О сбережении сил и времени в деле самообразования» (1914), «Психология читателя и книги: Краткое введение в библиографическую психологию» (1929), «Этюды по психологии читательства» (1919) деген эмгектеринде окурмандык психологиянын теориялык аспектилерин советтик илимде алгачкылардан болуп изилдеген.

Советтик психология илими, анын көрүнүктүү өкүлдөрү Б.Г. Ананьев [64; 65; 66] психологиялык жактан адамтаануу илимин тереңдеткен, анын адам жөнүндө окуусу анын окурман катары кызыгууларын жаратат, Л.И.Божович [118; 119; 120] балдар психологиясы боюнча көрүнүктүү адис болуу менен, ошол балдардын инсандык сапаттарынын калыптануусун изилдеген, ал ошол калыптануу процессинде китеп окуу ишмердүүлүгүнүн

да өзгөчө мааниси бар экендигин тастыктаган, Л.С. Выготскийдин эмгектеринде [123; 124] көркөм чыгармачылыктын табияты, андагы кабылдоонун психологиялык өзгөчөлүктөрү чагылдырылган, А.Н. Леонтьев [180; 181] адамдын психикасынын өнүгүш этаптарын, стадияларын изилдеген, С.Л. Рубинштейн өткөн кылымдын 50-жылдарынан тартып эле жалпы психологиянын, анын ичинде ой жүгүртүүнүн, окурмандык кызыгууларга тарбиялоонун проблемаларын аныктаган [242; 243], Д.Б.Эльконин [335; 336; 337; 338] психологиялык проблемаларды кенже мектеп жашындагы окуучулар менен жүргүзүп, бул курактагы балдарын кызыгууларынын өзгөрүшүн изилдеп, мугалимдер үчүн эң эле керектүү илимий жоболорду сунуш кылган, балдардын курагына жараша психологиялык жетилүүлөрү И.С.Кондун «Психология ранней юности» деген китебинде [164] абдан терең чагылдырылган.

Көркөм чыгарманы мектепте үйрөтүүнүн психологиялык аспектиси боюнча В.А.Кан-Калик жана В.И.Хазан тарабынан «Психолого-педагогические основы преподавания литературы в школе» деген китеп жазылган [154], С.Г.Якобсон [339] балдардын өнүгүү жолундагы психологиялык факторлорду изилдеген.

О.И.Никифорова көркөм чыгарманы кабылдоо боюнча китеп [224] жазып, бул татаал процесстин табиятын ачып берген. А.Н.Леонтьев социалдык психологиялык аспектиден изилдеп, окурмандарга жетекчилик кылуунун төмөнкүдөй багыттарын белгилейт:

- окуунун керектүүлүгүн (муктаждыгын) канааттандыруу;
- окуунун мазмунун кеңейтүү жана окурмандык кызыкчылыкты максаттуу жакка багыттоо;
- окуу маданиятын өнүктүрүү;
- маалыматтык агымды уюштуруу, окурмандардын белгилүү бир категориясына китептердин белгилүү бир тибин багыттоо [180, 40].

Психологдордун окуу ишмердүүлүгү боюнча теорияларын жыйынтыктаганда төмөнкүдөй концепцияларды айтууга болот: окуу ишинин өнүгүшү баланын (инсандын) жалпы өнүгүшү менен өтмө катар байланышта жүрөт; китепти түшүнүү, кабыл алуу бала-окурмандын кабылдоо (восприятия) процессинин өнүгүшү менен катар жүрөт; окуу ишмердүүлүгү окурмандын кеп (оозеки жана жазуу) байланыштарынын өсүшүнө да көз каранды; окурмандын таанып билүү ишмердүүлүгү, жалпы жана адабий өнүгүүсү менен эсептешип иш жүргүзгөндө гана бул иш оң натыйжасын бере алат.

«Көркөм чыгарманын мазмуну бир кумурадан экинчисине куюп алган суудай болуп чыгармадан окурмандын башына куюла бербейт. Ал окурмандын акыл-эси, руханий ишмердүүлүгү менен байланыштуу кабыл алынат жана кайра иштелип чыгат. Бул ишмердүүлүк биргелешип аракеттенүүнү талап кылат», – деп жазат В.Ф.Асмус [74, 183]. Ошону үчүн ал бир китебинин аталышын «Окуу эмгек жана чыгармачылык катары» («Чтение как труд и творчество») деп атайт. Ал эми А.П.Леонтьев «Окуу эмгек катары жана окуу эс алуу катары» («Чтение как труд и чтение как отдых») деген популярдуу сөзүн тараткан.

Жогорудагы жана дагы башка психологдордун методологиялык эмгектеринде мектеп окуучуларынын окурман катары калыптануусуна алардын инсандык сапаттары, социомаданий чөйрө кандай таасир эте тургандыгы, көркөм чыгармаларды кабыл алуунун психологиялык аспектилери көрсөтүлгөн.

Биздин изилдөөдөгү окурмандык кызыгууларды калыптандыруу процесси окутуу ишмердүүлүгүндө ишке ашырылат, демек, ал педагогикалык эмгектерди методологиялык база кылып алат. Окуу ишмердүүлүгүндөгү окурмандык маданият **классик педагогдор** Я.А.Коменскийдин [163], И.К.Песталоццинин [236], К.Д.Ушинскийдин [325;

326; 327; 328], Л.Н.Толстойдун [317], В.А.Сухомлинскийдин [306; 307; 308], Ш.А.Амонашвилинин [62; 63] эмгектеринде чагылдырылган, алар балдардын көркөм чыгармаларды окуусу алардын нравалык-моралдык, эстетикалык-эмоционалдык кабыл алуусунда чоң күч экендигин белгилешкен, өздөрүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүнө балдардын окурмандык маданиятын өстүрүүгө өзгөчө көңүл бурушкан.

Постсоветтик өлкөлөрдүн педагогикалык багыттагы кадрларды даярдоочу университеттеринин дээрлик бардыгында колдонулуучу педагогика дисциплиналары боюнча колдонуп жүргөн окуу китептерибизде болочок мугалимдерди даярдоодо окурмандарды калыптандыруу проблемасы да атайын сөзгө алынган.

Сабак процессинде окутуу процесси, ошол процесстин мазмуну, технологиялары, мугалим – окуулук – көркөм чыгарма – окуучу ишмердүүлүгүн чыгармачылык байланышын түзүү теориялары советтик дидактикада иштелип чыккан. Мисалы, окутуунун методдору жана алардын колдонулуш учурлары (И.Я.Лернер [182; 183]), окуучунун ой жүгүртүүсүн өстүрүп, анын алдына проблема коюу ыкмасы (М.И.Махмутов [200]), окутуунун салттуу жана жаңычылык ыкмаларын айкалыштыруу теориясы (Г.К.Селевко [299]), окутуу процессин оптималдаштыруу (Ю.К.Бабанский [77; 78]), окуучулардын таанып билүүсүн активдештирүү, сабактын мазмунун жана методикасын ар дайым жаңылап туруу (М.Н.Скаткин [300; 301; 302]), баланын жөндөмдүүлүгүн эске алып дефференцирлеп жана инсанга багыттап окутуу (И.Б.Бекбоев [101; 102]), окутуунун заманбап технологиялары жана жаңы дидактиканынын карым-катышы (В.П.Беспалко [114]), сабак өтүүнүн көптөгөн технологияларын айкалыштыруу (В.К.Дьяченко [135]) ж.б. бир катар **дидактардын изилдөөлөрүндө** ар тараптуу чагылдырылган, демек, ал эмгектери да биздин изилдөөгө методологиялык таяныч болуп берди.

Көркөм чыгармаларды окутуу, ошол чыгармалар аркылуу окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн жогорулатуунун жолдору, ыкмалары жана каражаттары **орус адабиятын окутуу** боюнча методист окумуштуулар жана мугалимдер (А.С.Айзерман [50], В.В.Голубков [127], Е.Н.Ильин [140], М.Г.Качурин [157; 158], Е.А.Корсунский [166; 167], Е.Н.Колокольцев [162], Н.И.Кудяршев [170; 171; 172], Н.Я.Мещерякова [201], В.Г.Маранцман [194; 195; 196; 197; 198], Н.М.Молдавская [204; 205], В.А.Никольский [225], З.Я.Рез [241], М.А.Рыбникова [244], В.Р.Щербина [334] ж.б.) адабий чыгарманы окуп үйрөнүүнүн ыкмаларын, жолдорун жана каражаттарын иштеп чыгып, советтик мектептерге сунуш кылган.

Педагог жана методист М.А.Рыбникова: «Жакшы окуу – бул талкуулоо, бул ой жүгүртүү. Биздин жумуш – даана сезимдүү жана сынчыл ой жүгүртүүчү окурманды даярдоо» [244, 233], – деп айткан.

Бул багытта өзгөчө Н.Д.Молдавскаянын «Воспитание читателя в школе» (1968) [204], В.Г.Маранцмандын «Труд читателя: От восприятия литературного произведения к анализу» (1986) [196], М.Г.Качуриндин «Организация исследовательской деятельности учащихся на уроках литературы» (1988) [158], О.Ю.Богданованын «Читательские интересы и особенности восприятия ими произведений художественной литературы» (1995) [116] деген эмгектери биздин ишибиздин теориялык базасын аныктоого жардам берди.

1984-жылы Б.П.Умнов «Пути формирования читательских интересов учащихся 4-7 кл. (на материале русской и зарубежной классики)» [324], 1986-жылы К.Г.Нурахметова «Формирование и воспитание читательских интересов учащихся 4-8 кл.» [226], 1987-жылы М.П.Бабаханова «Формирование читательских интересов у подростков» [79], 1991-жылы Е.В.Карсалова «Методические основы руководства читательской деятельностью школьников на уроках литературы в средних и старших

классах» [155], 1995-жылы А.Т.Тамаев «Әдебиет сабақтарында жоғары класс оқушыларының оқырмандық қызығушылығын қалыптастыру» [309], 1997-жылы Н.В.Беляева «Формирование читательского восприятия при изучении лирики в школе: теоретические основы и практика» [106], 1999-жылы А.Э.Лебедева «Приобщение детей к чтению классики как международная и педагогическая проблема» [179], 2000-жылы Л.Я.Кузьмина «Формирование читательских интересов учащихся 5-6 классов якутской школы в процессе изучения русской литературы» [173] деген темаларда **кандидаттык диссертацияларын** коргогон. Ушул эле проблема В.Г.Маранцмандын «Анализ литературного произведения в соотношении с читательским восприятием школьников» [194], Н.Н.Светловская «Теоретические основы читательской самостоятельности и их реализация в системе начального обучения» [298] деген **докторлук темаларына** объект болгон.

Жогорудагы диссертацияларда биздин изилдөөбүзгө методологиялык багыттар берилген жана алардан ар түрдүү жылдардагы окурмандык кызыгуулардын динамикасы, коомдук-саясый абалга байланыштуу кызыгуулардын өзгөрүү эволюциясын көрүүгө болот.

Биз караган объект адабий чыгармалар болгондуктан **кыргыз адабиятын окутуу** боюнча методисттердин жана педагогдордун бул багыттагы эмгектерин ишибизде пайдаланылды. К.К.Акматовдун [53; 54; 55], Б.Алымовдун [59; 60; 61], С.Байгазиевдин [80; 81; 82; 83; 84; 85; 86; 87; 88], С.Батакановanын [89; 90], К.Иманалиевдин [141; 142; 143], Н.И.Ишекеевдин [151; 152], С.Момуналиевдин [206; 207], А.Муратовдун [211; 212; 213; 214; 215; 216; 217], С.Рысбаевдин [250; 259; 263; 265; 266; 267; 268; 269], Б.Исаковдун [147; 148; 149; 150], С.Сакиеванын [276; 277; 278; 279; 280; 281; 282; 283; 284], А.Д.Токтомаметовдун [312; 316], Б.Оторбаевдин [232; 233; 234; 235] окутуунун усулдары боюнча окуу китептери, методикалык колдонмолору, мектеп окуулуктары ишибиздин негизги методологиялык базаларынын бири болду.

Бул багытта кыргыз мектептеринде орус адабиятын окутуу боюнча Л.А.Шеймандын бир катар эмгектери [331; 332], 1989-жылы корголгон Г.У.Соронкуловдун «Читательские интересы учащихся и пути активизации внеклассного чтения русской литературы в Киргизии» [303] аттуу темадагы диссертациясы, Н.А.Ахматованын «Чтение и понимание текста» аттуу макаласы [76] кыргыз окуучуларынын окурмандык кызыгууларын изилдөөгө арналган.

«Адабий окуу» курсунда сунуш кылынган чыгармалар, негизинен, кыргыз балдар адабиятынын туундулары, андыктан балдар адабиятынын спецификасы, балдар жазуучуларынын чыгармачылык жолдору тууралуу **адабият таануу** багытындагы изилдөөлөрдү да эмгекти жазууда пайдаландык (К.Абакиров, В.Вакуленко, Ү.Култаева, М.Сулайманов, А.Саттарова, О.Сооронов, М.Түлөгабылов, С.Рысбаев, Г.Орозова, А.Муратов жана К.Исаков ж.б.).

Илимий ишибиздин методологиялык базасы болгон философия, анын бир болүгү катары эстетика, психология, адабият таануу, педагогика, орус жана кыргыз адабиятын окутуунун методикасы багытындагы изилдөөлөр «Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандын ишмердүүлүгүн өркүндөтүү боюнча зарыл илимий-теориялык негиз болуп эсептелет жана алар ишибиздин мазмундуулугун жана ишенимдүүлүгүн көрсөтүп турат.

## Биринчи бап боюнча корутунду

Диссертациянын биринчи бабы **«Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруу проблемасынын теориялык-методологиялык негиздери»** деп аталып, темага байланыштуу жалпы теориялык, тарыхый-библиографиялык, методологиялык маселелер

изилденет. Анын биринчи *«Азыркы учурдагы «Адабий окуу» курсунун жана анда окурманды тарбиялоо проблемасынын максаты, милдеттери жана ааламдашуу доорундагы функциялары»* деп аталган параграфында азыркы доордун өзгөчөлүктөрү, ааламдашуунун социалдык турмушка жана адамдардын руханий дүйнөсүнө тийгизген таасири чагылдырылат. Бүгүнкү окуучу көркөм адабиятты окуу аркылуу жан дүйнөсүн байытат, робот-адамдык жолго бара жаткан багыттан дили таза, ою тунук гуманист инсандык багытка бурулат. Адамдын келечек тагдырын чечүүдө көркөм өнөрдүн жана маданияттын башка түрлөрү менен бирге адабият дүйнөсү чоң роль ойнойт. Учурда кыргыз коомчулугунда, анын ичинде мектеп окуучуларынын арасында китеп окууга кызыкчылык басаңдап, а түгүл такыр китеп окубаган балдардын тобу өсүп чыгып, мына ошолордун арасында кылмышкерлер, руханий-моралдык деградацияга учурган жаштар мектеп партасынан чоң турмушка кадам коюшууда. Ошону үчүн мектептин, анын ичинде башталгыч класстарда окутулуп жаткан «Адабий окуу» предметинин башкы максаты – окуучуларды китеп окууга кызыктыруу, балдардын окурмандык маданиятын калыптандыруу.

Маалыматтардын өтө кеңири жана ар тараптуу таасиринде калган кенже курактагы мектеп окуучуларынын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруу татаал жана түйшүктүү ишмердүүлүк. Заманбап IT технологиялары, алардын арасынан чөнтөк телефондору, планшет, вотсап, ютуб каналы, интернет, телевидение ж.б. маалымат каражаттары, электрондук оюндар китеп окуган муунду «китепсиз муун» менен алмаштырып жаткан ааламдашуу шартында окуучулардын окурмандык кызыгуулары бир кыйла басаңдап кетти. Мына ушул процесске таасир көрсөтүүнүн бирден-бир эффективдүү жолу – адабий чыгармаларды окуп туруучу, өзү чыгарма менен таанышуу компетенттүүлүгүнө жетишкен, ар кандай чыгармага так, туура баа бере алган эстетикалык табити туура калыптанып бара жаткан окурманды тарбиялоо. «Адабий окуу» курсунун максаты жана милдеттери да программада жана окуу китептеринде сунуш кылынган көркөм тексттерди түшүнүп окуган жана

окугандарын өздөштүрө алган, кеп ишмердүүлүгүн жогорулата билген, чыгармадан руханий азык, ар тараптуу тарбия ала турган инсанды калыптандырууга салым кошуу.

*«Окуу», «Окурмандык ишмердүүлүк» түшүнүгүнүн теориялык концепциялары» аттуу 2-параграфта* окуу деген эмне, окурмандык ишмердүүлүк деген эмне деген суроолордун тегерегинде ой жүгүртүлөт. **Окуу** – бул жазылган тамгаларды (текстти) оозеки айтуу, жазылгандарды түшүнүү жана анын негизинде ой жүгүртүү, сөздөрдүн маанилерин жана эмоционалдык-экспрессивдик боёкторун ылгай билүү ишмердүүлүгү. Бул ишмердүүлүккө адамдын жогорку психикалык функциялары катышат жана окуу татаал когнитивдик процесс болуп эсептелет. Текстти аң-сезимдүү окуу менен гана адам бул дүйнөнү жана анын ар кандай кубулуштарын түшүнөт, башка адамдар менен тилдик байланыш түзөт, ой жүгүртөт, өз оюн бир жерге топтоп, башкаларга билдире алат.

**Окурмандык ишмердүүлүк** – адамдын чыгарма окууга ышкысынын ойгонушу, чыгарманы түшүнүүсү, анын негизинде ой жүгүртүү, талдоо, баа берүү, андан алган компетенттүүлүктөрүн турмушта колдоно билүүгө жетишүүсү. Ушул философиялык, психологиялык, педагогикалык түшүнүк тууралуу К.Д.Ушинский, Н.А.Рубакин, Г.Наумчик, О.Джежелей, С.Дорошенко ж.б. педагогдордун, психологдордун, методисттердин ойлорун келтирип, окурмандык ишмердүүлүк – бул узакка созулган, дайыма аракеттенүүнү талап кылган чыгармачылык процесс экендигин иште көрсөттүк.

Диссертацияда окурмандык ишмердүүлүктүн ориентирлөөчү-изилдөөчү, аткаруучу-текшерүүчү фазалары тууралуу, алардын биримдиги, этап-этап менен жүрүп отурушу максатка ылайыктуу келерлиги айтылды. Окурмандык ишмердүүлүктү төрт жактуу мүнөздөөгө болорлугу, алар төмөнкүлөр экендиги изилдөө ишинин жүрүшүндө тастыкталды: окуунун тууралыгы,

тактыгы; окуунун аң-сезимдүүлүгү; окуунун көрктүүлүгү; окуунун ылдамдыгы.

*«Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруу проблемасынын изилдениш тарыхына обзор»* аттуу 3-параграф тарыхый-аналитикалык планда жазылды. Биринчи учурда дүйнөлүк, орус, совет жана постсоветтик педагогика, психология, библиография илиминде окурмандык кызыгуулар проблемасынын изилдениш тарыхы каралды. Кытайда б.з.ч. XVI-XI кылымдарда эле иероглиф жазуулары пайда болгон, аларды таш бакалардын таш тонуна, жаныбарлардын терисине, дарактардын кабыгына жазган, кийинчерээк бамбук дарагынын сөңгөгүнө, анан да кийин жибекке дарактардын ширелерин колдонуп жазышкан. Ошондон сегиз кылым өтүп тушту ойлоп таап, аны менен жазуу ишин жүргүзгөн. Биздин замандын I кылымында Кытайда кагаз чыгарылып, ошол пайдаланылган. Байыркы Александрияда кол жазма формасында 700 миңдей китептер сакталган. Орхон-Эне-Сайда, Таласта, Кочкордо VI-VIII кылымдарда жашаган калктар, анын ичинде кыргыздар, таш бетине тамга чеккен (рун эстеликтери). Жазуу болгондон кийин сөзсүз анын окурманы болот, демек, жазуудай эле окуу да байыркы замандан келе жаткан ишмердүүлүк.

Бирок «автор жана окурман», «китеп жана окурман» түшүнүгү байыркы доорлордон бери улам өзгөрүп, улам татаалдашып келет. Аталган түшүнүктөрдү ар тараптуу изилдеген жана практикада колдонгон педагог жана окуу китептеринин автору К.Д.Ушинский (1824-1871) болгон, ал «Детский мир» (1860) жана «Родное слово» (1984) деген окуу китептеринде чыгармалардын аягына тарбиялык мораль киргизүүнү башкы орунга коюп, балдар үчүн окуганын түшүнүү өтө зарыл экендигин көрсөткөн. Дал ушул мезгилде орус окуучулары француз жазуучусу Шарль Перронун (1628-1703) «Кызыл Шапкечен», «Өтүкчөн мышык» деген жомоктору, немец бир туугандар Якоб (1785-1863) жана Вильгельм (1786-1895) Гриммдердин «Түлкү менен каздар», даниялык жомокчу Ганс Христиан Андерсендин (1805-1875) «Кар ханышасы», «Дюймовочка» аттуу чыгармалары менен таанышышкан.

Л.Н.Толстой (1828-1910) «Азбука» (1872), «Новая азбука» (1872) деген китептерин, «Книга для чтения» деген төрт китептен турган окуулугун (1875) жазып, орус эл жомокторун, аңгемелерин өз айылы Ясная Полянадагы балдар үчүн кайра иштеп чыгып, аларды окуучулар кандай кабыл алып жатканын апробациядан өткөргөн. Орус демократтары В.Г.Белинский (1811-1848), А.И.Герцен (1812-1870), Н.Г.Чернышевский (1828-1889), Н.А.Добролюбов (1836-1861) чыгармалардын табиятын, аны талдоонун принциптерин жана эстетикалык концепцияларын иштеп чыккан.

Башталгыч класстарда окуу ишмердүүлүгү аркылуу окурманды тарбиялоо багытын өркүндөтүү боюнча орус педагогу Н.Ф.Бунаков (1837-1904), методист В.И.Водовозов (1825-1886), лингвист, фольклорист Ф.И.Буслаев (1818-1897), педагог, адабиятчы В.П.Острогорский (1840-1902), педагог жана публицист В.Я.Стоюнин (1826-1888) ж.б. интеллигенция өкүлдөрү эмгектерин жазган.

XX кылымдын башында Ц.П.Балталон (1855-1913) жетекчилик кылган топ окурмандык ишмердүүлүк тууралуу илимий идеяларды сунуштаган, украиналык педагог, жекшембилик мектептердин негиздөөчүсү Х.Д.Алчевская (1841-1920) балдардын окуу чөйрөсүн терең талдаган, бул багытта орус библиографы, китептаануучусу, илимди үгүттөөчү жана жазуучу Н.А.Рубакин (1862-1946), эксперименталдык психологиянын негиз салуучуларынын бири А.П.Нечаев (1870-1948) китеп окуу, окурмандык маданият боюнча илимий багыттарды өркүндөтүшкөн.

XX кылымдын 20-жылдарынан кийин М.А.Рыбникова (1885-1942) методикалык окуу китептеринде окурмандык ишмердүүлүктөр тууралуу теориялык ойлорун ортого салат, Я.М.Шафир 1927-жылы «Очерки психологии читателя» деген эмгегин жарыялайт, 1931-жылы С.Л.Вальтгард «Очерки психологии чтения» деген эмгегин чыгарган. Кийинки этапта бул проблема советтик психолог, педагог, философ М.М.Рубинштейндин (1878-1953) эмгектери аркылуу мектептерге таратылган. XX кылымдын 2-

жарымынан тарта Л.В.Благонадежин, О.И.Никифоров, Н.Д.Молдавский, Л.Г.Жабиц, М.Д.Пушкарев, Л.Н.Рожин, О.В.Джежелей ж.б. изилдөөчүлөрдүн психологиялык, педагогикалык эмгектери жазылды. 1967-жылы Н.А.Бодрова «Методика организации и проведения уроков внеклассного чтения по литературе в старших классах средней школы» деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон, О.И.Никифорова «Психология восприятия художественной литературы», Л.И.Беляева «К вопросу о типологии читателей», В.А.Бородина «Читательская деятельность: теоретический аспект» деген теориялык мааниси жогору китептерин чыгарган. Маселенин теориялык жана практикалык аспектилери адабиятты окутуунун методикасы боюнча окуу китептеринде (М.Г.Марацман, М.Г.Качурин, О.Ю.Богданова), бир катар кандидаттык (С.А.Аничкин, О.Н.Сороцкая, В.И.Ионова) жана докторлук (Н.Н.Светловская, Н.Б.Берхин) диссертацияларда каралды. Азербайжанда М.Пиримова, А.М.Гасанов, Якутияда С.И.Колодезникова, Украинада Н.А.Зинченко, Кабардино-Балкарияда Н.Г.Осак окуучулардын китеп окууга кызыктыруунун методикасы боюнча диссертацияларын жазып, проблеманын ар бири өз өлкөсүндөгү абалын аныктаган жана аны жакшыртуунун жолдорун сунуш кылган.

Ушул эле проблема кыргыз педагогика жана психология илиминде да каралган. Диссертацияда бул багытта Ишеналы Арабай уулунун, К.Тыныстановдун алгачкы окуу китептериндеги окуу ишмердүүлүгү тууралуу идеялар баяндалат. Алгачкы методисттер (Айыжман, С.Шамырза уулу, С.Наматов) башталгыч класстын окуучуларынын окурмандык кызыгууларын жогорулатуунун, аны үчүн текст тандоонун ыкмаларын жана жолдорун көрсөтүп берген. Советтик учурда «Адабий окуу» предметинде окурмандык кызыгууларды өркүндөтүүнүн жолдору К.Сартбаевдин, Б.Рысбекованын, З.Маразыкованын окуу китептеринде ишке ашырылып, методикалык эмгектеринде аларды сабакта колдонуу технологиялары иштелип чыккан. «Адабий окуу» предметинде окуу жана окурмандык ишмердүүлүк боюнча олуттуу эмгектерди С.К.Рысбаев жазган. Анын «Баланы китеп окууга үйрөтүү

технологиялары» деп атаган эмгегинде окуучунун окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу формалары жана методдору чагылдырылат. Бул предметти окутууда окурманды тарбиялоо С.С.Сакиеванын, А.Т.Саттарованын докторлук, А.Д.Токтомаметовдун, К.Б.Миңбаеванын, Б.А.Абдухамидованын кандидаттык диссертацияларында жана методикалык колдонмолорунда чагылдырылат.

Бирок, жалпысынын, башталгыч класстарды адабий чыгармаларды окутуу жана ал аркылуу балдарды китепке кызыктыруу проблемасы айрым изилдөөлөрдө эске алынганы менен ырааттуу жана кеңири талдоого алына электиги диссертацияда белгиленди.

*«Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү проблемасын изилдөөнүн методологиялык негиздери»* деген 4-параграф изилдөөнүн методологиялык таянычтарын анализдөөгө арналган. Эң биринчи методологиялык база дүйнөнү жана адамды таанып-билүү тууралуу илим философия болуп эсептелет. Темадагы проблемаларды аныктоо, туура түшүнүү жана түшүндүрүү үчүн В.Ф.Асмустун китеп окууну эмгектенүү жана чыгармачылык катары караган, бул ишмердүүлүктүн адамзаттын тарыхында мааниси тууралуу, М.М.Бахтиндин адабий чыгарманы эстетикалык кубулуш катары талдоого алган, Н.А.Бердяевдин коомдук прогресстеги китеп окуунун орду тууралуу идеялары таяныч болуп берди. Көркөм адабияттын тарбиялык функциялары Ю.П.Азаровдун, анын руханий баалуулугу С.Ф.Анисимовдун, адабияттагы шарттуулук, эстетикалык баалуулук проблемалары Т.Аскаровдун, А.А.Салиевдин эмгектеринде чагылдырылган.

«Окуучулардын окурмандык кызыгуулары» деген түшүнүктөгү «кызыгуулар», «китеп тандоо», «китеп окууга үйрөтүү», «көркөм чыгарманы кабыл алуу» деген түшүнүктөр психология илими менен тыгыз байланыштуу болгондуктан, кенже мектеп жашындагы окуучулардын психикалык, мүнөздүк, курактык өзгөчөлүктөрүн изилдеген психолог окумуштуулардын (Н.А.Рубакин, Б.Г.Ананьев, Л.И.Божович, Л.С.Выготский, А.Н.Леонтьев,

С.Л.Рубинштейн, Д.Б.Эльконин, С.Г.Якобсон ж.б.) эмгектери, О.И.Никифорованын көркөм чыгарманы кабылдоо боюнча китеби диссертациялык ишибизге жол көрсөттү. Психологдордун окууга кызыктыруу боюнча ойлорундагы негизги концепциялар төмөнкүлөр: окуу иши жана окурмандык кызыгуу баланын жалпы өнүгүшү менен байланыштуу калыптануучу процесс; чыгарманы түшүнүү жана туура кабыл алуу бала-окурмандын кабылдоо процессинин өнүгүшү менен биримдикте ишке ашат; окуу ишмердүүлүгү окурмандын кеп маданиятынын өсүшү менен да тыгыз байланыштуу. Ошондуктан психологиялык изилдөөлөр окуучулардын окурмандык кызыгууларын калыптоо процессин окурмандын таанып билүү ишмердүүлүгү, жалпы жана адабий өнүгүүсү менен биримдикте жүргүзүү зарылдыгын көрсөтөт.

Окуу ишмердүүлүгүндөгү окурманды калыптоо маданияты Я.А.Коменскийдин, И.К.Песталоццинин, К.Д.Ушинскийдин, Л.Н.Толстойдун, В.А.Сухомлинскийдин, Ш.А.Амонашвилинин ж.б. классик педагогдордун эмгектеринде чагылдырылган.

Изилдөөбүз окутуу процесси, сабак жана анын формаларын, методдорун тандоо болгондуктан, И.Я.Лернер, М.И.Махмутов, Г.К.Селевко, Ю.К.Бабанский, М.Н.Скаткин, И.Б.Бекбоев, Э.Мамбетакунов, В.П.Беспалко, В.К.Дьяченко ж.б. бир катар дидактардын изилдөөлөрү биздин ишке методологиялык негиз түзүп берди. Бул жагынан орус адабиятын окутуу боюнча методист окумуштуулар жана мугалимдер (А.С.Айзерман, В.В.Голубков, Е.Н.Ильин, М.Г.Качурин, Е.А.Корсунский, Е.Н.Колокольцев, Н.И.Кудяршев, Н.Я.Мещерякова, В.Г.Маранцман, Н.М.Молдавская, В.А.Никольский, В.А.Онищук, З.Я.Рез, М.А.Рыбникова, В.Р.Щербина ж.б.) методологиялык жактан булак боло турган эмгектерин жазган.

Биздин темага байланыштуу 1984-жылы Б.П.Умнов «Пути формирования читательских интересов учащихся 4-7 кл. (на материале

русской и зарубежной классики)», 1986-жылы К.Г.Нурахметова «Формирование и воспитание читательских интересов учащихся 4-8 кл.», 1987-жылы М.П.Бабаханова «Формирование читательских интересов у подростков», 1991-жылы Е.В.Карсалова «Методические основы руководства читательской деятельностью школьников на уроках литературы в средних и старших классах», 1995-жылы А.Т.Тамаев «Әдебиет сабақтарында жоғары класс оқушыларының оқырмандық қызығушылығын қалыптастыру», 1997-жылы Н.В.Беляева «Формирование читательского восприятия при изучении лирики в школе: теоретические основы и практика», 1999-жылы А.Э.Лебедева «Приобщение детей к чтению классики как международная и педагогическая проблема», 2000-жылы Л.Я.Кузьмина «Формирование читательских интересов учащихся 5-6 классов якутской школы в процессе изучения русской литературы» деген темаларда кандидаттык диссертацияларын жазган жана коргогон. В.Г.Маранцмандын «Анализ литературного произведения в соотношении с читательским восприятием школьников», Н.Н.Светловскаянын «Теоретические основы читательской самостоятельности и их реализация в системе начального обучения» деген темаларда докторлук диссертациялары корголгон. Бул эмгектердин биздин ишибизге методологиялык негиз болгон жагы: ар кайсыл темаларды окутуу процессинде окурмандык кызыгууларды ойготуунун жолдорун көрсөткөндүгү; окурмандык маданият проблемасын аныктагындагы; мугалимдердин тажрыйбаларын жыйынтыктап көрсөткөндүгү.

Кыргыз адабиятын окутуу илиминин өкүлдөрүнүн (К.К.Акматов, Б.Алымов, С.Байгазиев, С.Батаканова, К.Иманалиев, Н.И.Ишекеев, С.Момуналиев, А.Муратов, С.Рысбаев, Б.Исаков, С.Сакиева, А.Д.Токтомаметов, Б.Оторбаев ж.б.) диссертацияларында жана методикалык колдонмолорунда окуу ишмердүүлүгүнүн ар кандай аспектилери каралып өткөн.

Кыргыз мектептеринде орус адабиятын окутуу боюнча Л.А.Шеймандын эмгектеринде, 1989-жылы корголгон Г.У.Соронкуловдун «Читательские интересы учащихся и пути активизации внеклассного чтения русской литературы в Киргизии» аттуу темадагы диссертациясында, Н.А.Ахметованын «Чтение и понимание текста» аттуу макаласында кыргыз окуучуларынын окурмандык кызыгуулары изилдөөгө алынган.

«Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өркүндөтүү боюнча философия, психология, адабият таануу, педагогика, орус жана кыргыз адабиятын окутуунун методикасы багытындагы изилдөөлөр методологиялык таяныч катары пайдаланылгандыгы изилдөөбүздүн илимий-теориялык базасы бекем болушу үчүн шарт түзүп берди.

# ЭКИНЧИ БАП
# ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. Илимий изилдөөнүн материалдары

*Изилдөөнүн объекти* жалпы билим берүүчү орто мектептердин башталгыч класстарындагы (II-IV класстар) «Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү процесси жана *изилдөөнүн предмети* «Адабий окуу» курсунда адабий чыгармаларды окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө багыттап окутуу иш-аракеттери болгондуктан мына ушул II-IV класстардын «Адабий окуу» предметиндеги чыгармалар илимий изилдөөбүздүн *негизги материалдары* болуп эсептелет.

Ошондой эле изилдөө ишибиздин негизги материалдары: «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы; башталгыч класстарда кыргыз тили жана адабий окуу предмети боюнча мамлекеттик стандартты, «Адабий окуу» предмети боюнча окуу программалары, окуу китептери, методикалык колдонмолор, мугалимдердин бул багыттагы тажрыйбалары, окуучуларды жазуу жумуштары.

II-IV класстын «Адабий окуу» предметине ар бир класста жумасына 4 сааттан (3 класстык, 1 класстан тышкаркы) бөлүнүп, ар бир класска 136 сааттан сунушталган.

Окуу китептериндеги материалдар кыргыз адабиятынан билим берүүнүн предметтик стандартынын [178] жана окуу программасынын [98] негизинде берилет.

Соңку беш-алты жылдан бери башталгыч класстарда «Алиппе» жана «Адабий окуу» китептери туруктуу программа менен жазылып, китептер

туруктуу мазмунду камтып мектеп практикасына сунушталып келүүдө. Алар окуулуктар төмөнкү таблицада чагылдырылды.

**Таблица 2.1. – Башталгыч класстарда колдунулуп жаткан «Алиппе» жана «Адабий окуу» китептери**

| Класс | Авторлор | окуу китептеринин аталышы |
|---|---|---|
| 1-класс | С.Рысбаев | «Алиппе» |
| | Б.Кубаталиева, А.Абыканова, М.Асаналиева | «Алиппе» |
| 2-класс | А.Токтомаметов | «Адабий окуу» |
| | Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова | «Адабий окуу» |
| 3-класс | А.Токтомаметов, Б.Субанова | «Адабий окуу» |
| | Б.А.Абдухамидова, С.К.Казыбаев, К.Ибраимова | «Адабий окуу» |
| 4-класс | С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова | «Адабий окуу» |
| | А.Токтомаметов, Б.Субанова | «Адабий окуу» |

Булар негизги жана жарыш (альтернативалуу) окуу китептери болуп эсептелет. Мындан башка окурмандык маданиятка үйрөтүүдө класстан

тышкаркы окуу боюнча окуулуктардын өзгөчө мааниси бар. Андай китептерге 1-класстар үчүн «Дилачар» [251], «Адеп алиппеси» [270], 1-4 класстарга «Дил азык» аталышындагы хрестоматиялар [131; 132; 133; 134] жыйнактарын кошууга болот.

Окуу программасында [98, 5-6] «Адабий окуу» предметинин азыркы мектептик билим берүүдөгү функциялары жана жаңы программадагы өзгөртүүлөр тууралуу мындай аныктама берилет: «Адабий окуу сабатка үйрөтүүнүн түздөн-түз уландысы гана эмес, аны менен тыгыз байланышта, биримдикте жүргүзүлөт. Анткени сабат ачуунун алгачкы күнүнөн баштап, окуучулар түрдүү тексттерди угушуп, алар боюнча аңгемелешип, суроолорго жооп беришип, ага карата өздөрүнүн мамилелерин тиешелүү деңгээлде билдиришип, андагы айрым сөздөр талдоого алынат. Алиппеден кийинки мезгил окуучулардын окуу билгичтиктерин бекемдөөгө багыт алуу менен, андан ары окуунун машыккандыктарын калыптандыруу, б.а. адабий окуу башталат.

Адабий окуу окуучулардын текстти шар, туура, сезимдүү окуп, окуганын кайра айтып берүүсү, тексттеги тиешелүү суроолорго жооп берүүсү менен чектелбестен, алардын окуганындагы негизги ойду бөлүп көрсөтүп, окуганын бөлүктөргө ажыратып план түзүп, тиешелүү деңгээлде көркөм сөз каражаттарына талдоо жасай билип, текстти өзгөртүп, өз алдынча чыгарма жаратып, окуп талдоого алган текст менен жаңы чыгарманын ортосундагы байланышты ача билүүсүнө жетиштирүүнү өзүнө алат. Окуу предметинин адабий окуу деп аталышы да мына ушуга негизделет, б.а., окуу предмети мурдагыдан айырмаланып, анын адабийлүүлүгү күчөтүлмөкчү. Анткени, ар кандай чыгарманы кабыл алуу – бул биргелешкен чыгармачылык, автор менен окурмандын биргелешкен чыгармачылыгы (М.М.Бахтин), ал эми сабак процессинде талдоого алуу – мугалим менен окуучунун биргелешкен орток чыгармачылыгы (Г.Н.Кудина) болсо, образдарды,

каармандарды үлгүсүз кабыл алуу (айрыкча, жомокторду оозеки угууда) чыгармачылык (Л.С.Выготский).

Буга чейинки окуу программаларында окуучулардын адабий чыгармачылыгында анчалык маани берилбеген, окуу деген терминдин баштапкы мааниси менен гана чектелип калган.

Экинчиден, адабий окууда таанып-билүү мүнөзүндөгү тексттердин үлүшү кыскарып, дээрлик көркөм тексттер түзөт. Анткени, бул окуу предметинин негизин идеялык-тематикалык принцип эмес, чыгарманын көркөмдүк-эстетикалык баалуулук принциби түзүп, тематикалык, жанрдык, автордук, мезгилдик, хронологиялык бөлүштүрүүлөр сакталат.

Негизги принцип төмөнкүдөй критерийлер менен коштолот:

1. Окуучулардын курактык-психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн эске алынышы.

2. Текстти кабыл алуудагы мыйзам ченемдүүлүктөрдүн сакталышы.

3. Материалдын тилинин окуучулар үчүн жеткиликтүүлүгү, түшүнүктүүлүгү.

4. Окуу материалынын улуттук духту тарбиялоого жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды кабыл алууга багытталгандыгы.

5. Окуучулардын ишмердүүлүктөрүн калыптандырууга багытталгандык.

6. Окуучу менен мугалимдин, автор менен окурмандын кызматташтыгына таянуу.

7. Буга ылайык ар түрдүү методикалык ыкмаларды колдонууга, өзгөртүп түзүүгө ийкемдүүлүгү.

Тематикалык бөлүштүрүү башкаларга салыштырмалуу кеңири колдонулат. Анткени чыгармалар, негизинен, тематикалык жактан топтоштурулат.

Жанрдык бөлүштүрүү мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө карай аны тереңирээк өздөштүрүү үчүн колдонулат. Ошондуктан, аталган бөлүштүрүүгө таянып, бир жанрдагы чыгармаларды бир жерге топтоп салуу туура болбойт. Бул айрыкча, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнө тиешелүү. Маселен, жомок, макал-лакап, табышмак, жаңылмачтар. Алар окуу жылынын бардык мезгилинде окутулат. Ошондой эле бир учурда аларга атайын токтолуп, алардын өзгөчөлүктөрү үйрөнүлөт».

Окурмандык ишмердүүлүктү ойготуунун алгачкы этабы, же «Адабий окууга» даярдоонун биринчи фазасы «Алиппе» окуу китептеринен башталат. Алгачкы мындай окуу китеби И.Арабаев тарабынан жазылып, 1924-жылы Ташкент шаарынан басылып чыккан. ХХ кылымдын 30-жылдарынан тартып «Алиппе» жазуу ишмердүүлүгүнө 19 автор катышып, алар тарабынан 14 китеп жазылды. Бул китептер негизинен айрым оңдоп, түзөөлөр менен жыл сайын жаңыртылып чыгып, мектеп партиясына биринчи жолу отура турган окуучулар камсыздалып келди. ХХ кылымдын 2-жарымынан тартып төмөнкү авторлордун китептери басылды: М.Жаңыбаев, Н.Кангелдиев (1954-1961-жылдарда колдонулду), С.Турусбеков, Б.Рысбекова (1961-1996), К.Сартбаев (1986), Б.Рысбекова, К.Сартбаев (1986-1996), З.Маразыкова, А.Абдразакова (1993-1999), Б.Рысбекова (2001), С.Рысбаев (1998-жылдан азыркы күнгө чейин), Б.Кубаталиева, А.Абдыканова, М.Асаналиева (2015-жылдан азыркы күнгө чейин). Булардын ичинен эң көп жыл пайдаланылган «Алиппе» китебинин авторлор С.Турусбеков, Б.Рысбекова (35 жыл), К.Сартбаев (10 жыл), С.Рысбаев (24 жылдан бери жана мындан ары да) болгон китептери.


Учурда колдонулуп жаткан «Алиппе» китебинин комплекси жазылып [249; 262; 270; 251; 246; 261] улуттук баалуулуктарды, Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн чагылдырган этномаданий окуу китеби болгондугу менен баалуу. Аны окуу менен окуучулар тамга таанып, тыбыш менен тамганы ажыратып, эне тилдин баалуулугу, кыргыз табияты тууралуу маалыматтар менен таанышып, элдик акындардын жана улуттук фольклордун чыгармаларын мугалимдин жардамы менен жана өз алдынча окуп, окуу

ишмердүүлүгүн баштайт. Дал ушул башталыш – баланын окурмандык кызыгууларынын башаты болот.

«Алиппе» үйрөнүү процессинде 1-класстын окуучусу тамга таануу, сөздөрдү муунга бөлүп окуу, чакан тексттер аркылуу окуу техникасын өздөштүрүү (шар окуу, көркөм окуу, купия окуу, үн кубултуп окуу), түшүнүп окуу, аң-сезимдүү окуу, башка бир классташтары менен диолог кылып же ролдоштуруп окуу ишмердүүлүгүнө жетишет жана ушулдардын негизинде тексттин маанисин түшүнүп, окурмандык кызыгууларынын ойгонушуна жол ачылат.


М.Шарипова «Өзбек мектептеринде кыргыз алиппесин окутуунун методикасы» деген диссертациялык изилдөөсүндө [330, 16-17] «Алиппени» окутуунун этаптарын үчкө бөлүп: «Алиппеге чейинки» мезгил, т.а. оозеки иштөө мезгили; «Алиппе» мезгили, т.а. тамга таанытуу, тыбыштардын өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү, алар аркылуу кеп өстүрүү; «Алиппеден кийинки» мезгил, т.а. үйрөнгөндөрүн практикада текст окуу, сүйлөө ж.б. иш-аракеттер менен бекемдөө. Анан кыргыз алиппесин окутуу төмөнкүдөй моделдерде ишке ашырыларын көрсөтөт:

1. «Алиппеге чейинки» ишмердик модели – көрүү, угуу, айтуу, сүйлөшүү.





**Сүрөт 2.1. «Алиппеге чейинки» ишмердик модели**

2. «Алиппе» мезгилиндеги ишмердик модели – көрүү, угуу, айтуу, сүйлөө, жазуу, ой жүгүртүү.




**Сүрөт 2.2.... «Алиппе»мезгилиндеги ишмердик модели**

3. «Алиппеден кийинки» мезгилдин ишмердик модели – окуу, ой жүгүртүү, түшүнүү, түшүндүрүү.




**Сүрөт 2.3. «Алиппеден кийинки» ишмердик модели**

Жогорудагы модель «Алиппе» китебиндеги чыгармаларды окуп-үйрөнүү процессинде окуучулардын окурмандык кызыгууларын калыптоодо негизги методология катары колдонулат. «Алиппеге» чейинки мезгилдеги көрүү – айтуу – угуу – сүйлөшүү ишмердүүлүгүнө «Алиппе» мезгилинде жазуу жана ой жүгүртүү ишмердүүлүгү, «Алиппеден» кийинки мезгилде аларга түшүнүү жана түшүндүрүү ишмердүүлүгү кошулат. Мына ушул түшүнүү жана түшүндүрүү ишмердүүлүгү окуучуларды окурман катары калыптоонун бир этабы болуп эсептелет.

«Алиппенин» экинчи жарыш колдонуулуучу окуу китебинде [169] поэзиядан майрамдарга карата О.Сооронovдун «Билим майрамы», Ж.Садыковдун «Жеңиш күнү», жыл мезгилдерине карата А.Ниязалиеванын «Күздө», А.Токомбаевдин «Төрт мезгил», Б.Сарногоевдин «Болуп калды жазгы убак» деген ырлары сунушталат. Табият көрүнүштөрү, кыргыз жеринин жаратылышы тууралуу Жеңижоктун «Суу», Ж.Бөкөнбаевдин «Кыргыздын Ала-Тоосу» аттуу ырлары берилет. Жети-сегиз жаштагы балдардын кыял-жоруктарын чагылдырган Н.Миңкаранын «Нияз менен пияз», Б.Асаналиевдин «Капар менен карга», Г.Эсенгулованын «Мээрим», жаныбарлар тууралуу Т.Байгабыловдун «Кирпи», К.Жунушовдун «Төө жумушка келатса», А.Токтомушевдин «Чыйырчык дос», И.Токтогуловдун «Таш бака» деген ырлары берилет. Китептеги көп ырлар насааттын мүнөздө болуп, балдарга түздөн түз тарбия берүү максатын көздөйт (А.Рыскуловдун «Ат сыйлаган жөө баспайт», А.Осмоновдун «Китепти сүй», Барпынын «Балдарга насыят», Токтогулдун «Үлгү ырлар» деген чыгармалары), азыркы заман техникалары тууралуу да К.Жунушовдун «Парашют», А.Рыскуловдун «Фермадагы машина», Т.Самудиновдун «Лифт», Ы.Кадыровдун «Интернет» деген ырлары берилет.

Бул ырлар менен мугалим менен окуучунун окурмандык ишмердүүлүгү төмөнкүдөй жагдайлар менен бириктирилет: ырларды окуп, жаттап алуу; ырлардагы ритмге, рифмага көңүл буруу, ырдын кара сөздөн (прозадан)

айырмачылыктары билүү, поэтикалык чакан чыгармалар аркылуу окуучулардын дүйнөнү таанып билүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү.

2-класстар үчүн Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова автор болушкан «Адабий окуу» китеби [8] он төрт бөлүмдөн турат жана чыгармалар тематикалык принцип менен жайгашкан. Алардын тематикалары: китеп, жыл мезгилдери, туулган жер дегендей бөлүктөрдөн турат да, оюн ырлары, сөз үйрөнүү багытындагы чыгармалар көп киргизилген. Улуттук фольклордон 1, элдик акындардан 4 ыр берилет да, калган 48 ыр профессионал акындардын чыгармалары.

3-класстар «Адабий окуу» китеби (авторлор Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова) [9] он сегиз бөлүмгө бөлүнүп берилген. Б.Асаналиевдин «Жакшы китеп», А.Осмоновдун «Китептин душманы» деген эки ыры 1-саатка берилет да, балдардын китеп окууга кызыкчылыгын арттыруу милдетин коёт. Башталгыч класстарда балдардын китеп окуусуна өзгөчө көңүл бурдуруу үчүн «Алиппе» китебинде А.Осмоновдун «Китепти сүй» деген ыры берилген.

Б.Асаналиевдин «Жакшы китеп» деген ыры мындай:

Жакшы китеп окусаң,
Көп нерсени билесиң.
Каарман менен бир кейип,
Күлсө, кошо күлөсүң.

Канат бүтүп, көктө учуп,
Көк деңизде сүзөсүң.
Желмогузду кубалап,
Жер алдына түшөсүң.

Атын мурда укпаган,

Ал алпарат аралга.

Түрү суук аябай,

Түрдүү жандык бар анда.

Аалам сырын ал китеп

Ачып берет адамга.

Жакшы китеп – сырдашың,

Жакын досуң – кыйбасың.

Ой-сезимди байытып,

Билип алдым мен мурда

Билбегендин кыйласын [9].

Мында акын китеп аркылуу дүйнө таанымың кеңейерин, эмоционалдык сезимдерди тартуулай турганын, андагы жазылган окуяларды ээрчип бирде көккө чыгып, бирде жер астына түшө турганыңды, сырдашың, досуң боло тургандыгын айтып жатат. Ушул тексттен соң «Жайкы эс алуу учурунда кандай китептерди окуп чыктыңар, алар тууралуу аңгемелешкиле» деген тапшырма берилет. Окуучулардын эсинен чыгып калбашы үчүн накыл сөздөр («Китепсиз дүйнө – жапайылардын дүйнөсү», «Жакшы жазылган китептерди окуп, адам жакшы сүйлөөгө үйрөнөт») китеп тууралуу табышмактар («Аябастан акылын, Айта берет акырын») сунушталат [9]. Мына ушундай чыгармалар менен биринчи эле сабактарда окуучулардын окууга кызыгуу мотивдерин пайда кылат.

Бул класста М.Алыбаевдин «Коңур күз», К.Жуманазаровдун «Нан», Ч.Иманалиевдин «Кышкы чилде», Т.Самудиновдун «Үч аяз», М.Жангазиевдин «Сүрөтчү аяз», Т.Самудиновдин «Көктөм ыры», «Май айы», А.Кыдыровдун «Сулуу май» деген ырлары жыл мезгилдери тууралуу болсо, оюн ырлары катары оюн ырлары катары бир топ ыр (Т.Самудинов «Логогриф», «Амал менен окучу», Ы.Кадыров «Анаграмма», «Логогриф», «Метаграмма», «Шарада», «Акро ыр», «Баш тамгасын өзүң тап», А.Кыдыров «Бул эмне өөлөр?», Т.Самудинов «Билесиңби, сен албетте, билесиң?») сунушталат. Баары болуп окуу китебине 33 ыр киргизилген.

Ушул эле Б.А.Абдухамидова, С.К.Казыбаев, К.Ибраимова автор болгон «Адабий окуу» [9] китебинде 33 прозалык чыгарма, анын ичинде «Манас» эпосунан 2 прозалык баян, 18 аңгеме жана аңгемеден үзүндү, 6 жомок, 4 уламыш киргизилген.

Окуу китебинин усулдук колдонмосунда бул чыгармаларды окуп-үйрөнүүнүн технологиялары катары төмөнкүлөрдү сунуш кылдык:

•адабий тексттин жанрдык табиятын, негизги мазмунун, өзөгүндө жаткан идеялык мазмунун талдап билүүчү тапшырмалардын болушу;

•текст аркылуу окуучуларга адабий-эстетикалык билим берүүгө, нравалык-этикалык жана этнопедагогикалык таалим-тарбия берүүгө багытталган суроолордун коюлушу;

•окутууну ишмердүүлүктүн негизинде уюштуруу;

•тексттин мазмунуна жараша окуучунун сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүү;

•«акыл чабуулу» стратегиясы аркылуу окуучуларга проблемалуу кырдаалдарды чечүүнү сунуштоо;

•текстин каармандарын мүнөздөй алууга, аларды бири-бири менен салыштыра билүүгө, алар аркылуу адамдардагы түрдүү мүнөздөрдүн, адамдык сапаттардын болушун иликтей алууга, алардын тарбиялык таасирин талдап билүүгө багытталган суроолордун болушу;

•сынчыл ойломдун түрдүү стратегияларын колдонуп, өз алдынча ой жүгүртүүсүн уюштуруу ж.б.

Китептин методикалык аппаратын тексттен тышкары төмөндөгүдөй компоненттер түздү:

•тексттин сюжетине жараша иллюстрациялар камтылды;

•текстти окугандан кийин анын идеялык мазмунун, адабий-мазмундук табиятын, тарбиялык таасирин ачуу максатында суроолор түзүлдү;

•текстге жараша окуучулар аткаруучу жекече тапшырмалар коюлду;

•түшүнүүгө кыйын сөздөрдүн маанисин чечмелөөчү сөздүктөр берилди;

•сынчыл ойломдун стратегияларына ылайык түрдүү кошумча чийме, таблицалар, диаграммалар орун алды;

•белгилүү авторлордун чыгармалары фото-сүрөттөр менен коштолду [7].

4-класс үчүн «Адабий окуу» китебинин бир вариантынын авторлор С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова [247]. Китеп он бөлүмдөн турат, алар төмөнкүлөр:

1-бөлүм. Даңктана бер, эгемендүү, өнөргө бай мекеним!

«Кыргыздын Ала-Тоосу» (Ж.Бөкөнбаев)

«Бишкегим» (Э.Ибраев)

«Кыргыз туусу» (Б.Чотурова)

«Герб» (А.Кыдыров)

«Дасторкон» (Г.Казыбай кызы)

«Ата Журтуна жеткен комуз» жана «Тулпар кадырын сынчы билет» (К.Жусупов)

«Камбар-хан» (Ш.Эсенгулов)

2-бөлүм. Ата Журтубузду тилибиз менен дилибиздин байлыгын коргойлу

«Ата Журтка айтарым» (Н.Алымбеков)

«Сары-Челек» (А.Исаев)

«Кыргыз тили» (Т.Үмөталиев)

«Кумурскалар коому» жомогу (М.Жангазиев)

«Токойдун кереметтери» (К.Сабыров)

«Барсбек кагандын эрдиги» (С.Рысбаев)

«Эр Табылды баатырдын эстеликтери» (К.Баратбаев)

«Чолпонбайдын эрдиги» (К.Жусупов)

«Адамдын пейили» (С.Казыбаев)

3-бөлүм. Күлкү бар жерде – өмүр бар

Калптар: «Саякат». «Чымын». «Арстан менен күрөшкөндө» (Б.Асаналиев)

«Сот болгон коён!» тамсил-ыры (М.Алыбаев)

4-бөлүм. Менин дүйнөм

«Эң эле керек үч нерсе» (Т.Үмөталиев)

5-бөлүм. Ойлонолу, изденели, билип алалы

6-бөлүм. Элибиздин улуу инсандары

«Алмамбет», «Чубак» («Манас» эпосунан үзүндүлөр)

«Ойногун спорт оюнун» (Б.Сарногоев)

7-бөлүм. Бабалардан калган сөз

«Эр Манастын турпаты», «Акылман Бакай», «Семетейдин Таласка келиши» («Манас» эпосунан үзүндүлөр)

«Кожожаш мерген» («Кожожаш» эпосунан үзүндү)

«Эр Төштүктүн ак жолборс менен достошкону», «Эр Төштүктүн кумурска менен достошкону» («Эр Төштүк» эпосунан үзүндүлөр)

«Асан кайгы бабабыз жана анын насааты»

8-бөлүм. Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга

«Телибай тентек» (Тоголок Молдо)

«Эне жүрөгү» (Б.Сарногоев)

«Эрдик» (Э.Ибраев)

9-бөлүм. Ой, фантастика!

10-бөлүм. Дүйнө элдеринин балдар үчүн чыгармаларынан.

Бул окуу китебинин артыкчылыгы – окуучулардын көркөм чыгармаларды өз алдынча окуу, түшүнүү жана талдай билүү ишмердүүлүгү бир кыйла калыптанып калганы үчүн фантастика, дүйнөлүк адабияттын үлгүлөрүнөн сунуш кылынган.

4-класстын альтернативдүү китеби (автор А.Токтомаметов) [315] төмөнкүдөй бөлүмдөрдөн куралган.

1. Адабий жомоктор: Ж.Мукамбаев «Касиеттүү үрөн», Ж.Таштемиров «Алтын кумура».

2. Көлөмдүү чыгармалардан үзүндүлөр: Ч.Айтматов «Саманчынын жолу» повести, А.Токомбаевдин «Мезгил учат» повестинен «Рават дарбаза» деген бөлүмү, К.Жусуповдун «Ата Журт» аттуу публицистикасынан үзүндү.

3. Элдик эпостордун балдарга адаптацияланган басылыштары: К.Маликов «Манастын уулу Семетей», «Семетейдин уулу Сейтек».

4. Балдар үчүн чыгармалардын үзүндүлөрү: Ш.Бейшеналиевдин «Мүйүзүнөн айрылган сүзөнөөк» деген чыгармасынын «Сүзөнөөк Дондой» деген эпизод.

5. Таанып-билүүчүлүк (кызыктуу) аңгемелер: А.Токтомаметов «Жыл ирээти».

6. Атайын балдар үчүн жазылган чакан аңгемелер: Т.Сыдыкбеков «Уюкка тийбе!», «Энелик сезим», «Аман калат эле», Ш.Садыбакасов «Короз», Б.Асаналиев «Шире», С.Рысбаев «Бир түйүнчөк акча», «Шабдалы», О.Айтымбетов «Желмогуз», М.Болотов «Жөргөмүштүн желеси».

7. Күлкүлүү баяндар: К.Бейшебаев «Кереӊ кой», «Шектүү», А.Мисиров «Кыялбектин жоругу».

8. Белгилүү адамдар тууралуу чыгармалар: Ш.Кулуев «Кожомкул балбан», «Мокотой айтат», «Сазга баткан төө», «Кожомкулдун ташы».

9. Фантастикалык аңгемелер: Ж.Таштемиров «А1» самолётунун учуруудагы менин жаңылыштыгым», «Самолётум кайда?», К.Эсенкожоев «Үчүнчү шар», К.Бейшебаев «Цереброскоп-2».

Бул окуу китепте балдардын окурмандык кызыгууларын арттыруу үчүн биринчиден, айрым чыгармалардан жана эпостордон үзүндүлөр сунуш этилип, калган бөлүктөрүн өз алдынча окууга калтырып, кызыгуу жарытып койгондугунда; экинчиден, башталгыч класстын окуучуларын мурда кездешпеген жанр – фантастика жанры менен тааныштырып, балдарды реалдуу дүйнөдөн фантистикалык дүйнөгө алып чыгып койгондугунда, бул да, албетте, окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн активдештирүүгө жардам берет.

Ошентип, биздин темага материал болуп бере алуучу башталгыч класстардын «Адабий окуу» китептеринде көркөм чыгармалар биринчиден, балдардын кызыгууларына ылайык тандалган; экинчиден, тектик, жанрдык, тематикалык көп түрдүүлүк сакталган.

## 2.2. Илимий изилдөөнүн методдору

Изилдөө ишибизде алдыга коюлган максат-милдетке, гипотезага жана метологиялык таянычтарга ылайык оптималдуу жана натыйжа берет деп эсептеген изилдөөнүн методдору тандалып алынды. Метод – бул кандайдыр бир алдыга коюлуп, көздөлүп жаткан майнаптуу натыйжага жетүүнүн ыкмасы, жолу. Биз пайдаланган методдор жалпысынан экиге бөлүндү: биринчиси, теориялык-практикалык методдор; экинчиси, педагогикалык-эксперименттик методдор.

### 2.2.1. Изилдөөнүн теориялык методдору

**Анализ жана синтез**

***Окуу-нормативдик материалдарын талдоо***

*а) Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты.* «Адабий окуу» предметинин окуу программаларын түзүү, окуу китептерин жазуу, методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу, сабак өтүү жана сабактарды талдоо мына ушул мамлекеттик документтин негизинде жүргүзүлөт. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министринин буйругу менен (2019-жыл 17-июлунан № 866/1) «Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандарт» деген документи (А.Д.Токтомаметов, Б.А.Абдухамидова, Н.К.Баимбетова) кыргыз тили жана окуу предметин окутуунун алдына төмөнкү 5 негизги компонентти коёт:

1) тыбыштык кабыл алуу (угууга басым жасалат);

2) тамгаларды билүү/алфавиттик принцип (окууга басым жасалат);

3) сөз байлык;

4) шар окуу (туура, көркөм окуу, тиешелүү ылдамдыктын сакталышы талап кылынат);

5) окуганын (укканын) түшүнүү жана грамматика. Бул беш компонент тиешелүү деңгээлде ушундай иретте кетет, бирок, биротоло ушул катар сакталат деп айтууга болбойт. Анткени баланын сөз байлыгы, окуганын же укканын түшүнүүсү менен иштөө, суроолорду берүү, аңгемелешүү, сөздөрдүн маанисин талкуулоо алгачкы күндөн эле ишке ашат. Анткени кыргыз тил жана окуу предметинде окуучулардын кебин өстүрүү алдыңкы планга чыгат. Тыбыштык кабыл алууда ар бир тыбышты угуп, бөлүп көрсөтө алуу, аларды салыштыруу, сөздөгү ордун, иретин аныктоо жана шарттуу белгилер менен белгилөө ишке ашат. Ошондуктан мында угууга басым жасалат. Тамгаларды билүүдө/алфавиттик принципте тамгаларды таануу ишке ашат, алар тыбыш менен байланыштырылат, сөздөгү орду белгиленет, басма жана жазуу түрлөрү айырмаланат, ошондуктан мында окууга басым жасалат. Сөз байлыкта, жогоруда белгилегендей, сөздөрдүн маанисин түшүнүү, аларды талкуулоо, жазуу жана оозеки кебинде колдонуу ишке ашат. Шар окууда тиешелүү окуу ылдамдыгы сакталышы зарыл. Анткени абдан жай же өтө тез окуган бала окуганынын маанисин түшүнө албай калышы толук мүмкүн. Бирок, ошол эле учурда окуу ылдамдыгы гана негизги көрсөткүч болуп саналбайт, мында ар бир тамганы, сөздү, сүйлөмдү, текстти туура окуу, көркөм окуу, тыныш белгилерге жараша жана тексттин мазмунун түшүнүп, кыраааты менен окууга басым жасалат. Окуганын (укканын) түшүнүү жана грамматика жогорудагы төрт компоненттин негизинде аткарылып, башталгыч класстардагы кеп өстүрүү да, негизинен, ушул компонент аркылуу ишке ашат, ошондуктан бул компонентке өзгөчө маани берилет» [95]. Демек, илимий ишке керектүү болгон сабактардын фрагменттерин иштеп чыгууда, мугалимдердин сабактарын талдоодо, окуу программасын жана окуу китептерин анализдөөдө стандарттагы ушул беш компонетти жетекчиликке алдык.

*Окуу программасы.* Бул маанилүү нормативдик документ методист окумуштуулар жана практик мугалимдер тарабынан түзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясында

бекитилген. Анда «Адабий окуу» предметинин мазмуну аныкталган. Биз илимий иш жазууда дал ушул программанын структурасын жана мазмундук компонеттерин жетекчиликке алдык.

*Окуу китептери.* «Алиппе» жана «Адабий окуу» предмети ар бир класска альтернативдүү (экиден) китептин негизинде окутулат, изилдөө ишибиздин материалдары катары алардын баарына анализ жүргүзүп, оң жана терс жактарын белгилеп чыктык (2-бап, 1-парагаф).

*Мектеп журналдарын үйрөнүү методу.* Бул нормативдик документ окуучулардын өздөштүрүүсүн (бааларын) талдоо үчүн, алардын окуу ишмердүүлүктөрүнүн динамикасын аңдап билүү үчүн керек болду.

*Китепканалык формулярларды үйрөнүү методу.* Бул метод менен китепкананын окурмандарынын маалыматтары топтолот. Мисалы, китепканадагы бир гана нускада сакталган китепти ким качан алып, качан тапшырганы, ким эң көп китеп окуганы, ким аз же такыр окубаганы аныкталат. Азыр бул формулярлар компьютерде сакталып, мектептин сайты менен туташтырылган жана ата-энелер да көрүп туруу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Айталык, С.Рысбаевдин «Сүйлөөчү китеп» деген китепканадагы бир гана нускадагы китебин ким канчалык окуп жатканын көрөлү.

**Таблица 2.2. – С.Рысбаевдин «Сүйлөөчү китеп» деген динамикасы (4-класстар боюнча, 1-жарым жылдык)**

| № | аты-жөнү | алган күнү | тапшырган күнү |
|---|---|---|---|
| 1 | Алыбеков Медет | 7-сентябрь | 29-сентябрь |
| 2 | Бекбоосун уулу Сейит | 1-октябрь | 1-ноябрь |
| 3 | Ташполот кызы Нурия | 1-ноябрь | 11-ноябрь |
| 4 | Алмамбет кызы Гүлбурак | 12-ноябрь | 1-декабрь |
| 5 | Алмамбет уулу Нурсултан | 2-декабрь | 28-декабрь ж.б. |

Көрүнүп тургандай, мектеп китепканасындагы жалгыз нускадагы китепти биринчи жарым жылдыкта 5 окуучу гана окуп чыгууга жетишкен. Бул байкоо тобундагы класстар болчу.

Баткен областынын Лейлек районундагы Б.Набиев атындагы, В.И.Ленин атындагы орто мектептерден, №3 эксперименталдык гимназиядан, Бишкек шаарындагы №5 Улуттук компьютердик гимназиядан жүргүзгөн эксперименттен соң окуучулардын китептканадан китеп алуу жана окуп тапшыруу мөөнөтү азайып, жогорудагы китепти биринчи жарым жылдыкта 11, экинчи жарым жылдыкта 13 окуучу алып, окуп, кайра кайтарууга жетишкен.

Ушул эле китепканалык формулярларды үйрөнүү методу менен кайсыл класстын эң көп китеп алып окуган окуучусу аныкталды. Байкоо класстарында эң көп окуган окуучу бир жылда 16 китеп алып окуса, тажрыба тобунда бул көрсөткүч 24тү түзгөн. Мына ушундай жолдор менен башка мектептердин, класстардын китепканадан китеп алуу, берүү анализи жүргүзүлдү жана алар эмгегибизде чагылдырылды.

*Окурмандык биографияларды анализдөө жана жалпылоо методу.* Тажрыйба класстарында окурмандык биография түзүү иштери аткарылып жүрөт. Анда ар бир окуучу кайсыл мезгилде, кайсыл китептерди окуганы, кайсыл чыгарма жакканы жазылып келет. Ал аркылуу ар бир баланын окурмандык кызыгууларынын динамикасы, чыгармачылык өз алдынчалыгынын калыптануу процессин аныктал чыгуу мүмкүн. Мисалы, Самат кызы Акылайдын окурмандык биографиясы төмөнкүдөй.

**Таблица 2.3. – Окуучунун окурмандык биографиясы (Самат кызы Акылай)**

| **класстар, окуу жылдар** | **окуган китептеринин саны** | **эң жаккан чыгарма** |
|---|---|---|
| 1-класс (2017-2018) | 4 | А.Кыдыров «Окуганды үйрөнөм» |
| 2-класс (2018-2019) | 6 | Т.Самудинов «Чаң баспасын сөздөрдү» |
| 3-класс (2019-2020) | 18 | С.Рысбаев «Мендей менен Сендейди жоруктары» |
| 4-класс (2020-2021) | 24 | Ч.Айтматов «Бугу-Эне» |

Ушундай жол менен байкоо жана тажрыйба класстарынан 286 окуучунун окурмандык биографиясын топтоп, аларды үйрөндүк жана мындай анализдөө кайсыл куракта кандай чыгармалар көп окуларын, кыздар жана балдар өз-өзүнчө кандай тектеги, жанрдагы чыгармаларга кызыгары, алардын себептери аныкталды. Бул изилдөө диссертацияда пайдаланылды.

*Окурмандык күндөлүк.* Тажрыйба тобундагы балдар окуган китептери тууралуу күндөлүк жазат, анда китептин автору, аталышы, чыккан жери, жылы белгиленет. Чыгарма эмне жөнүндө экенин 4-5 сүйлөмдө айтып, чыгарманын жакканын же жакпаганын, алардын себептерин айта. Андай күндөлүктөрдү башталгыч класстан окуучулары ага-эжелеринин, ата-энелеринин, мектеп китепканчыларынын жардамы менен толтуруп жүрөт, ал күндөлүктөрдөн 121 күндөлүк алынып, анализденди.

**Практикалык тажрыйбаларды талдоо, жалпылаштыруу**. Бул педагогикалык эмгектерде абдан зарыл жана кеңири тараган метод болуп,

теориялык ойлордун тууралыгын аныктоодо жардам берет. Мында негизинен практик мугалимдердин сабактарынын жүрүшүнө катышып, аны талдоого алып, ошол сабактын айрым учурларын изилдөөбүздө колдонобуз. Мектеп мугалимдеринин ичинен Ноокат районунун Ленин атындагы № 2 орто мектептин мугалими Бурул Шагданованын, Кочкор районунун «Эпкин» орто мектебинин башталгыч классынын окутуучусу, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими Асыранбек Мааткеримовдун тажрыйбалары үйрөнүлдү. Фрунзе шаарындагы №68 мектептин башталгыч класстарынын мугалими З.Маразыкова алиппени окутуу, класстан тышкаркы окуу проблемалары боюнча «1-класста сабат ачуу жолдору», «Экинчи класстагы класстан тышкаркы окуу», «Үчүнчү класстагы класстан тышкаркы окуу» деген темаларда изилдөөлөрдү жүргүзүп, өз тажрыйбасын жыйынтыктаган, биз анын ошол эмгектериндеги идеяларды үйрөнүүнү да өзүнчө метод катары алдык.

**Илимий-методикалык иштерди талдоо, системалаштыруу методу.** Адабий окуу аркылуу окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн жана окурмандык маданиятын калыптандыруунун методикасы боюнча кыргыз методисттери да бир топ изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Алар С.Рысбаевдин «Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги» аттуу китебинде, С.С.Сакиеванын «Адабий чыгармаларды окутуудагы окуучунун кеп ишмердүүлүгү», «Адабий окуудагы окуучунун кеп ишмердүүлүгүнүн булактары», «Адабий окуудагы традиция жана инновация», «Адабий окуунун өнүгүү тенденциялары», «Башталгыч класста адабиятты окутуунун актуалдуу маселелери» деген макалаларында, «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» деген темадагы диссертациясында чагылдырылган.

А.Д.Токтомаметов «Адабий окуу» китептерине жазган методикалык колдонмолорунда жана «Кыргыз башталгыч класстарында адабий окуунун дидактикалык негиздери» деген темадагы диссертациясында, А.Т.Саттарова

«Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери» аттуу докторлук диссертациясында биздин темага байланыштуу айрым учурларда көрсөткөн.

Биз диссертацияда жогорудагы методист окумуштуулардын эмгектерин үйрөндүк жана биздин изилдөө менен байланыш-катышын талдоого алуу бул метод зарыл болду.

**Сурамжылоо жана аңгемелешүү.** Башталгыч класс окуучуларынын арасында окурмандык кызыгуулар, көркөм адабиятты окуудан алынуучу натыйжалар, мугалимдердин арасында «Адабий окуу» предметинде окууга үйрөтүүнүн технологияларын жаңылоонун мүмкүнчүлүктөрү, ата-энелер арасында балдардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу жана өткөрүү боюнча аңгемелешүүлөр жүргүзүлдү, анкеталар таратылып, сурамжылоолор өткөрүлдү. Аларда төмөнкүдөй суроолорго жооптор алынды.

Мугалимдер үчүн:

1. Мектеп китепканасы башталгыч класс окуучуларынын китепке болгон кызыгууларын ойгото алабы?

2. Айыл (же шаар, райборбор) китепканасы башталгыч класс окуучуларынын китепке болгон кызыгууларын ойгото алабы?

3. Азыркы учурда окуучулардын китепке болгон кызыгууларынын төмөн болуп жатышынын себептери кайсылар деп ойлойсуз?

4. Башталгыч класс окуучулары кыргыз жазуучуларынын чыгармаларынын кандай болушун күтөт?

Ата-энелер үчүн:

1. Балдарыңыз китепке кайдан алып окуйт: а) үйдөгү китеп текчеден; б) досторунан; в) мектеп китепканасынан; г) айыл (же шаар, райборбор) китепканасынан; д) мугалимден; ж) башка булактардан?

2. Азыркы учурда окуучулардын китепке болгон кызыгууларынын төмөн болуп жатышынын себептери кайсылар деп ойлойсуз?

3. Үйдө китепканаңыз барбы? Болсо, башталгыч класс окуучулары үчүн канча китеп бар?

4. Балдарыңызга китеп тандоодо, китеп окууда жана түшүнүүдө жардам бересизби?

1-4-класстын окуучулары үчүн:

1. Китепти кайдан алып окуйсуң?

2. Сага кандай китептер жагат?

3. Сага кандай китептер жакпайт?

4. Китеп окуп жатып түшүнө албай калсаң эмне кыласың? ж.б.

Ушул сыяктуу ондогон суроолор жазылган анкеталарды таратып, аларга жооп алуу окуучулардын китепке кызыгуу боюнча абаланын канчалык деңгээлде экендигин жана аны жакшыртуунун мүмкүнчүлүктөрүн издеп табуунун жолдорун көрсөтөт.

**Окуучулардын жазуу иштерин талдоо.** Изилдөөдө окуучулардын китеп окуудан алган таасирлери тууралуу эсселери, «Мен сүйгөн китеп», «Менин сүйүктүү жазуучум» аттуу темадагы дил баяндарынын материалдары пайдаланылды.

**Байкоо методу.** Бул ар дайым аткарыла берүүчү метод болуп, анда мугалим окуучуларынын кандай китептерге кызыгарын, кандай китептерди окуп жүргөнүн, окууга кызыгууларын кандайча өсүп, же төмөндөп жатканын байкап гана жүрөт. Мында мугалимдин кыраакылыгы талап кылынат. Биз изилдөө ишибизде ошол мугалимдин байкоосун жана өзүбүздүн ушул тема боюнча байкоолорубузду чагылдырдык.

**Моделдештирүү методунун** негизинде биз «Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн компоненттерин жана моделин иштеп чыктык.

**Таблица 2.4. – «Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн компоненттери**

| | |
|---|---|
| **Максат** | II-IV класстардын «Адабий окуу» предметиндеги үйрөнүлүүч чыгармалар аркылуу окуучулардын окурманды ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн илимий-методикалы негиздерин иштеп чыгуу жана алардын оптималдуулугу педагогикалык тажрыйбаларда текшерүү. |
| **Милдет** | II-IV класстардын «Адабий окуу» предметиндеги үйрөнүлүүч чыгармалар аркылуу окуучулардын окурманды ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн тарыхына, азыркы абалын методологиялык таянычтарына обзор берүү.<br>II-IV класстардын «Адабий окуу» предметиндеги окутуулууч чыгармалар аркылуу окуучулардын окурманды ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн натыйжалуу ыкмаларын жан жолдорун аныктоо, аларды колдонуунун технологиялары иштеп чыгуу жана аларды практикага сунуштоо. Иштели чыккан теориялык сунуштарды тажрыйба жолу мене сынактан өткөрүү. |
| **каражаты** | II-IV класстардын «Адабий окуу» китептериндеги көркө чыгармалар. |
| **формалар** | «Адабий окуу» сабагы. |
| **методдор** | көркөм окуу, чыгармаларды талкуулоо, ролдоштуру дискуссия, аңгемелешүү, сөздүк жумуштары, анкеттөө ж.б. |
| **натыйжа** | 1. Окуучулардын адабий чыгармаларды түшүнүү, талдо деңгээлинин өсүшү.<br>2. Окуучулардын китеп окууга кызыгууларынын жогорулашы<br>3. Окуучулардын китеп тандоо маданиятынын калыптанышы.<br>4. Окуучулардын адабий-теориялык, тилдик-коммуникативди |

| | |
|---|---|
| | компетенттүүлүктөрүнүн жогорулашы. |
| **жыйын тыгын текшерүү-нүн чен-өлчөмү** | 1. Окуучулардын китеп тандоосуна байкоо.<br>2. Окуучулардын окурмандык кызыгууларын анализдөө.<br>3. Окуучулардын көркөм чыгарманы баалоо, анализде компетенттүүлүгү.<br>4. Авторлор тууралуу маалыматтарга жетишүүсүн билүү.<br>5. Окуучулардын чыгармалардын темасын, идеясын туур чечмелей билүүсүн байкоо.<br>6. Тапшырмалар менен окуучулардын көркөм чыгармалард кабылдоо боюнча компетенттүүлүгүн текшерүү ж.б. |

Жогорудагы компененттердин негизинде «Адабий окуу» предметиндеги үйрөнүлүүчү чыгармалар аркылуу окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн модели түзүлдү.

**Максаты:** «Адабий окуу» предметиндеги үйрөнүлүүчү чыгармалар аркылуу окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн оптималдуу ыкмаларын, жолдорунун жана каражаттарын иштеп чыгуу жана аларды тажрыйбада сынактан өткөрүү, майнаптууларын мектеп практикасына сунуштоо.

**Милдети:** «Адабий окуу» предметиндеги үйрөнүлүүчү чыгармалар аркылуу окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн принциптерин, методдорун, каражаттарын, натыйжаларын аныктоо.

*Дидактикалык принциптери:*

курак өзгөчөлүктөрүн эске алуу; ар бир баланын жеке сапаттарын эске алуу; окутууну турмуш менен байланыштыруу;

илимийлүүлүк; жеткиликтүүлүк; көрсөтмөлүүлүк; бышыктык; топтук жана жекелик мамиле; гумандуулук; табийгыйлык ж.б.

*Окутуу технологиялары:*

а) салттуу: текстти окуу; план түзүү; аңгемелешүү; жазуу жумуштары, түшүндүрүү, жаттоо, көркөм окуу, ролдоштуруу; мазмунун сүйлөп берүү, адабий талдоо; баарлашуу ж.б.

б) интерактивдүү: долбоорлоо; диспут-сабак; сабак-сахна; оюн-сабак, топтор менен иштөө, изилдөө; «мээ чабуулу»

*Окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизинде жетишилген компетенттүүлүктөр*

- көркөм чыгарманын табиятын билүү; чыгармаларды тематика, жанр боюнча талдай алуу; чыгарманын деңгээлин түшүнүү; автордун өзгөчөлүгүн аңдай алуу ж.б.
- автор жана анын чыгармасы жөнүндө маалыматка жетишүү; чыгарманын тексттерин бөлүктөргө ажырата билүү ж.б.
- окуган чыгармаларындагы идеяларды турмушунда пайдалана алуу; көркөм чыгармадан идеал (антиидеал) табуу ж.б.
- Чыгармаларды окуган соң эстетикалык табитин, эмоционалдык сезимдерин жогорулатуу; мурдагыдан адамгерчиликтүү, адептүү, акылдуу болуу ж.б.

**Окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн натыйжасы**

**Сүрөт 2.4. – «Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүп окутуунун модели**

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай, «Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн компоненттери жана модели биздин эмгегибиздин негизги өзөгүн түзүп, багытын аныктады.

### 2.2.2. Изилдөөнүн тажрыйбалык (эксперименталдык) методдору

#### 2.2.2.1. Педагогикалык тажрыйбанын уюштурулушу

Окуучулардын окурмандык ишмердүүлүктөрүнүн учурдагы абалын изилдөө максатында кыргыз мектептеринин башталгыч класстарынын окуучуларынын, башталгыч класстардын, кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин жана ошондой эле мектеп китепканачыларынан атайын сурамжылоо иштерин жүргүздүк. Сынакта адабий окуу курсунун учурдагы ал-абалын байкоо, анын ичинде көркөм чыгармаларга кызыгуу, окуу, аны өз алдынча талдоо боюнча окуучулардын компетенттүүлүктөрүн текшерүү милдеттери коюлду.

**Тажрыйбалык база** катары төмөнкү мектептер алынды:

Баткен областынын Лейлек районундагы Б.Набиев атындагы орто мектеби.

Баткен областынын Лейлек районундагы М.Баетов атындагы орто мектеби.

Ош шаарынын Курманжан датка атындагы №31 орто мектеби.

Ош шаарындагы “Жетиген” мектеп гимназиясы.

Бишкек шаарындагы №69 Т.Сатылганов атындагы окуу-тарбия комплекс гимназиясы.

Бишкек шаарындагы №5 А.Молдокулов атындагы улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи.

Чүй областынын Сокулук районундагы М.Жангазиев атындагы орто мектеби.

Тажрыйба 2015-2021-жылдарда үч этапта жүргүзүлдү. Биринчи аныктоочу этап 2015-2016-жылдар.

**Таблица 2.4. – Тажрыйбалык иштин биринчи – аныктоочу (даярдоо, байкоо) этабы (2015-2016-жж.)**

| | |
|---|---|
| **максаты** | Теманы изилдөөнүн теориялык-методикалык жана практикалык абалын анализдөө, аларды жалпылаштыруп, илимий тыянакка келүү, диссертациянын божомолун билгилөө. |
| **милдети** | Тажрыйба өткөрүү үчүн базаларды, мугалимдерди, аны жүргүзүүнүн методдорун, жолдорун аныктоо. |
| **методдору** | Анализ жана синтез; салыштыруу; жалпылаштыруу; баарлашуу; анкеттөө; сурамжылоо; сабактарга катышуу, китепкандагы окурмандык формулярларды талдоо; окуучулардын китеп окуу күндөлүктөрүн, окурмандык биографияларды текшерүү; окуучулардын китепке кызыгуусун, китеп окуу маданиятын анализдөө; мугалимдер, ата-энелер менен сурамжылоо жүргүзүү ж.б. |
| **натыйжалары** | Башталгыч класстарда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгү плансыз, чачкын, көп учурда максатка ылайыксыз жүргүзүлөрү аныкталды.<br>Окуучулардын мектеп китепканасы менен байланышы системалуу жүргүзүлбөшү дайын болду.<br>Башталгыч класстарда окурмандык ишмердүүлүктү калыптоо алардын кийинки жашоосунда китептин мааниси жогору болорун көрсөтөрү тастыкталды. |

Бул этапта адабияттын адам жашоосундагы ролу тууралуу философиялык, культурологиялык, психологиялык, педагогикалык эмгектер өздөштүрүлдү, жалпылаштырылды, ошондой эле темага байлыныштуу билим берүү багытындагы нормативдик документтер менен тааныштык. Сабак процесси, окуучулардын китеп окуу ишмердүүлүктөрү, мугалимдердин окуучулардын китепке кызыктыруу иш-аракеттери, окуучулардын китепкана менен эки тараптуу байланыштары, үй-бүлө китепканалары ж.б. проблемага керектүү нерселер байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, анкеттөө, баарлашуу методдору менен аныкталды. Окурмандык ишмердүүлүктү калыптоого негизделген сабактардын моделдерин иштеп чыгып, окуучулардын сүйлөө, угуп түшүнүү, жазуу, чыгарманы талдоо ишмердүүлүктөрү анализденди.

Абалды аныктоонун эң жөнөкөй жолу анкета таратуу жана алардын жообун анализдөө болот. Анкеталар төмөнкүдөй суроолордон турду.

**№1 анкета**

**(1-4-класс окуучуларынын үй-бүлөлүк китепканаларын билүү үчүн)**

| № | **Суроолор** |
|---|---|
| 1. | Үй-бүлөлүк китеп текчеңерде балдар үчүн жазылган канча китеп бар? |
| 2. | Алардын канчасы кандай китептер (жомок, аңгеме, ыр ж.б.)? |
| 3. | Сага үй-бүлөлүк китепканадан өзгөчө жаккан чыгармалардын атын атап көрчү? |
| 4. | Үйдөгү китепканадан сен канчасын окуп чыккансың? |
| 5. | Көркөм чыгарма тандаганга, окуганга ата-эне, ага-эжелер жардам береби? |

**№2 анкета**

**(1-4-класс окуучуларынын китепке мамилелерин, китеп окуу маданиятын билүү үчүн)**

| № | Суроолор |
|---|---|
| 1. | Кандай чыгармаларды (жомок, аңгеме, ыр, фантастика ж.б.) кызыгуу менен окуйсуң? Эмне үчүн? |
| 2. | Кандай чыгармаларды окугандан бат тажайсың? Эмне үчүн? |
| 3. | Көркөм чыгармаларды көбүрөөк окууңа эмнелер тоскоол болот? |
| 4. | Көпчүлүк убакта эмнелер менен алектенесиң? (компьютер; телевидение; интернет; оюн; китеп окуу; үй жумуштары ж.б.) |
| 5. | «Көркөм чыгармалар адамдын жан дүйнөсүн байытат, жакшы сапаттарга тарбиялайт» деген сөзгө кандай көз караштасың? |

**№3 анкета**

**(Башталгыч класс мугалимдери үчүн)**

| № | Суроолор |
|---|---|
| 1. | Сиз окуткан класста окуучулардын канчасы көркөм адабиятка кызыгат? |
| 2. | Балдардын китеп окуудан алыстап баратканына эмнелер, кандай шарттар таасирин тийгизүүдө деп ойлойсуз? |
| 3. | «Адабий окуунун» класстан тышкаркы окуу сабагында кандай китептерди, кайсы авторлордун чыгармаларын балдар окуй алышат? |
| 4. | Балдардын окурмандык кызыгуусун арттыруу максатында Сиз кандай аракеттерди кыласыз же кандай методикалык ыкмаларды колдоносуз? |
| 5. | Окуучуңуздун үй-бүлөлүк китепканасына кызыгып көрдүңүз беле? Жалпы жонунан кандай баа бере аласыз? |
| 6. | «Бала кезде окулбаган чыгарма – өмүр бою окулбаганга тете» деген пикирге Сиздин көз карашыңыз? |

**№4 анкета**

**(Китепканачылар үчүн)**

| № | **Суроолор** |
|---|---|
| 1. | Сиз иштеген китепканада балдар үчүн канча көркөм окуу китептери бар? |
| 2. | Аларды сандык жана сапаттык жактан кандай акыбалда деп ойлойсуз? |
| 3. | Окуучулардын көркөм адабиятка болгон кызыгуусу кандай деңгээлде деп эсептейсиз? |
| 4. | Балдар кызыгып сурап келген көркөм китептердин баары сиздин китепканадан табылабы? |
| 5. | Китепкананын китеп фондун толуктоо үчүн кандай аракеттер көрүлүүдө? |
| 6. | Окурмандык кызыгууну арттыруу үчүн китепканаңызда кандай иш-чаралар өткөрүлөт? |

Жогорудагы анкеталык сурамжылоого 6 мектептин башталгыч класстарынан 205 окуучу, 48 мугалим, 64 ата-эне катышты.

Жыйынтык төмөнкүдөй болду:

№1 анкета боюнча (1-4-класс окуучуларынын үй-бүлөлүк китепканаларын билүү үчүн, айылдык мектептер)

**Таблица 2.5. - «Үй-бүлөлүк китеп текчеңерде балдар үчүн жазылган канча китеп бар?» деген 1-суроого жооптор:**

| **0 китеп** | **1-20 китеп** | **20-50 китеп** | **50-100 китеп** | **100дөн көп китеп** |
|---|---|---|---|---|
| 16 үй-бүлө | 94 үй-бүлө | 48 үй-бүлө | 25 үй-бүлө | 21 үй-бүлө |

**Таблица 2.6. - «Алардын канчасы кандай китептер (жомок, аңгеме, ыр ж.б.)?» деген 2-суроого жооптор:**

| жомоктор | Ырлар | карасөз (аңгемелер) | таанып-билүүчү китептер |
|---|---|---|---|
| 32% | 59% | 14% | 8% |

**Таблица 2.7. - «Сага үй-бүлөлүк китепканадан өзгөчө жаккан чыгармалардын атын атап көрчү?» деген 3-суроого жооптор:**

| Орун | Китептер |
|---|---|
| 1. | Ч.Айтматов «Бугу-Эне» |
| 2. | А.Кыдыров «Окуганды үйрөнөм» |
| 3. | Т.Самудинов «Чаң баспасын сөздөрдү» |
| 4. | С.Рысбаев «Умай-бала» |
| 5. | Б.Асаналиев «Айбанаттар паркында» |

«Үйдөгү китепканадан сен канчасын окуп чыккансың?» деген 4-суроого 5% балдар 70тен 80ге чейин, 40% окуучулар 40тан 60га чейин, 42%ы 20дан 40 чейин, 5%ы 5тен 20га чейин китеп окуган, 8%ынын үйүндө такыр китеп жок болгондуктан окушкан эмес.

«Көркөм чыгарма тандаганга, окуганга ата-эне, ага-эжелер жардам береби?» деген суроого 56% окуучулар жардам берет деп жооп берген.

№2 анкета боюнча: окуучулардын 61%ы жомокторго, 22%ы аңгемелерге, 11%ы фантастикага, 6%ы ырларга кызыкканын билдирген. Узак окуялуу чыгармаларды окугандан бат тажашкан. Көркөм чыгармаларды көбүрөөк окушуна тоскоол болгон нерселер: интернет оюндары, телевизор, ата-энелерине жардам бериши, жакшы китептердин жоктугу жана көп учурда ушундай иштер менен алагды болушат.

«Көркөм чыгармалар адамдын жан дүйнөсүн байытат, жакшы сапаттарга тарбиялайт» деген сөздүн маанисине көбү кошулат, бир топ окуучулар бул сөздүн маанисин жакшы билбейт.

№3 анкета боюнча мугалимдер ар ким өз мектептеринин мисалында окуучулардын 30-40%ы гана көркөм окууга кызыгарын билдирген. Балдар китеп окуудан алыстап баратканын себептери катары чөйрөнүн таасирин, жакшы китептердин жоктугун, интернеттин улам балдарга жакындап баратканын айтат. Мугалимдердин 80%ы өз окуучуларынын үйүндөгү китепканаларына кызыгып көргөн эмес.

№4 анкета боюнча китепканачылар башталгыч класстын окуучулары аз келерин, алар сураган китептер көп учурда табылбай каларын, китеп фондусу өтө аздан толукталып турарын белгилешкен.

Окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүнүн деңгээлин аныктоо максатында башталгыч класстардын 144 мугалимине сурамжылоо жүргүздүк. Алар бир катар себептерин көрсөттү.

**Таблица 2.8. – Башталгыч класстын мугалимдеринин пикири боюнча окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүнүн талапка ылайык болбой жатышынын себептери (саны)**

| № | Себептери | пайызы |
|---|---|---|
| 1 | Балдар үчүн кызыктуу китептердин аз чыгарылып жаткандыгы | 24 % |
| 2 | Айылдарда китеп дүкөндөрүнүн жоюлуп кеткендиги | 23 % |
| 3 | Мектеп жана айыл китепканасына жаңы китептер менен толуктоонун начарлыгы | 21% |
| 4 | Окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүнүн өнүктүрүү боюнча мугалимдердин тажрыйбаларынын жайылтуунун аздыгы | 15 % |

| | | |
|---|---|---|
| 5 | Окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүнүн өнүктүрүү боюнча методикалык эмгектердин аздыгы | 9% |
| 6 | Университеттерде окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүнүн өнүктүрүү боюнча билим жана компетенттүүлүккө ээ болбогондук | 4% |
| 7 | Башка себептер | 4% |

Жогорудан белгилүү болгондой башталгыч класстардын окуучуларынын окуу ишмердүүлүгүнүн өз деңгээлинде болбой жатышынын биринчи себеби – балдар үчүн кызыктуу китептердин аз чыгарылып жаткандыгы (24% мугалимдин белгилөөсү; экинчи себеби – айылдарда китеп дүкөндөрүнүн жоюлуп кеткендиги (23%); үчүнчү себеби – мектеп жана айыл китепканасына жаңы китептер менен толуктоонун начарлыгы (21%); төртүнчү себеби – окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүнүн өнүктүрүү боюнча мугалимдердин тажрыйбаларынын жайылтуунун аздыгы (15%); бешинчи себеби – окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүнүн өнүктүрүү боюнча методикалык эмгектердин аздыгы (9%); алтынчы себеби – университеттерде окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүнүн өнүктүрүү боюнча билим жана компетенттүүлүккө ээ болбогондук (4%). Мында башка да ар түрдүү себептери атагандар болгон, алар 4%.

Эми булардын ичинен 1, 2, 3-себептер мамлекеттик деңгээде чечиле турган проблемалар, ал эми 4,5,6-себептерге бул эмгегибиз менен аз болсо да салым кошо алабыз го деп эсептейбиз.

Ушул этапта (2016-2017-жылдарда) «Адабий окуу» сабагындагы башталгыч класстардын окуучуларынын окуу ишмердүүлүгүнүн деңгээли текшерилди. Бул мезгилде байкоо жана тажрыйба тобу ажыратыла элек болчу Аны баалоо чен-өлчөмдөрү (критерийлер) төмөнкүлөр болду:.

- окуучулардын адабий чыгармаларды окуп түшүнүү ишмердүүлүгү (программадагы чыгармалардын мазмунун, идеясын, темасын билүүсү);
- окуучулардын китепкана менен байланышы;
- окуучулардын китеп алып окуу жетишкендиги;
- адабий чыгармаларды талдай билиши (сюжеттик, образдык, тилдик ж.б.);
- өз алдынча окуган китептери тууралуу айтып бере алышы ж.б.

Буларды аныктоонун методдору: байкоо; анкета жүргүзүү; окурмандык формулярларын текшерүү; сабактарга катышуу; тесттик тапшырмалар; сурамжылоо ж.б.

Булардын жыйынтыктарын карап окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн 10 баллдык баалоо системасы менен көрсөткүчүн чыгардык да үч деңгээлге (жогорку, ортоңку, төмөнкү) бөлүп алдык.

1. *Жогорку деңгээл (8-10 балл):* Окуучулардын класста өтүлгөн чыгармалардын идеясын, темасын, каармандарын билүүсү; өз алдынча китепканалардан, мугалимдерден, досторунан адабий китептерди алып окушу; кээ бир чыгармалардан үзүндүлөрдү жатка билиши; окулган чыгарманы өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн турмушу, жалпы элдин турмушу менен байланыштыра алышы; окулган чыгарманынын негизинде жазуу иштерин аткара билиши; окулган чыгарманын негизинде кеңири жана кыскартылган формада сүйлөп бере алышы; ошол окуган чыгармасына тематикалык жактан окшош башка чыгармаларды атай алышы; окулган чыгарманын автору тууралуу маалыматка ээ болушу.

2. *Ортоңку деңгээл (4-7 балл):* Окуучулардын класста өтүлгөн чыгармалардын идеясын, темасын, каармандарын билүүсүндө айрым каталыктарды кетириши; өз алдынча китепканалардан, мугалимдерден, досторунан адабий китептерди алып окушунда толук жетишкендиктерге жетише албашы; кээ бир чыгармалардан үзүндүлөрдү жатка билиши; окулган чыгарманы өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн турмушу, жалпы элдин турмушу

менен байланыштыра алышы, бирок бул жактан толук жетишпестик; окулган чыгарманынын негизинде жазуу иштерин анчалык жогорку деңгээлде болбосо да аткара билиши; окулган чыгарманын негизинде кеңири жана кыскартылган формада сүйлөп бере алышында бир аз кемчилдиктерге жол коюшу; ошол окуган чыгармасына тематикалык жактан окшош башка чыгармалардын айрымдарын гана атай алышы; окулган чыгарманын автору тууралуу анча толук эмес маалыматка ээ болушу.

3. *Төмөнкү деңгээл (4 баллдан төмөн):* Окуучулардын класста өтүлгөн чыгармалардын идеясын, темасын, каармандарын билбеши; өз алдынча китепканалардан, мугалимдерден, досторунан адабий китептерди алып окубашы; чыгармалардан үзүндүлөрдү жатка билбеши; окулган чыгарманы өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн турмушу, жалпы элдин турмушу менен байланыштыра албашы; окулган чыгарманынын негизинде жазуу иштерин аткара билбеши; окулган чыгарманын негизинде сүйлөп бере албашы; ошол окуган чыгармасына тематикалык жактан окшош башка чыгармаларды атай албашы; окулган чыгарманын автору тууралуу маалыматка ээ эместиги.

Бул текшерүүгө алты мектептен 205 окуучу катышты. Жыйынтык төмөндө берилди.

**Таблица 2.9. – Тажрыйбага чейинки мезгилде окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүнүн деңгээли (пайыз менен)**

| деңгээлдер | Пайыздар |
|---|---|
| Жогорку | 25 |
| Ортоңку | 46 |
| Төмөнкү | 29 |

Бул көрсөткүч тажрыйбанын биринчи этабында биздин методикалык иштерибизди кайсыл багыттарга жумшоо керектигин көрсөттү.

Тажрыйбанын 2-этабында (2017, 2018, 2019-жылдар) окуучуларды эки топко бөлүп алдык, жалпы – 340 окуучу, байкоо тобунда – 170 окуучу, тажрыйба тобунда – 170 окуучу.

**Таблица 2.10. – Тажрыйбалык иштин изденүүчү (калыптоочу) этабы (2017-2019-жж.)**

| | |
|---|---|
| **максаты** | Биз сунуш кылган сабактын үлгүлөрү, методикалык ыкмалар жана жолдор тажрыйба топторунда колдонулуп, оптималдуулугу текшерилди. |
| **милдети** | «Адабий окуу» предметинин мугалимдерине окуучуларынын окуу ишмердүүлүгүнүн өркүндөтүү багытында кандай теориялык жана практикалык жардамдар зарылдыгын аныктоо; окуучулардын ар бир класстагы курак өзгөчөлүгүнө карай берилүүчү материалдарды өздөштүрүүгө карата суроо-тапшырмаларды, тесттерди аныктоо. |
| **методдору** | Анализ жана синтез; салыштыруу; жалпылаштыруу; баарлашуу; анкеттөө; сурамжылоо; сабактарга катышуу, китепкандагы окурмандык формулярларды талдоо; окуучулардын китеп окуу күндөлүктөрүн, окурмандык биографияларды текшерүү; окуучулардын китепке кызыгуусун, китеп окуу маданиятын анализдөө; мугалимдер, ата-энелер менен сурамжылоо жүргүзүү ж.б. |
| **натыйжалары** | «Адабий окуу» предметинин мугалимдерине сунушталуучу теориялык жана практикалык жардамдар аныкталды.<br><br>Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн жогорулатуу багытында алардын компетенттүүлүгүн өркүндөтүүдө сунушталуучу суроо-тапшырмалар, тесттер изилденип, |

| | |
|---|---|
| | табылды.<br>Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн жогорулатуу үчүн керектүү деп эсептелген оптималдуу методдор аныкталды. |

Бул этапта окуучулар жана мугалимдер менен окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн жогорулатуу боюнча сурамжылоонун жыйынтыгына жараша ишмердүүлүктөр жүргүзүлдү. Окурмандык ишмердүүлүктү өркүндөтүү үчүн тажрыйбалык топтордо төмөнкүдөй ыкмалар, жолдор тандалды.

1. «Адабий окуу» сабагында көп нерселерге жетишүүгө мүмкүн болбогондуктан кошумча сабактары уюштурулду.
2. Сабактарда жана кошумча сабактарда угуп түшүнүү, окуп түшүнүү жана жазуу көндүмдөрүн өркүндөтүү жана логикалык ой-жүгүртүүсүн жана сүйлөө кебин өстүргүсү милдеттери биринчи орунга чыкты.
3. Окуу программасына кирбеген айрым чыгармалар аудио форматта сабактарда пайдаланылды.
4. Мугалимдер, ата-энелер жана китепканчылар менен окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн өркүндөтүү боюнча семинарлар, тренигдер, конференциялар, ачык сабактар уюштурулду.
5. Окуучулардын окурмандык маданиятына таасир этүү үчүн мультфильмдер, окуу фильмдер, аудиовидео материалдар, обондуу ырлар, слайд, интерактивдүү оюндар, интернет ресурстары пайдаланылды.
6. Мугалимдерге окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу жана өткөрүү боюнча орус, кыргыз методисттеринин эмгектеринин кыскартылган варианттары китепче түрүндө чыгарылып, таратылып берилди.
7. Тажрыйба жүргүзгөн мугалимдердин электрондук почталарына орус жана башка элдердин мугалимдеринин окуу ишмердүүлүктөрдү жүргүзүү

боюнча өткөн сабактарынын видеожазуулары жөнөтүлүп жана алар ырааттуу талдоого алынды.

8. Көркөм текстти талдоодо окуучулардын окурмандык компетенттүүлүктөрүнүн калыптануу деңгээлдери биринчи орунда каралды. «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5-9-класстар үчүн «Кыргыз адабияты» боюнча предметтик стандартта» [178] «окурмандык компетенттүүлүк – адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү» катары түшүндүрүлөт.

Биз тажрыйба класстарынын мугалимдерине өз методикалык ыкмаларыбыз менен интерактивдүү сабак өтүүнү сунуш кылдык.

**Сабактын темасы: Кумурска менен жалкоо**

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** жомокту окуп, анын мазмунун түшүнө алат; түшүнгөнүн ыраатуу айтып бере алат; жалкоо адам менен кумурскага мүнөздөмө бере алат; аларга тиешелүү сапаттарды жомоктон таап, көрктүү окуп бере алат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** өз оюн эркин, далилдүү айта билүүгө машыгат; сынчыл ой жүгүртө алат; салыштыруу, анализ жүргүзүү, түгөйү менен талкуулай билүү көндүмдөрүн өнүктүрөт, окурмандык маданияты жогорулайт.

**Тарбия берүүчүлүк:** эмгекчил, акылман, кайраттуу, бири-биринин ой-пикирин угуп сылык болууга үйрөнөт.

**Көрсөткүчтөр:**

**Жогоруда коюлган максаттар ишке ашат, эгерде:**

– чыгарманын мазмунун түшүнсө;

– чыгарманы өз сөзү менен айтып бере алса;

– Жаталак жалкоо деген ысымдын маанисин чече билсе;

– өз оюн далилдүү айта алса;

– текст менен иштөөдө чыгармадан жалкоо менен кумурскага мүнөздүү белгилерди туура таап, көркөм окуп бере алса;

– салыштырып, анализ жүргүзүп, түгөйү менен талкуулап, биргелешип иштей алса;

– түгөйү менен ишти аткарууда бирин-бири сыйлап, уга билсе;

– чыгарманын мазмунуна жараша эмгекчил, кайраттуу, сылык болууга үйрөнсө.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды өздөштүрүү

**Сабактын формасы:** топтордо иштөө, салыштыруу

**Сабакта колдонулуучу ыкма:** интерактивдүү метод

**Сабактын жабдылышы:** Эки окуучуга бирден №1, 2 тиркемедеги текст жана №3, №4 тиркемелер жазылган эки флипчарттар

**Сабактын жүрүшү:**

Биринчи топко тиркемелер (№1,2) таратылат. Алар текстти окуп чыгышып, топ мүчөлөрү менен биргелешип Жаталак жалкоонун кандай адам болгонун, кумурсканы сыпаттап, анын себептерин жазышат.

**№1 тиркеме**

*Бар экен, жок экен, ач экен, ток экен, илгери бир Жаталак деген жалкоо адам жашаган экен. Аны бир ишке жумшаса эле:*

*– Оф, кудайдын күнү кумдан көп, эртең бүтүрөм! – деп, салкын жерге жатып алып уйку-соонун ортосунда күнүн өткөрөт.*

**№2 тиркеме**

*Ошондой күндөрдүн биринде эмне кыларын билбей, кумурсканын бирин сөөмөйү менен тосуп:*

*– Эй, кумурска, эмнеге башың чоң? – дейт.*

*– Башымда акыл, идирек бар, – дейт кумурска, жалкоонун жол тоскон сөөмөйүнөн ашып баратып.*

*– А эмнеге белиң ичке? – дейт кайра.*

*– Кубат менен чыдам бар, – дейт экен, сөөмөйүн айланып баратып.*

*– Буттарың неге тартагай?*

*– Күн менен жарышам, өмүр менен жарышам.*

*Жалкоо таң калат: «Бул кумурскалар акыл менен идиректи, кубат менен чыдамды кайдан алат? Күн менен жарышып, жашоонун кайсы сырларын издейт экен, сурайынчы», – дейт да, көрүнгөн чөптүн түбүн аңтарып, кумурсканы издейт.*

*– Уф, кумурскабай, сени издей берип, аябай чарчадым. Жанагы өзүң айткан акыл-идиректи, кубат менен чыдамды каяктан аласың?*

*– Аны сенин жаныңда отуруп түшүндүрө албайм. Чындап билгиң келсе, мени менен кошо жүр, – дейт кумурска.*

Андан соң, 2-топ өзүлөрүнө тапшырылган тиркемелерди (№3,4) окуп чыгышып, топ мүчөлөрү менен бирге Кумурсканын Жаталак жалкоону

эмнелер менен тааныштырганын, жалкоо адамдын кантип эмгекчил болуп, элге кызмат кылган адам болуп калганын баяндап, анын себептерин жазышат.

### №3 тиркеме

*Жалкоо макул болуп, тогуз айлык наристедей төрт аяктап жөрмөлөп ээрчип жөнөйт. Кумурска алдынан жолуккан ар бир чөпкө токтоп:*

*– Биз мына бул чөптү «Кубат чөп» дейбиз. Ал – жаз алды менен эң эрте чыкчу чөп. Он беш күндө эле бышат. Кышы менен чээнде жатып алсыраган курт-кумурска анын уругун жесе, кубат алат. Ал эми бул чөптү «Жыпар чөп» дейбиз. Бул болсо «Сүт чөп». Анын уругу жумшак жана даамдуу келип, жумурткадан жаңы чыккан чимелилерге жагымдуу тамак. А бул калдайган чоң жалбыракты «Соргок» дейбиз. Себеби сууга тойбойт. Жамгырдын суусун калдайган жалбырактары менен тосуп алып, өз тамырына куя берет. Өзү өскөн жерге башка чөптөрдү өстүрбөйт. Мунун сөңгөгүндө дайыма суу көп болгондуктан, кургакчыл айларда биз суусундугубузду ушул Соргоктон кандырабыз. Эми мына булар жөнүндө айтсам, бул «Тамак чөп», мунусу «Кышкы чөп», тиги «Мээр чөп» деп, ар бир чөптүн өзүнө жараша мүнөзүн, дарылык касиеттерин айтып отурат.*

### №4 тиркеме

*Кырк күндөн кийин жалкоонун башына да акыл-идирек пайда болуп, дардайган курсагы тартылып, белине чыдам менен кубат орнойт. Солдоюп жатчу буттары күн менен кошо жарышка чыгып, күн дем алмайынча өзү да дем албай, үрөн эгип, бак тигип, эмгекчил досунан үйрөнгөн дары чөптөрдү жыйнап, сыркоо адамдарды айыктырып, эл урматтаган кадыр-барктуу адам болуп калган экен.*

Тиркемелер менен таанышкан соң, ар бир топтун мүчөлөрү тапшырмага ылайык жазгандарын окуп беришет. Окуучулар суроо беришип, жалпы талкуу жүрөт.

Окуучулар биргелешип иштөөгө үйрөнүшөт, салыштыруу, классификациялоо көндүмдөрүнө ээ болушат, ой бөлүшүүгө, өз оюн далилдеп берүүгө аракеттенишет.

**Жалпы талкуу үчүн суроолор:**

1. Кумурска өзү жөнүндө эмнелерди айтып берди?
2. Жалкоо эмнеге таң калды?
3. Кумурска кандай чөптөрдүн аттарын атады? Алардын атын атап бергиле?
4. Жалкоонун эл урматтаган кадыр-барктуу адам болушуна кимдин таасири тийди деп ойлойсуңар?

Жаңы тема боюнча алган билимдерин жыйынтыктоо максатында Венндин диаграммасын түзүшөт. Ага ылайык жалкоо менен кумурсканын окшоштуктарын (эгер бар болсо) жана айырмачылыктарын жазып чыгышат.

**Бaрактарга карап сөздөрдү алмаштыруу тапшырмасы:**

| **КУМУРСКА** | | **ЖАЛКОО** |
|---|---|---|
| - башы чоң | - ден соолугу чың | - уйкучу |
| - бели ичке | - эмгектене алат ж.б. | - жалкоо |
| - эмгекчил | - курсагы чоң ж.б. | |
| - акылдуу ж.б. | | |

**Үйгө тапшырма катары төмөнкүлөр берилет:**

1. Венндин диаграммасын толуктап келүү.
2. Жомокту ролдорго бөлүштүрүп окуу.
3. Төмөнкү макалдардын маанисин чогуу чечмелеп, түшүнүп алуу.

«Эмгек – ар кандай дарттын дабасы, эмгектен өткөн ырыс жок».

«Мээнеткеч адам кичине болсо да чоң күч, анын колунан бардыгы келет».

**Окуучулардын билими көрсөтүлгөн критерийлеринин негизинде бааланат.**

Бул чыгарма бардык тажрыйба класстарында ушул иштелменин негизинде үйрөтүлдү. Андан соң окуучулардын окурмандык кызыгууларын арттыруу максатында төмөнкүдөй иштер аткарылды.

1. Текст тиркемелерден чыгарылып, мугалимдин жардамы менен окуучулар тарабынан диалог формасында жазылды.

2. Диалог формасында жазылган текст ролдоштурулуп окулду.

3. Окуучулар Жалкоо менен кумурсканы жолугуштуруп, бирок окуяны башкача улап жазышты.

4. Мектеп китепканасынан, үйдөн кумурскалар тууралуу чыгармаларды окуп, алардын мазмунун айтып берүү ж.б.

Тажрыйба класстарына жогорудагы иштелмелерден 2-класска, 3-класска, 4-класска – баары 76 сабактын иштелмелери таратылды.

### 2.2.2.2. Педагогикалык тажрыйбанын жүрүшү жана жыйынтыктары

Жогорудагыдай мектепте жүргүзүлгөн педагогикалык тажрыйбалар 2020-2021-жылдарда жыйынтыкталды.

**Таблица 2.11. – Тажрыйбалык иштин үчүнчү – текшерүүчү этабы (2020-2021-жж.)**

| | |
|---|---|
| **максаты** | «Адабий окуу» предметинин мугалимдерине окуучуларынын окуу ишмердүүлүгүнүн өркүндөтүү боюнча методикалык сунуштарды андан ары өркүндөтүп, тажрыйбага толуктоолорду жана сунуштарды киргизүү ж.б. |
| **милдети** | Окуучуларынын окуу ишмердүүлүгүнүн өркүндөтүү боюнча иштелип чыккан сабактардын үлгүлөрү менен сабактарды өтүү, аларды талдоо; тема боюнча илимий- |

| | |
|---|---|
| | методикалык макалаларды жазуу, жарыялоо; окуучуларынын окуу ишмердүүлүгүнүн өркүндөтүү боюнча материалдарды тандоо, аларды сабакта колдонуу, талдоо; мугалимдерге, китепканчыларга, ата-энелерге теориялык жана практикалык жардам берүү максатында семинарларды, ачык сабактарды, тренингдерди уюштуруу ж.б. |
| **методдору** | Анализ жана синтез; салыштыруу; жалпылаштыруу; баарлашуу; анкеттөө; сурамжылоо; сабактарга катышуу, китепкандагы окурмандык формулярларды талдоо; окуучулардын китеп окуу күндөлүктөрүн, окурмандык биографияларды текшерүү; окуучулардын китепке кызыгуусун, китеп окуу маданиятын анализдөө; мугалимдер, ата-энелер менен сурамжылоо жүргүзүү ж.б. |
| **натыйжалары** | Окуучуларынын окуу ишмердүүлүгүнүн өркүндөтүү боюнча иштелип чыккан биздин методикалык сунуштарды, каржаттарды максатка ылайык кеңири колдонуу жакшы натыйжа берери аныкталды; Окуучулардын окурмандык кызыгуулары бир кыйла жогорулады. |

Бул багытта бир мектептин тажрыйбасынан мисал келтирип көрөлү. Лейлек районундагы №3 эксперименталдык гимназияда окуучулардын окурмандык кызыгууларын ойготуу, окурмандык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүү максатында сабактан тышкары түрдүү иш-чаралар уюштурулат. Атап айтканда, «Мыкты сабак даярдоочу бөлмө» сынагынын жобосу түзүлүп, анын негизинде ар бир окуу жылында класс жетекчи, окуу бөлүмүнүн башчысы, класс активдери тарабынан иш алып барылды. Гимназияда окуган ар бир окуучунун үйүндө сабак даярдоочу атайын бөлмө уюштурулгандыгы, стол, стул, стол лампасы, китеп текчеси барлыгы

текшерилет. Китеп текчесинде окуу китептеринен тышкары көркөм адабияттар, энциклопедиялар, маалыматтама китептер, түрдүү сөздүктөр канчалык санда бар экендиги жана окуучу алардын кайсыларын окуп чыккандыгы, канчалык деңгээлде өзүнө кабыл алгандыгы текшерилет.

Аны менен катар, «Эң көп билген окурман» сынагынын жобосуна ылайык ар бир класстын ичинде окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, кызыгууларына ылайык канча китеп окуп чыккандыгы, алардын мазмунун түшүнгөндүгү, окуяга, каарманга, анын жасаган иш-аракетине берген баасы, талдоосу, сөздүктөр, энциклопедиялар менен иштей билүүсү эске алынып, анын натыйжасында сынактын жыйынтыгы чыгарылат. Ар бир класстын жеңүүчүлөрүнүн ортосунда жалпы гимназиялык тур болуп, анда жогорудагы талаптарга ылайык окуучулар өз ара мелдешишет. Эң жогорку көрсөткүчтү көрсөтүп, эң көп упайга ээ болгон окуучу сынактын жеңүүчүсү деп табылат.

Ал эми «Мыкты эне» сынагы балдары гимназияда жакшы окуган, жүрүм-туруму үлгүлүү болгон энелердин ортосунда болот. Мында сөзсүз түрдө сынакка катышуучу эне гимназиянын автордук программасынын негизинде өтүлүүчү «Энелер мектеби» сабагына катышуусу жана курстун жыйынтыгында алган баасы жогору болуусу талап кылынат. Эне өз тажрыйбасында баласынын мыкты окуусуна үй-бүлөдө шарт түзүп бере алгандыгы, баласын китеп окууга кызыктырып, ошону менен бирге, өзү ага үлгү көрсөтө аларын, өзү канчалык жана кандай тематикадагы китептерди окугандыгы, ал китептердин жеке өзүнө, үй-бүлөсүнө тийгизген таасирлери тууралуу эл алдында айтып бере алышы, энелик тажрыйбасын башка энелер менен бөлүшө алуусу багытында таймаш болот. Бул сынактын башкы максаты: энелердин балдарына мыкты тарбия берүү менен бирге, алардын окуу ишмердүүлүгүнө тийгизген таасирин башка энелерге көрсөтүү жана ал тажрыйбаны көпчүлүккө жайылтуу болуп эсептелет.

Чындыгында, үй-бүлөдө баланын окуу ишмердүүлүгүн калыптандырып, аны андан ары өнүктүрүүдө эненин ролу абдан чоң экендигин баса

белгилейбиз. Үй-бүлөдө жок дегенде бир адамдын: же атанын, же эненин, же аганын, же эженин китеп окуусу өзүнөн кийинки ини-сиңдинин китеп окуусуна жакшы таасирин тийгизерин баса белгилегим келет. Бул үлгүнүн негизинде баланын китеп окууга болгон кызыгуусу ойгонот. Ар бир үй-бүлөнүн сүйгөн китеби же чыгармасы болсо, аны күн сайын кечинде чогулуп окуп, талкуу уюштурса, бул бала үчүн чоң таасир калтырат. Тилекке каршы, мындай үй-бүлөлөр бүгүнкү күндө саналуу гана болгону өкүндүрөт...

Бул багыттагы ЮСАИДдин каржылоосу менен EGRAнын «Башталгыч класстардын окуу көндүмдөрүн баалоо» багытындагы изилдөөсү да биздин жогоруда айткан ойлорубузду такстыктайт [310].

Тажрыйба жүргүзгөн топтордун иш-аракеттеринен улам төмөнкүдөй жыйынтыктарга келдик: Сабакта мугалимдин гана аракети менен баланын окурмандык ишмердүүлүгү өнүгүп кетпейт. Ал үчүн мугалимден тышкары, албетте, ата-эне, ага-эжелери, китепканачылар, жалпы коомчулук өз салымдарын кошуп, иш-аракеттерди жүргүзүүсү зарыл. Окурман үй-бүлө, окурман социалдык чөйрө баланы окурман окуучуга айландыра алат. Мына ушундай биргелешкен иш-аракет гана ийгиликтүү натыйжаны берерин практика көрсөтүүдө. Ушундан улам, биз окуучуларыбыздын окурмандык кызыгууларын, окуу ишмердүүлүктөрүн кайтарып бере алабыз жана ага шарт түзүп, мүмкүнчүлүк беребиз.

Тажрыйба класстарында ар бир жуманын бир күнүн (ар кыл мектептерде ар күн) «Көркөм китеп окуу күнү» деп белгилеп алдык. Ошол күнү сабактан соң 30 мүнөттү атайын чыгарманы көрктүү окууга, өз ара бири-бирине окуган чыгармасы тууралуу айтып берүүгө бөлдүк. Бул ыкма салтка айландырылып, бир жылдан соң жалпы мектеп, ата-эне, окуучулар, китепканачылар, коомчулук активдүү катышып калды.

Тажрыйбанынын текшерүү этабында төмөнкүдөй негиздерде жүргүзүлдү:

- окуучуларга анкета таратып, жообун алуу;
- окуучулардын китепкана менен байланышын анализдөө;
- мугалимдер, китепканачылар жана ата-энелер менен баарлашуу, алардын пикирлерин талдоо;
- сабактарга катышуу, аларды жалпылоо жана жыйынтыктоо;
- байкоо жана тажрыйба топторунун окурмандык кызыгууларын (окуган китептеринин санын жана деңгээлин, чыгармаларды түшүнүүсүн жана түшүндүрүүсүн) өз-өзүнчө салыштырып анализдөө ж.б.

**Таблица 2.12. – Тажрыйбанын жыйынтыгында окуучулардын окурмандык ишмердүүлүктөрүн калыптандыруунун деңгээли**

| **байкоо тобу** | | | **тажрыйба тобу** | | |
|---|---|---|---|---|---|
| төмөнкү | ортоңку | жогорку | төмөнкү | ортоңку | жогорку |
| 26% | 51% | 23% | 17% | 50% | 33% |

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай, тажрыйбанын үчүнчү этабынын жыйынтыктары боюнча төмөнкү деңгээл 26% болсо, тажрыйба тобунда 17% болуп, айрыма тажрыйба тобунда 9%га аз болду, ортоңку деңгээл негизинен бирдей эле болуп, жогорку деңгээл тажрыйба тобунда 10%га көп болду.

Биздин методикалык сунуштардан кийин эксперименттин үчүнчү этабында байкоо жана тажрыйба топторунун класстардын жогорку, орто жана төмөнкү көрсөткүчтөрү салыштырылды.

**Таблица 2.13. – Окуучулардын окурмандык кызыгууларынын жогорулашынын деңгээлдик көрсөткүчтөрү (тажрыйбанын 3-этабы,**

**2020-2021-жылдар, байкоо тобу – 170, тажрыйба тобу – 170, баары – 340 окуучу)**

| **Окуучулардын окурмандык кызыгууларынын көрсөткүчтөрү** | **(окуучулардын деңгээли (% менен)** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **жогору** | | **орто** | | **төмөн** | |
| | **б/т** | **т/т** | **б/т** | **т/т** | **б/т** | **т/т** |
| Окуучулардын китепкана менен байланышы | 23 | 56 | 59 | 35 | 18 | 9 |
| Окуучулардын адабий чыгармаларды түшүнүү жана түшүндүрүү деңгээли | 36 | 61 | 39 | 42 | 21 | 10 |
| Жаңы чыгармаларды таап, окууга мотивдеринин жогорулашы | 28 | 58 | 45 | 28 | 27 | 14 |
| Д.Сулайманов «Балапан» аңгемесин талдоо деңгээлдери | 31 | 57 | 44 | 29 | 25 | 14 |
| Т.Сыдыкбеков «Мээримдүү канаттуулар» аңгемесин талдоо деңгээлдери | 25 | 55 | 49 | 33 | 26 | 12 |
| **Орточо пайыз** | **28.6** | **57.4** | **47.2** | **33.4** | **23.4** | **11.8** |

Мында б/т – байкоо тобу, т/т – тажрыйба тобу.

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай биринчи милдет окуучулардын китепкана менен байланышын аныктоо болгон, бул болсо түздөн-түз окурмандык ишмердүүлүктүн калыптануусу менен байланыштуу

көрүнүш. Аны үчүн китепканачынын каттоо дептери, окурмандык формуляр, окурмандык күндөлүгү анализге алынды.

Жыйынтыгында жогорку деңгээл байкоо тобунда 23% болсо, тажрыйба тобунда 56% болду, ал эми төмөнкү деңгээл 18% жана 9% болуп, айырма 9%ды түзгөн.

Окуучулардын адабий чыгармаларды түшүнүү жана түшүндүрүү деңгээлин аныктоо тапшырмасынын жыйынтыгын чыгаруу үчүн биринчи учурда сабактарга катышып, окуучуларга балл берип отурдук; экинчи учурда окуучуларга текст таратып бердик (эки топко тең бирдей), ошол текстти кандайча түшүнгөнүн жана түшүндүргөнүн аныктадык. Тажрыйба тобундагылар байкоо тобундагыларга салыштырганда бул ишмердүүлүктү 25%га жогору (36% жана 61%) аткарды.

Жаңы чыгармаларды таап, окууга мотивдеринин жогорулашын билүү үчүн окуучуларга сурамжылоо жүргүздүк. Жыйынтыгында: жогорку деңгээл: байкоо топтордо – 28 пайыз, тажрыйбалык топтордо – 58 пайыз, айырмасы – 30 пайыз.

Д.Сулайманов «Балапан» аңгемесин талдоо деңгээлдеринде: жогорку деңгээл: байкоо топтордо – 31 пайыз, тажрыйбалык топтордо – 57 пайыз, айырмасы – 36 пайыз.

Т.Сыдыкбеков «Мээримдүү канаттуулар» аңгемесин талдоо деңгээлдери жогорку деңгээл: байкоо топтордо – 25 пайыз, тажрыйбалык топтордо – 55 пайыз, айырмасы – 30 пайыз. Төмөнкү деңгээл: байкоо топтордо – 26 пайыз, тажрыйбалык топтордо – 12 пайыз, айырмасы – 14 пайыз.

Демек, биздин методикалык сунуштарыбыздын натыйжасында орточо алганда тажрыйба топтордо жогорку деңгээл 57,4 пайыз, байкоо топторунда 28,6 пайыз болуп, айырма 28,8 пайызды түздү. Бул болсо биз сунуш кылган ыкмалар жана жолдор башталгыч класстардын «Адабий окуу» сабагында

окуучулардын окурмандык кызыгууларын арттырууда эффективдүү экендигин көрсөттү. эксперименттерибиз аркылуу тастыкталды.

## Экинчи бап боюнча корутунду

Диссертациянын **2-бабы** «**Изилдөөнүн материалдары жана методдору**» деп аталат да, анын *«Илимий изилдөөнүн материалдары»* деген 1-параграфында изилдөөнүн материалдары катары КР Жогорку кеңеши тарабынан кабыл алынган Билим берүү мыйзамы, Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты жана ошол стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программалары менен II-IV класстардын «Адабий окуу» китептеринде сунушталган көркөм чыгармалар көрсөтүлөт. Ошондой эле методикалык колдонмолор, мугалимдердин бул багыттагы тажрыйбалары, окуучуларды жазуу жумуштары да материалдар катары алынган.

II-IV класстын окуучуларына окуу ишмердүүлүгүн өркүндөтүү, алардын адептик-ыймандык, эмоционалдык сезимдерин, эстетикалык табитин жогорулатуу, адамды жана дүйнөнү, айлана-чөйрөсүн таанып-билүү ишмердүүлүгүн калыптоо кенже мектеп курагындагы балдарды окуу жана окурман катары текстти түшүнүү жана калыптоо өзгөчөлүгү менен байланышат. КР билим жана илим министрлиги тарабынан бекитилген окуу планынан ылайык «Адабий окуу» предметине ар бир класста жумасына төрт сааттан, жыл бою 136 саат, жалпы II-III-IV класска 408 саат бөлүнгөн. Бул класстар үчүн төмөнкү окуу китептери колдонууга берилген:

II класстар үчүн: А.Токтомаметов ж.б. «Адабий окуу» жана экинчи китеп Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова «Адабий окуу».

III класстар үчүн: А.Токтомаметов ж.б. жана экинчи китеп С.Рысбаев, К.Ибраимова «Адабий окуу».

IV класстар үчүн: А.Токтомаметов «Адабий окуу» жана жана экинчи китеп С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова «Адабий окуу».

Диссертациялык изилдөөдө ушул китептерге киргизилген көркөм тексттерди окуу, окуп түшүнүү, талдоо ишмердүүлүктөрү жана ошол ишмердүүлүк процесси аркылуу балдардын окурмандык кызыгууларын жогорулатуу проблемасы изилдеген.

Изилдөө үчүн бул материалдардын ичинен ар кандай тектеги (эпика, лирика, драма), түрдөгү (поэзия, проза, драма) жана жанрдагы (поэма, ыр, жомок, аңгеме, повесттен үзүндү ж.б.) тексттер тандалды, алардын тематикалык, жанрдык, стилдик ар түрдүүлүгү эске алынды.

Биздин темага материал болуп бере алуучу башталгыч класстардын «Адабий окуу» китептериндеги көркөм чыгармалар, биринчиден, балдардын кызыгууларына, алардын кабыл алууларына ылайык тандалган; экинчиден, тектик, жанрдык, тематикалык көп түрдүүлүк сакталган.

2-параграф *«Илимий изилдөөнүн методдору»* деп аталып, анда биздин диссертациялык изилдөөдө коюлган максаттарга жетүү үчүн зарыл болгон методдор чагылдырылат. Изилдөө ишибизде колдонгон теориялык методдордун колдонулуш максаты-милдети, мааниси тууралуу баяндалат. Диссертациянын негизги жоболорун тактоо, теориялык жана практикалык сунуштарды киргизүү үчүн изилдөөгө зарыл болгон илимий булактарды изилдөө методу, аңгемелешүү методу, окуучулардын жазуу жумуштарын талдоо, анкеттөө, байкоо, тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо, моделдештирүү методдорун колдондук. Биздин изилдөө окурмандык ишмердүүлүк, окуучулардын китеп окуу маданияты, окурмандардын абалын изилдөө болгондуктан социологиялык методдорду колдонуп, балдарды китепкана менен байланышы, ата-энелердин китеп окуусу, китепканалардын мүмкүнчүлүктөрү социологиялык методдор менен аныкталды.

Пайдаланган методдорду жалпысынан экиге бөлдүк: биринчиси, теориялык-практикалык методдор; экинчиси, педагогикалык-эксперименттик методдор.

Теориялык методдор катары ишибизде анализ жана синтез методунда окуу-нормативдик материалдарын (мамлекеттик стандарт, окуу программасы, окуу китептери, мектеп журналдары ж.б.) үйрөндүк. Изилдөөбүздүн мазмундук өзгөчөлүгүнө ылайык төмөнкүдөй методдор кеңири колдонулду: китепканалык формулярларды үйрөнүү методу; окурмандык биографияларды анализдөө жана жалпылоо методу; окурмандык күндөлүктөрдү талдоо методу.

Практикалык тажрыйбаларды талдоо, жалпылаштыруу методу аркылуу мугалимдердин ишмердүүлүктөрүн эмгекте кандайча пайдаланганыбызды көрсөтүп бердик. Илимий-методикалык иштерди талдоо, системалаштыруу методу аркылуу темага байланыштуу илимий изилдөөлөр талданып, алардын ылайыктуулары пайдаланылды. Аларды кандай учурда колдонгондугубуз ушул бөлүмдө чагылдырылды.

*«Изилдөөнүн тажрыйбалык (эксперименталдык) методдору» аттуу параграфында* «Адабий окуу» предметинде чыгармаларды окутуу аркылуу окуучулардын окурмандык кызыгууларын өнүктүрүүнүн методикасы боюнча изилдөөбүздүн максатына жана милдеттерине, логикалык ырааттуулугуна ылайык алдыга койгон моделди жана жалпы сунуштарды мектептерде педагогикалык тажрыйбада текшерүү аркылуу илимий акыйкатка жетүү зарыл болду.

Тажрыйбалык база катары төмөнкү мектептер алынды: Баткен областынын Лейлек районундагы Б.Набиев атындагы орто мектеби; Ош шаарынын Курманжан датка атындагы №31 орто мектеби; Бишкек шаарындагы №69 Т.Сатылганов атындагы гимназия; Бишкек шаарындагы №5 А.Молдокулов атындагы улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи; Чүй областынын Сокулук районундагы М.Жангазиев атындагы орто

мектеп; Чүй областынын Аламүдүн районундагы Лебединовка – 1 гимназиясы. Тажрыйба 2015-2021-жылдарда үч этапта жүргүзүлдү.

Тажрыйбада окуучулардын китеп окуу ишмердүүлүктөрү, мугалимдердин окуучуларды китепке кызыктыруу иш-аракеттери, окуучулардын китепкана менен эки тараптуу байланыштары, үй-бүлө китепканалары ж.б. проблемалар адегенде байкоо, сурамжылоо, анкеттөө, баарлашуу методдору менен такталды. Окурмандык ишмердүүлүктү калыптоого негизделген сабактардын моделдерин иштеп чыктык жана аларды эксперментатор мугалимдерге сунуштадык.

Жыйынтыгында биздин сунуш кылган ыкмалар, каражаттар жана окутуу технологиялары оптималдуу экендиги аныкталды.

Педагогикалык тажрыбалардын жүрүшү ушул эле баптын 2-параграфында математикалык-статистикалык методдор менен көрсөтүлдү.

# ҮЧҮНЧҮ БАП

# ТЕКСТТИ ИНТЕРПРЕТАЦИЯЛОО ПРОЦЕССИНДЕ ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУРМАНДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН МОТИВАЦИЯЛОО

## 3.1. Аң-сезимдүү жана шар окуу методу – окуучунун окурмандык ишмердүүлүгүн мотивациялоонун алгачкы ачкычы

Башталгыч мектептин адабий окуу сабагын окутуу процессинде, класстык, класстан тышкаркы жана өз алдынча окууну уюштурууда, түрдүү иш-чараларды өткөрүүдө окуучунун окуу иш-аракетин, окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруу аталган предметтин жана аны окутуп-үйрөтүп жаткан мугалимдин башкы милдети болууга тийиш.

Окуу – бул бир гана адабий окуу предметин гана эмес, бардык предметтерди мыкты өздөштүрүүнүн негизи болуп саналат. Текстти окуп, анын маанисин түшүнө алуу – тигил же бул предметти мыкты өздөштүрүүдөгү башкы ишмердүүлүк. Берилген сөздү, сүйлөмдү, текстти аң-сезимдүү окуй алуу аркылуу гана окуучу аны түшүнүп, ой жүгүртүп, берилген тапшырманы аткара алат. Текстти шар жана аң сезимдүү окуй алган, текстти түшүнө жана ал боюнча ой жүгүртө алган окурман гана өз оюн, көз карашын да эркин айта алат, коомдо да өз мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтө алат. Демек, окуучу шар жана аң-сезимдүү окуу аркылуу окурмандык ишмердүүлүккө ээ боло алат.

Орусияда жазуунун пайда болушу менен эле аны окуу эки багытта өнүккөн: биринчиси – авторлордун өздөрүнүн жазган чыгармаларын окушу, б.а. «автордук окуу»; экинчиси – адабий чыгармаларды артисттердин, көркөм окуучулардын (чтец) окуусу. К.С.Станиславский көркөм-педагогикалык системасын негиздеп, текстти көрктүү, үн кубултуп окууну искусствонун

мыйзамдары менен ишке ашыруу бир көрүнүшү деп, анын сценалык ишмердүүлүгүн актерлорду жана мугалимдерди даярдоочу окуу жайларына сунуштаган.

Орусия Федерациясында башталгыч класстарда окуучулардын окуу ишмердүүлүгү, окурманды тарбиялоо технологиялары боюнча методисттердин жана мугалимдердин көптөгөн иш-тажрыйбалары жарыяланган. Алардын ичинен Г.М.Петрованын «О разных способах чтения в начальных классах» [237], «Формирование и развитие мотивации чтения» [238], Н.И.Глушконун «Приемы обучения чтению» [126], Е.Н.Ионованын «Учить читать трудно, а переучивать еще труднее» [146], Г.И.Казанцеванын «И пробуждается поэзия во мне» [153], Л.Ф.Климанованын «Как работать с «Читалочкой» [160] деген сыяктуу «Начальная школа» илимий-методикалык журналына басылган жүздөгөн макалаларды атап көрсөтүүгө болот. Ал эми кыргыз башталгыч класстарынын мугалимдери үчүн мындай материалдар өтө аз.

Жогорудагы эмгектерде белгиленген башкы нерсе – башталгыч класс окуучусун окууга кызыктыруу, окурмандык ишмердүүлүккө үйрөтүү – бул 1-4-класстарда түптөлүүчү ишмердүүлүк. Ошондуктан башталгыч мектептин мугалиминин алдына, биринчи кезекте, окуучуларды текстти шар жана аң-сезимдүү окууга үйрөтүү максаты турат. Бул максатка жетүү үчүн окуучунун окууга болгон кызыгуусун калыптандыруу жана өз алдынча окуусун уюштуруусу керек.

Шар окуу деген эмне? Аң-сезимдүү окуу деген эмне?

Шар окуу – бул окуучунун текстти тыныш белгилерине көңүл буруу менен туура, көркөм, ылдам окуусу. Шар окуу чечмелеп окуу (тыбыштарды аныктоо, аларды тамга менен байланыштыруу, муундарды кошуу, сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү түзүү) менен окуганын түшүнүүнүн ортосундагы көпүрө болуп саналат.

Шар окуу – толук кандуу окуу менен окуганын түшүнүүнү калыптандыруучу эң маанилүү көндүмдөрдүн бири.

«Шар окуу автоматизмди (ылдам жана катасыз окуу жөндөмүн), экспрессияны (сөздөрдү фразаларга бириктирүү, тексттин маани-маңызын берүү, маанилүү сөздөрдү үн менен белгилөө, интонацияны колдонуу жөндөмүн) жана окуганын түшүнүүнү билдирет. Текстти көркөм окуу үчүн бала эмнени окуп жатканын түшүнүүсү, чыгарманын стилин, тонун, маанайын аныктоосу, кайсы сөздөргө өзгөчө басым коюларын билүүсү зарыл. Шар окуу – интонациянын жардамы менен тексттин маани-маңызын чагылдырып окуу». (ЦИТАТА КАЙДАН)

Шар окуу дегенде, көпчүлүк учурда мугалимдер окуу техникасын (окуу ылдамдыгын) түшүнүшөт. Айрым мугалимдердин пикири боюнча, окуу ылдамдыгынын нормасын предметтик стандарттан алып салуу сунушталат. Анткени окуучу окуу техникасынын нормасына жетүү үчүн бардык аракети менен шар, тез окууга гана умтуларын, тактап айтканда, окуучу тыныш белгилерге көңүл бөлбөй, тексттин мазмунун түшүнбөй эле окуп коёрун белгилешет. Ошол эле учурда, окуу ылдамдыгына коюлган норма болууга тийиш (бул норма «Кыргыз тили жана окуунун» предметтик стандартында белгиленген, 1-4-класстар). Себеби, эгерде окуу ылдамдыгына көңүл бөлүнбөсө, башкача айтканда, окуучу текстти өтө жай окуса (тескерисинче, текстти өтө тез окуса да), анда ал сүйлөмдүн же тексттин аягына жеткенче сүйлөмдө же текстте эмне тууралуу сөз болуп жаткандыгын унутуп калышы толук мүмкүн. Ошондуктан шар окуу – бул окуу ылдамдыгын гана түшүндүрбөсүн белгилеп коюу абзел. Шар окуу көндүмү өз ичине төрт компонентти камтыйт: туура окуу (тамганы, сөздү, сүйлөмдү), окуу ылдамдыгы (1-класс – 20-25 сөз, 2-класс – 35-40 сөз, 3-класс – 55-60 сөз, 4-класс – 70-80 сөз) [95], көркөм окуу жана тыныш белгилерге (үтүр, чекит, суроо белгиси, илеп белгиси ж.б.) көңүл коюп окуу. Демек, жогоруда аталган төрт компонент туура аткарылганда гана окуучу шар окууга жетишти деп

баалоого болот. Текстти туура, тиешелүү ылдамдыкта, көркөм окуй алган бала окуганын түшүнө алат, б.а. аң-сезимдүү окуй аларын практика көрсөтүп келет. Ал эми аң-сезимдүү окуган бала гана окурман катары калыптанууга даяр болот.

Окуучунун шар окуусу, окуганынын мазмунун түшүнүүсү, каармандардын иш-аракеттерин талдай алуусу, окуганынын негизинде тиешелүү тыянак чыгара алуусу анын мектеп жылдарынын бардык аралыктарындагы ийгиликтеринен көз каранды. Ошондуктан башталгыч класстын мугалими окууга үйрөтүүдө өзгөчө көңүл бөлүүсү, окуучунун, ата-эненин, ортоңку баскычта билим берүүчү мугалимдин астында чоң жоопкер экендигин сезүүсү абзел. Ортоңку баскычты окуткан мугалимдер көпчүлүк учурда 5-класска келген окуучулар жай окуйт, түшүнгөнүн кайра айтып бере албайт, ой жүгүртө албайт же окуган чыгармасына баа бере албайт деп башталгыч класстардын мугалимдерине доомат коюшат.

Окуу – бул адамдын жашоосундагы негизги билгичтик, ансыз ал өзүн курчап турган чөйрөнү толук аңдап түшүнө албай калышы мүмкүн. Ошондуктан башталгыч класстын мугалими бала үчүн өтө зарыл болгон билгичтикти үйрөтүүгө тийиш. Сабак кызыктуу болуу үчүн эмне кылуу керек? Китепти сүйүүгө, аны жан-дили менен окууга кантип үйрөтүү керек? Бала кезде окулган чыгарма баланын эс-тутумунда өмүр бою калат жана анын андан ары адам болуп калыптанышына да зор таасир этет эмеспи.

Ошондуктан башталгыч класстардын мугалиминин алдында биринчи кезекте окуучунун текстти шар жана аң-сезимдүү окууга үйрөтүү максаты турууга тийиш. Бул максатка жетүү үчүн окуучулардын китеп окууга болгон кызыгуусун калыптандыруу, өз алдынча окууга болгон кызыгуусун жаратуу абзел.

Окуу бул кеп ишмердүүлүгү катары катары эки түргө ээ: үн чыгарып окуу жана ичтен (купуя, үн чыгарбай) окуу. Окуунун сапаты ар тараптуу

мүнөздөлөт. Үн чыгарып окуу аң-сезимдүү, шар, туура жана көркөм болууга, ал эми купуя окуу аң-сезимдүү жана шар болууга тийиш.

Аң-сезимдүү окуу – бул окуганын ачык жана так түшүнүү. Аң-сезимдүү окуу – окуунун эң негизги сапаты.

Шар окуу – бул окуганынын мазмунун түшүнүү менен муунга бөлбөй туура, шыдыр окуу. Туура окуу – сөздөрдү толук жана так айтып, туура окуу. Окуу ылдамдыгы (темпи) – текстти түшүнө турган ылдамдыкта окуу. Көркөм окуу – эмоционалдуу, жандуу, бирок шар окуу. Тыныш белгилерине көңүл буруп окуу – окуп жатканда тыныш белгилерин тыным жана интонация аркылуу белгилөө.

Аң-сезимдүү окуу шар окуу менен тыгыз байланышта болот. Ошондуктан шар окуу окуган текстинин мазмунун түшүнүү аркылуу аң-сезимдүү окуу менен айкалышып туруусу зарыл.

Шар жана аң-сезимдүү окуунун начар болуусунун башкы себеби катары төмөнкүлөр болуусу мүмкүн:

- окуу техникасы менен иштөөгө мугалим тарабынан жетишерлик көңүл бөлүнбөй калуусу;
- окуучуларды кызыктыруу чөйрөсүнүн жоктугу же пассивдүүлүгү;
- ата-энелер тарабынан баланын окуусуна болгон көзөмөлдүн начар деңгээлде болуусу;
- социалдык факторлор ж.б.

Жогорудагы көйгөйлөрдүн ичинен башталгыч класстын мугалиминин орду биринчи кезекте турат. Ошондуктан мектеп практикасында окуучулардын шар окуусунун билим жана билгичтиктерин өнүктүрүү боюнча түрдүү жумуштар жүргүзүлүп келет. Алар:

- динамикалуу окутуу;
- чынжыр түрүндө окуу;
- жупта жана топто окутуу;

- жаңырык окуу;
- хордук окуу;
- окуу ылдамдыгын өз алдынча текшерүү ж.б.

Шар жана аң-сезимдүү окууда окуучунун ийгилиги анын ишмердүүлүгүнүн мотивациясынан көз каранды болот. Же тескерисинче, ийгилик мотивди жаратуусу мүмкүн. «Мен жакшы окуй алам, ошондуктан дагы окугум келет!» деп окуучу улам жаңы ийгиликке умтула берет. Окууга болгон кызыгуусун арттырууда мугалим ар бир окуучу үчүн ийгиликке жетүүнүн кырдаалын түзүп туруусу абдан маанилүү.

Шар окууда тиешелүү окуу ылдамдыгы сакталышы зарыл. Анткени абдан жай же өтө тез окуган бала окуганынын маанисин түшүнө албай калышы толук мүмкүн. Бирок, ошол эле учурда окуу ылдамдыгы гана негизги көрсөткүч болуп саналбайт, мында ар бир тамганы, сөздү, сүйлөмдү, текстти туура окуу, көркөм окуу, тыныш белгилерге жараша жана тексттин мазмунун түшүнүп, кырааты менен окууга басым жасалат.

Демек, аң-сезимдүү окуу шар окуу менен абдан тыгыз байланышта экендиги ар бир мугалимдин көңүл борборунда болууга тийиш. Шар окуу аң-сезимдүү окуу менен шайкеш келгенде гана окуучу окуган текстин мазмунун түшүнүүгө жетишет. Бул, албетте, баланын окууга болгон кызыгуусунун, окуу ишмердүүлүнүгүнүн, окурмандык маданиятын калыптандыруунун башкы фактору болуп саналат.

## 3.2. Адабий окуу предметинде окуучулардын окуу-таануу ишмердүүлүктөрүнүн баскычтары

Адабий окуу сабагында окуучулардын окуу-таануу ишмердүүлүктөрүн калыптандыруу жана өркүндөтүү бул эң биринчи кезекте окуу китептери аркылуу ишке ашырылат. Аны үчүн окуу китептеринин методологиялык

аппаратын түзүүдө төмөндөгүдөй технологияларды колдонуу максатка ылайыктуу болот:

- адабий тексттин жанрдык табиятын, негизги мазмунун, өзөгүндө жаткан идеяны талдап билүүчү тапшырмалардын системалуу болушу;
- текст аркылуу окуучуларга адабий-эстетикалык билим берүүгө, нравалык-этикалык жана этнопедагогикалык таалим-тарбия берүүгө багытталган суроолордун коюлушу;
- окутууну ишмердүүлүктүн негизинде уюштуруу;
- тексттин мазмунуна жараша окуучунун сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүү;
- «ой калчоо» стратегиясы аркылуу окуучуларга проблемалуу кырдаалдарды чечүүнү сунуштоо;
- текстин каармандарын мүнөздөй алууга, аларды бири-бири менен салыштыра билүүгө, алар аркылуу адамдардагы түрдүү мүнөздөрдүн, адамдык сапаттардын болушун иликтей алууга, алардын тарбиялык таасирин талдап билүүгө багытталган суроолордун болушу;
- сынчыл ойломдун түрдүү стратегияларын колдонуп, өз алдынча ой жүгүртүүсүн уюштуруу ж.б.

Ал эми окуу китептин методикалык аппаратын тексттен тышкаркы төмөндөгүдөй компоненттер түзүүсү зарыл:

- тексттин сюжетине жараша иллюстрациялардын камтылышы;
- текстти окугандан кийин анын идеялык мазмунун, адабий-мазмундук табиятын, тарбиялык таасирин ачуу максатындагы суроолордун берилиши;
- текстке жараша окуучулар аткаруучу жекече тапшырмалардын коюлушу;
- түшүнүүгө кыйын сөздөрдүн маанисин чечмелөөчү сөздүктөрдүн берилиши;
- сынчыл ойломдун стратегияларына ылайык түрдүү кошумча чиймелердин, таблицалардын, диаграммалардын орун алышы;

- белгилүү авторлордун чыгармалары фото сүрөттөрү менен коштолушу ж.б.

Китептин мазмунунун тематикаларын түзгөн ар бир бөлүмдөрдүн жана чейректердин аягында окуучулардын өздөштүрүүсүн байкоо, баалоо, системалоо максатындагы суроо-тапшырмалар, окуучунун окуу техникасын текшерүү, кебин өстүрүү максатында колдонулуучу тексттердин орун алышы да окуучулардын окурмандык кызыгуусун ойготот жана окуу-таануу ишмердүүлүктөрүн өркүндөтөт.

Окуучулардын окуу-таануу ишмердүүлүктөрүнүн баскычтарын төмөндөгүдөй бөлүштүрүүгө болот:

**1-баскыч – билим баскычы.** Ал адабий чыгарманын, мейли ал жанры боюнча ыр, аңгеме, жомок болсун, алардын сюжети, мазмуну эмне тууралуу, каармандары кимдер, алардын мүнөздөрү, кылык-жоруктары кандай, жасаган иштеринин мааниси эмнеде деген сыяктуу суроолорго окуучулардын жооп берүүсү аркылуу аныкталат.

Демек, билим баскычында окуучулар чыгарманын аталышы, жанры, сюжети, темасы, идеясы, окуялар, фактылар, каармандар тууралуу маалыматтуу болушат, берилген суроолорго жараша жооп беришет.

**2-баскыч – түшүнүү баскычы.** Мында аңгеме, жомок, ырдын таанытуучулук жана тарбия берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү, каармандарынын таасири кандай, балдар эмне үчүн жомокту жакшы көрүшөт, жомок чынбы, же жалганбы, анын турмуш менен кандай байланышы бар деген суроолор боюнча аңгемелешүү жүрөт.

Дал ушундай суроолорго жооп берүү аркылуу түшүнүү баскычында окуучулар адабий чыгарманын таанытуучу жана тарбия берүүчү таасирин каармандардын кылык-жоруктары, жасаган иш-аракеттери, жүрүм-туруму аркылуу түшүнүшөт. Оң жана терс каармандардын мүнөздөрү менен сапаттары аркылуу турмуштагы жакшы менен жаманды, адал менен арамды ажыратып түшүнүшөт.

**3-баскыч – колдонуу баскычы**. Аңгемелер менен жомоктордун каармандарынын мүнөздөрү, адамдык сапаттары кандай, алар эмнеге тарбиялайт, эгер биз ошол каармандардын ордунда болсок, кандай кылар элек, биз ошолордой боло алабызбы, терс каармандарды эмне үчүн биз жактырбайбыз, оң каармандар бизге эмне үчүн жагат деген сыяктуу суроолор түрмөгүнө окуучулар жооп берүүсү керек.

Колдонуу баскычында чыгармалардагы каармандардын жакшы сапаттарын үйрөнүү  жана ага таасирленүү менен балдар жакшы иштерди жасагылары келишет, терс сапаттарын сындоо менен адамдарга жакшы мамиле жасап, турмуштагы жакшы менен жаманды ажыратууга көнүгөт.

**4-баскыч – талдоо баскычы.** Бул баскычта окуучулар төмөндөгүдөй суроо-тапшырмаларды аткара алышы керек: Адабий чыгарманы кантип талдап түшүнүү керек, канткенде  чыгарманын идеясын, автордун оюн балдар жеткиликтүү  түшүнүшөт?

Аталган баскычта окуучулар чыгарманын идеясы, темасы эмне тууралуу, анда эмне тууралуу айтылганын талдоо менен,  бул чыгарманын балдардын эмоциясына тийгизген таасирин, алардын чыгармага, анын каармандарына оң же терс баа беришин, каарман эмне үчүн ошондой кылганын, ал текстте кантип, кандай сөздөр менен элестүү берилгенин ж.б. талдап үйрөнүшөт.

**5-баскыч – баалоо баскычы.**  Мында чыгарманын  таанытуучулук, тарбия берүүчүлүк баалуулугу эмнеде, анын өзөгүндө кандай элдик тарбиялык идеялар жатат, ал чыгарма «Адабий окуу» китебине киргизилгени туура болуптурбу, бул чыгарманын кандай тарбиялык мааниси бар, дагы кандай чыгармаларды окусак дейсиңер деген суроолор боюнча аңгемелешүү уюштурулат.

Баалоо баскычында окуучулар чыгарманын идеясынан, анын образдарынан улам адамга керектүү жакшы баалуулуктарды табышат. Чыгарма кандай тарбия берерин, анда кандай элдик идеялар жатканын, автору чыгарманы жазууда кандай ойду айткысы келгенин баалап айтышат.

**6-баскыч – чыгармачылык баскычы.** Окуучулар окуган ыр, аңгеме, жомоктордун таасиринде жана алардын үлгүсүндө ошондой тематикада жаңы, өз алдынча чыгарма жаза алабы, ошондой окуялар силердин да турмушунарда болду беле, ошондой образдагы адамдар биздин чөйрөдө барбы, чыгарманы дагы кандай чыгармачыл уюштуруу иштери аркылуу тереңдетип өздөштүрүүгө болот ж.б. суроо-тапшырмалар аркылуу машыгат.

Чыгармачылык баскычында окуучулар үйрөнгөн ыр, аңгеме жана жомоктордун сюжетине жана идеясына окшоштуруп, өзүнүн жаңы чыгармасын жазууга аракет кылышат. Аларды класста жарыя окушат, сюжетине карата сүрөт тартышат, инцонировкалашат, образдарды түзүшөт, өзүлөрүнүн чыгармачыл мамилесин калыптандырышат.

Жогоруда көрсөтүлгөн баскычтарга ылайык окуучулардын иш-аракеттери адабий окуу процессинде кандай ишке ашат? Мугалимдин сабакты уюштуруу иш-аракеттери кандай болот? Кандай методдорду колдонуу натыйжалуу болот? Кандай суроо-тапшырмалар берилет? Мына ушул багытта сабактардын айрым үлгүлөрүнө көз чаптырып көрөлү.

3-класста *Т.Касымбековдун «Туулган жер» аңгемесин* окутууда үч багытта максаттар коюлат. 1. Билим берүүчүлүк: Аңгеменин жалпы мазмуну менен таанышып, түшүнө алат. Түшүнгөнүн мазмундуу, ырааттуу айтып бере алат; туулган жердин кымбаттыгын, ыйыктыгын, алыс кетсе сагынып, куса болорун баланын образы аркылуу түшүнө алат; Сатыкулга мүнөздөмө бере алат; макалдардын маанисин түшүнүп, чечмелей алат. 2. Өнүктүрүүчүлүк: Сынчыл ой жүгүртүү, ойлорду талдай билүү, баяндап айтуу көндүмдөрү калыптанат; сөз байлыгы өсөт. 3. Тарбия берүүчүлүк: Туулган жерди сүйүүгө, кадырлоого үйрөнүшөт; ынтымактуу болуп, бири-бирине сылык мамиле жасоого көнүгүшөт.

Көрсөткүчтөр:

Жогорудагы коюлган максаттар ишке ашат, эгерде…

- чыгарманын мазмуну менен таанышып, түшүнө алса;

- түшүнгөнүн мазмундуу айтып бере алса;
- туулган жерин сагынган баланын ырынын маанисин түшүнүп, өз оюн айта билсе;
- балага мүнөздөмө берип, аны чыгарма аркылуу далилдүү айта алса;
- баланын туулган айылын көргөндө толкунданып, кубанычы койнуна батпай апкаарыган жерин чыгармадан таап, көрктүү окуп бере алса;
- чыгарманын мазмунуна ылайык макалдардын маанисин чечмелеп, түшүнө алса;
- сынчыл ой жүгүртүү, ойлорду талдай билүү, баяндап айтуу көндүмдөрү калыптанса;
- туулган жерди сүйүүгө, кадырлоого үйрөнсө;
- ынтымактуу болуп, бири-бирине сылык мамиле жасоого көнүксө.

Жаңы материалды окуп-үйрөнүү сабагы тибин, ролдук оюн формасын тандап алдык. Өз алдынча жана класс менен иштөө, кластер түзүү ыкмаларын колдондук.

Мугалим балдарга мындай суроо менен кайрылат.

1. Балдар, силер туулган жер дегенди кандай түшүнөсүңөр?

Балдар өз ойлорун айтышат. Бул учурда сөзсүз «Алтын эрежелерди» мугалим балдардын эсине салып турушу зарыл. Ар бир окуучу өз көз карашын эркин айтууга укугу бар. Ар бир баланын оюн мугалим доскага жазып турат («Ар бир ой баалуу»).

«Туулган жер» аңгемесин ролдоштуруп окушса болот.

Ролдордо:

1. Автор
2. Сатыкул
3. Тилеген аке

Ролдоштуруп окууда образга кирип, так, көркөм окууга мугалим багыт берип, өзү үлгү көрсөтүп отурат.

**Автор:** *Калтылдак көпүрөдөн өткөн сон, солго бурулдук да, улам өр тарта жээктеп жүрүп кеттик. Кара-Суу буркан-шаркан күрүлдөп жатат. Туш тарап жыш токой.*

**Сатыкул:** *Ой-и-ий... Ак-Жол!.. Карачы, Тилеген аке, Ак-Жол!..*

**Автор:** *Сатыкул жадырап-жайнап мен бул жерди биринчи жолу көрүп отургансып, колу менен жаңсап коюп, бажырай берди.*

**Автор:** *Тигине, и-и-ий... биздин там!.. Миңбай абамын тамы... Нуркулдардын тамы... Ой-и-ий... дагы эле турган турбайбы!.. Тилеген аке, бизчи... Нуркул экөөбүз, тээтиги жерде ойноп жүрчү элек, дүмбүл бышырып жечү элек!..*

**Тилеген аке:** *Нуркул, азыр да бардыр. Бирок жүгөрү чабыкка эми кирди да. Дүмбүл жок.*

**Сатыкул:** *Биле-ем. Биз, Нуркул экөөбүз жазында кайырмак салчу элек да!.. Ой-и-ий... ошондочу, Тилеген аке, чо-оң балык илинткенбиз. Анан, түштө сууга, өзүбүз балык болуп ойногондочу... Ой-и-ий, анда тим эле, сонун болчу да!..*

**Автор:** *Ирееттүү бак-дарак, жээгине ак тал менен мырза терек кырка толгон, желкилдеген көк камыштуу арыктар, кертилип-кертилип тилкеленген огороддор, өйдө-ылдый кеткен ийри-буйру жолдор, камыш чатырлуу тепирейген-тепирейген ак тамдар жүрөгүндө сагынычы бар баланын көзүнө өз энесинин көзүндөй жылуу, сыйлуу көрүнүп кетти.*

*Сатыкулдун жүзү ушунчалык жадырады. Көздөрү бажырайып, кирпиги кылгырып шаттык төктү. Ал мойнун созо улам обдула берип, Ак-Жол үстүнө кыдырата көз жүгүртүп, канаты болсо туулган жеринин үстүн жүз мерте, миң мерте чарк айланып чыкчудай. Ошондо да жарпы жазылбачудай, сагынычы басылбачудай!..*

*Муну байкап отуруп, менин оюм он талаа болду...* [9]

**Тилеген аке**: *Э, Сатыш, айылды сагындыңбы?*

**Автор:** *Бала дагы эле Ак-Жол тараптан көзүн албай акырын гана башын ийкегиледи:*

**Сатыкул:** *Ий-йи... Апамды Ак-Жолубузга кетели десем, болбойт... Күзүндө дейт... жүрө берет... А мен ыйлачу элем... Ошондочу... Тилеген аке... ошондо минтип ырдагам. Ырдап берейинби?..*

**Тилеген аке**: *Кана, ырдачы, Сатыш!..*

**Сатыкул:**

*Адырга чыккан жекенмин,*

*аргымак минер бекемин...*

*аргымак оозун чойдуруп,*

*о-ой, айлыма качан кетемин?..*

*Капталга чыккан жекенмин,*

*караны минер бекемин...*

*каранын оозун чойдуруп,*

*о-ой, калкыма качан кетемин?..*

**Автор:** *Эт-жүрөгүм элжиреп кетти. Баланы так көтөрүп ала коюп, бешенесинен өөп-өөп жибердим! Тели-теңтушун, агайын-тууганын, киндик каны тамган Ата журтун учуп-күйүп самайт! Мындай ымыркайдан баралына жетсе, бармак басым бир айыл эмес, мүлдө кыргызга пайдасы тийген, керегине жараган бир азамат чыгып жүрбөсүн?!*

*Бир аздан кийин ырыскы жыттуу – өз туулган айылыбыз Ак-Жолубузга кирип бардык*[9].

Калган окуучулар көңүл коюп угушат. Берилген суроолорго жооп берүү менен чыгарманын мазмунун эстерине түйүшөт жана талдашат.

Төмөндөгүдөй суроолор берилет:

1. Сатыкул туулган айылын көргөндө кандай абалда болду? Ошол жерин чыгармадан таап, үн чыгарып көрктүү окугула.
2. Бала эмнелерди эстеди? Ал ушул кезге чейин каякта жүрдү деп ойлойсуңар?
3. Туулган жерин сагынган баланын ырынын маанисин кандай түшүндүңөр?
4. Силер да алыс бир жакка барганда туулган айылыңарды сагынган учуруңар болду беле? Сүйлөп бергиле.
5. Макалдардын маанисин чечмелеп, класста ой бөлүшкүлө.

«Ар кимдин туулган жери өзүнө ыйык», «Туулган жердин топурагы алтын», «Туулган жерим – туу казыгым» ж.б.

Жалпы алган билимдерин жалпылоо максатында кластер түзүшөт.

Сатыкулга мүнөздөмө бергиле:

- жаш бала, туулган жерин сагынып жүрөт, туулган жер жөнүндө ыр ырдайт, акылдуу, мээримдүү ж.б.

Үйгө тапшырма катары биринчиси – чыгарманы кайрадан окуп чыгып, түшүнгөндөрүн жана экинчиси – айылдарын, шаарларын сүрөттөп айтып берүү берилет.

Мугалим бул чыгарма тууралуу билүүгө тийиш жана окуучулар менен талдоого алынуучу нерселер:

Чыгарма 1958-жылы жазылган. Ал кезде автор студент болчу, анын эң биринчи басма сөздө жарык көргөн чыгармасы да ушул. Май айындагы жайлоонун кооздугу абдан так, живопистик таамайлык менен сүрөттөлөт. Окуя Тилеген деген мугалим болуп иштеген каармандын баяндоосу менен айтылат. Жайлоодон келе жаткан жолоочулар жол боюндагы жалгыз үйгө

бурулат. Үй ээси аял жолоочуларда адегенде жактырбай карайт. Анан ошол үйдөн «он бирлер чамасындагы бир кара бала дикилдеп жетип келет. Ал бала Тилегенди көрөр менен «эдирейип, анан кулачын жайган бойдон, ээ-жаасыз» мойнуна асылат.  Көрсө, бул бала алардын тууганы Сатыкул экен. Тилеген үйгө кирер менен «Сатыкул бир тиземди чыканагы менен баса отурду да, алагар көздөрүн алаң-булаң эткизип, мени улам-улам тиктеп коюп, аны-муну сурап бежирей берди». «Карачы, боор да» деген тарашадай арык кемпир башын чайкап шыпшынып «Атасы тирилип келгенсип, сүйүнүп кетпедиби!» дейт.

Мына ошентип эки каармандын кездешүүсү менен чыгарманын окуясы түйүндөлө, табышмактана баштайт. Окуучуларда окурмандык кызыгуу пайда болот: биринчи кызыгуу – мугалим Тилеген менен Сатыкулдун кандай жакындыгы, туугандык кандай мамилеси бар экендиги; экинчи кызыгуу – арык кемпир конокту жана баланы жактырбай жатышы; үчүнчү кызыгуу – баланын тагдыры, анын атасына карата тигил кемпирдин «атасы тирилип келгенсип» деп айтып жатышы.

Тексттин ушул бөлүмүндө окуучулардын кызыгуусун ойготуу үчүн мындай суроолорду чечмелеп алууга болот:

1. Тилеген кайдан, эмне үчүн келе жатат?
2. Кемпир менен Сатыкулдун кандай туугандык байланышы болушу мүмкүн?
3. Сатыкул келген конокко неге мынча жакындап алды?
4. Окуя андан ары кандай болот деп ойлойсуңар?
5. Өзүңөрдү силер менен тең Сатыкул катары ойлогула да, мындан ары эмне кылышыңарды чечкиле?

Баланын психологиялык абалы: *«...жерден бир тал чөптү тырс үзүп алып, аны кош колдоп кармап, улам учун керте тиштеп, жер тиктеп*

*мисирейди. Ойго чөмүлгөнсүдү...» «...Ал айранды караган жок. Ийнин жамаачы баскан, күнгө көп кийилгендиктен оңуп кеткен, эски көйнөгүнүн тыттын ширеси жуккан этегин кармалап:*

- *Мен да барам!.. – деп күбүрөдү»* [9].

Окуя эми өнүгүп барат. Сатыкул атасы каза болуп, таенесинин колунда бөтөн элде, бөтөн жерде жашап жатыптыр. Ак-Жол айылына бара жаткан Тилегенди көргөндөгү психологиялык абалы ошол үч жылдык сагынычтан улам экен. Бала өз айылына бара жаткан мугалимди ээрчип туруп алды. *«Таенеси эле тыртаңдайт, кейип-кепчип баланы нары тартат, Сатыкул болбостон дулдуңдап, бош колунун муштуму менен жашын сүртүп-сүртүп, балбалактап мен жакка тырмышат. Эмне кыларымды билбей эки ортодо калдым. «Кой илешпе, сени мен алып кетпейм!» деп, алеп-желеп болуп турган баланы каксамбы же: «Жээн эл болбойт, желке тон болбойт, сиз буга тырмышпаңыз!» деп карыны силкип шагын сындырсамбы?.. Мен бир жагына тарта албадым. Ошентип бырылдап жатып, Сатыкул таенесинин таржайган колун тиштеп алды.*

- *Какый-ий… балакет баскыр!.. – Кемпир колун силкип жиберип, баланы чокуга укуп калды. – Тишиң өтө чыкпадыбы!*

*Апасы келип этектен сермей берерде Сатыкул ойт берди да, өңгүрөп ыйлаган бойдон дикилдеп жүгүрүп, тупатуура мен кете турган жакка беттеди:*

- *Мен кетем… кете-ем!.. – Нарыраак узап алып, «эми баспайсыңбы» дегенсип, мени жал-жал карап токтоду. – Ү-ү-ү-ү… У-у-у!..* [9]

Акыры жетим бала атасынын айылынан келген тууганын ээрчип Ак-Жолго кетет. Жазуучу баланы көзү менен туулган жердин керемет көрүнүшүн сөз менен тартып берет.

Мугалим бул чыгарманы окуп-үйрөтүү менен балдардын окурмандык кызыгууларын арттыруу үчүн бул фактыларга токтолот.

1- факт. «Туулган жер» аңгемеси – жазуучунун биринчи чыгармасы.

2- факт. Кийин Т.Касымбеков «Жылкычынын уулу», «Жетилген курак», «Алымкан», «Келкел», «Ак кызмат», «Чапкын», «Баскын» сыяктуу кыргыз адабиятынын тарыхында чоң орду бар чыгармаларын жазды. 7-класста бул автордун «Адам болгум келет» повести менен 11-класста «Сынган кылыч» романы менен таанышасыңар.

3- факт. Эгер ким түшүнүп окуй алса, Төлөгөн Касымбековдун «Жылкычынын уулу» жана «Адам болгум келет» деген чыгармаларын окуп чыккыла.

Эми окуучулардын чыгарманын мазмунун, андагы каармандын иш-аракеттерин баалоосуна жана чыгармачылык менен иштөөсүнө багытталган окутуу методикасын көрөлү.

3-класста үйрөнүлүүчү *«Дарак да ыйлайбы?»* деген чыгарма**.**

Процедура:

1. Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:

- Балдар, силер кандай ойлойсуңар, дарактар да ыйлашы мүмкүнбү? А канаттууларчы? Жаныбарларчы? Өз оюңарды айтып көргүлөчү?

2. Окуучулардын жоопторун уккан соң, аңгемени мугалим көрктүү окуп берет.

«Марат ташмылтык жасаганга ылайык ачакей бутак издеп жүрүп, аны үйдүн тушундагы ак кайыңдын төмөнкү бутагынан тапты. Чөнтөгүнөн макисин алып чыгып ачакейди кесип алды. Кайыңдын түбүнө отуруп, анын кабыгын тазалады. Ошол кезде колуна тамчы тып этип тамды. Марат өйдө жакты карады. Асман ачык эле. Ишин кайра улантты. Көп узабай колуна экинчи ирет тамды. Ошондо ордунан туруп, «кайдан таамп атты болду

экен?» дегендей, өйдө жакты карай баштады. Ана, тамчы эми бетине тамды. Көрсө, алиги бутагы кыйылган жерден сызылып суу чыгып жатыптыр.

Марат буга аң-таң калды. Ал тамчыны үйүнө келгенден кийин да унута албады. Бул жөнүндө атасына да айтты. А атасы ойлонуп калды.

– Жер бетинде көгөрүп турган өсүмдүктүн баары адамдар сыяктуу эле тирүү, – деди ал кыйладан кийин. – Аларды сындырсаң, кыйсаң эти ооруйт, жабыркайт, кыйналат.

Марат атасына таңгала карады:

– Чын элеби?

– Тиги тамчы бекер тамды дейсиңби, уулум? – деп сөзүн улантты атасы. – Ал жөнөкөй тамчы эмес, кайындын көз жашы го? Балким кесилген жеринин оорусуна чыдабай, ыйлап жаткан чыгар…» [9]

Тексттин мазмуну менен таанышкан соң, классты үч топко бөлүп, аларга тексттен өзгөчө маанилүү, кызыктуу деп эсептеген сүйлөмдөрүн алып цитата бөлүмүнө, ал эми анын кеңири маанисин комментарий бөлүгүнө ар бири өз алдынча жазуусун тапшырат.

**Таблица 3.1. – Үлгү**

| **Цитата** | **Комментарий** |
|---|---|
| – Марат ташмылтык жасаганга ылайык ачакей бутак издеп жүрүп, аны үйдүн тушундагы ак кайыңдын төмөнкү бутагынан тапты. Чөнтөгүнөн макисин алып чыгып ачакейди кесип алды [9]. | – Марат таш мылтык жасап, канаттууларды атууну каалады. Ошондуктан ачакей бутак издеди. Аны ак кайыңдан тапты да, маки менен кесип алды. Ал кайыңды аяган жок. Эч нерсени ойлогон жок. Болгону өз максатына жетүү үчүн гана аракеттенип жатты… [9] |

| | |
|---|---|
| – Тиги тамчы бекер тамды дейсиңби, уулум? – деп сөзүн улантты атасы. – Ал жөнөкөй тамчы эмес, кайындын көз жашы го? Балким кесилген жеринин оорусуна чыдабай, ыйлап жаткан чыгар… [9] | – Атасы баласына ал тамчы ак кайыңдын көз жашы экендигин түшүндүрдү. Кайың кесилген жеринин ооруганына чыдабай ыйлап жаткан го деген божомолун айтты. Жаратылыштын ар бир өсүмдүгү, дарагы адам баласы сыяктуу тирүү жан. Аларды аяп, аяр мамиле жасоо керек… [9] |

Ар бир топ аткарган иштерин презентация кылышат (Мугалимдин же окуучулардын каалоосу боюнча).

Мугалим жана окуучулар аларга суроо берүү аркылуу жыйынтыкташат.

**Потенциалы:** Окуучулар бул ыкма аркылуу тексттин мазмуну менен өзүнүн ой-пикирин жана жеке тажрыйбасын байланыштырат, алардын сабакка жана чыгарма окууга кызыгуусу артат. Барактын комментарий бөлүгүнө ушул цитатанын жазуунун себеби, ал кандай ой-пикирлерди жана суроолорду пайда кылгандыгы жөнүндө комментарий жазышат.

Мугалим балдарды талкууга тартуу жана жаңы теманы бышыктоо максатында суроо менен кайрылат:

1. Марат кантип таш мылтык жасады? Анын максаты эмне эле?

2. Ак кайыңдын кыйылган бутагынан тамган тамчы жөнүндө бала атасына айтып, анан андан кандай жооп укту?

3. Силер кандай ойлойсуңар, чын эле дарак ыйладыбы?

4. Марат эми эмне кылат деп ойлойсуңар? Чыгарманын окуясын андан ары өзүңөр уланткыла.

Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат.

Үйгө тапшырма катары төмөнкүлөр берилет.

1. Чыгарманы кайрадан окуп чыгып, түшүнгөнүн айтып берүүгө машыккыла.

2. Силер да Марат сыяктуу табийгатка зыян келтирген жок белеңер? Класста ой бөлүшүүгө даярданып келгиле.

3. Аталардын сөзүнүн маанисин талдап, чогуу ой бөлүшкүлө.

❖ Көк чөптү үзбө, боюң өспөй калат.

❖ Жаш бутакты сындырба, убал болот. Сен дагы ошол бутактай жашсың.

❖ Булакты булгаба, ак ниет адам тазалыкты булгабайт.

4. Курбуңар Берметтин «Жоогазын» аттуу ырын окуп, өзүңөр да ушул сыяктуу ыр жазганга аракет кылгыла.

Бул сабакта, байкалып тургандай, окуучулардын ар бир окуяны, каармандардын иш-аракеттерин, сүйлөгөн сөздөрүн, чыгарманын мазмунуна ылайык накыл кептерди талдоо менен, аларга баа берип, өз ойлорун чыгармачылык менен оозеки же жазуу жүзүндө билдирүүсүнө өбөлгө түзүлөт. Өз алдынча чакан ыр, эссе жазууга үйрөнүшөт. Демек, мына ушундай иш-аракеттерден улам окуучунун таанып-билүү ишмердүүлүгү, көркөм адабиятка карата окурмандык мотивациялары жөнөкөйдөн татаалга карай, тактап айтканда, билим баскычынан улам өйдөлөп отуруп, чыгармачылык менен иштөө баскычына көтөрүлөт.

### 3.3. Жомоктор – кенже мектеп жашындагы балдардын окурмандык кызыгууларын калыптандыруунун каражаты катары

Кыргыз адабият таануусунда жомоктордун табиятын ачып берүү орус адабиятчыларынын (Э.В.Померанцева, В.А.Бахтина, А.И.Никифоров ж.б.) эмгектерине негизделип жүргүзүлгөн. Орус эл жомокторун В.Я.Пропп «Исторические корни волшебной сказки», «Русская сказка» ж.б. эмгектеринде терең изилдеген. Ал эми кыргыз адабият таануусунда жомоктор проблемасы К.Мифтаков, Ы.Абдыракманов, А.Токомбаева, С.Байхожоев, С.Кайыпов ж.б. адабиятчылар тарабынан талдоого алынган.

Аларды окуу китептерине киргизүү, башталгыч класстарынын окуулуктарына сунуштоо XX кылымдын 20-30-жылдарынан башталат, ал учурдагы авторлор У.Абдукаимов, М.Абдыкеримов, Э.Арабаев, А.Осмонов, К.Тыныстанов, С.Нааматов ж.б. өздөрү жомок жазууга жана которууга киришкен. К.Тыныстановдун «Эне тили» окуулуктарына «Адам тууралуу», «Куштар», «Аялдар», «Малдар», «Талаага тай өнүптүр», «Тергөө», «Малдардын талашы», «Арпа менен буудай», «Ууру», «Таштанды ит», «Алдар көсөө жана шайтан», «Калпычы» ж.б. жомок менен реалисттик сюжеттер аралаштырылган чыгармалары киргизилген.

Жомоктордун педагогикалык мааниси К.К.Кыдыралиевдин «Проблемы воспитания в киргизских народных сказках» (1979) деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясында жана «Проблемы познания и воспитания в киргизских народных сказках» деген китебинде (1979) чагылдырылган. Бул багытта айрым ойлор А.Муратовдун «Кыргыз эл педагогикасы: табияты, тарылышы жана тарыхы» деген китебинде [217], А.Алимбеков менен А.Асанованын «Кыргыз жомоктору улуттук руханий-адептик баалуулуктарды изилдеп үйрөнүүнүн булагы катары» деген макаласында [58] берилет. Жомоктордун терепиялык мүмкүнчүлүктөрү жана аларды азыркы мектепте ошол багытта колдонуунун технологиялары С.К.Рысбаевдин «Жомок терапиясы технологиясы жана аны практикада колдонуу ыкмалары» деген макаласында [264] көрсөтүлөт. Бул адабий жанрды мектептердин V-VI класстарында окутуунун методикасы боюнча Н.Мараимованын «Республиканын мектептеринин V-VI класстарында адабий жомокторду окутуунун методикасы» деген темадагы [193] диссертациясында изилдеген, А.Шералиева «Кыргыз орто мектептеринде фольклорду окутуунун методикасы (V-VI класстардын мисалында)» деген диссертациясынын [333] айрым бөлүмдөрүндө жомокторду талдоонун жолдору жана каражаттары тууралуу сөз кылат.

Ал эми азыркы учурда башталгыч класстарда жомоктор жана адабий жомоктор бир кыйла эле көп берилген.

2-класстын «Адабий окуу» китебинде (Б.А.Абдухамидова, С.К.Рысбаев, К.И.Ибраимова) 20 жомок сунушталган. Алар:

«Жыл жана анын балдары»

«Жолоочу менен жылан»

«Ырыс алды – ынтымак»

«Ит менен аюу»

«Түлкү менен сүлөөсүн»

«Алтын аяк»

«Айбанаттардын талашы»

«Акылдуу кыз»

«Кырк амалдын бири»

«Байчечекей»

«Чиркей, чабалекей жана жылан»

«Таранчы»

«Толубай сынчы»

«Жээренченин баласы»

«Акылдуу бала өзүнүн шаарын кантип сактап калды?»

«Карышкыр менен түлкү»

«Чыпалак бала»

«Алдар көсөө жана хандын вазири»

«Түлкү менен кумурска»

«Торгой».

3-класстын «Адабий окуу» китебинде (Б.А.Абдухамидова, С.К.Рысбаев, К.И.Ибраимова) 12 жомок сунушталат. Алар:

«Жалкоо»

«Акылдуу бала»

«Эки бир тууган»

«Бакыт-таалай каякта?»

«Гүл жана булбул»

«Сүмөлүк»

«Атасын жакырланткан бала»

«Чептен эрдин күчү бек»

«Билебиз» (Корея эл жомогу)

«Баатыр коён»

«Көз жаш»

«Түлкүнүн абышка менен карышкырды алдаганы.

4-класстын «Адабий окуу» китебинде (С.К.Рысбаев, К.И.Ибраимова, Б.А.Абдухамидова) 4 жомок сунушталат. Алар:

«Эне»

«Айгүл гүлү»

«Акылдын күчү»

«Баарынан эмне таттуу?»

Жомокторду мектептерде окуп-үйрөнүүдө ири алдыда анын табиятын, үйрөтүүчүлүк жана тарбиялоочулук мүмкүнчүлүктөрүн аңдап билүүбүз абзел.

Жомок, адегенде, эне тили сабактарында окуп-үйрөнүүнүн объектиси (негизги текст) катары каралмакчы, тактап айтканда, жомоктор тил сабагында, да адабий окуу сабагында да негизги окуу материалдарынын милдетин аткарат. Ал окутуу менен тарбиялоо ишинде пайдаланылуучу баалуулуктардын жана жүргүзүлүүчү көптөгөн иш-аракеттердин комплексин өзүнө камтыган окуу материалдардын нукура өзү экендигин эске салат. Окуучунун эстетикалык керектөөсү талап кылган, жан дүйнөсүнө жакын турмуштук, психологиялык жагдайлар да, мугалим өз ишинде пайдалануучу психологиялык, педагогикалык, этнопедагогикалык идеялар да жомоктун мазмунуна сыйдырылган. Демек, бул жагдайдан алганда, жомок – окуп-үйрөнүүнүн объектиси гана эмес, ал элдик рухтун алтын сандыгы, түгөнбөс, көөнөрбөс алтын казынасы. Элдик тарбиянын алмашылгыс каражат-куралы катары бааланат.

Экинчиден, жомок (аны бүтүн бир текст катары карасак) адамдын кеп ишкердүүлүгүнүн табылгасы, башкача айтканда, жомок – элибиздин кепкордугунун, талантынын, сөзгө чебердигинин натыйжасында жаралган сөз мунарасы.

Балага жомок окуп берүү, жомок үйрөтүү, талдоо иштери – баланын өз жомогун табууга, жаратууга, окурман катары сүйүктүү жомокторун издеп окууга багытталгандыктын бир  белгиси. Баланын өзүнүн жомок чыгарууга аракеттенүүсү жана ага жетишүүсү бала менен мугалимдин бүткүл чыгармачыл ишинин натыйжалуу, максаттуу жана да жемиштүү болгонун далилдейт. А бардык эле бала «өз жомогун» жаратууга жетише албайт. Андай сапат таланттуу балдарда гана болуусу, же жомоктун табияты ага өзгөчө таасир эткендигинен гана келип чыгуусу да ыктымал. Ошондуктан, жомок менен иштөөдө мугалимдин чыгармачыл иши төмөндөгүдөй жүрүүсү мүмкүн:

- жомок менен таанышуу сабагы;
- жомокту талдоо сабактары;

- өз жомогун чыгаруу, аны талдоо-талкууло сабактары;
- жомок окуунун негизинде окурмандык компетенттүүлүккө ээ болгонун текшерүү сабагы.

Ушундай сабактардагы ишкер аракеттерден кийинки ийгиликтер гана жомок-кеп ишкердүүлүгүнүн тууундусу деген тыянакка түздөн-түз алып келмекчи.

Жомок менен иштөө да комплекстүү машыгуу түрүндө болмокчу.

Текст топтомдорунан айырмаланып, жомок – сюжеттүүлүгү, окуяларынын логикалуулугу, образдуулугу, эмоционалдуу таасир берүүчүлүгү, эстетикалык рахат тартуулоосу менен айырмаланат. Жомок этнопедагогикалык маани-маңызы бар лексикалык, грамматикалык курулушу бүтүн, ички маанилик байланышы өзгөчө окуу материалы.

Ошондуктан, аны окуп-түшүнүүдө мугалим өз алдына эки түрдүү максат коёт. Биринчисинде: жомоктун сюжети, идеялык мазмуну, образдары талданат, андан соң, айрым сөздөрдүн мааниси, анын тексттеги ойду ачуудагы ролу мисалдар менен ачылат. Сүйлөмдөрдүн ички логикалык байланышы үйрөтүлөт, окуучунун байланыштуу кебин жана кеп маданиятын өстүрүүдөгү ролу да көңүлдүн борборунда болот.

Демек, жомоктун мазмундук жагы жана лексика-грамматикалык түзүлүшү адабий окуу сабагында окуучуга билим-тарбия берүүдө комплекстүү кызмат аткарат. Аны мугалим ар бир сабагында максатуу пайдалануусу жана иш процессинин методикалык аппартын туура уюштуруусу кажет.

Жомок менен иштөөдө, текст менен иштөө кандай болсо, ошол ыкмалар колдонулат. Мында да текстке чейинки иш, текст менен иштөө жана тексттен кийинки иш деген ыкмалар пайдаланылып, мугалимдин кандай кандай натыйжага жетишүүгө болорун мисалга тарталы.

Мисалы, «Бала шаарын кантип сактап калды?» аттуу жомок менен кандай иш жүргүзүүгө болорун сөз кылалы.

1). Жомок менен иштөөнүн **биринчи этабы**: жомокко чейинки иш.

Окуучуларга суроолор коюлат:

- Жомокто ким жана эмне жөнүндө сөз болорун байкадыңарбы?

- Мекендин алдында ар бир атуулдун кандай парзы бар экенин өз алдыңарча ойлонгула?

- «Парз» деген сөздү түшүнөсүңөрбү? ж.б.

Бул суроолор боюнча талкуулоо жүрүп, окуучуларды жомоктогу ойду алдын ала түшүнүүгө багыттаган соң, мугалим жомокту үн кубулуп көрктүү окуйт. Эгер мугалим сюжетти образдуу кылып кайра көркөм айтып берсе, андан да таасирдүү болор эле.

Андан соң, текст боюнча иштөө жумушу **(экинчи этап)** аткарылат.

Иштин бул этабында:

- окуучулар жомоктун мазмуну менен таанышат;
- каармандардын мүнөздөрү аркылуу адамдардын мүнөздөрү кандай болорун таанып-билишет;
- каармандардын кебине, образдарга баа беришет;
- көрктүү окуп машыгышат, сүйлөмдөрдүн кыргызча көрктүү айтылышын үрөнүшүп, машыгышат;
- окуу ылдамдыгы текшерилет.

Андан соң, текст менен иштөөнүн **үчүнчү этабына** өтөбүз. Мында жомок боюнча бышыктоо иш-аракетин жүргүзөбүз. Адегенде, суроо-жооп түрүндө бышыктайбыз.

1) Баскынчы ханга элчиликке баруу үчүн бала жанына эмнелерди алды?

2) Хандын суроолоруна бала кандай жооп берди?

3) Хан акылман баланын сөзүнө эмне үчүн ыраазы болду?

4) Хан менен баланын сөздөрүнө өзүңөрчө баа бергиле.

5) Ата Мекендин алдында ар бир атуул өз милдетин аткаруу үчүн эмне кылуусу керек деген ойдосуңар?

Суроо-жооп менен жеңил (репродуктивдүү) бышыктоодон көрө, чыгармачыл бышыктоонун мааниси өтө чоң. Бул иштер жомок боюнча балдар өз ойлорун тексттен алынган мисалдар менен далилдөө сынчыл ойломун бекемдөө, ал аркылуу балдардын ички нравалык, адеп-ыймандык жетилүүсүн текшерүү, атага кызмат кылган баланын эмгегин баалоо менен коштолмокчу ж.б. Мындай учурдагы окуучулардын жекече көз карашын, өз оюн, өз сөзүн угуу өзгөчө көңүлгө алынууга тийиш.

Андан кийин жомокко фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык мүнөздөгү талдоолорду жүргүзүү аркылуу түрдүү машыктыруучу көнүгүүлөрдүн системасын түзсө болот. Булар – жомоктун мазмундук жана структуралык табиятын эне тил жана адабий окуу сабактарында комплекстүү түшүнүүгө кеңири жол ачат. Ал жомоктун окуучунун байланыштуу кебин жана кеп маданиятын калыптандыруудагы ролу чоң экендигин айгинелейт.

Жомоктун көпчүлүгүнүн адеп-ахлак, эмгек, билим, өнөргө умтулуу, мекенди коргоо, адамдарга адилет кызмат кылуу сыяктуу түбөлүктүү темалар мүнөздүү. Аларда келечек муундарына адеп-ахлактык тарбия берүү, эмгекке, илим-билимге жана өнөргө үйрөтүү, мекенге адилет кызмат кылуу идеялары бекем сиңирилген. Ал эми, анын структурасында ойдун башталышы – илгери-илгери деп сынатталып, андан кийин негизги ой айтылып, андан соң аягы: «ошентип, баары жыргап-куунап жатып калыптыр» деп жыйынтыкталат да, ошол негизги бөлүмдө айтылган идеяны «бүгүнкү күн үчүн сабак болсун» деп кыйытып, көңүлгө бек сакталышын шарттап, ойлонууга түртөт. Жомоктун күчү мына ошондо.

Демек, ал традициялуу башталыш (зачин) жана бүтүм (концовка) менен өзүнүн жанр катары белгисин сактайт. Ошол сюжеттик курулуштун аягында тарбиялык насаат (мораль) чыгарылат.

Мугалим жомокту окуп бүтүргөн соң, ага окуучуларды лексикалык-фонетикалык, грамматикалык-стилдик талдоо жүргүзүүгө машыктырат. Ал комплекстүү талдоо деп аталат да, төмөндөгү тартипте жүргүзүлөт. Учурда башталгыч мектепте фольклордук чыгарманы талдоо төмөндөгүдөй түрдө болуусу талапка ылайык келет:

1) Жомокту (же макал-лакапты ж.б.) адабий чыгарма катары талдоо, анын идеялык маанисин, сюжетин, анын негизинде жаткан, тарбиялык таасирин талдоо.

2) Жомокту окуучу өзүнүн жан дүйнөсү аркылуу кабыл алуусуна, ал боюнча ойлонуп түйшөлүүсүнө, ички талабын канааттандыруусуна жараша талдап түшүнүүгө багыт берүү.

3) Жомоктогу, макал-лакаптагы кыргыз элинин улуттук рухий баалуулуктарын жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкалыштырып баалоо аркылуу талдап-түшүнүк берүү.

4) Бул ыкмалар аталган элдик чыгармалардагы этнолингвистиканы, элдик нукура баалуу сөздөрдү үйрөтүү, анын маани-маңызын түшүндүрүү, кебибизде, турмушубузда колдонулуш жагдайларын билдирүү.

Бул ыкмалар жомокторду окуп-үйрөнүүнү, албетте, педагогикалык-психологиялык, методикалык эмгектердеги урунттуу ойлорду таяныч кылып алып, аларды өздөштүрүүнүн методикалык жана психологиялык методдорун колдонуп иштөөнү түшүндүрмөкчү. Жогоруда эскертилип өткөндөй, бул ирет жомокторду окуп-үйрөнүүнүн өзгөчөлүктөрүнө көңүл койдук, ошондо да, балдардын турмуштук көрүнүштөргө баа берүү, баалоо, анын баланын инсан катары өсүүсүнө тийгизген таасири, анын социалдык кырдаалдарга жараша калыптануусу, турмуштук «эреже-нормалар», баланын кылык-жоруктары, акырында, жомоктордун баланын жүрүм-турумуна, тарбиясына

тийгизген таасирлери практикада кандай экендиги иликтөөгө алууга басым койдук.

Дегинкиси, жомокторду баалап-билүү өзүнчө эмоционалдык-психологиялык, нравалык-этикалык чен-өлчөмдөр менен бааланарын окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө далилдеп келишкен. Ал чен-өлчөмдөр муну менен түшүндүрүлөт, т.а.: биринчиден, эгер баланын тигил же бул каармандын кылык-жоругуна, жүргөн-турганына баа берүүсүн текшергибиз келсе, анда, анын «жакшы» же «жаман» деген баасы менен; экинчиден, эгер, бала каармандын ички толгонууларына, ой жүгүртүүлөрүнө баа бергиси келсе, анда «туура» же «туура эмес» деген баасы менен баалайт. Булар баланын рухий таяныч-тиреги болор баалуулуктарга мамилеси кандай экендигин байкоочу чен-өлчөм боло алат. Булардан улам балдар балдар турмуштагы жакшылык менен жамандыктын эмне экендигин баалоосу, «жакшы» менен «жаман» сапаттарды айрып тааный билүүсү – адамдык изги сапаттарынын калыптанышынын абалын алдыртан баамдай билүүгө негиз болбой койбойт.

Жомоктор балдарга кызыктуулугу жана алардын кыялый сезимдерине таасир эткендиги менен өзүнө тартат. Жомокко катуу берилген бала дагы жомок уккусу келет, ата-энелери, чоң ата-чоң энелерине балдарын жомокко угарман катары кызыктырып, ага тарбиялык мааниси күчтүү окуяларды киргизип, анын жанрдык мүмкүнчүлүгүн пайдалана алат. А.С.Пушкиндин «Балык жана балыкчы тууралуу жомок», «Хандын өлгөн кызы жана жети баатыр жөнүндө жомок», «Алтын короз тууралуу жомок», «Поп жана анын малайы Балда жөнүндө жомок», «Падыша Салтан тууралуу жомок», А.Жуковскийдин «Иван-Царевич жана боз карышкыр тууралуу жомок», «Уйкудагы ханзаада», Л.Н.Толстойдун «Үч аюу», П.Ершовдун «Конёк-горбунок» ж.б. чыгармалары орустун классикалык жомоктору болуп, миңдеген муундарды жомокко болгон окурмандык кызыгууларын ойготкон. Чыңгыз Айтматов мындай деп айтат: «Кат сабаты ачылбаса да, өзүнчө бир

керемет сыйкыр акыл-эс ээси болгон чоң энем элдик ырларды, кошокторду жана жомокторду аябагандай көп билчү. Балалыгымдын таттуу күндөрү ошол чоң энемдин мээрими менен өттү» [51, 6]. Болочок жазуучуга чоң энеси күн сайын жомок айтып берип уктатчу, жомогу түгөнүп калганда «кошуналардан сурап келейин» деп чыгып кетчү экен. Демек, Айымкан чоң эне баланын жомокко карата угармандык (кийин окурмандык) кызыгуусун ойготкон биринчи информатор болгон.

## 3.4. Башталгыч класстардын окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүү аркылуу алардын окурмандык маданиятын калыптандыруу

Кыргыз эли байыртадан сөз өнөрүн бийик тутуп, «Манас» сыяктуу дүйнөдө теңдешсиз улуу дастандарды, баа жеткис мазмундуу накыл кептерди жаратып, ошого жараша улам кийинки муундарын тарбиялап-өстүрүп келишкен. Бүгүнкү эгемендик кезинде мына ошол элдик сөз өнөрүн мектеп окуучуларына жеткирүү, алардын рухий дүйнөсүн мыкты адабий образдар менен байытуу, кебин өстүрүү, сүйлөө маданияты менен жазуу сабаттуулугун жаштайынан тарта бекемдөө сыяктуу маанилүү милдеттер күн тартибине коюлууда.

Башталгыч класстарда окуучулардын кебин өстүрүүгө, ошону менен бирге, китеп окуу ишмердүүлүгүн түптөөгө арналган бирден-бир окуу предмети «Адабий окуу» болуп саналат.

**«Адабий окуу» предметин окутуунун максаты** – кенже мектеп окуучусунун адабий билимин түптөө, окурмандык ишмердүүлүккө багыттоо, эне тилинде кебин өстүрүү, сөздүк корун көбөйтүү менен жазуу-оозеки байланыштуу кеби менен кеп маданиятын өстүрүү, ошону менен бирге, көркөм ойлоо жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу болуп саналат.

Окуучунун эне тилинде кебин өстүрүү адабий окуу предметин окутуунун негизги милдеттеринин бири болуп саналат [227]. Мында китепте

берилген көркөм тексттерди окуу менен, окуучулардын эне тилиндеги кеби өнүгөт, сөздүк кору байыйт, чыгармадагы окуяларды өз сөзү менен баяндап, сүрөттөп жана ой жүгүртүп айтып берүү менен, алар адабий ой жүгүртүүсүнө негиз болот.

Аталган предметти өз максатына жетерлик деңгээлде уюштуруу, сабакты талаптагыдай жүргүзүү үчүн анын окуу китеби менен иштөөгө карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо жана кошумча дидактикалык материалдары керек. Окуучунун эне тилинде кебин өстүрүүгө жетишүү мугалимдин чыгармачылык менен иштөөсүн, түрдүү булактардан изденүүсүн жана педагогикалык чеберчилигин талап кылат.

Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу боюнча жылдын аягындагы жетишүү деңгээлине жана компетенттүүлүктөрүнө коюлуучу талаптарында сөз байлыгы компоненти боюнча төмөнкүлөр белгиленген [96].

**Таблица 3.2. – Класстар боюнча сөз байлыгынын компонеттери**

| **Сөз байлыгы** | | | |
|---|---|---|---|
| **1-класс** | **2-класс** | **3-класс** | **4-класс** |
| 1. Жашоо-турмушу (үй-бүлөсү, достору, оюнчуктар жаныбарлар, мектеп) менен байланышкан материалдардагы сөздөрдүн маанисин айта | 1. Өтүлгөн материалдардагы сөздөрдүн маанисин түшүндүрө алат. | 1. Сөздөрдүн маанисин туура колдонуп сүйлөм түзө алат. | 1. Сөздөрдү маанисине ылайык кебинде колдонот. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| алат. | | | |
| 2. Мааниси карама-каршы болгон айрым сөздөрдү айтат (мисалы: чоң-кичине, ачуу-таттуу ж.б.). | 2. Тексттен маанилери карама-каршы айрым сөздөрдү таба алат. | 2. Маанилери карама-каршы сөздөрдү пайдаланып сүйлөм түзөт. | 2. Мааниси карама-каршы болгон сөздөрдү кебинде пайдалана алат. |
| 3. Маанилери окшош айрым сөздөрдү айтат (мисалы: бөрү-карышкыр, эне-апа ж.б.). | 3. Өтүлгөн материалдардан маанилери окшош сөздөрдү таба алат. | 3. Маанилери окшош сөздөрдү кебинде колдоно алат. | 3. Ылайыгына жараша маанилери окшош сөздөр менен алмаштыра алат. |
| | 4. Айтылышы жана жазылышы бирдей, бирок мааниси ар башка болгон сөздөрдү айта алат (мисалы: ат. 1. ат – адамдын ысымы, 2. ат – жылкы, 3. ат – мээлеп атуу ж.б.). | 4. Айтылышы жана жазылышы бирдей, бирок мааниси ар башка болгон сөздөрдүн маанилерин контекстке жараша түшүндүрө алат. | 4. Айтылышы жана жазылышы бирдей, бирок мааниси ар башка болгон сөздөрдү маанисине ылайык кебинде колдоно алат. |
| 4. Өзүнүн жашоо- | 5. Өтүлгөн материалдардаг | 5. Өтүлгөн материалдардагы | 5. Өтүлгөн материалдардаг |

| | | | |
|---|---|---|---|
| турмушу менен байланышкан сөздөрдү кебинде туура колдонот. | ы жаңы сөздөрдү кебинде колдонот. | жаңы сөздөрдү кебинде колдонот. | ы жаңы сөздөрдү кебинде колдонот. |
| 5. Жекелик жана көптүк түрдөгү сөздөрдү айырмалай алат. | 6. Жекелик жана көптүк түрдөгү сөздөрдү туура айтат. | 6. Жекелик жана көптүк түрдөгү сөздөрдү кебинде туура колдонот. | 6. Текст жаратууда жекелик жана көптүк түрдөгү сөздөрдү туура колдоно алат. |
| | 7. Образдуу сөздөрдү тексттен таба алат. | 7. Өтүлгөн тексттеги айрым образдуу сөздөрдү кебинде колдоно алат. | 7. Өтүлгөн тексттеги образдуу сөздөрдү кебинде колдоно алат. |
| 6. Айрым макалдарды айта алат. | 8. Айрым макалдардын маанисин тексттин мазмунуна жараша түшүндүрө алат. | 8. Айрым макалдардын маанисин талдай алат. | 8. Айрым макалдарды маанилерине ылайык кебинде колдоно алат. |
| 7. Зат, буюм, нерселерди аталыштарына, өңү-түсүнө ж.б. | 9. Сүрөт эмне тууралуу экендигин айта алат. | 9. Сүрөттүн фрагменттерин баяндап айтат. | 9. Сүрөттөн көргөнүн баяндап айта алат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| жараша сүрөттөн таап көрсөтө алат. | | | |
| 8. Сүрөттөн көргөн нерселерин атайт. | 10. Сүрөткө карата берилген суроолорго жооп бере алат. | 10. Сүрөткө карата суроолорду түзө алат. | 10. Сүрөттөн көргөндөрүн баяндап текст түзө алат. |
| | 11. Тааныш эмес сөздүн маанисин башка булактардан алат (окуу китебиндеги сөздүктү колдонот, мугалимден сурайт). | 11. Тааныш эмес сөздүн маанисин башка булактардан алат (мугалимден сурайт, окуу китебиндеги сөздүктү колдонот, башка балдардан сурайт). | 11. Тааныш эмес сөздүн маанисин башка булактардан алат (мугалимден сурайт, окуу китебиндеги сөздүктү колдонот, башка балдардан сурайт, кошумча сөздүктөрдөн карайт). |

Жогоруда белгиленген базалык талаптарды аткаруу үчүн адабий окуу сабагында мугалим менен окуучулардын ортосунда кандай иш-аракеттер жүргүзүлүүгө тийиш? Башталгыч класстардын окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүү үчүн кандай көнүгүүлөр аткарылат? Эмесе, ушул багытта сөз кылып көрөлү.

Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүнүн жолдоруна ылайык төмөнкү көнүгүүлөр топтому менен иштөө жакшы натыйжа берерин белгилөөгө болот:

**1. Чаташкан логикалык чынжырлар.** Мугалим чыгармага тиешелүү кайсы бир сүйлөмдү, же абзацты кагаз тасмаларына жазып алат да, аны бир нече бөлүктөргө бөлүп коёт. Окуучулар логикалык бир бүтүндүктү сактап, аны топтоштурууга тийиш. Мында балдар ар бир сөздүн маанисин туура түшүнүү менен, аларды сүйлөмдөгү, же абзацтагы катар орду боюнча жайгаштырышат.

**2. Макалдарды толуктоо.** Өтүлгөн темага байланыштуу бир нече макалдарды алып, алардын баштапкы, же акыркы бөлүгүн гана жазып коюп, калган бөлүгүн табуу тапшырмасы берилет. Мында макалдын жашырылган бөлүгүн туура табуу менен бирге, анын маанисин чечмелөө да баланын сөз байлыгын өстүрүүгө жардам берет. *Мисалы: Бата менен эл көгөрөт, .... (жамгыр менен жер көгөрөт), же болбосо .... (Жакшы кыз жакадагы кундуз), жакшы жигит көктөгү жылдыз ж.б.д.у.с.*

**3. Сүйлөмдөрдү толуктоо.** Карточкаларда сүйлөмдөгү айрым сөздөр атайын калтырылып берилет. Окуучулар сүйлөмдүн маанисине ылайык тиешелүү сөздөрдү табууга тийиш. Мугалим кашаанын ичине атайын бир нече сөздөрдүн тизмесин берип коюшу мүмкүн. Сүйлөмдөгү калтырылган сөздү туура табуу менен бирге, анын маанисин чечмелеп берүү да баланын ой жүгүртүүсүн жана сөз байлыгын өстүрүүгө түрткү болот. *Мисалы: Түндүк менен керегени бириктирүүчү чабак жыгачтарды ... дешет (бакан, уук, ача жыгач, чий). Боз үйдүн уук бекитилүүчү, таяныч жыгач жасалгасы ... делинет (кырчоо, бакан, түндүк, кереге) [247].*

**4. Уйкаштыктарды табуу.** Адабий окуу, класстан тышкаркы окуу боюнча китептерде уйкаштыктарга тиешелүү бир нече чыгармалар топтому берилген. Мектеп практикасында айрым мугалимдер бул чыгармаларды тек гана жаттатуу менен чектелишерин белгилешет. Ыр түрүндөгү чыгармадан уйкаштыктарды табуу менен бирге, окуучуга өз алдынча дагы башка уйкаштыктарды табуу тапшырмасын берүү, алардын маанисин түшүндүрүү тапшырмасы сөз

байлыгын өстүрүүдө абдан маанилүү. Мисалы, акын Ы.Кадыровдун сөздүк ырын карап көрөлү:

Байыркы мезгил – **алмустак,**

Бал татыган – **балмуздак**.

Семичкенин кабыгы – **бөчөк,**

Сайманын бир аты **– көчөт.**

Куштун тырмагы – **текөөр,**

Конокко эт тарткыч – **бөкөөл** ж.б. [251, 15]

**5. Сөздүк-табышмактар.** Бул чыгармалар балдардын ой жүгүртүүсүн, сөз тапкычтыгын гана өстүрбөстөн, табылган сөздүн маанисин түшүнүп, сөздүк запасын кеңейтүүгө да өбөлгө түзөт. Албетте, бул максат мугалимдин багыт берүүсү, жетекчилиги астында ишке ашат. Адабий окуу китебинде бул багытта бир нече чыгармалар берилген. Айрымдарына көңүл бөлүп көрөлү:

Суюк болсо **.уу**,

Ысытса **.уу**,

Чурулдаса **.уу**,

Кол чабылса **.уу**,

Учса **.уу**,

Көтөрсөн **.уу**. *(суу, буу, чуу, дуу, куу, туу)*

*Же болбосо,*

Карышкырдан кичине,

Анын аты **ч..** болот.

Атчан адам эгерде,

Аттан түшсө **ж..** болот. *(чөө, төө) [9] ж.б.*

**6. Сөз куроо.** Мында балдар бир сөзгө мүчөлөрдү жалгоо, же бир сөз менен экинчи сөздү айкалыштыруу, же аралашкан ариптерден бир нече сөздөрдү куроо менен жаңы маанидеги сөздөрдү табышат, алардын маанилерин түшүндүрүп беришет. Мисалы:

**БУЛ**га кошсом **БУЛ**ду,

Болуп чыкты **БУЛБУЛ**.

**Б** ордуна Дны койсоң,

Кадимки эле **ДУЛДУЛ**. (А.Кыдыров) [8]

*же*

**«Төртөө»** деген жазуунун

Тапсаң сыры ачылар.

Кичинекей бул сөздө

Үч нерсенин аты бар. *(төрт, өрт, төө) ж.б.*

(Т.Самудинов) [251, 87].

**7. Сөз оюндары.** Өз оюндары аркылуу окуучуларды тапкычтыкка, ой жүгүртүүгө, кебин өстүрүүгө толук мүмкүнчүлүктөр бар. Мындай чыгармаларга логогрифтер, метаграммалар, шарадалар, анаграммалар жана акро ырлар кирет.

Мугалим сабакта бул сөз оюнунун шартын балдарга так, жеткиликтүү түшүндүрүп, багыт берүүсү зарыл. Мисалы, анаграммада, адегенде, табышмакталган сөздү таап, андан кийин ал сөздөгү айрым тамгалардын ордун алмаштыруудан жаңы сөздү алынат. *Мисалы:*

Качырата кар басып,

Кыш мезгилде киесиң.

Алмаштырсаң тамгасын

Өкүнүчтү билесиң ж.б. *(өтүк, өкүт)* [9, 121].

**8. Сөздүк менен иштөө.** Бул иш-аракет ар бир сабак сайын жүргүзүлүүгө тийиш. Жаңы чыгарманы өтүүдө балдар үчүн бейтааныш болгон сөздөрдүн маанисин түздөн-түз, текст менен таанышкан соң, контексттин ичинде чечмелөө зарыл. Сөздүктөр ар бир чыгарманын соңунда берилген. Мугалим ыңгайына жараша алардын маанисин балдардын эсине салып, кебинде колдонууга түрткү берип турат. *Мисалы: керки-чот – устанын куралдары, чокой – жылуу кийиз өтүк, мансапкор – атак-даңкка умтулган, маанай – көңүл ж.б.*

**9. Мааниси окшош, же тескерисинче мааниси каршы сөздөрдү табуу.** Мында окуучуга үлгү катары айрым сөздөрдүн окшош же каршы маанилери берилет. Ал эми бала калган сөздөрдүн окшош, же каршы маанилерин өзү табууга тийиш. Орунсуз кайталоолордон качуу максатында да кара сөз түрүндө жазылган чыгармалардагы айрым сөздөрдүн окшош маанилерин табуу тапшырмасын берүү да жакшы натыйжа берет. *Мисалы:*

**Мааниси окшош сөздөр**

Аштык – эгин,

Жалган – ...

Жашык – ыйлаак,

Сый – ...,

Шам – чырак,

Алыс – ...

**Мааниси каршы сөздөр**

Уста – чоркок,

Эр жүрөк – ...

Арык – семиз,

Жалкы – ...

Сараң – март,

Жаш – ... [8, 82-83].


**10. Сүрөт менен иштөө** (предметтик жана кырдаалдык сүрөттөр). Мында сүрөттө берилген ар бир предметтин атын туура атоо менен бирге, аларды катыштырып сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү, айрым учурларда чакан текст түздүрүү зарыл. Ал эми кырдаалдык сүрөттөр аркылуу сүрөттөө, баяндоо же ой жүгүртүү мүнөзүндөгү тексттерди түздүрүүгө болот. Бул болсо, баланын ар бир аракетин колдоо менен багыт берип, өздүк чыгармасын жаратууга өбөлгө түзөт.

**11. Образдуу сөздөрдү таба алуу, колдоно алуу.** Мугалим окуучулар менен биргеликте тексттерден көркөм, образдуу сөздөрдү таап, алардын маанилерин талдап-чечмелеп, оозеки жана жазуу кебинде колдонууга багыт берет. Мисалы: *Акбалта аксакал менен акылман Чыйырды алысты ойлошуп, Орозду чоң атасы сыяктуу Манас да эл-жерин коргой турган **көк жал шер** болоруна, **арстандай түрү бар, ажыдаардай сүрү бар баатыр** экенинине ичтеринен кудуңдашып, анын келечегине зор ишеним менен карашат. (С.Байгазиев)* [9, 52].

**12. Чыгармалардагы окуяны өз алдынча чыгармачылык менен улантуу.** Окуучулардын ой жүгүртүүсүн, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өстүрүү максатында чыгарманын окуясын чыгармачылык менен өз алдынча өзгөртүп жыйынтыктоого, каармандардын иш-аракеттерин өзгөртүп түзүүгө мугалим тарабынан багыт берилет. Мында: «Сен бул каармандын ордунда болсоң кандай кылат элең?», «Окуянын аягы кандай аяктайт деп ойлойсуң?», «Сен кандай аякташын каалайт элең?» ж.б. суроолорго ылайык өзүнүн чыгармасын жаратат ж.б.

Ар бир үйрөнүлүп жаткан сөз, сөз айкашы, сөз берметтери баланын оозеки жана жазуу кебинде үч жолудан кем эмес (андан көп ирет колдонулса, дагы жакшы!) колдонулууга тийиш. Жаңы үйрөнүп жаткан сөздү бала, биринчиден, туура айтууга, экинчиден, ал сөздүн маанисин түшүнүүгө, үчүнчүдөн, жаңы сөздүн маанисин контексттин ичинде түшүнүүгө, төртүнчүдөн, жаңы сөздү

катыштырып сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү түзө алууга, бешинчиден, ага маанилеш сөздөрдү, же тескерисинче, мааниси карама-каршы келген сөздөрдү таба алууга ж.б. жетишсе – бул да баланын сөз байлыгын өстүрүүгө, кеп маданиятын, окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруу негизги өбөлгө болорун белгилөөгө болот. Сөз байлыгы өнүкпөгөн бала – окурман катары да өнүкпөгөн бала бойдон калат.




**Сүрөт 3.1. Окурманды калыптандыруу процессиндеги этаптар**

Бул сүрөттө чагылдырылгандай, автордун (акын-жазуучунун) аракетинен (ишмердүүлүгүнөн) көркөм чыгарма жаратылат. Ошол чыгарма анын китепке киргизилет (окуу китеби, аудиокитеп болушу да мүмкүн). Кийинки процесс ошол китептеги автор жазган же айткан чыгарманы

мугалим окуучуларга окуп жана, талдап берип түшүндүрөт (интерпретациялайт), ошондон кийин окурман пайда болот. Демек, окурмандын пайда болушу, калыптанышы жогорудагыдай этаптар менен тыгыз байланыштуу, баары бири-бири менен карым-катышта турушу керек.

«Манастын бала кези» деген теманы окутууда окуучулардын манас темасына кызыгуусун арттыруу үчүн окуучулар Манастын бала кези, анын эмне үчүн «Чоң жинди» аталышы, алгачкы жеңиши тууралуу билишет; өз ойлорун чыгармадан мисал келтирүү менен далилдей алышат. Бул сабактан негизги максаты – окуучулардын тил байлыктарын өстүрүү аркылуу эне тилибиздин сөз корун, архаикалык жана тарыхый сөздөрдү өздөштүрүү. Сөз өстүрүү менен бирге окуучулар чыгарма аркылуу ар намыстуу, эр жүрөк болуп эли-жерин коргоо керектигин түшүнүшөт. Мугалим окуучуларга:

– Манас ким болгон? Ал тууралуу билгениңерди айтып көргүлөчү? деген суроо менен кайрылат. Окуучулар билгендерин айтып беришет.

Окуучуларга таркатылуучу тексттин бөлүктөргө болжолдуу бөлүштүрүлүшү.

1. Биринчи тиркемени алган окуучулар тобу тааныш эмес жаңы сөздөрдү таап, ошолордун маанисин тактайт.

№1 тиркеме

*Айткандай эле, чоң атасы Ороздуну тартып, Манас бала күнүнөн акылдуу, эч нерседен жалтанбаган баатыр чыгат. Ченде жок тентектигинен улам «Чоң жинди» деп атыгат. Айылдаш, канатташ жашаган калмак, манжуулардын балдарынан: «Тентип келген бурут, буруттун балдарын чуркуратып курут», – деп кордогон, теңсинбеген, басынткан сөздөрдү угат. Манас бала да болсо, «тентиген дегени кандай, мен ким болом, кайдан келгенбиз, элибиз кайда?» деген сыяктуу суроолордун тегерегинде ойлоно баштайт.*

Үйрөнүлүүчү сөздөр: Чоң жинди, калмак, манжу, тентип келген, бурут, чуркуратып курут.

Бул суроолордун чечүү – «Манас» эпосунун баш жагындагы текстти окуп чыгуу менен байланышат, аны окубаса, Манастын Чоң жинди аталышын, кыргыздардын тентип кеткенин билишпейт. Булар тууралуу мугалим кыскача айтып берип, окуучулар текст менен таанышуусу керек.

2. Экинчи тиркемени алган окуучулар тобу тексттеги фразеологиялык сөз айкаштарды таап, алардын маанисин тактайт.

№2 тиркеме

*Сегиз жашка келгенде кырк үйдөн кырк бала топтоп, калмак-кытай, манжуунун сексен баласын токмоктоп, чилдей таратат. Манас кыргызга ким душман, ким дос экенин эрте эле тааныйт. Он эки жашка чыкканда Айманбоз деген ат минип, ок өтпөгөн тон кийип, жаш жолборстой чамынып, жоого аттанат. «Калмак, кытайдын чоң Бээжиндеги падышасы Эсендин кишисимин, кыргыз аттууну чабам, жылкысын тием, бала Манасын байлап кетем» – деп, жети жүздөй кол менен каарданып каптап келген каракалмак манжуунун Кочку баатыры менен бала Манас биринчи жолу беттешет. Манас качырып келип, сырнайза менен коюп өткөндө, тоодой болгон чоң Кочку атынан кулап түшөт. Айланасына бүлүк салып, дүрбөлөң түшүргөн, кармаган жеринен кан чыгарган, каарынан жан чыгарган баласынын ченде жок тентектигинен, өлөрүнө карабаган өрттүгүнөн чочулап, Жакып азганактай журт элек, калмак, кытайдын каарына калып жүрбөйлү, кайрадан түбүбүзгө жетип жүрбөсүн, деп тынчы кетип катуу сарсанаа болот.*

Тексттин бул бөлүгүндө фразеологиялык сөз айкаштары көп, окуучулар алардын маанисин мугалим менен бирдикте ачып чыгат. Алар:

чилдей таратуу

жаш жолборстой чамынуу

жоого аттануу

кыргыз аттууну чабуу

жылкысына тийүү

байлап кетүү

каптап келүү

качырып келүү

кармаган жеринен кан чыгаруу

каарынан жан чыгаруу

түбүнө жетүү ж.б.

Булардын маанисин түшүнүүнү мугалим сөздүктөрдүн жардамы аркылуу ишке ашырат. Эмне үчүн мындай сөздөр чыккандагын, алардын речтеги маанисин түшүндүрөт. Окуучуларга эпостун ичинен эки-үч бет алып, ошондогу ушундай туруктуу сөз айкаштырын таап келүүгө тапшырмаларды берүү да алардын «Манас» эпосуна болгон кызыгуусун арттырат.

3. Үчүнчү тиркемени алган окуучулар тобу тексттеги салаштыруулар менен иштейт.

№3 тиркеме

*Ал эми Акбалта аксакал менен акылман Чыйырды болсо алысты ойлонушуп, Орозду чоң атасы сыяктуу Манас эл-жерин коргой турган көкжал шер болоруна, арстандай түрү бар, ажыдаардай сүрү бар баатыр экенине ичтеринен кудуңдашып, анын келечегине зор ишеним менен карашып, Жакыпка акыл-кеңештерин айтышып: «Санаага батпай сабырдуу болгонуң оң», – дешет.*

*Ал эми Акбалта болсо: «Кечээ калмак кыргызды чаап алганда, мына ошондо өлгөнбүз, бул душмандын кордугун, так эки миң жолу көргөнбүз, ойлосоң боло, ой Жакып, Кара-Өзөн кайда, эл кайда, аталаш кыргыз эл*

*кайда? Ок өтпөс тон кийгизип, ок жетпес ат мингизип, Манасты жоого сактап багалы», – деп жүйөлүү сөз айтат.*

Салыштыруулар: арстандай түр, ажыдаардай сүр. Мында Манас баатырдын ким экендигин, кандайлыгын билдирүү үчүн арстанга, ажыдаарга салыштырып жатат.

Ушул текстти төмөнкүдөй суроолордун чечмелөө менен бышыктоого болот:

1. Манас кыргызга ким душман, ким дос экенин эртелеп таанышына эмне себеп болуптур?

2. Манас канча жашында жоого аттанды? Анын калмактын Кочку баатыры менен күрөшкөн жерин чыгармадан таап, үн чыгарып окугула.


3. Манастын эр жүрөктүүлүгүнөн чочулаган Жакыпка Акбалта аксакал кандай кеңеш айтты?

4. Макалдардын маанилерин чечмелегиле:

«Эр жигит эл четинде, жоо бетинде».

«Эр энеден туулат».

Окуучулардын алган билимдерин жалпылоо максатында сабактын башында **Манаска мүнөздөмө берип, кластер** түзүшөт.




**Сүрөт 3.2. Манаска мүнөздөмөнүн кластери**

Үйгө тапшырмага төмөнкүлөр берилет:

1. Чыгарманы кайрадан окуп чыгуу, мазмунун айтып берүү.
2. Манаска берилген мүнөздөмөнү жомоктун окуялары аркылуу далилдөө.
3. Эрдик, эр жүрөктүк тууралуу макалдарды таап келүү жана маа-нисин чечмелөө.

## Үчүнчү бап  боюнча корутунду

**Үчүнчү бап «Текстти интерпретациялоо процессинде окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн мотивациялоо»** деп аталат. Анын *«Аӊ-сезимдүү жана шар окуу методу – окуучунун окурмандык ишмердүүлүгүн мотивациялоонун алгачкы ачкычы»* деген 1-параграфында окуу – бул мектеп окуучусунун башкы ишмердүүлүгү, мугалим менен окуучунун чыгармачылык байланышынын күрөө тамыры катары каралат.

Башталгыч мектептин мугалиминин эӊ башкы максаттарынын бири – окуучуларды текстти шар жана аӊ-сезимдүү окууга үйрөтүү. Буга жетүүнүн жолу – ар бир окуучунун окууга болгон кызыгуусун калыптандыруу жана өз алдынча окуусун туура уюштуруу. Шар окуу – текстти тыныш белгилерине, интонацияга, маанилерине көӊүл буруу менен туура, көркөм, ылдам окуу ишмердүүлүгү. Анын жогорку деӊгээлине жетүүнүн критерийлер: тыбыштарды так аныктоо; аларды тамга менен байланыштыруу; муундарды туура кошуу; сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү өз орду менен түзүү; окууда үн кубултуу; тексттеги эмоцияларды билдирүү; түшүнүп окуу; окуганын айтып берүүгө даяр болуу. Шар окуу көндүмү өз ичине төрт компонентти камтыйт: туура окуу (тамганы, сөздү, сүйлөмдү), окуу ылдамдыгы (1-класс – 20-25 сөз, 2-класс – 35-40 сөз, 3-класс – 55-60 сөз, 4-класс – 70-80 сөз), көркөм окуу

жана тыныш белгилерге (үтүр, чекит, суроо белгиси, илеп белгиси, көп чекит ж.б.) көңүл коюп окуу. Мына ушундай окууга жетишкен окуучу аң-сезимдүү окууга өтөт. Шар окуу – аң-сезимдүү окуу – түшүнүп окуу = окурмандык кызыгуу. Ушул процесс окурманды калыптандыруунун биринчи негизи. Шар окуу андан ары аң-сезимдүү окууга өтүп, текстти түшүнгөндө гана баланын окууга болгон кызыгуусун, окуу ишмердүүлүгүн, окурмандык маданиятын калыптандыруунун башкы фактору боло тургандыгы диссертациянын ушул параграфында көрсөтүлдү.

Экинчи параграф *«Адабий окуу предметинде окуучулардын окуу-таануу ишмердүүлүктөрүнүн баскычтары»* деп аталат. Мында өз изилдөөлөрүбүздү жыйынтыктап окуучулардын окуу-таануу ишмердүүлүктөрүнүн баскычтарын төмөндөгүдөй бөлүштүрдүк: 1-баскыч – билим баскычы; 2-баскыч – түшүнүү баскычы; 3-баскыч – колдонуу баскычы; 4-баскыч – талдоо баскычы; 5-баскыч – баалоо баскычы; 6-баскыч – чыгармачылык баскычы. Ушундай баскычтардан өткөн окуучу окуган ыр, аңгеме, жомоктордун таасиринде жана алардын үлгүсүндө ошолорго окшотуп көркөм чыгарма жазууга жетишет. Мындай баскычтар менен окутууга мисал катары диссертацияда 3-класста Т.Касымбековдун «Туулган жер» аңгемесин окутууну мисал катары көрсөттүк.

Окуучулардын чыгарманын мазмунун, андагы каармандын иш-аракеттерин баалоосуна жана чыгармачылык менен иштөөсүнө багытталган окутуу методикасы катары 3-класста үйрөнүлүүчү «Дарак да ыйлайбы?» деген чыгарманы окутуунун ыкмаларын жана жолдорун сунуш кылдык. Бул эки чыгарманы үйрөтүүдө биз сунуш кылган баскычтар менен окутуу технологиясы окуучунун таанып-билүү ишмердүүлүгүн, көркөм адабиятка карата окурмандык мотивацияларын жөнөкөйдөн татаалга карай өстүрүү, тактап айтканда, билим баскычынан улам өйдөлөп отуруп, чыгармачылык менен иштөө баскычына көтөрүлүү процесси ушул бөлүмдө чагылдырылды.

*«Жомоктор – кенже мектеп жашындагы балдардын окурмандык кызыгууларын калыптандыруунун каражаты катары»* деген үчүнчү параграф башталгыч класстарда жомокторду окутуу процессинде окуучуларды окурман катары тарбиялоо проблемасына арналган. Орус адабиятчылары (В.Я.Пропп, Э.В.Померанцева, В.А.Бахтина, А.И.Никифоров ж.б.) жана алардын эмгектерине негизденип кыргыз фольклористтери (К.Мифтаков, Ы.Абдыракманов, А.Токомбаева, С.Байхожоев, С.Кайыпов ж.б.) жомоктордун жанрдык табиятын ачып берип, алардын тематикасына классификациялоо жүргүзгөн. Жомоктордун тарбиялык идеялары К.К.Кыдыралиевдин, А.Муратовдун, А.Алимбековдун этнопедагогикалык эмгектеринде, окутуу методикасы С.К.Рысбаевдин «Жомок терапиясы технологиясы жана аны практикада колдонуу ыкмалары» деген макаласында, Н.Мараимованын «Республиканын мектептеринин V-VI класстарында адабий жомокторду окутуунун методикасы», А.Шералиеванын «Кыргыз орто мектептеринде фольклорду окутуунун методикасы (V-VI класстардын мисалында)» деген диссертацияларында ачып берилген.

Азыркы учурда «Адабий окуу» китептеринде: 2-класста 20, 3-класста 12, 4-класста 4 жомок сунушталат. Жомоктор – окуу программасында эң көп орун берилген жана окуучулар кызыгып окуган жанр, ошондуктан балдардын окуу ишмердүүлүгүн калыптоодо, окурмандык кызыгууларын жогорулатууда алардын мүмкүнчүлүгү жогору. Диссертациянын бул бөлүмүндө «Бала шаарын кантип сактап калды?» аттуу жомокту үйрөтүү процессинде окурманды тарбиялоо технологиялары баяндалды.

*«Башталгыч класстардын окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүү аркылуу алардын окурмандык маданиятын калыптандыруу»* аттуу 4-параграф «Адабий окуу» предметинде кенже мектеп окуучусунун адабий билимин өркүндөтүү, окурмандык ишмердүүлүгүн активдүү фазага багыттоо – алардын эне тилинде кебин өстүрүү, сөздүк корун көбөйтүү менен байланышат. Окуучу окуп жаткан тексттеги сөздөрдүн же сүйлөм

тизмектерин, фразеологиялык түрмөктөрдүн көбүн түшүнбөсө, ал андан ары окуусун улантпайт, андай окуучудан окурман чыкпайт. Ошону үчүн бул бөлүмдө окуучунун эне тилинде кебин өстүрүүгө жетишүү мугалимдин чыгармачылык менен иштөөсүн, түрдүү булактардан изденүүсүн жана педагогикалык чеберчилигин талап кылары айтылып, бул ишмердүүлүктүн бир нече жолдору сунушталат. Алар: чаташкан логикалык чынжырлар; макалдарды толуктоо; сүйлөмдөрдү толуктоо; уйкаштыктарды табуу; сөздүк-табышмактар; сөз куроо; сөз оюндары; сөздүк менен иштөө; мааниси окшош, же тескерисинче мааниси каршы сөздөрдү табуу; сүрөт менен иштөө; образдуу сөздөрдү таба алуу, колдоно алуу; чыгармалардагы окуяны өз алдынча чыгармачылык менен улантуу. Диссертацияда бул ыкмаларды кандай жүргүзүүнүн жолдору конкреттүү темалардын мисалында көрсөтүлөт.

«Манастын бала кези» деген теманы окутууда окуучулардын манас темасына кызыгуусун арттыруу, алардын тил байлыктарын өстүрүү аркылуу эне тилибиздин сөз корун, архаикалык жана тарыхый сөздөрдү өздөштүрүү ишмердүүлүктөрү да ушул бөлүмдө чагылдырылат.

# ТӨРТҮНЧҮ БАП

# «АДАБИЙ ОКУУ» ПРЕДМЕТИНДЕ ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУРМАНДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮП ОКУТУУНУН ТАЛАПТАРЫ, ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ, ПРИНЦИПТЕРИ, МЕТОДДОРУ, ФОРМАЛАРЫ ЖАНА АЛАРДЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

## 4.1. «Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүп окутуунун талаптары жана педагогикалык шарттары

Адабий билим берүүчү мугалимдин башка мугалимдерден өзгөчөлүгү – анын сөз өнөрү менен иштөөсү. Сөз өнөрү – бул байыркы өнөр. Дал ошол байыркы өнөр адамдарды жакындаштырып, алардын дилин тазалап, дүйнөнү жана адамды таанытып отурган. Сөз өнөрү менен согуштар токтогон, сөз өнүрү менен үй-бүлө курулган, сөз өнөрү менен балдарга тарбия берилген. Бул өнөр оозеки жана жазуу формасында болуп, бара-бара китеп формасы басымдуулук кылып калган. Ал эми китеп формасын өздөштүрүү үчүн – окурман керек, окурманды калыптандыруу керек, бул болсо кеңири алганда окурмандык компетенттүүлүк деп аталат. «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5-9-класстар үчүн «Кыргыз адабияты» боюнча предметтик стандартта» [178] «окурмандык компетенттүүлүк – адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү; теориялык-адабий

түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү» экендиги айтылат.

Окурмандык компетенттүүлүк – белгилүү бир куракта кандайдыр бир текстти кабыл алууга жөнөмдүүлүгү. Мисалы, 2-класстын окуучусуна Ч.Айтматовдун «Кассандранын эн тамгасы» романын окуп чыгууга тапшырма берүүгө болбойт, анткени ал куракта бул чыгарманы окуп чыгууна, түшүнүүгө бала али компетенттүү эмес.

Ушул окурманды окурман катары калыптандырууда «Адабий окуу» предметинин орду өзгөчө болуп, ошол предмет аркылуу окурмандык кызыгууларды ойготуунун, көркөм чыгармага мотивациялоонун, окурмандык компетенттүүлүктү калыптандыруунун өзүнчө талаптары жана педагогикалык шарттары бар.

Кийинки он беш жылдан бери эл аралык USAID уюмунун «Бирге окуйбуз», «Окуу керемет» деген, «Роза Отунбаеванын демилгерлери» коомунун «Жайлоо бала бакчалары» аттуу долбоорлор кенже мектеп жашындагы балдарды китепке кызыктыруунун талаптарын, китептин тандоонун критерийлерин иштеп чыгып, жүздөгөн көркөм тексттери чыгарып берди.

Алардын башкы максаты – китептердин популярдуулугун жогорулатуу, китеп окуган чөйрөнү көбөйтүү, балдар китептеринин сапатын музмундук жана иллюстрациялык жактан жогорулатуу. Азыркы балдар – китептерге башкача талап коёт, алардын кызыгуулары да өзгөрдү, мурдагыдай китептерди ак жана кара боёктор менен эле чыгара берүү аларды кызыктырбайт.

Балдардын кызуугуулары ар түрдүү, себеби алар ар түрдүү үй-бүлөдө туулган, тарбия алган, чөйрөсү да ар башка – эң биринчи талап ошол ар түрдүү *балдардын ар түрдүү талаптарын эске алуу.* Мисалы, биз балдар

китепканасында китеп окуп отурган башталгыч класстын 41 окуучусунун кандай китептерди окуп атканына кызыгып көрдүк. Алар мындай болду:

10 окуучу – фэнтези

7 окуучу – детективдүү, окуялуу чыгарма

6 окуучу – күлкүлүү чыгармалар (комикс)

5 окуучу – аңгемелер

5 окуучу – жомоктор

4 окуучу – илимий-популярдуу чыгарма

4 окуучу – ыр китептерин.

Мына ушул ар түрдүү окурмандык кызыгууну мугалим сөзсүз эске алуу керек. Мындай кызыгуулардын көп түрдүүлүгү менен иштөөнүн жолдору: кызыккан китептерин таап берүү; башка кызыкпаган жанрларына да кызыктыруунун жолдорун издөө; класс боюнча жалпы орток кызыкчылыктарды табуу.

Экинчи талап – *балдарды китеп окууга кызыгууну мотивдештирүү*. Анын жолдору: кызыктуу китептер тууралуу жарнамалоо иштерин жүргүзүү; авторлор тууралуу айтып берүү; айрым окуялар тууралуу сүйлөп берүү; жогорку класстын окуучу-окурмандары менен жолугушууларды өткөрүү; балдар жазуучуларынын кечелерин, телевидениеде чыгып сүйлөгөндөрүн көрүү; айрым темаларды, жанрларды окуп чыгууга сунуштөө ж.б.

Үчүнчү талап – *окурман катары баланын китеп окуусуна жардам берүү*. 2-4-класстарда бардык эле окуучулар китепти туура тандай албайт. Ошол туура эмес тандоодон баланын өмүр бою китептен көңүлү калып калышы мүмкүн. Ошондуктан мугалим, ата-эне, китепканасы, балдардын улуу ага-эжелери биримдикте иш жүргүзүп, бала эмнени окуп жатат, ошол окуганы ага ылайыктуубу, түшүнүктүүбү, андан тарбиялык таасир ала алабы – ушулардын баарын багыттап туруу керек.

Төртүнчү талап – *китептерди окурмандарга, жалпы журтка кеңири жайылтып (популяризовать) этип туруу керек.* Эгемендүүлүк жылдарда Кыргыз Республикасында дал ушул ишмердүүлүккө маани берилбей калды. СССР кезинде Кыргыз ССРинин Жазуучулар союзунун алдында Көркөм адабиятты пропагандалоо бюросу, жер-жерлерде китеп коомдору боло турган, мына ошолор эл арасына чыгып, көркөм китептерди алып барып, таратып, сатып, китеп тууралуу элдин түшүнүгүн байытып турган. Шаарларда, райондун борборлорунда, ири кыштактарды китеп дүкөндөрү болуп, аларда китептер эң арзан баа менен сатылган. Радио-телевидение, балдар газета-журналдары жаңы чыккан китептер тууралуу маалыматтарды беришкен. Мына ушунда иш-чараларды кайра уюштуруу – окурманды тарбиялоонун эффективдүү жолдорунун бири болмок.

Бешинчи талап – *окула турган тексттерди тандоонун чен-өлчөмдөрүн (критерийлерин) жана принциптерин эске алуу.* Булар төмөнкүлөр:

- баланын курагына ылайыктуулук;
- тексттердеги гендердик тең салмактуулуктун сакталышы, б.а., эки түрдүү жыныстагы каармандардын болушу;
- улутуна, жерине, тилине, өңү-түсүнө, жынысына, мүмкүнчүлүгү чектелгенине карата кемсинтүүгө (дискриминацияга) жол бербөө;
- көркөм деңгээлинин жогорулугу, бирок ашкере философиялаштырбоо ж.б.

Окурмандык кызыгууну колдоо жана генерациялоо үчүн балдар китептери төмөнкүдөй болгону максатка ылайыктуу.

**Таблица 4.1. – Балдар китептерине коюлган талаптар**

| **Балдар китептери кандай болушу керек?** |
|---|
| Кызыктуу, балдарды өзүнө тартуу |
| Каарман менен окурман бир куракта болгону жакшы |
| Насаатчыл мазмунда |

| |
|---|
| Сүрөттөр (иллюстрациялар) тексттин мазмунун ачып бериши керек, текст – иллюстарция биримдиги) |
| Тексттин уникалдуулугу, күтүлбөгөн нерселердин чыга калышы |
| Тексттин тилинин жөнөкөй жана түшүнүктүү болушу |
| Баланын ойлонуусуна, ой жүгүртүүсүнө ылайыктуулугу ж.б. |

Алтынчы талап – *чыгармалардын тектик, түрдүк жана жанрдык ар түрдүүлүгүн эске алуу.* Башталгыч класстын окуучулары үчүн драмалык тек жана түр, драмадагы водевль, комедия, трагедия жанрлары татаалдык кылат, себеби андагы каармандардын татаал коллизиялары, драмалык реплика, конфликт бул курактагы окуучулар үчүн татаалдык жаратат. Ошону үчүн 2-4-класстын окуучуларына драма сунушталбайт. Ал эми прозалык чыгармалары, эпикалык тек, алардын ичинен жомок, аңгеме басымдуу орунду ээлейт, бул болсо ошондой чыгармаларды окуучулардын аңдап билүүсүнө ылайыктуулугу. Поэзиядан татаал түзүлүштөгү, эркин формада жазылган, же абстрактуу ырлар да окуучулардын окурмандык кызыгуусун жаратпайт. Ошону үчүн балдарды адабияттын бардык түрлөрүн жана жанрларын өздөштүрүү максатында андай чыгармаларды сунуштоодо көп түрдүүлүк, ар тараптуулук сакталат.

Жетинчи талап – *окулуучу тексттерде кептин (речтин) ар түрдүү болушу.* Текст баяндоочу (повествовательный), сүрөттөөчү (описательный), ой жүгүртүүчү (рассуждение) типте болот. Булардын ичинен башталгыч класстарда окуучулар көбүнчө баяндоочу типтеги тексттерди окуганга кызыгат, себеби алар түшүнүүгө жеңил. Ошону үчүн аларга сунуш кылынган тексттердин ичинде баяндоо менен бара-бара сүрөттөө кошулуп, анан ой жүгүртүүгө өтүү керек.

Сегизинчи талап – *текстти туура түшүнүп кабыл алууда иллюстрациялоонун мүмкүнчүлүгүн пайдалануу.* Художник-иллюстратор – текстти окурманга жеткирүүчү автордон кийинки адис. Кээ бир адамдар,

алардын ичинен балдар, текстти окуганга караганда анын негизинде тартылган сүрөттөрдү карап чыкканга жөндөмдүү болот. Мындай визуалдык жөндөмдүүлүк ошондой балдарды китеп окууга тартуунун эң негизги стимулу болот. Көпчүлүк эле балдардын колуна китеп карматканда эң биринчи ошол китептин сыртына, анан ичтерине тартылган сүрөттөргө карап көрөт. «Манас» эпосуна Теодор Герцен тарткан иллюстациялар тексттин кандайдыр бир бөлүмүн түшүндүрүүдө, эпикалык дастандын эпикалуулугун, манасчынын фантазиясын, чыгарманын поэтикалык касиетин аңдап билүүдө чоң мааниге ээ.

Сүрөтчү мисалы, 3-класстын окуучуна сунушталган китепти жасалгалоодо баланын (же кыздын) сүрөтүн тартуу керек болсо, 10 же 11 жашар баланы тартканы туура. Бир нече бала (же кыз) тартылса алардын кийимдери бири-биринен айрымалуу өң-түстө, бычымда (фасон) болушу керек.

Тогузунчу талап – *окууга сунуш кылынган китептин полиграфиялык-көркөмдүк сапаттуулугу.* Мында китепке басылган сүрөттүн сапаты, китеп басылган кагаздын сапаты, боёктордун жана шрифтердин туура тандалышы, китептин версткасы жана дизайны эске алынат. Китеп ден соолукту сактоочу (здоровье берегающий) каражат болушу керек. Жаш балдар китепти окуп жатып чарчап кетсе, көзүнө туура эмес таасир берсе, дароо окуганын токтотот. Бул талап да маанилүү.

Онунчу талап – *чыгарманын сюжеттик-композициялык түзүлүшүнүн баланын курагына жана кабыл алуусуна ылайык келүүсү.* Мисалы, эпикалык тектеги бир аңгемени сунуш кылсак, адагенде эпилог берилип, анын окуянын чиелениши, анан окуянын башталышы болуп отурса, окурмандын башы айланат да, окуп жаткан китебин ыргытып жиберет. Ошону үчүн мындай сюжеттүү чыгарма салттуу сюжеттик-композициялык түзүмдөн турганы ылайыктуу. Алар төмөнкүдөй тартипте болот.




**Сүрөт 4.1. – Балдар үчүн сунушталуучу эпикалык чыгарманын сюжетинин элементтеринин катышы**

Жогорудагыдай тартипте кеткен сюжеттүү чыгармалары окуучулардын кабыл алуусуна оңтойлуу болгондугун практика көрсөтүп жүрөт. Эгер сюжеттик динамика мындай болбой калса, окурман үчүн чыгарманы аңдап түшүнүүдө кыйынчылык келтирет.

Он биринчи талап – *окуу китебине сунуш кылынган тексттер ошол класстын окуучуларына ылайыкташтырылышы (адаптацияланышы) керек.* Текст окууга жана кабыл алууга туура келтирилиши (удобночитаемый, читабельный) абалга келтирилет. Бул ишмердүүлүктүн технологиялары:

- окуучу али маанисин биле элек жаңы сөздөрү азайтуу (5-7 пайыздын ашык жаңы сөз колдонбоо);
- эгер жаңы, түшүнүксүз сөздөр болсо, алардын синоними менен алмаштыруу;
- окшош сөздөрдү кайра-кайра колдоно бербөө;
- бала кабыл алууга татаал болгон сүйлөмдөрдү жөнөкөй сүйлөмдөргө ажыратып жазып чыгуу;
- эгер татаал сөз болсо, аларга маанилеш кыска сөздөрдү табуу;
- айрым татаал монологдуу сүйлөмдөр болсо, аларды жеңилдетип диалогго айландыруу, же ошондой татаал диалогдорду монологго айландыруу ж.б.

Он экинчи талап – текстте сөздөрүн катыш нормасын сактоо. Эл аралык USAID уюмунун «Окуу керемет» долбоору тексттерге сөздүк норманы төмөнкүдөй койгон.

**Таблица 4.2. – Класстар боюнча деңгээлдер жана окуу үчүн берилген тексттердеги сөздөрдүн нормалары**

| **Класстар** | **деңгээлдер** | **сөздүн саны** |
|---|---|---|
| 1-класс | 1.1 | 50 |
| | 1.2 | 100 |
| | 1.3 | 150 |
| 2-класс | 2.1 | 200 |
| | 2.2 | 350 |
| 3-класс | 3.1 | 450-600 |
| | 3.2 | 600 |
| 4-класс | 4.1 | 700 |
| | 4.2 | 1000ден жогору |

Жогорудагы талаптар аткарылганда гана окуучулардын окурмандык кызыгууларынын педагогикалык шарттары ишке ашат. Ал педагогикалык шарттар төмөнкүлөр менен байланышат.

*Биринчи педагогикалык шарт.* Класста жана класстан тышкаркы учурда окуу үчүн берилген тексттер бири-бирине *проблемалык-тематикалык жактан байланышуу* болуш шартты. Мисалы, башталгыч класстардын окуу китептеринде материалдар ушундай тартипте берилет, айталык, жаз мезгилинде жаз жөнүндө аңгемелер жана ырлар берилет да, ошолор бири-бирин толуктайт жана балдардын түшүнүктөрүн бекемдейт.

*Экинчи шарт – окуу ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз жүргүзүү шарты.* Китеп окуу жазда, күздө, кышта болсун, каникулда болсун жүргүзүлүп турушу керек, бул иште тыным болбошу шарт.

*Үчүнчү шарт – окурмандык кызыгууларды жогорулатуунун максатын, милдетин толук аныктап, пландаштырып жүргүзүү шарты.* Бул мугалимдин алдын ала божомолдогун ишмердүүлүгү менен байланышат.

*Төртүнчү педагогикалык шарт – окулган чыгарманы башка илимий-билимдер, мектепте окулуучу предметтер менен интеграциялоо.* Айталык, Ата журт тууралуу көптөгөн ырлар окулат. Ошол кезде Мекентаануу предметиндеги Кыргызстандын жаратылышы, жаныбарлары, өсүмдүктөрү тууралуу окулган материалдар пайдаланылат.

*Бешинчи шарт – окуу ишмердүүлүгүнө мектептин мугалимдерин гана эмес, китепканачыларды, ата-энелерди, жогорку класстын окуучуларын да жардамдаштыруу шарты.*

Мында педагогикалык шарттардын дагы көптөгөн түрлөрүн айтып, алар мугалимдин окурманды тарбиялоо ишмердүүлүгүнө жардам берерин баса белгилейбиз.

## 4.2. Адабий окуу предметинде окуучулардын окурмандык кызыгууларын өркүндөтүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн принциптери жана мотивациялоонун компоненттери

Жалпы педагогиканын, анын ичинде дидактика бөлүмүнүн тарыхында окутуунун ондогон принциптери негизделген. Э.Мамбетакунов жана Т.Сияев дидактикалык приниципттерге мындай аныктама берет: «Негизинен алганда «принцип» термини алгачкы негиз, баштапкы идея жана өзүн-өзү алып жүрүүнүн эрежеси деген маанини түшүндүрөт. Дидактикалык принциптер жалпы максатка жана маселелерге тиешелүү болгондой окутуу процессинин мазмунун, формасын жана методун аныктоочу негизги жобо, эреже болуп саналат. Башкача айтканда, дидактикалык принцип окутуу процессинин жүрүшүн окутуунун негизги закондоруна жана закон ченемдүүлүктөрүнө туура келтирүүнүн нормалары, негиздери болот. Демек, ар бир дидактикалык принциптерден окутуунун конкреттүү жоболору жана эрежелери пайда болот. Дидактикалык жоболор түздөн – түз принциптен келип чыкпайт, ал педагогдордун көптөгөн муундарынын практикалык тажрыйбасын анализдөөдөн жана жалпылоодон келип чыгат. Ошентип, окутуунун практикалык тажрыйбасы эрежелерде жана жоболордо камтылат. Бул эрежелер, жоболор эки түрдүү роль ойнойт. Биринчиден, окутуу процессинин негизги закон ченемдүүлүктөрүнүн муундан – муунга өтүү принциби сакталат (оң таасири). Экинчиден, айрым бир эрежелер кээ бир убактарда окуу процессин аныкталган чектен чыкпай өтүүгө шарттап, белгилүү бир кыйынчылыктарды түзөт (терс таасири). Ошондуктан, ар бир педагог дидактикалык эрежелерди жана жоболорду жөн гана түздөн – түз пайдалана бербестен, аны ар бир педагогикалык кырдаалга жараша колдонушу керек.

Педагогика илиминин өнүгүшү менен дидактикалык принциптер дагы такталып, толукталып, башкача айтканда, өзгөрүп турат. Натыйжада айрым

бир дидактикалык принциптер өзгөрүүгө учураса, айрым бир принциптер жоюлуп, анын ордуна жаңы принциптер пайда болот.

Я.Коменский эң негизги дидактикалык принцип деп педагогикалык процесстин жаратылышка айкалышуу принцибин санаган. Ошол эле учурда, ал башка принциптерди дагы негиздеген. Ал эми А.Дистервег болсо дидактикалык принциптерге атайын талаптарды коюуну көрсөткөн. К.Ушинский төрт дидактикалык принципти киргизген: а) окуучулардын аң-сезимдүүгүнүн, активдүүлүгүнүн принциби; б) көрсөтмөлүүлүк принциби; в) удаалаштык принциби; г) билимдин бекемдиги принциби.

Окуу процесси башынан аягына чейин дидактикалык принциптерге таянуу менен жүргүзүлсө гана аныкталган жыйынтыкты берет.

Илимий педагогикалык изилдөөлөрдүн жана педагогикалык тажрыйбалардын натыйжасында төмөнкү дидактикалык принциптер иштелип чыккан:

- акыл-эстүүлүк жана активдүүлүк принциби;
- көрсөтмөлүүлүк принциби;
- системалуулук жана ыраатуулук принциби;
- бышыктык принциби;
- жеткиликтүүлүк принциби;
- илимий принцип;
- теориянын практика менен байланышы принциби;
- тарыхка кайрылуу принциби;
- улануучулук принциби;
- гумандуулук принциби жана башка [188, 194-195].

Жогорудагылар жалпы дидактикалык принциптер, алар сөзсүз ар бир педагогикалык ишмердүүлүктө, анын ичинде башталгыч класс окуучуларынын окурмандык кызыгууларын өркүндөтүүдө жетекчиликке алынат. Алардан башка биздин темабызга байланыштуу адабий окуу сабагында окурманды даярдоо, окууга кызыктыруу ишмердүүлүгүндө да

жетекчиликке алуучу принциптер болорун, алардын бул чыгармачылык ишти жүргүзүү мүмкүн эместигин биз изилдөөбүздө текшерип көрдүк. Алардын негизгилерине токтолуп көрөлү.

*Көркөм адабий тексттерди окуп-үйрөтүүдө окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу принциби.* Мектептеги адабий окуу сабагынын өзөктүү багыты – чыгарманы окуу, аны түшүнүү жана ошол окууга окуучуларды кызыктыруу процесси. Бул процесс – татаал психологиялык процесс менен коштолгон баланын ишмердүүлүгүнүн өзгөчө системасы. Методологиялык булактарда көркөм чыгарманы кабылдоонун жана анын таасиринде болуунун психологиялык аспектилери Л.С.Выготский, Л.И.Божович, А.Н.Леонтьева, А.А.Леонтьев, П.М.Якобсон, О.И.Никифорова, С.Л.Рубинштейн ж.б. психологдордун эмгектеринде кеңири изилденген. Алардын изилдөөлөрү боюнча балдар окуп жаткан ар бир чыгарма ошол балага таасир этиши керек, анын таасирдүүлүгү ошол баланын эмоционалдуу сезимдеринен (кубануу, коркуу, ыйлоо, жек көрүү, боор ачуу ж.б.) байкалат.

Педагогика илимдеринин кандидаты Бактыгүл Байтикова Фейсбург баракчасына мындай деп жазат: «...Китеп – менин эң ардактаган, ушул күнгө, ушул даражага жеткирген асыл, мокобос куралым десем болот. Китеп менен турмушум жеңил, китеп менен дүйнөнү кооз көрдүм.

Кичинемден китепти аябай көп окудум. Анда китепканалар мен үчүн эң бир ыйык жердей сезилчү. Баштыкка толтура салып келген китебимдин барактары түгөнбөсө экен деп тилечүмүн. Ата-энемдин да китеп шкафы толтура китеп эле. Албетте, илимий китептерге тишим өтчү эмес, бирок көркөм чыгармаларга сын берген китептерди окуп, «Жазуучулар чыгарманы ушундай ойдо жазган экен да» деп анча ойлончумун.

6-7-класста окусам керек, тамбашына жумуртка издегени чыксам, жыйылган чөптүн жыты буркурайт, тим эле укмуш! Негедир оюма ушул жерде китеп окуу келди. Апамдан бекинип, кечке китеп окудум. Кеч киргенде түшөйүн десем, шаты жок. Эмне кыларымды билбей,

синдилеримди чакырсам, башын ийкеп эле жок болуп кетет. Анан эптеп түшкөнмүн. Ашыкча китеп окуй бергенден кээде апамдын ачуусу келчү. Балким, айткан ишин кылбагандырмын... Ошентип, далай жолу китеп окугандын айынан жеме да уктум. Бирок, турмушумда китептер эң сонун жолду көрсөттү. Эң сонун билимге, идеяга бай болдум. Китептер, көрсө бизди дүйнөнү жомоктогудай көрүүгө үйрөтөт. Ошондуктан, китеп окуйлу, достор! Китептер – жашоого жарык нур берген жарык!»

Бул окурмандын китеп окууга кызыгуусунун ойгонушуна себеп болгон нерселер: биринчиден, үйдөгү шкафта китептердин көп болушу; ата-энелеринин китепке жакындыгы; китеп окууга психологиялык даярдыгынын болушу.

Психологиялык процесс катары китеп окуу төмөнкүдөй этаптардан турат: тамгаларды кураштыруу (а); текст түзүү (б); текстти түшүнүү (в); түшүнгөнүн кабылдоо (г); түшүнгөнүн башкаларга айтып берүү, же түшүндүрүү (д). Мына ушул этаптар бири-бирине байланыштуу болгондо гана окурман даярдалат, чыныгы окурман деп айтылат. Тамганы тамгага кошуп, сөз курап окуп, текстти аягына чыгуу – бул окурмандык маданият эмес, ал маданият ошол окулгандарды түшүнүүдө жатат.

*Көркөм адабий тексттерди окуу ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз өткөрүп туруу (регулярность) принциби*. Окуу ишмердүүлүгү ар күн сайын тынымсыз өткөрүлүп турушу керек. Тажрыйба көрсөткөндөй бир окуучу кандайдыр бир мезгил ичинде окуу менен алектенбей калса (ар кандай себептери болушу мүмкүн), анын окууга кызыгуусу пассивдешкендиги байкалат. Бул принципти ишке ашыруу үчүн ар бир окуучуга төмөнкүдөй каттоо баракчасын түздүк. Аны өздөрү толтуруп барат.

**Таблица 4.3. – 4 б-классынын окуучусу Замир Айбашовдун окурманды каттоо баракчасы**

| Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума |
|---|---|---|---|---|
| -Класста адабий окуудан М.Жангазиев-дин «Кумурскалар коому» деген чыгармасын окудук (45 минута). | -Класста адабий окуудан К.Сабыров-дун «Токойдун кереметтери» деген чыгармасын окудук (45 минута). | -Класста адабий окуудан С.Рысбаев-дин «Барсбек кагандын эрдиги» деген чыгармасын окудук (45 минута). | -Класста адабий окуудан К.Баратбаев жазган «Эр Табылды баатырдын эстеликтер» деген чыгарманы окудук (45 минута). | -«Байчече-кей» журналы-нан 4 ыр, эки аңгеме, бир жомок окудум (1 саат). |
| -Үйдө «Кыргыз эл жомоктору» деген китептен «Кедейдин баласы» деген жомокту окудум (20 минута) | -Үйдөн «Чоң энемдин алтын сандыгы» деген китептен «Өгөй кыз» деген жомокту окудум (20 минута) | -Үйдө «Аюу падыша» деген жомокту окудум (25 минута) | -Үйдөн «Үч аркар» деген жомокту окудум (30 минута) | -Атамдын компьтери нен бир аудио жомок уктум. |

Мына ушундай окурманды каттоо баракчасынан төмөнкүдөй нерселер аныкталат:

- бир жумада эң көп убактысын окууга жумшаган окуучу;
- үйдөгү жана класстагы окуунун байланышы;
- окулган чыгармалардын теги, түрү, жанры;
- окулган чыгармалардын авторлору ж.б.

Бул маалыматтар окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн диагностикалоодо, мугалимдин иш-чараларды жүргүзүүсүндө жардам берет.

Үзгүлтүксүздүк принциби жалпы дидактикадагы системалуулук жана ырааттуулук принцибинен келип чыгат. Бул принциптин мыйзамдары: «Бул принципти ишке ашыруу үчүн төмөнкү эрежелерди, жоболорду сактоо сунуш кылынат:

- окулуучу материалдар алдын-ала пландаштырылат, логикалык жактан байланышкан топторго, бөлүктөргө бөлүнөт, алардын ар бири менен иштөөнүн тартиби жана методикасы аныкталат;
- ар бир темадагы таяныч билимдин элементтерин аныктоо, негизги идеяны, түшүнүктү бөлүп алуу, калган материалдарды алардын айланасына топтоштуруу;
- курсту окутууда фактылардын, закондордун, теориялардын ортосундагы байланыштар аныкталынып, алар белгилүү бир удаалаштыкта түшүндүрүлөт;
- окуу предмети тиешелүү илимдин «кичирейтилген көчүрмөсү» болгондуктан, ал илимдин логикасын бузбай, белгилүү система менен өтүү;
- теориялык билимдерди калыптандыруунун практикада текшерилген схемасын пайдалануу, үйрөнүлүүчү объектини жана предметти тандоо, теориянын негизин түшүндүрүү, теорияны өздөштүрүүчү элементтерин ачып көрсөтүү, теориянын натыйжаларын белгилөө, теорияны колдонуунун жолдорун жана чегин аныктоо;

- мурдагы өтүлгөн материалдарды тез-тез кайталоого жана өнүктүрүүгө көңүл буруу;
- окуу эмгегинин келечегин көрсөтүүгө аракет жасоо;
- бөлүмдү, курсту окуп бүткөндө сөзсүз жалпылоо жана системалаштыруу иштерин аткаруу;
- окуучуларды системалуу жана максаттуу байкоо жүргүзүүгө көнүктүрүү жана башка» [188, 197-198].

*Окулуучу адабий чыгармаларды окуп-үйрөнүүдө окуучулардын жалпы жана жеке кызыкчылыктарын эске алуу принциби.* Бул принципти туура колдонуу окуу материалын өз деңгээлинде өздөштүрүүгө жана окуучунун окууга болгон кызыгуусун арттырууга жардам берет. Коомдук ишмер Сүйүнбек Касмамбетов мындай деп айтат: «...биринчи кезде атама да, баарыбызга тең устат ошол энебиздин өзү болду окшойт. Ал укмуштай бир жан эле. Бизге көптөгөн элдик жомокторду, уламыштарды, тамсилдерди шаанисин келтирип айтып берчү, өзү да көптү билүүгө дилгир адам эле.

Бузулгус бир эреже бар болчу: мен күн сайын чоң энеме кыргыз жазуучуларынын чыгармаларын үн чыгара бакылдап окуп берем, ал тыңдайт. Ошол ортодо сыйкырдуу бир образга да кирип кетмей жайыбыз бар. Бир бөлүгүн окугандан кийин токтотуп коём да, экинчи күнү токтогон жерден баштаймын. Ошол кезде эл оозунан түшпөгөн «Сынган кылыч», «Каныбек», «Ажар», «Узак жол», «Жамийла» сыяктуу көптөгөн мыкты чыгармалар менен биз ошентип тааныштык» [156]. Бул жерде көңүл буруучу таяныч сөз – баланын чоң энесине китепте күн сайын окуп бериши. Мына ушул үзгүлтүксүз жүргүзүлгөн иш-аракет чоң эне үчүн китептин кызыгына батуу болсо, бала үчүн ички дүйнөсүн тазалоо, китепке болгон кызыгуусун ойготуу, окурмандык ишмердүүлүгүн калыптоо болгон. Ошуну үчүн бул үй-бүлөдөн белгилүү манасчы Сапарбек Касмамбетов, анын журналист жана тарыхчы уул-кыздары Сүйүнбек Касмамбетов, Гүлнара Касмамбетова, Акчолпон Койчуева тарбияланып чыккан.

*Башка предметтерден алган билимдерди пайдалануу принциби.* Окуу ишмердүүлүгүн дагы бир эффективдүүлүгү ушул принцип менен байланышат. Мисалы, 2-класста «Берекелүү алтын күз. Күз келди» деген тема өтүлөт. Сабактын максаттары: Күз мезгили кооздугу, берекелүүлүгү тууралуу баяндалган ырдын маанисин түшүнүп, сүрөт боюнча өз оюн айтып берүүгө, ырды шар, көркөм окууга көнүгүшөт; сулуулукка суктанып, эмгекчил, бирдиктүү болушуп, улуулардын накыл кептеринин маанисин түшүнүп, эсте тутушат; таанып-билүүчүлүк жөндөмдүүлүктөрү артат, билген, байкаган нерселерин адабий тилдин нормасында эркин айтып берүүгө машыгышат жана ой жүгүртүүгө көнүгүшөт. Бул сабакты – саякат-сабагы формасында өттүк.

Мугалим балдарга мындай суроо менен кайрылат: - Балдар, «Күз мезгили» дегенде силер айлана-чөйрөнү кандай элестетесиңер?

Балдардын жооптору.

1. Бак-дарактардын жалбырактары саргая баштайт.

2. Аба салкындап калат.

3. Адамдар жылуураак кийине башташат.

4. Мөмө-жемиштер бышат ж.б.

Андан соң, классты төрт кичи топко бөлөт (Бул бөлүштүрүүдө мугалим түстүү карточкалар, же саноо аркылуу, же болбосо мөмө-жемиштердин аттарын атоо менен да бөлүштүрсө болот). Ар бир топко өз алдынча тапшырма берилет, б.а. ар бир топ ар башка жакка саякатка чыгышат.

1-топ – эгин талааасына

2-топ – тоого

3-топ – үй алдындагы короого

4-топ – мектептин багында

Ар бир кичи топко 5 мүнөттөн убакыт берилет. Эгер жетпей баратса,

дагы бир аз мүнөт кошуп берсе болот. Топтун мүчөлөрү өзүлөрүнө бөлүнгөн тарапка кыялдарында саякатка барышып, ал жактын күз мезгилиндеги көрүнүшүн, түрдүү иш-аракеттерди элестетип сүрөттөп айтып бериши керек. Бул үчүн сүрөт тартышса, оозеки сүйлөп беришсе, билгендерин кагазга жазышса да болорун мугалим эскертет.

Мугалим кичи топтордун иш-аракеттерин уюштурат: ал ар бир кичи топко акырын барып, багыт берип, жол көрсөтүп турушу зарыл.

Белгиленген убакыт аяктаган соң, ар бир кичи топтун жоопторуна көңүл бөлөбүз. Топтун мүчөлөрүнөн бирөө же болбосо бирин-бири улап кетүү менен жооп беришсе болот.

**1-топ** «Эгин талаасында». Күз келди. Аба салкындай түштү. Талаада эгиндер бышып калды. Буудай, арпа сары түскө боёлгон. Дыйкандар эгиндерин оруп жатышат. Апалар буудай унунан нан жасашат. Нан – ырыскы ж.б.

**2-топ** «Тоодо». Тоодо түрдүү өсүмдүктөр өсөт. Көп канаттуулар, жан-жаныбарлар жашашат. Күз келип, дарактардын жалбырактары сары, кызыл түскө боёлду. Жалбырактар жерге биринин артынан бири жаап түшүп жатат. Жайлоодон элдер айылга көчүп кетти ж.б.

**3-топ**: «Үй алдындагы короодо». Биздин короодо түрдүү дарактар, жашылча-жемиштер өсөт. Алма, алмурут, жаңгак ж.б. Аларды бирден үзүп, жащиктерге салабыз. Күзүндө мөмө-жемиштердин көп болушу бизге абдан жагат. Ата-энебизге баарыбыз кол кабыш кылабыз ж.б.

**4-топ**: «Мектеп багында». Биздин мектептин багында жүзүм, алма, тал-теректер өсөт. Аларды агаларыбыз тигип, өстүрүшкөн. Окуучулар бош убактысында алардын астын жумшартып, суу коюшат ж.б.

Бир топтун жообуна башка топтун мүчөлөрү толуктоо, кошумча киргизүүгө мугалим уруксат берет. Окуучулар бири-биринин жоопторун кунт коюп угуп, ой бөлүшүүсүнө багыт берет.

Андан соң, окуу китепте берилген «Күз келди» деген ырдын бирден куплетин ар бир топтун көркөм окуган окуучусуна окутуп, анын мазмунун талдашат. Текст ичиндеги сөздүктөр менен иштешет, алардын маанилерин чечмелеп түшүндүрүп берет.

**1-топ:**

Берекелүү күз келди
Айыл алма жыттанып,
Ак буудайдын данына,
Кампа толду шыкталып.

**2-топ:**

Жыйым-терим маалы,
Бекер жүргөн эч ким жок.
Эл жабыла иш менен,
Талаа жактан кеткен жок.

**3-топ:**

Каникулда бүт балдар,
Өнөктүккө катыштык.
Коктудагы тоютту,
Короолорго ташыштык.

**4-топ:**

Улуулардан накыл кеп,
Күндө угуп жатабыз.
«Жаз – жарыш, күз – күрөш» деп,
Айтат апа-атабыз.

Суроолорду берүү менен балдардын жаңы тема боюнча алган билимдерин Мекентаануу, эне тили, математика предметиндеги билимдерди пайдалануу менен бышыктайт:

1. Ырда күз берекеси кандай сүрөттөлгөн?

2. Силер жашаган жерде түшүм жыйноо мезгилинде байкаганыңарды айтып бергиле. Түшүм жыйноо үчүн канча трактор, же машина чыкты?

3. Күзгү жумушка силер кандай катышасыңар? Мектеп короосунда алма, алмурут, алча, жаңгак ар бири канча түптөн? Үйүңөрдө кандай мөмөлөр канча түптөн эгилген?

4. «Жаз – жарыш, күз – күрөш» деген макалды силер кандай түшүнөсүңөр? Өз оюңарды айтып көргүлөчү.

5. Жаңы сөздөрдүн маанилерин чечмелөө: берекелүү, кампа, өнөктүк, накыл кеп.

6. Төмөнкүдөй сөз айкаштарын кебинде колдонууга даярдануу: «айыл алма жыттанып», «ак буудайдын даны».

Бул сабакта ырдын тексттин үйрөнүү менен өлкөбүздүн күз мезгилиндеги көрүнүшү тууралуу маалыматка ээ болот, жемиш көчөттөрүн санап чыгат, жаңы сөздөрдүн маанилерин үйрөнөт, жаңы сөз айкаштарын, макалды кебинде колдонууга даяр болот.

Окурмандык ишмердүүлүктү калыптоо үчүн бул чыгармачылык процессти *максатка ылайык жүргүзүү* принцибинин да мааниси чоң. Бул принципке таянуу менен мугалим бул же тигил чыгарманы окууга киришүүдөн мурда өзүнө максаттарды коёт, мисалы, 4-класста «Элибиздин улуу инсандары» деген бөлүмдө «Алмамбет», «Чубак», «Бабалардан калган сөз» деген бөлүмдө «Эр Манастын турпаты», «Акылман Бакай», «Семетейдин Таласка келиши» деген темалары өтүлөт. Булар бардыгы «Манас» эпосунан алынган үзүндүлөр болуп, бул чыгармаларды окутууда окурманды тарбиялоо үчүн мугалим өз алдына төмөнкүдөй максаттарды коёт: кыргыз элинин бай фольклордук мурасындагы идеялар менен тааныштырат; үзүндүлөрдөгү каармандарды сүрөттөөдөгү поэтикалык чеберчиликтерди көрсөтөт; элдик тилдин бай казынасынан айрым маалыматтар берилет; «Манас» эпосунун кыргыз элинин турмушундагы орду тууралуу түшүнүктөр берилет. Мына ушул максатка умтулган иш-аракеттерден соң окуучулардын «Манас» темасыны кызыгуусу артат. Ошол кызыгууну андан ары өнүктүрүү үчүн төмөнкүдөй иш-аракеттер жүргүзүлөт: «Манас» эпосунан китептерин таап, чакан үзүндүлөрүн окуу; чыгарманын негизинде тартылган анимациялык иштерди көрүү; «Манастын» аудиокитептеринен үзүндүлөр угуу; эпостун негизинде тартылган сүрөттөр менен таанышуу; айтуучулардын үнүн угуу, эпостон чакан үзүндү жаттап

айтып көрүү ж.б. Мына ушундай чыгармачыл иш-аракеттер «Манас» эпосун окуп чыгууга окуучулардын кызыгууларын арттырат.

*Адабий чыгарманы окууда окуучулардын турмуштук тажрыйбаларына таянуу.*

2-4-класстын окуучуларында турмуштук бай тажрыйба жок болгону менен алардын да белгилүү даражада билгендери, көргөндөрү кездешет.

4-класста «Улуттук тамак-аштар»деген тема өтүлөт. Ушул теманы окутууда балдар аралашып, көрүп-билип жүргөн көрүнүштөрдү кошуп талкуу жүргүзүүгө болот.

Сабактын жүрүшүндө төмөнкү суроолор чечмеленет:

1. Окуучуларга улуттук тамак-аштардын кандай түрлөрүн билесиңер? деген суроо берилет. Окуучулар: беш бармак, куурдак, быжы, жарма, каттама, курут, кымыз, чучук, олобо ж.б. деп айтышат. Алар доскага жазылат. Улуттук тамак-аштар жөнүндө бири-бирине өз пикирлерин айтуу менен ой бөлүшөт (7-10 мин.)

2.Инсерт белгилери боюнча таблицаны толтуруунун эрежелери түшүндүрүлүп, аны дептерге чийип алышат (7-10 мин.)

3. Аларга текст (№1 тиркеме) таратылат. Окуучулар анны окуп жатып, туштарына таблицадагы белгилерди коюшат.

4. Адегенде жекече өзү мурда билген, андан кийин жаңы темадан билген маалыматтар боюнча дептериндеги таблицаны толтурушат.

5. «Улуттук тамак-аштар» деген таркатылып берилген тексттеги түшүнүксүз суроолорду биргелешип талкуулап, №3 графаны толтурушат.

Инсерт ыкмасы аркылуу эмнени билерин жана жаңы билгендерин анализдеп, белгисиз, түшүнүксүз маалыматтарды системалаштырып, биргелешип иштөө көндүмдөрүнө ээ болушат.

Алган билимди бекемдөө жана ой жүгүртүү үчүн суроолордун топтомун берсе болот.

1. Көчмөн калк дегенди силер кандай түшүнөсүңөр?

2. Эмне үчүн кыргыздар сүт жана эттен тамак жасашкан?

3. Чучук-казы карталар эмненин этинен жасалат?

4. Кайсы тамакты сый тамак дейт экенбиз? Эмне үчүн?

5. Үйгө келген мейманды кантип тосуп алуу эрежелерин билдиңерби?

6. Кымыз кандай өзгөчөлүккө ээ экен?

Бул тапшырма аркылуу окуучулардан сабакта алган билимин жалпылоого мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**Таблица 4.4. – Инсерт ыкмасы менен окуучулардын турмуштук тажрыйбаларын колдонуу деңгээлдерин билүү**

**№1 тиркеме**

| **V – муну билем** | **«+» – жаңы билдим** | **«?» – муну түшүнбөдүм** |
|---|---|---|
| - Беш бармак, куурдак, жөргөм, чучук малдын этинен жасаларын;<br>- кымыз, айран, курут сүттөн жасаларын;<br>- каттама, дандыр нан, боорсок ундан жасаларын. | - көчмөндүк турмушта кой, уй, жылкы багышканын, ошондуктан эттен, сүт азыктарынан тамак жасашарын;<br>- сый тамак беш бармак экенин;<br>- кымыздын дарылык касиетин;<br>- келген мейманды дасторконун кенен жайып сыйлашарын<br>- чучук, казы-карта жылкынын этинен жасаларын. | - Эмне үчүн кыргыз эли көчмөн калк болгон?<br>- «Эжигей» деген тамак эмнеден жасалат? |

№2 тиркеме. Этти устукандоо адамдардын жашына жараша берилет

Башка элдер сыяктуу эле кыргыз элинин да муундан-муунга өтүп сакталып калган элдик оозеки чыгармалары күүлөрү, кол өнөрчүлөрүнүн эмгектери бар. Ошолордун эле катарына кыргыз элдеринин улуттук тамак-аштарын кошсок болот. Алар бешбармак, казы-карта, чучук, куурдак, быжы, жөргөм, олобо, кымыз, курут, эжигей, чалап боорсок ж.б.

Кыргыз эли өзүнүн меймандостору менен белгилүү. Келген меймандарды кучагын жая тосуп алып, мейманды төрүнө отургузуп, мал союп дасторконун кенен жайып сыйлашат. Дасторкондун үстүнө токоч, боорсок, каттама, май, каймак, өрүк мейиздери коюшат. Анан куурдак, жөргөм, манту, эң аягында бешбармак берилет.

Кыргыздардын тамак берүү салты боюнча меймандарга бышырылган эт устукандалып берилет. Этти устукандоо адамдардын жашына, урматына жараша жүргүзүлөт.

№3 тиркеме. Сый тамак катары бешбармак жасалат.

Тарыхта кыргыздар көчмөн калк болгону белгилүү.Көчмөндүк турмушта кой, уй жылкы багышкан. Ошондуктан тамак-аштарды көбүнчө эттен жана сүт азыктарынан жасашкан. Азыркы учурда деле кыргыздар тамак-аштарды көбүнчө эттен, сүт азыктарынан жана камырдан жасашат. Ар түрдүү жашылча-жемиштер, канаттуулардын эти, жумурткасы жана балык пайдаланылат. Жылкынын, койдун, уйдун жана үй канаттууларынын этинен көптөгөн тамактын түрлөрү бышырылат. Үйдөгү аш той салтанаттарда көбүнчө сый тамак катары бешбармак жасалат.

Кыргыздар тойго келген конокторду күлүп-жайнап жакшы маанай менен тосуп алышат. Үйгө киргизип төргө отургузат, дасторкон жайылат.

Адатта дасторконго ысык нан боорсок, каттама, каймак, май, өрүк, мейиз, жаңгак коюлат. Атайын мейманга арналып кой союлат. Койдун эти бышкандан кийин кийин адегенде сорпосу берилет. Андан кийин эти тартип менен эт жиликтерге бөлүнүп, алар коноктордун жашына аял эркек экендигине жараша тартылат. Ошондой эле жылкынын этинен чучук, казы-карта даярдалат. Мындай улуттук тамактардан сырткары көптөгөн түрдүү тамактар бышырылып, салаттар жасалат. Салаттарды жасоодо пияз, сабиз, помидор, бадыраң, сарымсак, капуста, кызылча, калемпир сыяктуу жашылчалар кеңири колдонулат.

№4 тиркеме. Эң барктуу суусундук бул – кымыз.

Кыргыз тамактарынын ичинде камырдан жасалган тамак-аштар кеңири орунду ээлейт. Алардын ичинен эң көп жасалганы боорсок. Ошондой эле каттама, тандыр нан, самса жана башкалар даярдалат. Мындай тамактар көбүнчө чай менен желет. Кыргыз элинде ичилүүчү суусундук. Күн ысык убактарда көк чай ичилиши мүмкүн. Түштүк тарапта көбүнчө чайга эч нерсе кошулбай ичилсе, түндүк аймактарда чайга сүт, каймак кошуп ичишет. Чай ичүүгө дасторконго тандыр нан, боорсоктон сырткары сары май, каймак, бал, жаңгак, кургатылган өрүк, мейиз жана түрдүү таттуулар коюлат.

Кыргыздарда улуттук эң барктуу суусундук бул – кымыз. Кымыздын дарылык касиети да бар. Кургак учук оорусун ушул кымыз менен да дарылап келишкен. Ошондой эле бозо, жарма, максым сыяктуу суусундуктар да жасалат.

Окурмандык ишмердүүлүккө үйрөтүүнүн дагы бир принциби – окуу жана окууга кызыктыруу иштерин *чыгармачылык менен колдонуу* принциби. Мында текстти окуу жана ошол тексттен соң окурмандардын окууга болгон кызыгууларын жогорулатуу үчүн педагогикалык ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүн (текстти көркөм окуу; текстти талдоо; текстти майда темаларга

бөлүштүрүү; окуу менен бирге жазуу жумуштарын айкалыштыруу; окутууда заманбап технологияларды колдонуу; окуучулардын бири-бири менен баарлашуулары; окуучулардын мугалим менен диалогдору; анимация; слад; китепкана менен байланышуу; китептин негизинде конференциялар жана викториналар өткөрүү; ошол чыгарманын негизинде сүрөт тартуу ж.б.) чыгармачылык менен колдонулушу керек. Аларды колдонууда чыгарманын табияты, балдардын кызыгуулары сөзсүз эске алынат.

Кенже класс окуучуларынын окурмандык кызыгууларын өнүктүрүп окууну уюштурууга жана өткөрүүгө *педагогикалык жактан жетекчилик кылуу* принциби. Бул принциптин курамы: биринчиси – окулуучу көркөм текстти аныктоо, б.а., мугалим окуучуларга окуй турган чыгарма, же китеп сунуш кылардан мурда ошол чыгарманы өзү бир нече жолу окуп чыгып, балдардын кабыл алуусуна ылайыктуулугун, тилин, тарбиялык маанисин, китепканалардан табылышын, канча нускада экендигин аныктайт; экинчиси – окулуучу көркөм чыгарма тууралуу окуучуларына, эгер үйгө тапшырмага берилсе, ата-энелерге кеңеш берет; үчүнчүсү – окуучуларынын баарынын колунда окула турган тексттин жетиштилүүгүн камсыз кылуу; төртүнчүсү – окулган чыгармалары балдардын эсинде, турмуш практикасында канчалык колдонулуп жаткандыгына кийин да көз салып туруу.

Жогорудагы принциптерден башка да *окуган чыгармасынын негизинде жазуу иштерине аткарууга көңүл буруу, окулган чыгарманы окуучулардын ой-жүгүртүү ишмердүүлүктөрү менен параллель алып баруу, окуу үчүн берилген чыгарманын тарбиялык маанисине өзгөчө басым жасоо* принциби ж.б. принциптери бар.

Ар бир принцип мугалимдин ишмердүүлүгүнө жардам берип, анын окурманды тарбиялоо багытында жүргүзүүчү иш-аракеттерин жөнгө салып турат.

Окурмандык кызыгууларды мотивациялоонун компоненттери катары төмөнкүлөрдү белгилейбиз.

**Таблица 4.5. – Окурмандык кызыгууларды мотивациялоонун компоненттери**

| **компоненттин түрлөрү** | **компоненттердин мазмуну** |
| --- | --- |
| теориялык | окурмандык чөйрөнү түзүү;<br><br>ар бир чыгармага жана ар бир авторго жекече мамиле кылуу |
| мазмундук | класстан тышкаркы иштер менен байланыштыруу;<br><br>окурмандык кызыгууларды өстүрө турга чыгармаларды окуу программасына сунуштоо;<br><br>окурмандык кызыгууларды арттыруун технологияларын педагогикалык, методикалы адабияттар аркылуу үйрөнүү. |
| технологиялык | тренинг өткөрүү;<br><br>дискуссия уюштуруу;<br><br>«мээ чабуулу» ж.б. интерактивдүү технологиялард пайдалануу ж.б. |
| диагностикалык-натыйжалуу | окурмандык окурмандык ишмердүүлүгү жогорулатуунун жолдорун, чен-өлчөмдөрүн иште чыгуу ж.б. |

Башталгыч класстарда окуучулардын окууга болгон кызыгууларын мотивациялоонун эффективдүү жолдорунун бири – окуучулардын окуу

ылдамдыгын байкоо жана аны туура багытка буруу. Муну үчүн атайын сабактар өтүлүп турат. Анын бирин баяндайбыз. Сабактын максаты: текст окуу аркылуу окуучулардын окуу ылдамдыгын текшерүү жана ал аркылуу алардын окуу техникасын өздөштүрүү деңгээлин байкоо; окуу техникасын өркүндөтүү аркылуу окуучуларды окуу маданиятына, окуу ишмердүүлүгүнө тарбиялоо; окурмандык маданиятты адамдын жалпы маданиятынын бир белгиси катары кароо менен, баланын инсандык ишмердүүлүгүнүн маданиятын өнүктүрүүгө багыттоо. Сабактын жабдылышы: Окуу ылдамдыгын текшерүүгө ылайык тандалган адабий-көркөм жана таанып билүүчүлүк мааниси бар тексттер (кара сөз, ыр). Сабактын тиби: Байкоо, сыноо, изилдеп-жалпылоо. Иштөө формалары: Албетте, «Адабий» окуу сабагы окуучулардын адабий-көркөм чыгармаларды окуу, түшүнүү, ал боюнча ой жүгүртө билүү ишмердүүлүгүнө үйрөтүү болгондуктан, аларды, адегенде, окуу ишмердүүлүгүнө тарбиялап көнүктүрүү кажет. Ал үчүн окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө жана формаларына жараша иш жүргүзүү максатка ылайык келет. Ошондуктан, бул сыяктуу иш-аракеттер китептин ар бир бөлүмү аяктаганда же чейректер аяктаган кезде окуп-үйрөнгөн тексттер боюнча окуу ылдамдыгын, анын жүрүшүндө аларды түшүндүрүп окуу деңгээлине ырааттуу көз салып туруу – мугалимдин бирден-бир маанилүү милдети.

Бул үчүн төмөндөгүдөй шарттар аткарылууга тийиш:

1. Окуучулар буга чейин окуп-үйрөнгөн тематикага ылайык мазмундагы текст тандалат.

2. Ал текст окуучуга тарбия-таалим бере аларлык же таанытуучу мүнөзүндө болуусу максатка ылайык келет.

3. Окуучулардын курактык жана кызыкчылык өзгөчөлүктөрү эске алынат.

4. Окуу нормативи так сакталат.

5. Окуучулардын окуу ишмердигин туура уюштурууга карата жылуу маанай, туура баалоо жана мактоо мүнөзүндөгү жакшы мамиле жасалууга тийиш.

Окуу мүнөзү:

***1. Тааныш текстти окуу:*** мында мугалим окуучуга окуу чейрегинде же китептин бир бөлүмүндө окуган, мазмуну тааныш текстти окутуу менен иш жүргүзөт.

***2.Бейтааныш текстти окуу*:** мында мугалим окуучуларга бейтааныш, жаңы текстти окутуп, окуу ылдамдыгын текшерет, тааныш текстти кандай окуду, эми бейтааныш текстти кандай окуур экен деген максатта салыштырып сыноо жүргүзөт.

***3. Биринчи окуу*:** окуучулардын окуу ылдамдыгын, ал тургай, көрктүү окуусун адегендеги (баштапкы) окуусу аркылуу баалоосу ишке ашат.

***4. Экинчи окуу:*** окуучулардын окуу ылдамдыгын жана көрктүү окуусун адегендеги (баштапкы) окуусу менен салыштырып экинчи ирет окутуу аркылуу баалоо; мында мурдагыга караганда сөзсүз окуу ылдамдыгынын көрсөткүчү жогору болот.

***5. Үчүнчү окуу*:** окуучулардын окуу ылдамдыгын, ал тургай, көрктүү окуусун эки окуудагы көрсөткүчү менен салыштырып, үчүнчү ирет окутуу аркылуу окуу техникасындагы өсүштү байкоо.

***6. Окуу ылдамдыгын жыл башында байкоо:*** бул иш окуу ылдамдыгынын абалын билүү максатында 2-класстын окуучуларынын окуу жылынын башындагы окуу ылдамдыгын билүү үчүн жүргүзүлөт.

***7. Окуу ылдамдыгын жыл ортосунда байкоо*:** бул иш окуу ылдамдыгынын абалын билүү максатында окуу жылынын ортосунда, мүмкүн 2-чейректин аягы, же 3-чейректин башындагы окуу ылдамдыгынын абалын билүү үчүн жүргүзүлөт.

***8. Окуу ылдамдыгын жыл аягында байкоо*:** бул иш окуу ылдамдыгынын өсүш абалынын өнүгүүсүн байкоо үчүн жүргүзүлөт.

***9. Түшүндүрүп окуу:*** окуганынын негизинде анын сюжети (окуясы), же каармандары тууралуу берилген суроолорго жооп берип окуу. Мугалим окуунун бул түрүнө айрыкча маани берүүгө тийиш.

***10. Тез окуу.*** Мында окуучунун окуу ылдамдыгы гана эске алынат, анда мугалим окуучунун окуу кыраатына, образдуулугуна, көрктүүлүгүнө эмес, бир минутанын ичинде  канча сөз окуй алуусуна (окуу темпине) гана көңүл коёт.

Ушунун баары ар бир окуучуга  атайын таблица түзүлүү менен, окуу жыл ичиндеги окуу ылдамдыгынын көрсөткүчү эсепке алынып, максаттуу жүргүзүлөт.

**Сабактын жүрүшү:**

1-текст:  **Мукаш**

Жаздын күнү эле. Биздин мектептин балдары али каникулга тарай элек болчу. Мукаш да биз менен бирге окучу эле. Бирок Мукаш абдан жалкоо болчу.

Бир күнү эртең менен ал мектепке барам деп үйүнөн чыкты. Жолдо келе жатып анын жалкоолугу кармады. Мектепти унутуп токойго кетип калды. Мукаш токойдо сайрап турган бир кооз чымчыкка кызыкты. Чымчыктын ыры Мукашка абдан жакты.

Мукаш:

– Бул жакшы ырды кайдан үйрөндүң? – деп чымчыктан сурады.

– Мен бул жакшы ырды мектептен үйрөндүм. – деди да чымчык учуп кетти.

Мукаш башка бир чымчыкка кезикти.

– Чымчык, чымчык! Мага сайрап берчи?– деди Мукаш.

Чымчык ага мындай деп айтты:

– Мен сендей бекерчи эмесмин. Ойноого убагым жок. Балдарыма тамак издейм. Кышка азык даярдаймын. – деди.

Дүйнөдө бекер жүргөн жан жок экенин билген соң, Мукаш мектепке жөнөдү. Ошондон кийин Мукаш жалкоолугун таштап жакшы окуучу болду (Ишеналы Арабаев, «Кыргыз алиппеси» китебинен)

Текстти окуутууда мугалим жогоруда айтылган ыкмалардын кайсынысын колдонууну өзү пландаштырат. Анткени бул текст балдарга, балким, биринчи ирет (же экинчи, үчүнчү) сунушталышы ыктымал. Ошондуктан, аны уюштурууда аткарылуучу ишти бул жерде так көрсөтүп айтуу кыйын.

Ошентсе да, мугалим окуучуга биринчи жолу окутабы, окуу нормативине ылайык окуу ылдамдыгын текшерет.

Окуу ылдамдыгы: 2-класста түшүндүрүп окуу үчүн минутасына 60 сөздөн кем болбоого тийиш.

Окуу кезиндеги мамиле маданияты: Окуу процессинде окуучуларды бири-бирине атаандаштыруу, биринин жогорку көрсөткүчү үчүн экинчисин кемсинтип мамиле жасоого болбойт.

Окууну баалоо: окуу жылы ичиндеги баалоо – формативдик баалоо, ал эми чейрек жана жыл аягындагы баалоо – жыйынтыктоочу (суммативдүү) баалоо катары эсептелинет.

2-текст: **Курбуңдун үйүнө барганда**

1-окуучуга сунушталат: «Ар дайым таза жүр».

Эгер сенин курбуңдукуна зарыл иш менен барууга туура келди дейли. Үйдө кийип жүргөн кийимдериң менен жөнөп калба. Ашыкпай таза

кийимдериңди кийип, туфлийиңди тазалап, чачты тарап, анан жолго чыксаң болот. Барганда кичипейил учурашып, кандай иш менен келгениңди билдиресиң.

2-окуучуга сунушталат: «Досуңду тааныштыр».

Ата, таанышып койгула. Бул менин классташ курбум – Алмаз. Биздин мектепке келгенине үч жыл болду. Экөөбүз тең отличникпиз. Экөөбүздүн тең максатыбыз бир. Ал – эл үчүн пайдалуу кызмат өтөө.

Бул сөздү угуп, «Жакшы тилегиңер бар экен» деп атасы коштоп, батасын берет.

3-окуучуга сунушталат: «Ордуңду таап отур».

Чай ичип отурушкан болсо, келегой айланайын, деп апасы силерди чайга чакырат. Андайда сен түз эле орундукка барып отуруп калба. Оболу колуңду жууп келип, анан орун алсаң болот. Адегенде, нандан ооз тий. Анан чайыңа кумшекерден салып, кашык менен акырын аралаштыр. Кылдыратсаң уят болот. Ууртаганда этият бол. Шоркурата көрбө. Эки күндөн бери нан жей элек кишидей сугунбай, бул жагына да көңүл бур.

Иштин тартиби: Мында мугалим ар бир окуучуга ар башка текстти сунуш кылуу менен, алардын окуу ылдамдыгынын мүнөзүн байкайт. Антпесе, мурунку окуучу окуп жатканда кийинки окуучу ал тексттин мазмунун угуп турган болот да, ал кийинки окуучу үчүн тааныш текст катары эсептелинип калуусу ыктымал.

Мындай иштер, жогоруда айтылгандай, ырааттуу, максаттуу жүргүзүлгөндө гана натыйжага жеткирет. Ал окуучунун окуу ишмердүүлүгүн системалуу өнүктүрүп жүрүп отуруу менен, окурмандык маданиятын калыптандырууга жол ачат. Мунун өзү «Адабий окуу» сабагынын түпкү максаты да болмокчу.

### 4.3. Адабий окуу предметинде окуучулардын окурмандык кызыгууларын өркүндөтүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн методдору

Бул методдор жалпы эле адабиятты окутуунун методдору менен байланыштуу. Адабиятты окутуунун методдорун В.В.Голубков лекциялык метод, адабий сукбатташуу методу, өз алдынча иштөө методу, В.А.Никольский мугалимдин көркөм окуусу, жаттоо, кайра айтып берүү, көркөмдөп айтып берүү, чыгармадагы ойду толуктап баяндоо, көркөм иллюстрациялоо [225, 98], Г.Н.Ионин көркөм интерпретациялоо методу, сын-публицистикалык метод, адабий издөө-иликтөө методу [144, 12-22] деп классификациялайт. «Мында көркөм интерпретациялоо методунда окуучу чтец-интерпретаторго айланып, мугалим – өз алдынча режиссер катары көрүнөт, бул болсо чыгармачылык метод. Сын-публицистикалык методдо окурмандын өзүнчө бир тиби – окурман-сынчы жаралат да, ал окуганына баа берет. Адабий издөө-иликтөө методунда мектептик, окуучулук адабияттаануу колго алынып, балдар белгилүү даражада иликтөөчүгө, изилдөөчүгө, адабий сынчыга айланат.

Орус методист-адабиятчылары бул методдордон тышкары дагы башка ыкмаларды (приём) белгилешет, алар: көркөм окуу, чыгармачылык менен кайра айтып берүү, көркөм баяндоо, сөз менен сүрөтүн тартуу, иллюстрациялоо, ар түрдүү мүнөздөрдү салыштыруу ж.б.» (А.Муратов) [215].

Б.Оторбаевдин классификациясы заманбап өзгөрүүлөрдү жана технологияларды эске алган:

1. Салттуу адабият сабактары:

- текстти көркөм окуу, комментарийлеп өздөштүрүү сабагы;
- лекция сабагы;
- баарлашуу сабагы;

- экскурсия сабагы;
- көрмө сабак;
- өз алдынча иштөө сабагы;
- лабораториялык жана практикалык сабактар;
- сабактардын ар кыл түрлөрүн айкалыштыруу сабагы.

1. Салттуу эмес адабият сабактары:

- сахна-сабак;
- жомок-сабак;
- пресс-конференция сабагы;
- теле көпүрө сабагы;
- дебат сабагы;
- ток шоу сабагы;
- интервью сабагы;
- тегерек үстөл сабагы;
- иштиктүү оюндар сабагы;
- дидактикалык оюндар сабагы;
- акылдуулар, тапкычтар клубу (АТК) сабагы;
- адабий викторина сабагы;
- диспут-сабак;
- мелдеш-сабак;
- конкурс-сабак ж.б.

2. Интерактивдүү адабият сабактары:

- акыл-эс чабуулу сабагы;
- сынчыл ой жүгүртүү сабагы;
- ромашка гүлү негизиндеги сабак;
- класстер түзүү сабагы ж.б. [232, 45-46].

3-класста «Гүлгө айланган кыз» деген жомокту кандай методдор менен окутканды карап көрөлү.

1-метод: Аңгемелешүү. Бул метод мугалим менен окуучуну абдан жакын кармайт, бири-бирин жакшы түшүнүп турат. Окуучулар аңгемелешүүдө мурдагы «Хан жана булбул» деген жомоктогу төмөндөгүдөй суроолорго жооп берет.

1. Эмне үчүн булбул ырдап жатканда адамдар, ал гана эмес, жан-жаныбарлар да жыргап угушат?

2. Анын атагы алыска тарашынын себеби эмнеде?

3. Хан булбулду эмне максат менен алдырды?

4. Силер кандай ойлойсуңар, эгер ханга булбулдун ыры жакпаса, эмнеге алтын аяктан аш ичирди?

2-метод: Талкуу. Жогорудагы суроолорго жооп берүү кызыктуу болуп, талкууга айланат. Талкууда ар бир баланын ар тараптуу пикир айтуусуна мүмкүнчүлүк түзүлөт.

3-метод: инсерт. Мугалим алгач доскага ИНСЕРТ белгилеринин таблицасын чиет жана окуучуларга суроолор менен кайрылат.

– Балдар, булбул, гүл жөнүндө эмнелерди айта аласыңар? Окуган, уккан, көргөндөрүңөрдү эстеп көргүлөчү?

Балдардын жооптору таблицанын биринчи бөлүгүнө («V» – муну билем) жазат.

**Таблица 4.6. – Инсерт боюнча балдардын жоопторунун таблицасы**

| **«V» – Муну билем** | **«+» – Жаңы билдим** | **«?» – Муну түшүнө албадым** |
|---|---|---|
| – куш сайрайт, учат.<br>– гүл өнөт, өсөт, гүлдөйт.<br>– жомок окугам.<br>– мультфильм көргөм | – Булбул алгач болгону тууралуу.<br>– Ал эми кызыл гүл мурда сулуу кыз болгонун. | – Эмне үчүн хан сыйкырлап коюуну өтүнүп, аны сыйкырчы кемпир гүлгө айландырды? |

| | | |
|---|---|---|
| ж.б. | – Кантип кушка, гүлгө айланганын ж.б. | –Адам баласы кушка, гүлгө айланышы мүмкүнбү? ж.б. |

4-метод: ролдоштуруп окуу. Ролдордо – автор, хан, кыз.

5-метод: кыраатты менен көркөм, уккулуктуу кылып окуйт.

6-метод: суроо-жооп. Жомоктун биринчи бөлүгү окулгандан кийин тыным жасалып, суроолор менен окуучулардын оюн топтоп, түшүнүгүн бекемдеп, ой жүгүртүп сүйлөп берүүсүн мугалим уюштурат.

Суроолор:

1. Булбул кандай жигит болуптур? Жомоктон таап, баяндап бергиле.
2. Хандын максаты кандай эле? Булбулдун ыры ага эмне үчүн жакпай калды?
3. Булбул эмне үчүн ата-энесине жардам бере алган жок деп ойлосуңар?

Жомоктун экинчи бөлүгү окулат. Кайрадан суроо, тапшырмалар аркылуу окуучулар ойлорун ортого салуу менен түшүнүктөрүн бекемдешет.

Суроолор:

1. Гүланда эмне үчүн булбулду жакшы көрүп калды деп ойлойсуңар?
2. Хан кызы Гүланданын өтүнүчүн кандай кабыл алды?
3. Эмне үчүн хан кызын мастан кемпирге сыйкырлатып койду?
4. Гүланданын кызыл гүлгө, булбулдун канаттууга айланып кеткенине ишенсе болобу? Эмне үчүн?
5. Силер сыйкырчы болсоңор кандай кылат элеңер? Ойлонуп көргүлөчү.

7-метод: изилдөөчүлүк. Табышмактын жандырмагын табуу.

*Жай келгенде акырын,*

*Жаят да кооз чатырын.*

*Теребелге эрте-кеч*

*Тегиз чачат атырын. (г..)*

Талкуулап бүткөн соң жомоктун экинчи бөлүгүн окуганда кийин үйрөнгөн нерселерин мугалим сурап, окуучулардын жооптору менен таблицанын биринчи бөлүгүн («V» – муну билем) экинчи бөлүгүн («+» – жаңы билдим) толтурат. Эң аягында таблицанын 3-бөлүгүндөгү («?» – муну түшүнө албадым) суроолорго жооп издешет, талкуу жасашат.

Мисалы:

1. Эмне үчүн жигит адам бойдон жүрбөй кушка айланды?
2. Сыйкырчы кемпир кызды гүлгө айландырбай эле койсо болот беле?
3. Адам баласы гүлгө айланышы мүмкүнбү?

8-метод: оозеки айтып берүү. Үйгө тапшырмага жомокту кайрадан окуп чыгуу, түшүнгөнүн айтып берүүгө даярдануу берилет.

9-метод: жаттоо. Жомоктон кийин берилген «Булбул жана гүл» аттуу ырды жаттап алуу.

Окуучунун окурмандык ишмердүүлүгүн өстүрүүдө колдонулуучу методдор катары С.К.Рысбаев төмөнкүлөрдү көрсөтөт: 1) Проблемалуу окуу методу; 2) Изилдөөчүлүк метод; 3) Психологиялык методдор; 4) Интерактивдик методдор; 5) Аңгеме методу; 6) Байкоо методу... [263, 30] Андан ары методист проблемалык окуу методунун колдонулушу тууралуу мындай ойлорун айтат: «...мында, адегенде, мугалим китептин аталышы, анын бетинде, же ичинде тартылган сүрөттөрүн (иллюстрацияларды) окуучуга көргөзүп, китептин аталышынан эмнени түшүндүңөр, аталышына жараша китепте эмне жөнүндө сөз болуусу мүмкүн деп божомолдойсуңар, ал эми бул сүрөттөрүн көргөндө, китептин мазмуну эмне тууралуу болорун, эмне жөнүндө сөз болорун баамдадыңар? – деп суроо коёт. Мындай суроолор – китепти окуганга чейин эле, т.а., китеп менен таанышуудан баштап эле проблемалуу окуу башталат дегенди билдирет. Ал эми окуй баштаганда каармандардын кылык-жоруктары тууралуу аңгемелешүүлөрдү жүргүзүү:

мисалы, ал эмне үчүн ушундай, ал эмне үчүн ушундай кылды, мындан ары ал дагы да эмне кылат, окуя мындан ары кандай уланат деп ойлойсуң? – деп, баланы окуяны өзү түшүнүп, окуяга каарман менен аралаша жашап, жүрөгүнөн өткөрүп жетелесе, ал окуу албетте натыйжалуу болмокчу. Деги эле, баланын китеп окуусуна көз салууда мындай механизмдер ишке ашуусун мугалим байкоосу тийиш:

– каармандын кылык-жоруктарына, же окуяга – баланын эмоционалдык психологиялык баасы кандай болгонун?

– каармандардын кылык-жоруктарына же окуяга баланын нравалык-этикалык баа берүүсү кандай болду?

– каармандардын кылык-жоруктарына же окуяга баланын философиялык ой жүгүртүүсү кандай болду?

– бала китептен, андагы окуялардан, каармандарынан тарбия-таалим ала турган эмнени тапты?...

Мына ушундай багытта ой жүгүртүү менен, кандайдыр бир натыйжага ээ болгондо гана окуу да натыйжалуу, ошону менен бирге окуунун жүрүшүндө кандайдыр бир педагогикалык проблема чечилгендигин да билүүгө болот. Китеп окуунун өзү педагогикалык процесс, анткени китеп окууда маалымат алуу, окуянын мазмунун түшүнүү, өз оюн билдирүү, көз карашын байытуу, ж.б. ишмердиктин баары китеп окуу аркылуу чечилүүчү педагогикалык проблема болуп саналат» [263, 30-31].

### 4.4. Интерактивдүү методдор менен окуучулардын окурмандык кызыгууларына таасир этүүнүн технологиялары

Классик педагогдор үйрөткөндөй сабактын ар бир этабында мугалим балага тек гана бир нерсени угуп, жаттап, аны кайталап айтып берүүсүн же

тапшырманы аткаруусун талап кылуу менен чектелбестен, аны кызыктуу дүйнөгө, таң калуу менен суктанууга, ой жүгүртүүгө жетелөөсү, шыктандыруусу, умтултуусу өз натыйжасын берери анык. Андыктан көркөм чыгармаларды натыйжалуу окутуу үчүн окуучулардын кебин өстүрүү менен адабий-эстетикалык билимин түптөөдө ыңгайлуу методдорду оптималдуу колдонуунун ролу чоң. Анткени учурда окуучулардын чыгарманын сюжетин карандай кайталап айтуу менен эмес, аларды түшүнүп окуу, өз ой-пикирин билдирүү, сынчыл көз карашын ойготуу сыяктуу билгичтигин, жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө (компетенттүүлүктөрүнө) айрыкча көңүл бөлүнүүдө.

Бул проблеманы чечүү үчүн адабий окуу сабагын методикалык жактан туура уюштурууга байланышкан бир катар илимий-методикалык маанилүү маселелерди эске алуу керек. Мисалга алсак, адегенде, сабакты пландаштыруу, анын максатын туура аныктоо, ага жетүү жолдорун издөө, окуучулардын адабий-маданий көндүмдөрүн (компетенциясын) өркүндөтүү, сабакка бөлүнгөн убакытты сарамжалдуу пайдалануу, пикир алыша билүүгө үйрөтүү үчүн сабакта пикир алышуу маанайын түзүү, ал үчүн окуу зарылдыгын пайда кылган кырдаалдарды уюштуруу жана багыт берген ачык суроо-тапшырмаларды камтыган атайын системаны түзүү, окуучулардын билимин максаттуу (объективдүү) баалоо, негизинен, адабий окууну натыйжалуу окутуунун методикасын иштеп чыгуу зарыл.

Ал үчүн кандай иш-аракеттер көрүлүүгө тийиш? Кандай салттуу методдор колдонулушу мүмкүн?

Биринчиден, сабакта окуучулардын байланыштуу сүйлөөгө багыт берүүчү *аңгемелешүү методун* пайдаланууну эстен чыгарбоо зарыл.

Экинчиден, адабий чыгарманы окууга балдарды кызыктыруу керек. Бул максатта эмоционалдык-психологиялык методдорго таянуу керек. Атап айтканда, *чыгарманы анализдөө,* жыйынтыктап *синтездөө* иштери аткарылышы керек.

Үчүнчүдөн, сабактын натыйжалуулугун жогорулатууга мугалимдин кесиптик чеберчилигин арттыруу, проблема коюп аны чечүүгө жетишүүгө багытталган *проблемалык окутуу методу* колдонулат. Мазмундуу, окуучулардын ички муктаждыгына, кызыкчылыктарына ылайык тексттер мындайда чоң натыйжага алып барары бышык. Мындай проблемалуу окутуу окуучулардын адабий-эстетикалык билимин түптөөгө кызыгуусун жогорулатат, өз алдынча чыгармачыл ой жүгүртүүгө, жекече оюн өз сөзү менен билдирүүгө өбөлгө түзөт (И.Б.Бекобев) [101, 384].

Жалпылап алганда, окурманды тарбиялап калыптандыруу үчүн окутуунун *изилдеп үйрөнүү* методу, *түшүндүрүү* жана жогоруда айтылган аңгемелешүү жана проблемалык окутуу методдоруна таянуу керек. Ошону менен бирге, педагогика-психология илимин өнүктүрүүдө иштелип чыккан төмөндөгү методикалык системаларды да пайдалануу максатка ылайык келет, атап айтканда, өнүгүүнүн активдүү зонасы (Л.С.Выготский), акыл ишмердүүлүгүн этап менен өнүктүрүү (П.Я.Гальперин), өнүктүрүп окутуу теориясы (Д.Б.Эльконин, П.И.Давыдов, В.И.Зинченко ж.б.), таанып-билүү ишмердүүлүгүн башкаруу теориясы (В.Н.Беспалько, Н.Т.Талызина), баланын инсандыгын эске алып окутуу (И.С.Якименская, И.Б.Бекбоев), окутуунун этнопедагогикалык негизи (Г.Н.Волков, С.Калиев, А.Алимбеков, С.Рысбаев, А.Муратов), ден соолукту сактап окутуу ж.б.

Ошентсе да, соңку убакта интерактивдүү методдор практикага жигердүү кирип жатат. Албетте, учурдагы окуучулардын сөз байлыгын, сүйлөө маданиятын, көркөм ой чабыттарын өстүрүүдө, көркөм адабиятка болгон табитин жогорулатууда дүйнөлүк практикада сыналган интерактивдүү ыкмаларды, анын стратегияларын колдонуу да жакшы натыйжаларга жол ачары шексиз.

Интерактивдүүлүктүн азыркы кыргыз адабиятын окутууда зарыл экендигин практика далилдеп жатат. Күн сайын адаттагыдай эле кайталанма, жадатма сабактын формалары (мугалимдин саламдашып, үй тапшырмасын

айрым окуучулардан сурап, калган окуучулардын пассивдүү угуучу же көрүүчү катары карап отуруусу, андан соң жаңы теманын мугалим тарабынан баяндап айтып берүүсү (бул учурда да окуучулар пассивдүү угуучу катары отуруп калышат) ж.б.) окуучулардын билим алууга болгон кызыгуусун төмөндөтүп жатат. Мындай адабият сабагында окуучулар чыгарманын сюжети тууралуу аздыр-көптүр маалыматка ээ болуп, башкы каармандардын ысымдарын атап берүү, же чыгармадан үзүндүнү жатка айтып берүү менен гана чектелип калуу коркунучу бар экендиги кабатыр кылат. Андыктан, сабактын кызыктуулугун, жугумдуулугун, натыйжалуулугун арттыруучу, балдар менен мугалимдин, балдар менен балдардын иш-аракетин, чыгармачылык өз ара байланышын тереңдетүүчү, бекемдөөчү, ой жүгүртүүгө, талашып-тартышууга, өз оюн далилдеп, эркин сүйлөөсүнө мүмкүнчүлүк берүүчү сабактын интерактивдүү ыкмаларын колдонуу артыкбаш болбойт. Методисттер белгилегендей: «Интерактивдүү жол аркылуу бала мугалим менен да, классташы менен да, жазуучу менен да диалогго чыга алат, керек учурда алар менен кайым айтышат, адабиятты маалымат алуунун куралы катары гана окубастан, турмушту таанып-билүүнүн, адабияттан эстетикалык ырахат алуунун, тарбия берүүнүн куралы катары окушат» [211].

Ал эми кыргыз адабиятын окутуудагы интерактивдүү методдорду колдонуунун зарылдыгы жөнүндө С.Байгазиевдин «Интерактивдик окутуунун педагогикалык идеологиясы жана технологиясы» [83], «Окутуунун интерактивдүү методу» [86], «Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы» [85], «Гумандуу педагогикалык технология же окутуунун интерактивдүү усулу» [82] деген эмгектерин жазган. Анын интерактивдүү окутуу боюнча айткан пикирлери бул багытта аныкталат интерактивдүү окутуунун негизги методикалык аспаптарына буларды көрсөтөт: диалог, талаш-тартыш (диспут), талкуу, мээ чабуулу («мозговая атака»), сынчыл ойлом (критическое мышление), проблемалык кырдаалдар, издөө-иликтөө ишмердиги, оюн, эксперимент ж.б... Бул амалдар окуучуну ойгонууга

аргасыз кылат, мээсин кыймылдатып, ич жактан «күүгө» келүүгө, изденүүгө, рефлексияга түртөт, аналитикалык жөндөмүн козгойт, ой жүгүртүү активдүүлүгүнүн, субъективдүүлүгүнүн өсүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзөт, ойлоодогу өз алдынчалыгын арттырат.

Мына ушул багытта ал жаңычыл мугалим Б.Исаковдун методикалык ишмердүүлүгүн төмөнкүдөй мүнөздөйт: «Бектур Исаковдун жаңы педагогикалык концепциясы өзү жазгандай, бала – робот эмес, ал эркин дүйнө, балдардын ар биринде таңкаларлык шык, жөндөм, талант бугуп жатат, мугалимдин да, окуучунун да милдети – ошолорду ачуу, балдар ар түрдүү, миң үндүү, алардын баары бири-бирине коёндой окшош болуп тарбиялануугa тийиш эмес, окуучу изденсин, шектенсин, талдасын, ырастасын, жаңылсын, оңдосун, талашсын, өз оюн далилдесин, коргосун, дүйнөнү өз колу, өз акылы менен ачсын деген мугалимдик философиясында чагылдырылган. «Жаңыча окутуу процессинде мугалимдин ролу кандай болуш керек?» деген суроого Б.Исаковдон төмөндөгүдөй жоопту алууга болот: «Бул жерде мугалимдин кийлигишүүсү өтө опурталдуу, анткени анын айтканы кадиксиз чындык катары кабыл алынат да, окуучу түйшүксүз, изденүүсүз, негиздөөсүз эле даяр калыпка салынып калат, бул өтө зыян, инсандын өзүнчөлүгүнүн калыптанышына терс таасир кылат. Ошол себептен мугалимдин кийлигишүүсү башкача өңүттө жүрүшү зарыл: ал көйгөй маселени чиелентсин, кызуу талаш-тартышка айландырсын. Бирок эч качан «Бул туура, бул туура эмес» деп өз өкүмүн айтууга тийиш эмес, анын ордуна «Мен да кызыгып калдым, мурда ойлобопмун, оюңду дагы өнүктүрсөң, далил менен бекемдесең» деген өңдүү сүйлөөгө тийиш. Мугалим өзүн чектеп, балдардын эркин ой жүгүртүшүнө көмөк көрсөтөт» [80].

Мисал катары айрымдарына токтолуп өтөлү, *окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүү* усулу текст менен иштөөдө жана окуучунун оозеки-жазуу ишмердүүлүгүн өстүрүүгө шарт түзөт. Ушул ишмердүүлүктү андан ары улантуучу *ИНСЕРТ стратегиясы* да мугалимге эң жакшы жардам

берет. Бул усул окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүү сабактарын жүргүзүүгө жардам келет.

Окуу жана жазуу стратегиясы да окуулардын текстти окуп-түшүнө билүү, сөз маанилерин тереңдеп үйрөнүү, ал үчүн төмөндөгү «кадамдар»: чакыруу, түшүнүү, ойлонуу, салыштырып ой бөлүшүү жана жыйынтыктоо баскычы сөзсүз эске алынууга тийиш.

Окуучулардын окуу материалдарын жаттап өздөштүрбөстөн, аларды изилдеп-талдап, түшүнүп, турмушунда колдонуп, аны баалай билүүгө машыгууга туура стимул болууда алардын практикалык көндүмдөрүнө карап окутуу зарылдыгын айтпасак да түшүнүктүү. Бул багытта америкалык психолог, педагог *Бенджамен Блумдун таксономиясы* (таанып-билүүчүлүк системасы) жакшы жардам берет. Тактап айтканда, анын деңгээлдери: билүү, түшүнүү, колдонуу – төмөнкү деңгээлдеги мазмундук-идеялык табиятын түшүнүү көндүмдөрүн камтыса, экинчи деңгээли – талдоо, синтездөө, баалоо – жогорку деңгээлдеги билгичтиктерге өтөт. Б.Блумдун бул таксономиясы окуучулардын окуу, сүйлөө процесси менен түздөн-түз байланыштуу жана алардын билүү, түшүнүү, колдонуу, талдоо (анализ), топтоо (синтез) жана баалоо процесстерин туура аныктоого жол көрсөтөт.

Интерактивдүү методдордун артыкчылыктары эмнеде? Мындай методдорго таянып окутууда окуучулар арасында көп жактуу коммуникативдүүлүк, сабакта жагымдуу психологиялык кырдаал, окуп-үйрөнүүгө атайын ыңгайлуу педагогикалык шарттар түзүлөт, тактап айтканда:

- өз алдынча иштөө;
- жуп менен иштөө;
- топ менен иштөө;
- проблемалуу талкуулар;
- жаңы билимдин презентациялары ж.б. жүзөгө ашат.

Мындан сырткары, *интерактивдүү окутууда*:

- сабакта жооп берүү учурунда окуучулар өздөрүн эркин сезип, мугалимдин суроосуна «туура эмес жооп берип алам» деген коркунучтан алыс болушат да, сабакка активдүү катышат, ошонун негизинде өз алдынчалыгы өсөт;
- окуучулардын ар бири өзүнүн адабий билими боюнча жөндөмүн, чыгармачыл ой жүрүртүүдөгү шыгын, мазмундук-сюжеттик билимин көрсөтүүгө аракеттенет; мындай аракет, көбүнө, уялчаак, тартынчаак, башкалар алдында чечкинсиз балдар өз ойлорун эркин айтууга мүмкүнчүлүк алышат;
- берилген тапшырмаларды аткарууда буга чейин топтолгон өзүнүн жана бири-биринин чыгармачыл тажрыйбаларын пайдаланууга, ошондон улам жаңы идеяларды жаратууга багыт алышат;
- класста ар бир проблеманы жупта жана чакан топто чечмелеп түшүнүүгө машыгышат, балдардын коллективде бирге иштеп, бири-биринин оюн түшүнүүгө, бири-биринин пикирин колдоо аркылуу өз ара ынтымактыктуу мамиле жасоого жатыгышат;
- окуучу менен мугалимдин өз ара мамилеси өзгөрөт, мугалим сабак берүүчү, ал эми окуучу анын тапшырмасын гана аткаруучу болбой, өз ара тыгыз мамиле орноп, адамгерчиликтүү жана ишмердик мамиле түзүлөт, дос-жолдош катар мамиле калыптанат, окуучулар менен тыгыз түшүнүшүү менен байланыш түзүлөт, чыгарманы эркин талкуулап, талдап түшүнүшөт;
- көркөм образдарды талкуулоодо, чыгарманын идеясын түшүнүүгө карата окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө шарт түзүлөт;
- бул убакта мугалим окуучулардын ишмер аракеттенүүлөрүн уюштуруучу, таанып-билүү иштерин башкаруучу, багыт берүүчү (фацилитатор) катары болуу менен, окуучулардын сабактагы ролун өстүрөт***;***
- окуучунун мугалимди дос, кеңешчи, жардамчы катары кабыл алуусу калыптанып, бул өз учурунда окуу кырдаалынын жакшырышына өбөлгө түзөт.

Бул багытта бир сабактын иштелмесин карап көрөлү.

**Сабактын темасы: Булбул (жомок)**

**Сабактын максаттары:**

- **билим берүүчүлүк:** жомоктун мазмунун түшүнө алат, андагы окуяга баа бере алат, көрктүү окуганга машыгат, суроолорго ылайык жоопторун тексттен таба алат;
- **өнүктүрүүчүлүк:** өз алдынча ой жүгүртүп, өз оюн айтууга көнүгөт, сөз байлыгы өсөт;
- **тарбия берүүчүлүк:** Ата Мекенин сүйүүгө, аны аздектөөгө тарбияланышат, боорукерликке, бирин-бири колдоого үйрөнүшөт.

**Сабактын тиби:** жаңы билим берүүчү

**Сабакта колдонулган ыкма:** ИНСЕРТтин айрым элементтери, ролдоштуруп окуу.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, макет, түстүү сүрөттөр, ватман, фломастер (мугалим үн жазгычка жомокту көркөм окуп жаздырып алып уктурса да болот) ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

**Уюштуруу** (класста жагымдуу жагдай түзүү)

**Үй тапшырмасын суроо, текшерүү, бышыктоодо** кыскача талкуу уюштурса болот. Ал үчүн төмөндөгү суроолорго ортого таштайт:

1. Хандын булбулду кармап келип, капаска салганы туура болдубу? Эмне үчүн?
2. Булбулдун алтын капасты таштап, чөп-чардан жасалган «жаман» уясына кетип калганына кандай көз караштасыңар? Эмне үчүн андай деп ойлойсуңар?
3. Өзүңөрдү капастагы булбулдун ордуна коюп, элестетип көргүлөчү? Эмне үчүн өзүңөрдүн үйүңөр баарынан жакшы, ыйык сезилерин айтып көргүлөчү? д.у.с.

Талкууну баштаганга чейин мугалим балдар менен бирге «Алтын эрежелерди» эске түшүрөт. Бул болсо ар бир балага ар тараптуу мүмкүнчүлүктөрдү алууга шарт түзөрүн унутпоо керек.

Андан соң мугалим жаңы теманы түшүндүрүүгө киришет.

Мугалим алгач доскага Инсерт белгилеринин таблицасын чиет.

**Таблица 4.7. – «Булбул» жомогуна инсерт таблицасы**

| **«!» - муну билем** | **«+» - жаңы билдим** | **«?» - муну түшүнө** |
|---|---|---|
| - куш<br>- сайрайт<br>- кичинекей<br>- жомок окугам<br>- мультфильм көргөм ж.б. | - булбул алгач бала болгону туурадуу<br>- сыйкырдуу абышкага<br>- кантип кушка айланганын ж.б. | - Эмне үчүн бала бойдон жүрбөй, кушка айланды экен?<br>- Апасы эми эмне кылат?<br>- Адам баласы кушка айланышы мүмкүнбү? |

Андан соң окуучуларга суроо менен кайрылат:

- Балдар, булбул жөнүндө эмнелерди айта аласыңар? Окуган, уккан, көргөндөрүңөрдү эстеп көргүлөчү;

Балдардын жоопторун таблицанын биринчи бөлүгүнө **(«!» - муну билем)** жазат. Андан соң жомокту ролдорго бөлүштүрүп, кыраатты менен көркөм, уккулуктуу окушат.

**Ролдордо:** автор, бала, абышка, баланын апасы

Жомоктун биринчи бөлүгү окулгандан кийин тыным жасалып, суроолор менен окуучулардын оюн топтоп, түшүнүгүн бекемдеп, ой жүгүртүп сүйлөп берүүсүн мугалим уюштурат.

**Суроолор:**

1. Баланын кандай максаттары бар эле?

2. Сыйкырчынын шартына бала макул болор бекен? Силер кандай ойлойсуңар?

3. Канткенде туура болот деп эсептейсиңер? Эмне үчүн?

Жомоктун экинчи бөлүгү окулат же уктурулат. Кайрадан суроо, тапшырмалар аркылуу окуучулар ойлорун топтоп, түшүнүгүн бекемдешет, ой жүгүртүп сүйлөп беришет.

**Суроолор:**

1. Бала сыйкырчынын суроосуна эмне деп жооп берди?
2. Сыйкырчы абышка балага эмне деп эскертти?
3. Баланын булбул кушка айланганы туура болдубу? Эмне үчүн?

**Тапшырма:**

Апасынын баласына берген батасын китептен таап, кайрадан окуп көргүлөчү.

Андан соң балдардын жаңы жомокту окугандан кийин үйрөнгөн, билген жаңы нерселерин мугалим сурап, окуучулардын жооптору менен таблицанын экинчи бөлүгүн («+» - жаңы билдим) толтурат.

Эң аягында таблицанын 3-бөлүгүндөгү («?» - муну түшүнө албадым) суроолорго жооп издешет, талкуу жасашат: Мисалы:

- эмне үчүн бала бойдон жүрбөй, кушка айланды экен?
- апасы эми эмне кылар экен?
- адам баласы кушка айланышы мүмкүнбү? ж.б.

**Үйгө тапшырма берилип, алардын шарттары түшүндүрүлөт:**

1. Жомокту кайрадан окуп чыгуу.
2. Булбул куштун сүрөтүн тартып келүү.
3. «Эгер мен сыйкырчы болсом, ...», же «Эгер мен баланын ордунда болсом,...» деген суроонун тегерегинде кыялданып, ойлонуп келүү.

**Окуучулардын билимин баалап, бааларга комментарий берилет.**


Жогорудагы иштелмеде көрүнүп тургандай, окуучулардын көңүл борбору окуп үйрөнүлө турган материалга, алардын кызыгууларын, ой жүгүртүүсүн жандандыруучу суроо-тапшырмаларга багытталуу менен сабактын натыйжалуулугу артат [268]. Албетте, биринчи орунда окуучулардын билимдери менен байланышкан максаттар коюлуусу абзел. Аны менен катар окуучулардын өз ара аракеттенүүлөрүн жандандырууга, окуп-үйрөнүүгө, талдап, ой жүгүртүп, баа берип, салыштырып түшүнүүсүнө багыт берүү, колдоо көрсөтүү, шыктандыруу үчүн мугалим ар бир сабакта өтүлүүчү теманын мазмунуна, көлөмүнө, класстын кызыгуулары менен жаш өзгөчөлүктөрүнө карата интерактивдүү окутуунун стратегияларын туура тандап алууга тийиш.

Демек, интерактивдүүлүктө сабак процессинде мугалим менен окуучу, окуучу менен окуучу, окуучу менен окуучулар өз ара аракет кылып, максатка жетүүнүн жолун издешет. Мында мугалим пассивдүү байкоочу гана болбостон, ал ар бир иш-аракетте өзүнүн интеллектуалдык деңгээлин көрсөтүү менен бүтүндөй сабактын багытын нукка салып, окуучуларга суроо-тапшырмаларды берип, сабакты пландаштырып, интерактивдүүлүктү ишке ашыруу менен, жалпы окуучуларын жандуу аракеттенүүгө, чыгармачылык изденүүгө, ар тараптуу ой жүгүртүүгө, өз оюн тартынбай айтып, өзүн-өзү реализациялоого багыт берүүчү экендигин унутпоого тийиш.

Интерактивдүүлүктүн дагы бир формасы – сабак-сахна. Бул методдо окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгү, чыгармага болгон кызыгуусу өзгөчө артат. Мисалы, «Манас» эпосунун негизинде балдар сахнасы үчүн бир көшөгөлүү төрт сүрөттүү пьесага негизделип сабак өтүлөт. Анда окуучулар чыгарманын ролдошуп окуу менен Кошой дөө менен Жолой дөө күрөшү тууралуу маалымат алышып, алардын эрдик сапаттары жөнүндө ой бөлүшөт; каармандардын балбандык сапаттарын туюушуп, намыстуулукка, эли-жерин коргоого, турмушта сабырдуулукка үйрөнүшөт; кепке жатыгуу жөндөмдүүлүктөрү, өз ойлорун эркин айта билүүгө калыптанышат. Сабакта диспут, кластер, Венндин диаграммасын түзүү иштери аткарылат. Адегенде

чыгарманын мазмуну менен тааныштырылат. Өтүлгөн тема боюнча балдардын канчалык деңгээлде өздөштүргөндүгүн  мугалим суроо-жооп менен текшерет жана байкоо жүргүзөт.

– Биз таанышкан текст ким жөнүндө болду? (Мугалим кластер аркылуу кайрылса болот).




**Сүрөт 4.2. – Манасты мүнөздөө боюнча кластер**

**Мугалим төмөндөгүдой суроолорду берет:**

– Кошой эмнеге түйшөлдү?

– Карыса да эмнеге күрөшкө чыкты?

– Алардын сапаттарын мүнөздөгөн сөздөрдү тексттен тапкыла.

– Манас кимге кайрылды жана кантип айтты?

– Манас баатыр эмне үчүн күрөшүүгө чыкпады?

– Кошой балбан эмнеге арман кылды?

– Жолой дөөнү кандай элестеттиңер эле?


– Кошой балбандын жеңиши кыргыздарга кандай дем берди деп ойлойсуңар?

Андан соң классты 2 топко бөлөт.

Суроо-жооп иш аракети жүргүзүлгөндөн кийин, балдарга кайрадан тапшырма берилет.

Венндин диаграммасы боюнча эки баатырдын сапаттарын жазып чыгышат. Өздөрүнүн жазган жоопторун балдар жакташат. Алгач жекече, анан жупта, топто иштешет (окшоштуктар менен айырмачылыктарын жазышат).

**Кошой** **Жолой**




**Сүрөт 4.3. – Кошой жана Жолой боюнча кластер**

Жогорудагы тапшырмаларды аткарууда окуучуларга бир топ кыйынчылыктарды жаралары талашсыз. Ошондуктан алар менен бирдикте иштөө, багыт берилип туруу зарыл. Бул жерде окуучулар кыраакылык менен адамдарга байкоо жүргүзүүгө көнүгүшөт.

## Төртүнчү бап  боюнча корутунду

**Диссертациянын төртүнчү бабы «Адабий окуу» предметинде окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүп окутуунун талаптары, педагогикалык шарттары, принциптери, методдору, формалары жана аларды өркүндөтүү боюнча методикалык сунуштар»** деп аталат. Бул баптын *«Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүп окутуунун талаптары жана педагогикалык шарттары»* деген 1-параграфында төмөнкүдөй талаптар көрсөтүлүп, алардын маани-мазмуну чечмеленет:

1. Балдардын ар түрдүү кызыгууларын эске алуу.

2. Балдарды китеп окууга кызыгуусун мотивдештирүү.

3. Баланын китеп окуусуна мугалимдин жардам берүүсү.

4. Коомчулук тарабынан китептерди окурмандарга, жалпы журтка кеңири жайылтып (популяризовать) этип туруу.

5. Окула турган тексттерди тандоонун чен-өлчөмдөрүн (критерийлерин) жана принциптерин эске алуу.

6. Чыгармалардын тектик, түрдүк жана жанрдык ар тараптуулугун кароо.

7. Окулуучу тексттерде кептин (речтин) ар түрдүү болушуну көңүл буруу.

8. Текстти туура түшүнүп кабыл алууда иллюстрациялоонун мүмкүнчүлүгүн пайдалануу.

9. Окууга сунуш кылынган китептин полиграфиялык-көркөмдүк сапаттуулугу. 10. Чыгарманын сюжеттик-композициялык түзүлүшүнүн баланын курагына жана кабыл алуусуна ылайык келүүсү.

11. Окуу китебине сунуш кылынган тексттер ошол класстын окуучуларына ылайыкташтырылышы (адаптацияланышы).

Жогорудагы талаптар аткарылганда гана окуучулардын окурмандык кызыгууларынын педагогикалык шарттары ишке ашат. Ал педагогикалык шарттар төмөнкүлөр: Биринчи педагогикалык шарт – класста жана класстан тышкаркы учурда окуу үчүн берилген тексттер бири-бирине проблемалык-тематикалык жактан байланыштуу болушу. Экинчи шарт – окуу ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз жүргүзүү шарты. Үчүнчү шарт – окурмандык кызыгууларды жогорулатуунун максатын, милдетин толук аныктап, пландаштырып, анан кийин гана өткөрүү шарты. Төртүнчү педагогикалык шарт – окулган чыгарманы башка илимий-билимдер, мектепте окулуучу предметтер менен интеграциялоо шарты. Бешинчи шарт – окуу ишмердүүлүгүнө мектептин мугалимдерин гана эмес, китепканачыларды, ата-энелерди, жогорку класстын окуучуларын да жардамдаштыруу шарты.

Диссертацияда жогорудагы талаптар жана педагогикалык шарттар кеңири чечмеленип берилди.

2-параграф *«Адабий окуу предметинде окуучулардын окурмандык кызыгууларын өркүндөтүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн принциптери жана мотивациялоонун компоненттери»* деп аталат. Анда төмөнкүдөй принциптердин зарылдыгы белгиленет: көркөм адабий тексттерди окуп-үйрөтүүдө окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу; көркөм адабий тексттерди окуу ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз өткөрүп туруу (регулярность); адабий чыгармаларды окуп-үйрөнүүдө окуучулардын жалпы жана жеке кызыкчылыктарын эске алуу; башка предметтерден алган билимдерди пайдалануу; окурмандык ишмердүүлүктү калыптоо үчүн бул чыгармачылык процессти максатка ылайык жүргүзүү; чыгарманы окууда окуучулардын турмуштук тажрыйбаларына таянуу; окуу жана окууга кызыктыруу иштерин чыгармачылык менен колдонуу; окуган чыгармасынын негизинде жазуу иштерин аткарууга көңүл буруу; окулган чыгарманы

окуучулардын ой-жүгүртүү ишмердүүлүктөрү менен параллель алып баруу; окуу үчүн берилген чыгарманын тарбиялык маанисине өзгөчө басым жасоо принциби ж.б. Диссертацияда бул принциптерди ишке ашыруунун технологиялары 2-класстагы «Берекелүү алтын күз. Күз келди», 4-класстагы «Элибиздин улуу инсандары» деген бөлүмдөгү «Алмамбет», «Чубак», «Бабалардан калган сөз» деген бөлүмдөгү «Эр Манастын турпаты», «Акылман Бакай», «Семетейдин Таласка келиши», 4-класстагы «Улуттук тамак-аштар» деген темаларды окутуу аркылуу ишке ашырылгандыгы чечмеленип берилет.

Окурмандык кызыгууларды мотивациялоонун компоненттери катары төмөнкүлөр белгиленди: теориялык (окурмандык чөйрөнү түзүү; ар бир чыгармага жана ар бир авторго жекече мамиле кылуу); мазмундук (класстан тышкаркы иштер менен байланыштыруу; окурмандык кызыгууларды өстүрө турган чыгармаларды окуу программасына сунуштоо; окурмандык кызыгууларды арттыруунун технологияларын педагогикалык, методикалык адабияттар аркылуу үйрөнүү); технологиялык (тренинг өткөрүү; дискуссия уюштуруу; «мээ чабуулу» ж.б. интерактивдүү технологияларды пайдалануу ж.б.); диагностикалык-натыйжалуу (окурмандык окурмандык ишмердүүлүгүн жогорулатуунун жолдорун, чен-өлчөмдөрүн иштеп чыгуу ж.б.).

*«Адабий окуу предметинде окуучулардын окурмандык кызыгууларын өркүндөтүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн методдору»* аттуу 3-параграф окутуунун методдору менен байланышта каралат. Ал методдор: лекциялык метод, адабий сукбатташуу методу, өз алдынча иштөө методу (В.В.Голубков); мугалимдин көркөм окуусу, жаттоо, кайра айтып берүү, көркөмдөп айтып берүү, чыгармадагы ойду толуктап баяндоо, көркөм иллюстрациялоо (В.А.Никольский); көркөм интерпретациялоо методу, сын-публицистикалык метод, адабий издөө-иликтөө методу (Г.Н.Ионин). Андан ары 3-класста «Гүлгө айланган кыз» деген жомокту аңгемелешүү, талкуу,

инсерт, ролдоштуруп окуу, кыраатты менен көркөм, уккулуктуу кылып окуу, суроо-жооп ыкмалары менен окутуунун технологиялары баяндалат. Окуучунун окурмандык ишмердүүлүгүн өстүрүүдө колдонулуучу методдор деп С.К.Рысбаев проблемалуу окуу, изилдөөчүлүк, психологиялык, интерактивдик, аңгеме, байкоо методдоруна басым жасайт.

4-параграф *«Интерактивдүү методдор менен окуучулардын окурмандык кызыгууларына таасир этүүнүн технологиялары»* деп аталат. С.Байгазиевдин «Интерактивдик окутуунун педагогикалык идеологиясы жана технологиясы», «Окутуунун интерактивдүү методу», «Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы», «Гумандуу педагогикалык технология же окутуунун интерактивдүү усулу» деген эмгектеринде адабиятты окутуу менен байланышкан интерактивдүү окутуунун негизги методикалык аспаптарына буларды көрсөтөт: диалог, талаш-тартыш (диспут), талкуу, мээ чабуулу («мозговая атака»), сынчыл ойлом (критическое мышление), проблемалык кырдаалдар, издөө-иликтөө ишмердиги, оюн, эксперимент ж.б. Диссертацияда окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүү усулу, ИНСЕРТ стратегиясы, Бенджамен Блумдун таксономиясы тууралуу кеңири маалыматтар берилип, башталгыч класста «Булбул» деген жомокту окутуу процессинде интерактивдүү технологиялар кандайча колдонулгандыгы көрсөтүлөт.

Интерактивдүүлүктүн дагы бир формасы болгон сабак-сахна ыкмасы аркылуу «Манас» эпосунун негизинде «Кошой дөө менен Жолой дөө күрөшү» деген тема аркылуу окуучуларды китеп окууга кызыктыруу кандайча ишке ашкандыгы баяндалат.

Бул бапта мугалимдерге методикалык сунуштар айтылып, алардын басымдуу бөлүгү өзүбүздүн практикалык ишибизде апробациядан өткөрүлгөндүгүн айта кетмекчибиз.

# ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

Башталгыч класстарда «Адабий окуу» курсун окутуу процессинде окуучулардын окурмандык кызыгууларын калыптандыруунун дидактикалык жана методикалык проблемаларын изилдөө боюнча теориялык ойлор менен тажрыйбалык иштер диссертациянын гипотезасынын тууралыгын ырастоо үчүн жалпы кортундуларды чыгарууга мүмкүнчүлүк түзүп берди.

Коомдук-социалдык жактан алып караганда кенже мектеп жашындагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн китеп окууга кызыгуусу төмөндөп, жалпы коомчулуктун окурмандык маданияты пассивдешип кеткендиги аныкталды. Теориялык жактан алганда иште курак психологиясы, көркөм кабылдоо психологиясы жана көркөм чыгармачылыктагы, балдардын адабий билим алуусундагы китептин ролу изилденди.

Адабиятчылар, методисттер, психологдор, мугалимдер башталгыч класста окуучуларды китеп окууга кызыктыруу алардын келечек тагдырындагы чечүүчү фактор экендигин, бул куракта балдардын окуу маданиятын калыптандыруу максатка ылайык жүргүзүлүүчү чыгармачылык ишмердүүлүк, бир нече этапта ишке ашырлуучу татаал процесс экендигин белгилешет.

Мына ушул процессти изилдөө, ал процессти активдештирүү жана өркүндөтүү үчүн диссертациябызда төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгардык.

**Биринчи милдет** «Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн тарыхын жана азыркы абалын, ааламдашуу доорундагы функцияларын аныктоо болду. Адамзаттын тарыхы – прогресске умтулуунун тарыхы, мына ушул прогресс китеп окуу менен ишке ашкан, кайсыл доордо, кайсыл коомдо окурман көп болсо, ошол коомдо, ошол доордо гуманисттик идеялар элге кеңири тарап, коом жана эл өнүгүп,

согуштар токтоп, бейпилчилик өкүм сүргөн. Ошону үчүн классикалык педагогдор ар дайым окурманды тарбиялоонун мүмкүнчүлүктөрүн, жолдорун жана ыкмаларын агартуучуларга таратып турган. Дүйнөлүк, орус жана кыргыз педагогикасынын жана билим берүүсүнүн тарыхына саресеп салганда балдарды окууга кызыктыруу ар бир мезгилдин башкы милдети болуп келген. Азыркы ааламдашуу учуруда китептин ордун маалыматтык технологиялар, массалык маданият ээлеп жаткан убакта балдарды окурман катары калыптандыруу өтө татаал проблема болуп отурат. Учурдагы мектепти алдыңкы окуучулар менен бирге эле «компьютер баш» балдар, ата мурастарын унуткан «маңкурттар», эне тилин белбеген «киргиздер» бүтүрүп жаткандыгы билим берүүнү модернизациялоо процессинде окуучулардын адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик, этномаданий компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу өзгөчө маанилүү экендигин көрсөттү. Биздин диссертациялык изилдөө да ааламдашуу доорунун терс таасиринен азыркы адамды жетелеп чыгуунун жолдорун көрсөткөн эмгек болуп эсептелет.

**Экинчи милдет** тема боюнча философиялык, педагогикалык, психологиялык адабияттарды методологиялык база катары үйрөнүү болгондуктан андай эмгектерди талдоо, изилдөө, жалпылоо жана «Адабий окуу» сабагы аркылуу окурмандык кызыгууларды калыптоо ишмердүүлүгү боюнча изилдөөнүн методологиялык негизин иштеп чыгууга шарт жаратты. Окурмандык кызыгууларды калыптоонун философиялык жана психологиялык негиздери кенже мектеп жашындагы окуучуларга таасир этүүдө «бала», «өзүн өзү таануу», «эркиндик», «ишмердүүлүк», «өз ара жардам берүү», «диалог» ж.б. категориялар менен иштей билүүнү талап кылат. Окуучуну окурман катары калыптоо үчүн аны: биринчиден, болочоктогу инсан катары; экинчиден, окурман катары; үчүнчүдөн, кайсыл бир курактагы адам катары катары түшүнүп, баланын окуу иш-аракеттеринин курамын жана механизмдерин туура аныктап алышыбыз

керек, бул албетте, ага философиялык, психологиялык көз караш менен кароону талап кылат. Изилдөөнүн аспектисинде психологиялык теорияларды үйрөнүү окуучудан активдүү окурманды жаратуу үчүн ички механизимдерди (мотивациялоо, активдештирүү, эркин бекемдөө, кабылдоосун тарбиялоо, рефлексия ж.б.) жана педагогикалык таасир этүүнү талап кыларын көрсөттү.

**Үчүнчү милдет** теориялык-методологиялык изилдөөлөрдүн концепциясына ылайык «окуу», «окурмандык ишмердүүлүк» түшүнүгүнө толукталган аныктама берүү. Бул эки түшүнүк бири-бири менен тыгыз байланыштуу болуп, биздин эмгектеги ойлордун негизги лейтмотивин түздү. «Окуу», «окурмандык ишмердүүлүк», «окурмандык кызыгуу» деген түшүнүктөрдүн табиятын, теориялык-терминологиялык маанисин ачуу көптөгөн окумуштууларды жана педагогдорду кызыктырган. Бул түшүнүк философия, психология, педагогика, лингвистика илимдери аркылуу чечмеленет, бул багытта эмгекте К.Д.Ушинский, Н.А.Рубакин, Г.Наумчик, О.Джежелей, С.Дорошенко ж.б. педагогдордун, психологдордун, методисттердин пикирлери аркылуу окурмандык ишмердүүлүк бул узакка созулган, дайыма аракеттенүүнү талап кылган чыгармачылык процесс экендигин көрсөтүп бердик. Окурмандык ишмердүүлүктүн ориентирлөөчү-изилдөөчү, аткаруучу-текшерүүчү фазалары, алардын биримдиги, этап-этап менен прогрессивдүү багытта болушу иште чагылдырылды. Окурмандык ишмердүүлүктүн мүнөздүү факторуна (окуунун тууралыгы, тактыгы; окуунун аң-сезимдүүлүгү; окуунун көрктүүлүгү; окуунун ылдамдыгы) анализ берилип, алардын эффективдүүлүгү бул ишмердүүлүктө мугалимдин көздөгөн максаты болот.

**Төртүнчү милдет** «Адабий окуу» предметинде окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүп окутуунун талаптарын, педагогикалык шарттарын, принциптерин, методдорун, формаларын аныктоо эле. Ал талаптар катары иштин жүрүшүндө төмөнкүлөр аныкталды: балдардын кызыгууларын эске алуу жана мотивдештирүү; баланын окуусуна

мугалимдин, ата-эненин, китепканачынын көмөктөшүүсү; китептерди жана китеп окуунун маани-максатын эл арасына жайылтуу; балдар окуп жаткан китептин тектик, түрдүк жана жанрдык ар тараптуулугун эске алуу; окулуучу тексттин баланын кабыл алуусуна ылайыкташтырылышы. Ал эми педагогикалык шарттар: класста жана класстан тышкаркы окулуучу чыгармалардын проблемалык-тематикалык жактан байланыштырылышы; окуу иштери үзгүлтүксүз жүргүзүү; окурмандык кызыгууларды жогорулатуунун максат-милдетин пландап, анан ишке ашыруу. Анын принциптери: окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн, жалпы жана жеке кызыкчылыктарын эске алуу; илим-билимдердин материалдарын колдонуу; окууга кызыктыруу иштерин чыгармачылык менен колдонуу ж.б. Окурмандык кызыгууларды мотивациялоонун компоненттери: теориялык; мазмундук; технологиялык; диагностикалык-натыйжалуулук. «Адабий окуу» сабагында балдардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүп окутуунун методдору: адабий сукбатташуу; көркөм окуу; жаттоо; кайра айтып берүү; талкуу; инсерт; ролдоштуруп окуу; проблемалуу окуу, талдоо ж.б.

**Бешинчи милдет** окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн методикасын иштеп чыгуу, алардын оптималдуу варианттарын мектеп практикасына сунуштоо болгон. Диссертацияда бул милдетти чечүү үчүн билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына, окуу программаларына, окуу китептерине, методикалык адабияттарга, мугалимдердин тажрыйбаларына ж.б. изилдөөнүн методологиялык негиздерине таянуу менен «Адабий окуу» предметиндеги чыгармаларды окутуу аркылуу окуучулардын окурмандык кызыгууларын калыптандыруунун технологияларын заманбап талаптарга ылайык иштеп чыгып, айрым сабактардын фрагменттерин сунуштадык. Бул идеяларды «Манастын бала кези», «Туулган жер», «Дарак да ыйлайбы?», «Берекелүү алтын күз. Күз келди», «Алмамбет», «Чубак», «Эр Манастын турпаты», «Акылман Бакай», «Семетейдин Таласка келиши»,

«Улуттук тамак-аштар» ж.б. темаларды үйрөтүү боюнча методикалык иштелмелердин мисалында көрсөттүк.

**Алтынчы милдет** катары сунушталган методикалык ыкмалардын, жолдордун, каражаттардын эффективдүүлүгүн педагогикалык тажрыйба аркылуу текшерүү проблемасы коюлду. Аталган милдетке ылайык адабий чыгармаларды окутуу процессинде окуучулардын окурмандык кызыгууларын өркүндөтүү багытындагы биз сунуш кылган методикалык система тажрыйбалык мектептерде атайын максатта сынактан өткөрүлдү, анын натыйжасы биздин методика азыркы шартка ылайык оптималдуу экендигин тастыктады.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертациянын жыйынтыгы «Адабий окуу» сабагында окуучулардын окурмандык кызыгууларын өркүндөтүүнүн методикасы боюнча изилдөөдөн кийин бир катар практикалык көрсөтмөлөрдү, сунуштарды айтууга мүмкүнчүлүк берди:

1. Башталгыч класстын мугалимдери көркөм чыгармаларды талдоо процессинде окуучуларды ал чыгармалардын мазмуну менен гана тааныштырбай, композициясын, образдар системасын, поэтикалык өзгөчөлүктөрүн үйрөтүп, балдардын адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик, этномаданий компетенттүүлүктөрүн өстүрүп, мына ошолордун натыйжасында чыныгы окурманды тарбиялоого көңүл бурушу керек.

2. II-IV класстардын «Адабий окуу» предметинде сунуш кылынган чыгармаларды тандоонун критерийлерин дагы бир жолу карап чыгып, окуу программасын түзүүчүлөр жана окуу китептеринин авторлору ошол чыгармалардын идеялык-тематикалык, эстетикалык баалуулуктары жогору

турган дагы башкы чыгармаларды кошуу жагын караштыруулары зарыл.

326. Ушинский, К. Д. Проблемы педагогики [Текст]/ К.Д.Ушинский. – М.: Изд-во УРАО, 2002. – 529 с.

327. Ушинский, К.Д. Избранные педагогические соч. [Текст] / Под ред А.И. Пискунова (отв. ред) / К.Д. Ушинский. – М.: Педагогика, 1974. – Т. 1. – 584с.

328. Ушинский, К.Д. О народности в общественном воспитании [Текст] / К.Д.Ушинский //Избр. пед. соч.: в 2 томах. –т. 1. – М.: Педагогика, 1974. – 51-123 сс.

329. Шамырза уулу С. Комплекс жолу менен сабак берүү [Текст] / С.Шамырза уулу // Жаңы маданият жолунда. – 1928. - №6-7. – 27-29-бб.

330. Шарипова М. Өзбек мектептеринде кыргыз алиппесин окутуунун методикасы [Текст]: пед. илим. канд. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.02. / М.Шарипова. – Б.: 2011. – 20 б.
331. Шейман Л.А. Пути приобщения школьников-киргизов к углубленному чтению на русском языке [Текст] / Л.Шейман // О препод. рус. яз. и лит. в кирг. школе. – Вып. 12 / Под общей ред. Л.А.Шеймана. – Ф.: Мектеп, 1988.
332. Шейман Л.А. Этнокультурное ориентированное развитие русскоязычной читательской зрелости учащихся [Текст] / Л.Шейман // Рус.яз. и лит. в кирг. школе. – 1986. − № 5.
333. Шералиева А. Ж. Кыргыз орто мектептеринде фольклорду окутуунун методикасы (V-VI класстардын мисалында) [Текст]: пед. илим. канд. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. 13.00.02 / А.Ж.Шералиева. – Бишкек, 2013. – 154 б.
334. Щербина В.Р. Проблемы литературного образования в средней школе [Текст] / В.Р.Щербина. – М.: Просвещение, 1982. – 320 с.
335. Эльконин Д.В. Детская психология [Текст] / Д.В.Эльконин. – М.: Учпедгиз, 1960. – 328 с.
336. Эльконин, Д.Б. Введение в психологию развития: в традиции культурно-исторической теории Л.С.Выготского [Текст] / Д.Б.Эльконин. М.: Психология, 1994. – 167с.
337. Эльконин, Д.Б. Психология обучения младшего школьника [Текст]/ Д.Б.Эльконин. – М.: «Знания», 1974. – 63 с.
338. Эльконин, Д.Б. Развитие устной и письменной речи учащихся [Текст] / Д.Б.Эльконин / под ред. В.В.Давыдова, Т.А.Нежновой. – М.: Психология, 1998. –112 с.
339. Якобсон, С.Г. Психологические проблемы этического развития детей [Текст] / С.Г.Якобсон. – М.: 1984. – 141 с.

# Т И Р К Е М Е Л Е Р

## 2-КЛАСС

**1-тиркеме**

**Сабактын темасы: ТАБЫШМАКТУУ ЖЫЛАН**

**Сабактын максаттары:**

**– билим берүүчүлүк:** мугалим берген маалыматтан окуучу чыгарманын мазмунун түшүнөт, аны кайра айтып бере алат. Жакшылык менен жамандыкты ажырата билет.

**– өнүктүрүүчүлүк:** өз оюн эркин, далилдүү айта билүүгө машыгат. Сынчыл ой жүгүртө алат. Алган билимин чыгармачылык менен практикада колдоно алат.

**– тарбия берүүчүлүк:** бирин-бири уга билгенге, сыйлоого, жакшылык кылууга, адамгерчиликтүү болууга үйрөнөт.

**Көрсөткүчтөр: жогоруда коюлган максаттар ишке ашат, эгерде:**

– чыгарманын мазмунун түшүнсө;
– чыгарманы өз сөзү менен айтып бере алса;
– жакшылык менен жамандыкты ажырата алса;
– чыгарманы талдай алса;
– өз оюн далилдүү айта алса;
– текст менен иштөөдө чыгармадан жакшылык жана жамандык кылуу тууралуу таап, көркөм окуп бере алса;
– топто иштеген тапшырманы мазмуну боюнча иреттеп кое алса;
– топтук ишти аткарууда бирин-бири сыйлап, уга билсе;
– чыгарманын мазмунуна жараша жакшылык кылууга, адамгерчиликке үйрөнсө.

**Сабактын тиби:** аралаш
**Сабактын формасы**: топто иштөө
**Колдонулган ыкма:** тыным жасап окуу, топто иштөө, чаташкан логикалык чынжырлар
**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, сүрөттөр, карточкалар.
**Сабактын жүрүшү** (мугалим классты уюштурат, жагымдуу жагдай түзөт)
Өтүлгөн тема боюнча окуучулардын билимдерин текшерет, бышыктайт.
Жаңы теманы түшүндүрүүгө өтөт.
Сабакта жаңы өтүлүүчү чыгарманын аталышы «Табышмактуу жылан».
**Мугалим «Акыл чабуулу» ыкмасын колдонуп, балдарга кайрылат:**
– Балдар, жылан тууралуу эмнелерди билесиңер?
**Балдар:**
– Жылан тоолордо, токойлордо жашайт.
– Сууда да жашайт.
– Алар чагып алышы мүмкүн.
– Кинодон көргөм.
– Жылан тууралуу жомок уккам, ж.б.

**Мугалим:**

– Рахмат, балдар, силер жылан тууралуу көп нерселерди билет экенсиңер. Эми бүгүн сабакта жылан менен адамдын мамилеси тууралуу жомокту окуйбуз. Көңүл бөлүп уккула.

(Жомокту улам тыным жасап, талкуу уюштуруу менен улантып окуп отурушат. Текстти көрктүү, каармандардын образына ылайык мугалим же окуучулар кезек менен окушат).

**1-бөлүк**

Бир жолоочу келе жатып, терең сууга кезикти. Сууда көпүрө жок болчу. Ары-бери карап, аргасыз баягы суудан кечип өтө турган болду.

Жолоочунун жүгү оор болчу. Бутунан өтүгүн чечип, жүгүнө кошо таңды да көтөрүп алды. Ошо маалда суу жээгинен жылан чыга калды да, адамча сүйлөдү:

– Эй, кайрымдуу адам. Мага жакшылык кылчы. Суудан өтө албай канча күндөн бери ушул жерде жүрөм. Өзүң менен кошо тиги жээкке өткөрүп койчу. Кылган жакшылыгыңа чоң ыраазы болор элем...

Адам жүгү оор экенин айтып:

– Мен сени кармап алайын десем, колум да бош эмес. Кантип өткөрөм? – деди.

**Мугалим балдарды талкууга тартуу максатында суроо менен кайрылат:**

1. Балдар, жылан да адам сыяктуу сүйлөй аларына ишенесиңерби, өз оюңарды айткыла?
2. Адам жыланга жардам берет деп ойлойсуңарбы?
3. Силер адамдын эмне кылышын каалар элеңер?

**2-бөлүк**

– Эч нерсе эмес. Мен сенин бутуңа оролуп алайын...

Адам макул болду. Жылан анын бутуна оролуп алды. Суу чоң болчу. Адам өйүзгө зорго өттү. Өйүзгө чыгып, жыланды карагыча, ал адамдын бутун катуу чагып алды. Оорудан көзүнө от чагыла түшкөн адам жыланга кайрылып:

– Эй, сен анык наадан турбайсыңбы! Менин кылган жакшылыгыма кылган ыраазычылыгың ушулбу? – деди эси ооп баратып.

Анда жылан:

– Мен сени атайы чакканым жок... Сага ыраазычылыгымды гана билдирдим, – деди сойлоп кетип баратып. **(С.Рысбаев)**

**Мугалим кайра суроолорду берүү менен талкууну улантат:**

1. Окуянын башталышында адамдан жылан эмнени суранды эле?
2. Адамдын жыланга жакшылык кылганы туура болдубу?
3. Жылан эмне үчүн адамды чагып алды?
4. Ыраазычылыкты жамандык кылуу менен билдирүү туурабы? Өз оюңарды ортого салгыла.

**Андан соң, мугалим жомоктогу окуяларды төрт бөлүккө бөлүп, төртөөнү төрт баракка жазып коет да, ар бир топко таркатат. М**угалим, албетте, балдардын иштеп жатканына көңүл бөлүп, аларга багыт берип, ошону менен катар убакытты чектеши керек.

**Топтун иш-аракети:**

Ар бир топтун мүчөлөрү өз ара кеңешип, талкуулап жомоктун төрт бөлүккө ажырап калган окуяларын ирети менен коюп чыгышы керек.

**Бул ыкманын максаты:** окуучулардын жомоктун мазмунун ырааттуу эстеп калганын текшерүү менен бирге, аны эсте тутуп калуусун бекемдейт.

Топтордо өз ара такташып бүткөн соң, класс алдында чогуу талдашып, жомоктун окуясын ырааттуулук менен иретке келтиришет да, аны окуу китептеги текст менен салыштырышат.

**Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат:**

– эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын (8 шарт көрсөтүлгөн) баарына бала жетише алса, анда «5» деген баа коюлат;

– көрсөткүчтөгү шарттардын 5-6 шарты гана аткарылса «4»;
– көрсөткүчтөгү шарттарды жарым жартылай аткарылса «3»;

**Үйгө тапшырма катары төмөнкүлөр берилет:**
1. Чыгарманы окуп, түшүнгөнүн айтып берүүгө машыккыла.
2. «Жакшылыкка жакшылык кылуу – парз» деген макалдын маанисин чечмелеп келгиле.
3. Жакшылык кылуу тууралуу өз оюңарды айтып бергиле.

**2-тиркеме**

**Сабактын темасы: «Алтын балалык» бөлүмү боюнча кайталоо**

**Сабактын максаттары:**

**– билим берүүчүлүк:** бөлүм боюнча өтүлгөн аңгеме, жомок, ыр, табышмак, макал-лакаптарды эске түшүрө алат. Алардын негизинде берилген суроолорго ой жүгүртүп жооп беришет, чыгармалардан жаттагандарын көркөм, так, аң-сезимдүү баяндап беришет.

**– өнүктүрүүчүлүк:** кепке жатыгуу жөндөмдүүлүктөрү артат. Эс тутумдары бекемделет, ой жүгүртүп, өз оюн эркин, көркөм, так айтууга көнүгөт. Бөлүмдө өткөн чыгармалар боюнча алган билимдерин текшерип, бекемдешет.

**– тарбия берүүчүлүк:** эстетикалык табити өсөт; жаратылышты сүйүүгө, коргоого, адептүүлүккө, ынтымактуулукка үйрөнүшөт.

**Сабактын тиби:** жалпылоо, системалаштыруу жана текшерүү сабагы

**Сабактын формасы**: өз алдынча, кичи топтордо иштөө

**Колдонулган ыкма:** жекече жана топ менен иштөө

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, түстүү сүрөттөр, карточкалар, викториналык суроолор топтому, кроссворд.

**Сабактын жүрүшү** (мугалим классты уюштурат, жагымдуу жагдай түзөт)

**1.** Мугалим классты үч топко бөлүштүрүп, викториналык суроолорду берүү менен бөлүм боюнча кайталоо сабагын өткөрүп, окуучулардын билим, билгичтиктерин текшерет, жалпылайт, бышыктайт.

**Викторинаны өткөрүү шарттары:**

– Суроо берилген соң, кайсы топ биринчи жана туура жооп берсе, бирден жылдызча таркатылат.

**Викториналык суроолор:**

1. Чымчыктын уясын бузуп, жумурткаларын сындырган баланын аты ким?
2. Канаттууларга кантип камкордук көрүү керек?
3. Табышмактын жандырмагын тапкыла:
   Ай талаада ак сандык,
   Оозу, мурду жок сандык **(жумуртка)**
4. Абылга атасы эмне алып берүүгө убада кылды?
5. Абылдын атасы убадасына турдубу? Кантип?
6. Өзүнүкүн аяп, бирөөнүн дарагын сындырган балдардын аттарын атагыла?
7. Кушубак менен Тилек эмне үчүн уялып калышты?
8. Бермет кошунасынын үйүнөн уурдап келген буюм эмне эле?
9. Макалдын улантып айткыла: «Укпайт деп ушак айтпа, көрбөйт ……»
10. «Азыры» бүтпөгөн баланын аты жана чыгарма кандай аталат?
11. «Жут» деген сөздүн маанисин кандай түшүнөсүңөр?
12. «Кут» деген сөздүн маанисин кандай түшүнөсүңөр?
13. «Бакыл» деген сөздүн маанисин кандай түшүнөсүңөр?
14. Табышмактын жандырмагын тапкыла:

Ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар. **(козу)**

15. Табышмактын жандырмагын тапкыла:

Аласа гана бою бар,
Аңтара кийген тону бар. **(кой)**

16. «Көрбөйт такыр таң нурун, күн чыкканча уктаган» деген саптар кайсы ырга таандык? ж.б.

**Викторинанын суроолоруна эң көп жооп берген топ эң жылдызча топтойт да, жеңишке ээ болот.**

**2.** Андан соң, мугалим ар бир топко бирден **сүрөт** таркатат. Сүрөттөгү окуя кайсы чыгармага таандык экенин балдар таап, ал окуяны баяндап айтып беришет.

**3.** Топтор бири-бирине **бирден суроо** даярдашат. Ар бир топ чогулуп талкуулап жооп беришет.

**4.** Ар бир топко мугалим **кроссворд** тапшырат. Суроолордун катар иретине ылайык аны толтуруп, мугалимге беришет. Андан соң, жалпы класс менен чогуу кроссворддун чечмеленишин текшеришет.

**Суроолору:**


**Туурасынан:**

1. Уясы бузулганына капа болуп, ыйлаган куштун аты?
2. «Бала менен чымчык» аңгемесиндеги баланын аты ким?
3. Убадасында турбаган Алым ар дайым «…» жооп берчү.

**Тигинен:**

1. «…. – алды ынтымак»
2. Тай сатып алууну абдан каалаган бала?
3. Түнкүсүн ай-ааламды жаркытат?

(**Жооптору:** чымчык, ырыс, Сережа, Абыл, азыр, ай)




Аягында топтордун сабакка катышуусунун жалпы жыйынтыгы чыгарылат, активдүү катышкан окуучулар белгиленет.

**Үйгө тапшырма катары,** өтүлгөндөрдү кайталап, бүгүнкү сабактагы суроо-тапшырмаларга ылайык билимдерин бышыктоо тапшырылат.

**Окуучулардын билимдери бааланып, бааларга комментарий берилет.**

**3-тиркеме**

**Сабактын темасы: Алдар көсөө жана хандын вазири**

**Сабактын максаты:**

**Билим берүүчүлүк:** чыгарманы окуп, жалпы мазмуну менен таанышышат, табышмактатып, таасын сүйлөгөн акылмандык, айлакерлик тапкычтык, ошондой эле, анын карама-каршысындагы акылсыздык, мактанчаактык, аңкоолук сыяктуу көрүнүштөр тууралуу ой бөлүшүшөт.

**Тарбия берүүчүлүк:** байкагычтыкка, сергектикке сөз кадырын баалап, аларды турмушта колдонууга тарбияланышат.

**Өнүктүрүүчүлүк**: кепке жатыгуулары өркүндөп, ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрү, баяндап айтуу көндүмдөрү калыптанат.

**Сабактын тиби:** Жаңы материалды окуп-үйрөнүү сабагы.

**Сабактын формасы:** жекече, топто иштөө

**Сабакта колдонулган ыкма**: башкарып окуу, Венндин диаграммасы

**Сабактын жүрүшү:**

**Уюштуруу.** Мугалим балдарды сабакка болгон көңүл бурuусун, кызыгуусун арттыруу максатында жагымдуу жагдай түзөт.

**Үй тапшырмасын суроо:**

Өтүлгөн тема боюнча балдардын канчалык деңгээлде өздөштүргөнүн мугалим суроо жооп менен текшерет, байкоо жүргүзөт, бышыктайт.

1. Корозго окшогон мактанчаактар жөнүндө силердин оюңар кандай?
2. Мактанчаактын пайдасы барбы?

**Мугалим жаңы теманы тааныштыруу алдында төмөнкү макалдардын маанисин чогуу, чечмелеп аңгемелешет:**

Тилден уу да тамат, бал да тамат,
Көпкөн жигит көп сүйлөйт,
Чечен жигит төп сүйлөйт.

**Мугалим текстти бир нече бөлүктөргө бөлүп, тыным жасоо менен окуп берип, улам ар бир тынымдан соң, суроо берүү менен окуучулардын оюн топтотуп, ой жүгүртүп отурат.**

**1-бөлүк**

Күндөрдүн биринде Жээренче чечен жана Азиз Жаныбек вазирлери болуп ордонун ичинде отурганда Алдар көсөө эшиктен кирип:

–Ассолом алейкум, хан ордосу, – дейт. Жээренче чечен:

– Алекима ассалам, эл жоргосу, – дейт. Алдар көсөө отургандан кийин Жээренче чечен ишарат кылып колу башын кагат. Алдар көсөө колунун ичи менен тилин кагат да, эшикке чыгып кетет.

Ал чыгып кеткенден кийин Жээренче чечен Жаныбек ханга:

– Мени эч ким жыга алчу эмес эле, ушул кирген көсөө жыгып кетти, – деди хан:

– Жээренче чечен сени, көсөө кантип жыкты. Көсөө эшиктен кирип «хан ордосу» деп салам айтты, сен «эл жоргосу» деп жооп бердиң. Андан башка эч кандай жыгылыш боло турган сөз болгон жок го, – деди.

Анда Жээренче чечен:

– Көсөө эшиктен салам айтып отурганда колум менен башымды каксам, «балаа башка тилден келет? – деп жеңип кетти», – деди.

Алдар көсөөнү хандын кыйынсынган бир вазири: «Алдар көсөөнү мен жеңем» деп хан менен убада кылышат. Жеңип келсе, хандан тилегенин алмакчы. Жеңилип калса, «жеңем» деп барган хандын кыйынсынган вазири жанынан айрылып дайынын таппай калмакчы.

**Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:**

1. Алдар көсөөнүн «балаа башка тилден келет» дегенин силер кандай түшүндүңөр?
2. Хандын жигити Алдар көсөөнү жеңип алат деп ойлойсуңарбы?

Андан ары улантып көрөлү, эми окуя кандай уланаар экен?

**2-бөлүк**

Аттан тандап минип алып, көсөөнү издеп чыгат. Колуна таягын таянып, көсөө шыпылдап бара жатканда вазир аркасынан жетип, салам айтты эле, көсөө алик алып:

– Ээ балам, кайдан келе жатасың, – деди

– Сизди издеп келе жатам, – дейт вазир.

– Жумушуң бар беле? – дейт көсөө.

Анда вазир:

– Жер ортосун билбей таба албай сизден сурайын деп келдим! Бул бир суроом. Акыр заман качан келет? Ал – экинчи суроом, – деди.

**Мугалим кайра суроо менен кайрылат:**

1. Алдар көсөө чын эле жер ортосун таап берет деп ойлойсуңарбы? Эгер ал таппаса жеңилип калабы?

**3-бөлүк**

Көсөө токтобостон туруп:

– Арзан эле жумуш турбайбы, балам, – деди да таягын колуна алып, көзүн алаңдатып, эки жакты караган болду. – Атаганат ой, боюм жапысыраак болуп жатат, – деди эле, вазир:

– Эмесе менен атымды минип алып караңыз, – деп атын бере койду. Көсөө атты минип алып, шарт камчыланып:

– Атаа балам ай, көпкөн убагың экен, акыр заманды сураганы турасыңбы? – деди. Анда вазир:

– Кыйын болсоң экөөнү тең таап берчи, – деп демитти.

Көсөө ары-бери чапкылап, алак-булак эки жагын караган болуп:

– Таптым, таптым, – деп вазирге кайта чаап келди.

Вазир:

– Тапсаң айтчы? – деди эле.

Алдар көсөө.

– Отурган жер ортосу, акыр заман атынан айрылган кишиде – деп чапкан бойдон кете берди.

**Мугалим кайра суроо менен кайрылат.**

1. Вазир кандай максат менен ханга убада берди?
2. Алдар көсөө эмне үчүн «отурган жер ортосу, акыр заман атынан айрылган кишиде» – деди. Ал киши ким?
3. Хандын жигитинин акылсыз экенин кантип баамдадыңар?
4. Акылман Алдардын акылдуулугун, ал эми хандын жигити акылсыз экендигин эмне менен түшүндүрө аласыңар?

Венндин диаграммасы боюнча Алдар менен хандын жигитинин сапаттарын ар бири өз билгендерин жазышат.

Коңшулары менен бири-бири менен талкуулашып, толукташат (түгөйү менен иштөө).

Жазгандарын кезектешип окуп беришет. Алар доскага жазылат (жалпы группада иштөө), (окшоштуктар менен айырмачылыктарын жазышат).

**ВЕННдин диаграммасы**

Алдар көсөө хандын жигити

адам

Акылдуу
айлакер чечен акылсыз көйрөң ач көз

Жыйынтыктоо сабактын соңунда мугалим сабакка активдүү катышкан окуучуларды белгилеп, билимдерин баалайт.

**Үйгө тапшырма:**

1. «Алдар көсөө жана хандын вазири» аттуу чыгарманы үйдөн шар, көркөм окууга жана чыгарманын мазмунун айтып берүүгө машыгуу.
2. Төмөнкү макалдардын маанисин ата-энелер менен чогуу чечмелеп, түшүнүп келгиле.

Адамдын акылманы алыстан көрөт.

Мактануу – жок жыргалды өзүнө энчилеп алууга жатат.

**4-тиркеме**

**Сабактын темасы: Окуучулардын окуу ылдамдыгын байкоо**

**Сабактын максаты:**

1) **билим берүүчүлүк:** Текст окуу аркылуу окуучулардын окуу ылдамдыгын текшерүү жана ал аркылуу алардын окуу техникасын өздөштүрүү деңгээлин байкоо;

2) **тарбиялоочулук:** Окуу техникасын өркүндөтүү аркылуу окуучуларды окуу маданиятына, окуу ишмердүүлүгүнө тарбиялоо;

3) **өстүрүүчүлүк:** Окурмандык маданиятты адамдын жалпы маданиятынын бир белгиси катары кароо менен, баланын инсандык ишмердүүлүгүнүн маданиятын өнүктүрүүгө багыттоо.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу ылдамдыгын текшерүүгө ылайык тандалган адабий-көркөм жана таанып билүүчүлүк мааниси бар тексттер (кара сөз, ыр).

**Сабактын тиби:** Байкоо, сыноо, изилдеп-жалпылоо.

**Иштөө формалары:** Албетте, «Адабий» окуу сабагы окуучулардын адабий-көркөм чыгармаларды окуу, түшүнүү, ал боюнча ой жүгүртө билүү ишмердүүлүгүнө үйрөтүү болгондуктан, аларды, адегенде, окуу ишмердүүлүгүнө тарбиялап көнүктүрүү кажет. Ал үчүн колуңуздардагы колдонмонун баш жагында көрсөтүлгөндөй, окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө жана формаларына жараша иш жүргүзүү максатка ылайык келет.

Ошондуктан, бул сыяктуу иш-аракеттер китептин ар бир бөлүмү аяктаганда же чейректер аяктаган кезде окуп-үйрөнгөн тексттер боюнча окуу ылдамдыгын, анын жүрүшүндө аларды түшүндүрүп окуу деңгээлине ырааттуу көз салып туруу-мугалимдин бирден-бир манилүү милдети болуп калмакчы.

***Бул үчүн төмөндөгүдөй шарттар аткарылууга тийиш:***

1. окуучулар буга чейин окуп-үйрөнгөн тематикага ылайык мазмундагы текст тандалат;

2. ал текст окуучуга тарбия-таалим бере аларлык же таанытуучу мүнөзүндө болуусу максатка ылайык келет;

3. окуучулардын курактык жана кызыкчылык өзгөчөлүктөрү эске алынат;

4. окуу нормативи так сакталышы тийиш;

5. окуучулардын окуу ишмердигин туура уюштурууга карата жылуу маанай, туура баалоо жана мактоо мүнөзүндөгү жакшы мамиле жасалууга тийиш.

**Мисал катары бир сабактын үлгүсүн келтирели.**

**Ишти аткаруу тартиби төмөндөгүдөй жүрүүсү ыктымал.**

**Окуу тартибин уюштуруу:**

1. Окуучуларды журналдагы тизме боюнча окууну уюштуруу;

2. Окуучулардын каалоолору боюнча окутуу;

3. Окуу ишин тездетип өткөрүү максатында окуучуларды тайпаларга бөлүп, андан кезеги менен окууну сунуштоо;

**Окуу мүнөзү:**

**1.** ***Тааныш текстти окуу:*** мында мугалим окуучуга окуу чейрегинде же китептин бир бөлүмүндө окуган, мазмуну тааныш текстти окутуу менен иш жүргүзөт.

**2.*Бейтааныш текстти окуу*:** мында мугалим окуучуларга бейтааныш, жаңы текстти окутуп, окуу ылдамдыгын текшерет, тааныш текстти кандай окуду, эми бейтааныш текстти кандай окуур экен-деген максатта салыштырып сыноо жүргүзөт.

**3*.* *Биринчи окуу*:** окуучулардын окуу ылдамдыгын, ал тургай, көрктүү окуусун адегендеги (баштапкы) окуусу аркылуу баалоосу ишке ашат.

**4*.* *Экинчи окуу:*** окуучулардын окуу ылдамдыгын жана көрктүү окуусун адегендеги (баштапкы) окуусу менен салыштырып экинчи ирет окутуу аркылуу баалоо; мында мурдагыга караганда сөзсүз окуу ылдамдыгынын көрсөткүчү жогору болот.

**5.** ***Үчүнчү окуу*:** окуучулардын окуу ылдамдыгын, ал тургай, көрктүү окуусун эки окуудагы көрсөткүчү менен салыштырып, үчүнчү ирет окутуу аркылуу окуу техникасындагы өсүштү байкоо.

**6*.* *Окуу ылдамдыгын жыл башында байкоо:*** бул иш окуу ылдамдыгынын абалын билүү максатында 2-класстын окуучуларынын окуу жылынын башындагы окуу ылдамдыгын билүү үчүн жүргүзүлөт.

**7.** ***Окуу ылдамдыгын жыл ортосунда байкоо*:** бул иш окуу ылдамдыгынын абалын билүү максатында окуу жылынын ортосунда, мүмкүн 2-чейректин аягы, же 3-чейректин башындагы окуу ылдамдыгынын абалын билүү үчүн жүргүзүлөт.

**8.** ***Окуу ылдамдыгын жыл аягында байкоо*:** бул иш окуу ылдамдыгынын өсүш абалынын өнүгүүсүн байкоо үчүн жүргүзүлөт.

**9.** ***Түшүндүрүп окуу:*** окуганынын негизинде анын сюжети (окуясы), же каармандары тууралуу берилген суроолорго жооп берип окуу. Мугалим окуунун бул түрүнө айрыкча маани берүүгө тийиш.

**10.** ***Тез окуу.*** Мында окуучунун окуу ылдамдыгы гана эске алынат, анда мугалим окуучунун окуу кыраатына, образдуулугуна, көрктүүлүгүнө эмес, бир минутанын ичинде канча сөз окуй алуусуна гана көңүл коёт.

***Э с к е р т ү ү:*** *Ушунун баары ар бир окуучуга атайын таблица түзүлүү менен, окуу жыл ичиндеги окуу ылдамдыгынын көрсөткүчү эсепке алынып, максаттуу жүргүзүлөт.*

**Сабактын жүрүшү:**

1-текст: **Мукаш**

Жаздын күнү эле. Биздин мектептин балдары али каникулга тарай элек болчу. Мукаш да биз менен бирге окучу эле. Бирок Мукаш абдан жалкоо болчу.

Бир күнү эртең менен ал мектепке барам деп үйүнөн чыкты. Жолдо келе жатып анын жалкоолугу кармады. Мектепти унутуп токойго кетип калды. Мукаш токойдо сайрап турган бир кооз чымчыкка кызыкты. Чымчыктын ыры Мукашка абдан жакты.

Мукаш:

– Бул жакшы ырды кайдан үйрөндүң? – деп чымчыктан сурады?

– Мен бул жакшы ырды мектептен үйрөндүм, – деди да чымчык учуп кетти.

Мукаш башка бир чымчыкка кезикти.

– Чымчык, чымчык! Мага сайрап берчи,– деди Мукаш.

Чымчык ага мындай деп айтты:

– Мен сендей бекерчи эмесмин. Ойноого убагым жок. Балдарыма тамак издейм. Кышка азык даярдаймын, – деди.

Дүйнөдө бекер жүргөн жан жок экенин билген соң, Мукаш мектепке жөнөдү. Ошондон кийин Мукаш жалкоолугун таштап жакшы окуучу болду.

**Ишеналы Арабаев,**
**«Кыргыз алиппеси» китебинен**

Текстти окутууда мугалим жогоруда айтылган ыкмалардын кайсынысын колдонууну өзү пландаштырат. Анткени бул текст балдарга, балким, биринчи ирет (же экинчи, үчүнчү) сунушталышы ыктымал. Ошондуктан, аны уюштурууда аткарылуучу ишти бул колдонмодо так көрсөтүп айтуу кыйын.

Ошентсе да, мугалим окуучуга биринчи жолу окутабы, окуу нормативине ылайык окуу ылдамдыгын текшерет.

**Окуу ылдамдыгы:** 2-класста түшүндүрүп окуу үчүн минутасына 60 сөздөн кем болбоого тийиш.

**Окуу кезиндеги мамиле маданияты:** Окуу процессинде окуучуларды бири-бирине атаандаштыруу, биринин жогорку көрсөткүчү үчүн экинчисин кемсинтип мамиле жасоого болбойт.

**Окууну баалоо:** окуу жылы ичиндеги баалоо – формативдик баалоо, ал эми чейрек жана жыл аягындагы баалоо – жыйынтыктоочу (суммативдүү) баалоо катары эсептелинет.

2-текст: **Курбуңдун үйүнө барганда**

**1-окуучуга сунушталат: «Ар дайым таза жүр».**

Эгер сенин курбуңдукуна зарыл иш менен барууга туура келди дейли. Үйдө кийип жүргөн кийимдериң менен жөнөп калба. Ашыкпай таза кийимдериңди кийип, туфлийиңди тазалап, чачты тарап, анан жолго чыксаң болот. Барганда кичипейил учурашып, кандай иш менен келгениңди билдиресиң.

**2-окуучуга сунушталат: «Досуңду тааныштыр».**

Ата, таанышып койгула. Бул менин классташ курбум – Алмаз. Биздин мектепке келгенине үч жыл болду. Экөөбүз тең отличникпиз. Экөөбүздүн тең максатыбыз бир. Ал – эл үчүн пайдалуу кызмат өтөө.

Бул сөздү угуп, «Жакшы тилегиңер бар экен» деп атасы коштоп, батасын берет.

**3-окуучуга сунушталат: «Ордуңду таап отур».**

Чай ичип отурушкан болсо, келегой айланайын деп апасы силер чайга чакырат. Андайда сен түз эле орундукка барып отуруп калба. Ободу колуңду жууп келип, анан орун алсаң болот. Адегенде, нандан ооз тий. Анан чайыңа кумшекерден салып, кашык менен акырын аралаштыр. Кылдыратсаң уят болот. Уурттаганда этият бол. Шоркурата көрбө. Эки күндөн бери нан жей элек кишидей сугунбай, бул жагына да көңүл бур.

**Иштин тартиби:** Мында мугалим ар бир окуучуга ар башка текстти сунуш кылуу менен, алардын окуу ылдамдыгынын мүнөзүн байкайт. Антпесе, мурунку окуучу окуп жатканда кийинки окуучу ал тексттин мазмунун угуп турган болот да, ал кийинки окуучу үчүн тааныш текст катары эсептелинип калуусу ыктымал.

**Жыйынтык:** Мындай иштер, жогоруда айтылгандай, ырааттуу, максаттуу жүргүзүлгөндө гана натыйжага жеткирет. Ал окуучунун окуу ишмердүүлүгүн системалуу өнүктүрүп жүрүп отуруу менен, окурмандык маданиятын калыптандырууга жол ачат. Мунун өзү «Адабий окуу» сабагынын түпкү максаты да болмокчу.

## 3-КЛАСС

**5-тиркеме**

**Сабактын темасы: Эне жана бейиштин мөмөсү**

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк**:

- уламышты окуп, анын мазмунун түшүнө алат;
- түшүнгөндөрүн адабий тилде мазмундуу, ырааттуу айтып бере алат;
- каармандарга мүнөздөмө берип, аларга жараша чыгармадан мисал келтире алат;
- карыган эненин тагдыры тууралуу өз пикирин билдире алат.

**Өнүктүрүүчүлүк**: логикалык жана сынчыл ойлоо жөндөмдүүлүгү артат; өз оюн көркөм, так айтууга көнүгөт.

**Тарбия берүүчүлүк**: адамкерчилик, боорукерлик сыяктуу адамдык ар кандай жакшы сапаттарды үйрөнөт.

**Көрсөткүчтөр:**

**Жогорудагы максаттар ишке ашат, эгерде:**

- уламышты окуп, анын мазмунун түшүнө алса;
- түшүнгөндөрүн адабий тилде мазмундуу, ырааттуу айтып бере алса;
- каармандарга мүнөздөмө берип, аларга жараша чыгармадан мисал келтире алса;
- карыган эненин тагдыры тууралуу өз пикирин билдире алса;
- логикалык жана сынчыл ой жүгүртө алса;
- өз оюн көркөм, так айтууга көнүгөт.
- адамкерчилик, боорукерлик сыяктуу адамдык ар кандай жакшы сапаттарга үйрөнсө.

**Сабактын тиби**: аралаш

**Сабактын формасы**: өз алдынча, жалпы топ менен иштөө

**Колдонулган ыкма**: башкарып окутуу, кластер түзүү

**Сабактын жабдылышы**: окуу китеби, түстүү сүрөттөр, карточкалар, ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү)

Өтүлгөн тема боюнча балдардын канчалык деңгээлде өздөштүргөнүн мугалим суроо жооп менен текшерет жана байкоо жүргүзөт.

**Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:**

- Эрте жазда эң биринчи болуп кайсы жемиш багы гүлдөйт.

**Балдар:**

- Өрүк

**Мугалим:**

- Туура айтасыңар, балдар. Силер өрүктүн көп түрлүү ооруларга дары экендигин, анын кайдан, кантип биздин жерлерде өсүп калганын билесиңерби?

Анда эмесе, биз силер менен өрүккө байланыштуу «Эне жана бейиштин мөмөсү» аттуу уламышты окуйбуз.

Мугалим текстти бир нече бөлүктөргө бөлөт да, ар бир бөлүктөн соң тыным жасап, алдын ала даярдалган суроолорду берүү менен талкуу уюштурат.

**1-бөлүк**

Өткөн заманда бир кемпир-чал жашаптыр. Алардын жалгыз уулу болгон экен. Уулун жаңыдан эле үйлөп, келиндин ысык чай, нанын жеп кубанып отурушканда, карыя катуу ооруп калат. Аласа оору абышкасын алып тынгандан кийин кемпир аябай кейип, кайгырып кала берет.

Мезгил зымырык куштай өтүп жатты. Кемпир карылыкка биротоло моюн сунуп, келининин колун карап отуруп калды. Келини өз убагында чай, тамагын берсе берип, бербесе бербей деле коё турган болду. А баласы өз жумушу менен убара. Кемпир кечинде келген уулуна эч сөз айтпайт. Уулу энесинин акыбалын билбейт.

Мерез келин күндөн-күнгө заарын чачып, кайненесин каарып тилдечү да болду. Кийим-кечесин деле жууп бербей койду. Кемпир аябай жүдөп кетти. Ал түгүл бышкан тамагынан биртике бергенге да ичи тарый баштады.

Кемпир өңдөн азып, алдан тайып, араң эле сыртка кирип-чыгып калды. Кошуналарына кирип, ал-жайын сурашып, чай-пай ичкенге да жарабай калды. Кемпирдин акыбалын көргөн кошуналары боору ачып, тамак-аш алып келип, көрүп турушту. Кийинчерээк заар келининен коркуп, анча кирбей да калышты.

**Текст окулуп бүткөндөн кийин кайрадан суроолорду берүү менен талкуу улантылат.**

1. Балдар, карыган энеси үчүн балдарынын камкордук көрбөй койгонуна кандай көз караштасыңар? Өз оюңарды айтып көргүлөчү.
2. Эненин акыбалы мындан ары кандай болот деп ойлойсуңар?

**2-бөлүк**

Кемпир кээ күнү такыр эле тамаксыз калып жатты. «Алда катүгүн, илгерки алым болсочу», – деп өзөргөндөн ачыша түшкөн ашказанын басып, бүк түшүп жатты. Колун сунганда, бир нерсе урунду. Алып, оозуна салды. Катуу, бирок даамы ширин нерсе экен. Чайнап жегенге тиш кайда? Керберсиген эриндерин эмшеңдетип, кечке аны жеп бүтө албайт. Кечке маал жумуштан келген уулу энесинин абалын көрүп, зээни кейийт. Аялынан:

– Апам тамак жакшы эле ичип жатабы? – деп сурайт.

– Ичип эле отурат, кирип өзүнөн деле сура. Күнү да, түнү да оозу тынбай жегени-жеген, – дейт аялы.

Уулу апасы жаткан бөлмөгө кирсе, энеси төшөктө көзүн жумуп алып, оозун кыбыратып жаткан экен. Бир нерсе жеп жаткан го деп, аялынын сөзүнө ишенип, ал-акыбалын сурап коюп, эс алганга өз бөлмөсүнө кирип кетет.

Ошол түнү кемпир жалгыз жатып, о дүйнө кете берет. Жанагы оозундагы нерсе тууралуу эч ким эстеп койбойт. Кемпирдин сөөгүн жерге коюшат. Бүт арманы, таарынычы кемпирдин өзү менен кошо кетет.

**Текст окулуп бүткөндөн кийин кайрадан суроолорду берүү менен талкуу улантылат.**

1. Карыган кайненесине келини кандай мамиле жасайт экен? Ал туурабы?
2. Бул жөнүндө уулу билдиби? Ал эмне кылышы керек эле деп ойлойсуңар?

**3-бөлүк**

Арадан көп мезгил өтөт. Жаз алды менен кемпир коюлган мүрзөдөн бир көчөт өнүп чыгат. Карыган эненин оозунда кеткен мөмөнүн данеги көктөп, кийин мүрзөнүн борпоң топурагын жарып чыгып, чоң бакка айланыптыр. Жыл сайын төгүлө-төгүлө мөмөсүн адамдарга тартуулап, кемпирге сооп алып келет экен.

Өлүк жаткан мүрзөдөн өнүп-өсүп чыккан бейиштин мөмөсүн алгач эл «өлүк» деп атап, кийин бара-бара «өрүк» деп атай башташат. Жыл сайын өрүктөн жешип, анын керемет ширин даамы эле эмес, дарылык касиети да бар экенин билип, далай жерге кабары жетет. Анан өрүк адамдардын көп түрдүү ооруларына дабаа болор жемиш катары пайдаланылып, анын данектерин адамдар өз короолоруна эгип, өстүрүүгө өтүшөт…

Жазында баягы ак саамайлуу, ак көйнөк, ак жоолукчан кемпир сымал апакай гүлдөрүн тегиз ачкан өрүкзарлуу Баткен аймагы бейиш жыттанып, көңүл кушун көкөлөтсө, жайкысын асыл мөмөсүн берип, бүгүнкү күнгө дейре элге ырыскы болуп келет…

**Текст окулуп бүткөндөн кийин кайрадан суроолорду берүү менен талкуу улантылат.**

1. Мүрзөдөн кантип өрүктүн көчөтү өнүп чыкты? Ошол жерин тексттен таап окугулачы.
2. Өрүктү эмне үчүн бейиштин мөмөсү деп аташат экен? Ал кайсы жакта өсөрүн билип алгыла.
3. Өрүктү адамдар короолоруна тигип, өстүрүшүнө эмне себеп болду?
4. Силер жашаган аймакта эмнелер өсөрүн билесиңерби? Айтып көргүлөчү.

Окуучулардын алган билимдерин жалпылоо максатында сабактын башында **түзгөн ВЕННдин диаграммасын** толтурушат.

**ВЕННдин диаграммасын чийүү керек!!!**

**Үлгү:**

| **Айырмачылыгы ЭНЕ** | **Окшоштугу** | **Айырмачылыгы КЕЛИНИ** |
|---|---|---|
| - кең пейил | - экөө тең эне | - өзүмчүл |
| - акылдуу | | - ичи тар |
| - мээримдүү | | - кыска ойлуу |
| - кечиримдүү | | - таш боор ж.б. |

**Үйгө тапшырма**

1. **Чыгарманы окуп чыгуу, талдоо.**
2. Ата-энеге кандай мамиле, сый-урмат көрсөтүү керектиги жөнүндө өз ара ой бөлүшүүгө даярданып келгиле.
3. **Макалдардын маанисин түшүнүп, жаттап алгыла.**

- Ким ата-энесине кандай сый-урмат көрсөтсө, өз балдарынан ошону көрөт.
- Эне сыйлаган элге жагат, ата сыйлаган абийир алат.

**Сабактын аягында окуучулардын билимин баалап, бааларга комментарий берилет.**

- Эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын (7 шарт көрсөтүлгөн) баарына жетише алса «5» деген баа;
- Көрсөткүчтөгү шарттардын 5-6 шарты аткарылса «4»;
- Көрсөткүчтөрдүн шарттары жарым жартылай аткарылса «3» деген баа койсо болот.

**6-тиркеме**

**Сабактын темасы: Дарак да ыйлайбы?**

**Сабактын максаттары:**

– **билим берүүчүлүк:** Аңгемени угуп, окуп анын мазмунун түшүнө алат; түшүнүгүн адабий тилде ырааттуу айтып бере алат; атасына, балага мүнөздөмө бере алат; өз оюн тексттен мисал келтирүү менен далилдей алат; жаратылыштын ар бир бөлүгүнө аяр мамиле жасоо керектигин түшүнөт.

– **өнүктүрүүчүлүк:** өз алдынча ой жүгүртүп, өз оюн айтууга көнүгөт, сөз байлыгы өсөт.

– **тарбия берүүчүлүк:** жаратылышка аяр мамиле жасоого, анны коргоого үйрөнөт; бири-бирин сыйлоого, колдоого, сабырдуулукка үйрөнөт.

**Көрсөткүчтөр:**

**Жогорудагы максаттар ишке ашат, эгерде;**

- чыгарманын мазмунун түшүнсө;
- чыгарманы өз сөзү менен айтып бере алса;
- чыгарманы талдай алса;
- өз оюн далилдүү айтып, идеяларын доскага же флипчартка жаза алса;
- кызыктуу сүйлөмдөрдү алып, цитата бөлүгүнө, ал эми анын кеңири маанисин комментарий бөлүгүнө жаза алса;
- аткарган иштерин презентация кыла алса;
- топтук ишти аткарууда бирин-бири сыйлап, уга билсе.

**Сабактын тиби:** Жаңы билим берүүчү

**Сабактын формасы:** өз алдынча, топто менен иштөө

**Колдонулган ыкма:** Эки бөлүктүү күндөлүк

**Сабактын жабдылышы:** Эки бөлүктүү күндөлүк чийилген флипчарт (№1 тиркеме) ар бир окуучуга сызгыч, карандаш керектелет.

**Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:**

- Балдар, силер кандай ойлойсуңар, дарактар да ыйлашы мүмкүнбү? А канаттуударчы? Жаныбарларчы? Өз оюңарды айтып көргүлөчү.

**Окуучулардын жоопторун уккан соң, аңгемени мугалим көрктүү окуп берет.**

**Жаңы тема: Дарак да ыйлайбы?**

Марат ташмылтык жасаганга ылайык ачакей бутак издеп жүрүп, аны үйдүн тушундагы ак кайыңдын төмөнкү бутагынан тапты. Чөнтөгүнөн макисин алып чыгып ачакейди кесип алды. Кайыңдын түбүнө отуруп, анын кабыгын тазалады. Ошол кезде колуна тамчы тып этип тамды. Марат өйдө жакты карады. Асман ачык эле. Ишин кайра улантты. Көп узабай колуна экинчи ирет тамды. Ошондо ордунан туруп, «кайдан таамп атты болду экен?» дегендей, өйдө жакты карай баштады. Ана, тамчы эми бетине тамды. Көрсө, алиги бутагы кыйылган жерден сызылып суу чыгып жатыптыр.

Марат буга аң-таң калды. Ал тамчыны үйүнө келгенден кийин да унута албады. Бул жөнүндө атасына да айтты. А атасы ойлонуп калды.

– Жер бетинде көгөрүп турган өсүмдүктүн баары адамдар сыяктуу эле тирүү – деди ал кыйладан кийин. – Аларды сындырсаң, кыйсаң эти ооруйт, жабыркайт, кыйналат.

Марат атасына таңгала карады:

– Чын элеби?

– Тиги тамчы бекер тамды дейсиңби, уулум? – деп сөзүн улантты атасы. – Ал жөнөкөй тамчы эмес, кайыңдын көз жашы го? Балким кесилген жеринен ооруга чыдабай, ыйлап жаткан чыгар…

**Тексттин мазмуну менен таанышкан соң, классты үч топко бөлүп, аларга тексттен өзгөчө маанилүү, кызыктуу деп эсептеген сүйлөмдөрүн алып цитата**

**бөлүмүнө, ал эми анын кеңири маанисин комментарий бөлүгүнө ар бири өз алдынча жазуусун тапшырат.**

**Үлгү:**

| Цитата | Комментарий |
|---|---|
| - Марат ташмылтык жасаганга ылайык ачакей бутак издеп жүрүп, аны үйдүн тушундагы ак кайыңдын төмөнкү бутагынан тапты. Чөнтөгүнөн макисин алып чыгып ачакейди кесип алды. | - Марат таш мылтык жасап, канаттууларды атууну каалады. Ошондуктан ачакей бутак издеди. Аны ак кайыңдан тапты да, маки менен кесип алды. Ал кайыңды аяган жок. Эч нерсени ойлогон жок. Болгону өз максатына жетүү үчүн гана аракеттенип жатты… |
| - Тиги тамчы бекер тамды дейсиңби, уулум? – деп сөзүн улантты атасы. – Ал жөнөкөй тамчы эмес, кайындын көз жашы го? Балким кесилген жеринен ооруга чыдабай, ыйлап жаткан чыгар… | - Атасы баласына ал тамчы ак кайыңдын көз жашы экендигин түшүндүрдү. Кайың кесилген жеринин ооруганына чыдабай ыйлап жаткан го деген божомолун айтты. Жаратылыштын ар бир өсүмдүгү, дарагы адам баласы сыяктуу тирүү жан. Аларды аяп, аяр мамиле жасоо керек… |

Ар бир топ аткарган иштерин презентация кылышат. (Мугалимдин же окуучулардын каалоосу боюнча).

Мугалим жана окуучулар аларга суроо берүү аркылуу жыйынтыкташат.

**Потенциалы:** Окуучулар бул ыкма аркылуу тексттин мазмуну менен өзүнүн ой-пикирин жана жеке тажрыйбасын байланыштырышат, алардын сабакка кызыгуусун артат. Барактын комментарий бөлүгүнө ушул цитатанын жазуунун себеби, ал кандай ой-пикирлерди жана суроолорду пайда кылгандыгы жөнүндө комментарий жазышат.

**Мугалим балдарды талкууга тартуу жана жаңы теманы бышыктоо максатында суроо менен кайрылат:**

5. Марат кантип таш мылтык жасады? Анын максаты эмне эле?
6. Ак кайыңдын кыйылган бутагынан тамган тамчы жөнүндө бала атасына айтып кандай жооп укту?
7. Силер кандай ойлойсуңар, чын эле дарак ыйладыбы?
8. Марат эми эмне кылат деп ойлойсуңар? Чыгарманын окуясын андан ары өзүңөр уланткыла.

**Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат.**

**Үйгө тапшырма катары төмөнкүлөр берилет.**

- Чыгарманы кайрадан окуп чыгып, түшүнгөнүн айтып берүүгө машыккыла.
- Силер да Марат сыяктуу табийгатка зыян келтирген жок белеңер? Класста ой бөлүшүүгө даярданып келгиле.
- Аталардын сөзүнүн маанисин талдап, чогуу ой бөлүшкүлө.

- Көк чөптү үзбө, боюң өспөй калат.
- Жаш бутакты сындырба, убал болот. Сен дагы ошол бутактай жашсың.
- Булакты булгаба, ак ниет адам тазалыкты булгабайт.
- Кумурсканын уюгун бузба, чымчыктын уясын бузба, сенин да үйүң бузулат.

4. Курбуңар Берметтин «Жоогазын» аттуу ырын окуп, өзүңөр да ушул сыяктуу ыр жазганга аракет кылгыла.

**7-тиркеме**

**Сабактын темасы: Сүрөткө карата жомок түзүү**

**Сабактын максаттары:**

– **билим берүүчүлүк:** сүрөткө карап өз алдынча байкоо жүргүзүп, көргөндөрүн сүрөттөп, баяндап жазууга машыгат, же өз фантазиясы менен баяндалган учурду, окуяны элестетип сүрөт тартууга көнүгөт. Бөлүмдө өткөн чыгармалар боюнча алган билимдерин бекемдейт.

– **тарбия берүүчүлүк:** эстетикалык табити өсөт, жаратылышты сүйүүгө, анын кооздугуна суктанып, аяр мамиле жасоого, коргоого тарбияланат.

– **өнүктүрүүчүлүк:** кепке жатыгуу жөндөмдүүлүктөрү артат. Байкоо жүргүзүп, ой жүгүртүп, өз оюн эркин, көркөм баяндап жазууга көнүгөт.

**Сабактын тиби:** жалпылоо жана системалаштыруу сабагы.

**Сабактын формасы**: жекече жана топ менен иштөө

**Колдонулган ыкма**: интерактивдүү метод

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, сүрөттөр, түстүү боектор.

**Сабактын жүрүшү** (мугалим классты уюштурат, жагымдуу жагдай түзөт)

Өтүлгөн тема боюнча окуучулардын билимдерин текшерет, бышыктайт.

Андан соң, мугалим «Бабалардан калган сөз» бөлүмүнө ылайык материалдарды жыйынтыктоо менен, чыгармачылык иш аткарууга багыт берет. Окуу китепте берилген сүрөткө ылайык дил баян жазууга багыт берүүчү суроолорду берүү менен аларга жооп жазып, окуучулардын чакан чыгарма жазуусун уюштурат. Дил баян жазууда балдар бөлүмдө өткөн чыгармалардан цитата колдонуп жазышына үлгү көрсөтөт.

**Сүрөттө тартылган сюжеттүү окуя:**

- Токой ичинде жыгачтан жасалган кооз үй турат.
- Анын терезесинде тыйын чычкан отурат.
- Үйдү көздөй аюу бир карапа бал, коен сабиз көтөрүп келе жатат.
- Чымчык бир тутам гүл тиштеп учуп келатат.
- Түлкү колундагы тоокту качырып жиберип, артынан кууп баратат.
- Арстан түлкүгө колун жаңсап, сүйлөп турат ж.б.

**Сүрөт боюнча жомок түзүүгө карата багыт берүүчү суроолор:**

1. Окуя кайсы жерде өтүп жатат?
2. Эмне үчүн тыйын чычкандын үйүнө токой жаныбарлары келе жатышат?
3. Алар өзүлөрү менен кошо эмнелерди көтөрүп алышкан? Эмне үчүн?
4. Түлкү эмне үчүн тооктун артынан кууп бара жатат?
5. Арстан эмне үчүн түлкү эмне деп сүйлөп жатат?
6. Тыйын чычкандын үйүндө жаныбарлар кандай отурушат?

Окуя кандайча аяктайт?

**Берилген суроолорго ылайык окуучулар төмөндөгүдөй жоопторду берүү менен чакан дилбаян жазуусу мүмкүн. Алардын түгөйлөр арасында, класс ичинде алгач жоопторду чогуу табуусуна шарт түзүп, андан соң өз алдынча иштөөсү, же коллективдүү жазуу иши уюштурулат.**

## Туулган күн

Токойдо бир жыгачтан жасалган кооз үй бар эле. Анда куйругу абдан кооз тыйын чычкан жашачу. Тыйын чычкан бир күнү туулган күнүн белгилемекчи болду. Ал достору эң эле жүгүрүк коенду, баарынан куу түлкүнү, мукам сайраган ырчы-булбулду, май таман аюуну, токойдун падышасы арстанды:

– Бүгүн менин туулган күнүмө келгиле. Баарыңарды күтөм, – деп конокко чакырды.

Алардын ар бир белектерин көтөрүп, тыйын чычкандын үйүнө шашып жөнөштү. Коен өзү сүйгөн сабизин, аюу карапа толо балын, булбул кооз гүл алып жетип келишти. Түлкү токойго жакын жайгашкан абышка-кемпирдин короосунан бир тоокту уурдап алып, тыйын чычканга жетеринде капыстан тогу колунан бошонуп качып жөнөдү. Түлкү анын соңунан кууп баратып арстанга кезигип, коркконунан энтигип тура калды. Арстан анын уурулугун жактырбай тилдеп кирди:

– Ай, түлкү, ушул уурулугуң качан коесуң, ыя? Өз мээнетиң менен окат кылсаң боло. Абышка-кемпирдин убалына каласың го.

Түлкү сөз айта албай мукактанды.

Тыйын чычкан келе жаткан конокторду, алардын көтөрүнгөн белектерин терезеге отуруп алып карап турду. Ал өз ичинен капаланып турду. Анткени анын досторунун эч кимиси тыйын чычкан сүйгөн жаңгак, тобурчак ала келүүнү ойлобоптур. Ощентсе да, ал досторун капа кылбай жакшы күтүп, конок кылууга ниеттенди...

**Дагы ушул сыяктуу жоопторду чогуу табуу менен жазуу ишин улантып, аяктаган соң, чогуу окуп, дагы толукташса болот. Же болбосо, сүрөт тартууга жөндөмдүү балдар айтылган окуяларды элестетип сүрөт тартышып, ал боюнча сүйлөп беришин уюштурса болот. Ошону менен катар, айрым окуучулар бөлүмдө жаттаган ырларын, табышмак, макалдарды айтып бериши мүмкүн.**

**Бул саатта, мүмкүн болушунча, балдардын өз алдынча чыгармачылык менен иштөөсүнө шарт түзүү, мүмкүнчүлүк берүү керек.**

**Өз алдынча дил баян жаза алган окуучунун** (Албетте, ар бир окучу ойдогудай эле жаза албайт. Ошентсе да, алардын ичинен айрым чыгармачыл, таланттуу окуучулары чыгары шексиз!) **ишин класс алдында окутуп, окуучулардын пикирин айттырууга багыт берсе да болот.**

Түгөйлөр менен, же жамааттык топто иштөөдө балдар «психологиялык тоскоолдуктан», жалгыздыктан кутулушат, топ ичинде жөлөк-таяк табышат да сабакта эркин отурушуп, эркин катышууга мүмкүнчүлүк алышат. Ал эми мугалимдин «ар бириң берилген суроолорго жооп жазгыла!» деп команда берип коюп, окуучулардан тапшырманы аткарууну талап кылып отуруп алышынан эч кандай натыйжа чыкпасын эске алуу керек.

**Үйгө тапшырма катары,** айбанаттарга байланыштуу ар түрдүү сүрөттөрдү таап келүү, ыр, же табышмак, же макалдарды таап келүүнү тапшырса болот.

**Окуучулардын сабакта чыгармачылык менен иштегендерин, активдүүлүктөрүн эске алуу менен окуучулардын билимдери бааланат.**

**8-тиркеме**

**Сабактын темасы: Туулган жер**

**Сабактын максаты:**

**- билим берүүчүлүк**: Аңгеменин жалпы мазмуну менен таанышып, түшүнө алат. Түшүнгөнүн мазмундуу, ырааттуу айтып бере алат; туулган жердин кымбаттыгын, ыйыктыгын, алыс кетсе сагынып, куса болорун баланын образы аркылуу түшүнө алат; Сатыкулга мүнөздөмө бере алат; макалдардын маанисин түшүнүп, чечмелей алат.

**- өнүктүрүүчүлүк:** Сынчыл ой жүгүртүү, ойлорду талдай билүү, баяндап айтуу көндүмдөрү калыптанат; сөз байлыгы өсөт.

**- тарбия берүүчүлүк:** туулган жерди сүйүүгө, кадырлоого үйрөнүшөт; ынтымактуу болуп, бири-бирине сылык мамиле жасоого көнүгүшөт.

**Көрсөткүчтөр:**

**Жогорудагы коюлган максаттар ишке ашат, эгерде…**

- чыгарманын мазмуну менен таанышып, түшүнө алса;
- түшүнгөнүн мазмундуу айтып бере алса;
- туулган жерин сагынган баланын ырынын маанисин түшүнүп, өз оюн айта билсе;
- балага мүнөздөмө берип, аны чыгарма аркылуу далилдүү айта алса;
- баланын туулган айылын көргөндө толкунданып, кубанычы койнуна батпай апкаарыган жерин чыгармадан таап, көрктүү окуп бере алса;
- чыгарманын мазмунуна ылайык макалдардын маанисин чечмелеп, түшүнө алса;
- сынчыл ой жүгүртүү, ойлорду талдай билүү, баяндап айтуу көндүмдөрү калыптанса;
- туулган жерди сүйүүгө, кадырлоого үйрөнсө;
- ынтымактуу болуп, бири-бирине сылык мамиле жасоого көнүксө.

**Сабактын тиби**: Жаңы материалды окуп-үйрөнүү сабагы.

**Сабактын формасы**: Ролдук оюн

**Сабакта колдонулуучу ыкма:** өз алдынча, класс менен иштөө, кластер түзүү.

**Сабактын жабдылышы**: Окуу китеби, таблицалар, ватман, фломастер

**Сабактын жүрүшү**:

**Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү)**

**Өтүлгөн тема боюнча окуучулардын алган билимдерин текшерет, бышыктайт.**

**Мугалим балдарга мындай суроо менен кайрылат.**

2. Балдар, силер туулган жер дегенди кандай түшүнөсүңөр?

**Балдар өз ойлорун айтышат. Бул учурда сөзсүз «Алтын эрежелерди» мугалим балдардын эсине салып турушу зарыл. Ар бир окуучу өз көз карашын эркин айтууга укугу бар. Ар бир баланын оюн мугалим доскага жазып турат («Ар бир ой баалуу»).**

**Андан соң, мугалим жаңы тема менен окуучуларды тааныштырууга өтөт.**

**Жаңы тема: «Туулган жер» аңгемеси.** Чыгарманы уктурууда аны окуучулар менен бирге ролдоштуруп окушса болот.

**Ролдордо:**

4. Автор
5. Сатыкул
6. Тилеген аке

Ролдоштуруп окууда образга кирип, так, көркөм окууга мугалим багыт берип, өзү үлгү көрсөтүп отурат.

**Автор:** Калтылдак көпүрөдөн өткөн сон, солго бурулдук да, улам өр тарта жээктеп жүрүп кеттик. Кара-Суу буркан-шаркан күрүлдөп жатат. Туш тарап жыш токой.

**Сатыкул:** Ой-и-ий… Ак-Жол!.. Карачы, Тилеген аке, Ак-Жол!..

**Автор:** Сатыкул жадырап-жайнап мен бул жерди биринчи жолу көрүп отургансып, колу менен жаңсап коюп, бажырай берди.

**Автор:** Тигине, и-и-ий… биздин там!.. Миңбай абамын тамы… Нуркулдардын тамы… Ой-и-ий… дагы эле турган турбайбы!.. Тилеген аке, бизчи… Нуркул экөөбүз, тээтиги жерде ойноп жүрчү элек, дүмбүл бышырып жечү элек!..

**Тилеген аке:** Нуркул, азыр да бардыр. Бирок жүгөрү чабыкка эми кирди да. Дүмбүл жок.

**Сатыкул:** Биле-ем. Биз, Нуркул экөөбүз жазында кайырмак салчу элек да!.. Ой-и-ий… ошондочу, Тилеген аке, чо-оң балык илинткенбиз. Анан, түштө суугa, өзүбүз балык болуп ойногондочу… Ой-и-ий, анда тим эле, сонун болчу да!..

**Автор:** Иреттүү бак-дарак, жээгине ак тал менен мырза терек кырка толгон, желкилдеген көк камыштуу арыктар, кертилип-кертилип тилкеленген огороддор, өйдө-ылдый кеткен ийри-буйру жолдор, камыш чатырлуу тепирейген-тепирейген ак тамдар жүрөгүндө сагынычы бар баланын көзүнө өз энесинин көзүндөй жылуу, сыйлуу көрүнүп кетти.

Сатыкулдун жүзү ушунчалык жадырады. Көздөрү бажырайып, кирпиги кылгырып шаттык төктү. Ал мойнун созо улам обдула берип, Ак-Жол үстүнө кыдырата көз жүгүртүп, канаты болсо туулган жеринин үстүн жүз мерте, миң мерте чарк айланып чыкчудай. Ошондо да жарпы жазылбачудай, сагынычы басылбачудай!..

Муну байкап отуруп, менин оюм он талаа болду…

**Тилеген аке**: Э, Сатыш, айылды сагындыңбы?

**Автор:** Бала дагы эле Ак-Жол тараптан көзүн албай акырын гана башын ийкегиледи:

**Сатыкул:** Ий-йи… Апамды Ак-Жолубузга кетели десем, болбойт… Күзүндө дейт… жүрө берет… А мен ыйлачу элем… Ошондочу… Тилеген аке… ошондо минтип ырдагам. Ырдап берейинби?..

**Тилеген аке**: Кана, ырдачы, Сатыш!..

**Сатыкул:**
Адырга чыккан жекенмин,
аргымак минер бекемин…
аргымак оозун чойдуруп,
о-ой, айлыма качан кетемин?..

Капталга чыккан жекенмин,
караны минер бекемин…
каранын оозун чойдуруп,
о-ой, калкыма качан кетемин?..

**Автор:** Эт-жүрөгүм элжиреп кетти. Баланы так көтөрүп ала коюп, бешенесинен өөп-өөп жибердим! Тели-теңтушун, агайын-тууганын, киндик каны тамган Ата журтун учуп-күйүп самайт! Мындай ымыркайдан баралына жетсе, бармак басым бир айыл эмес, мүлдө кыргызга пайдасы тийген, керегине жараган бир азамат чыгып жүрбөсүн?!

Бир аздан кийин ырыскы жыттуу – өз туулган айылыбыз Ак-Жолубузга кирип бардык.

**Калган окуучулар көңүл коюп угушат. Берилген суроолорго жооп берүү менен чыгарманын мазмунун эстерине түйүшөт жана талдашат.**

**Төмөндөгүдөй суроолор берилет:**

1. Сатыкул туулган айылын көргөндө кандай абалда болду? Ошол жерин чыгармадан таап, үн чыгарып көрктүү окугула.
2. Бала эмнелерди эстеди? Ал ушул кезге чейин каякта жүрдү деп ойлойсуңар?
3. Туулган жерин сагынган баланын ырынын маанисин кандай түшүндүңөр?
4. Силер дагы бир жакка барганда туулган айылыңарды сагынган учуруңар болду беле? Сүйлөп бергиле.

**5. Макалдардын маанисин чечмелеп, класста ой бөлүшкүлө.**

- Ар кимдин туулган жери өзүнө ыйык.
- Туулган жердин топурагы алтын.

**Жалпы алган билимдерин жалпылоо максатында кластер түзүшөт.**

**Сатыкулга мүнөздөмө бергиле:**

- жаш бала, туулган жерин сагынып жүрөт, туулган жер жөнүндө ыр ырдайт, акылдуу, мээримдүү ж.б.

**Үйгө тапшырма:**

1. Чыгарманы кайрадан окуп чыгып, түшүнгөнүңөрдү айтып берүүгө даярдангыла.
2. Туулган айылыңарды, шаарыңарды сүрөттөп айтып бергиле.

**Окуучулардын билимин баалоо критерийлеринин негизинде бааланат.**

- Эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын (10 шарт көрсөтүлгөн) баарына жетише алса « 5 » деген баа;
- Көрсөткүчтөгү шарттардын 7-8 шарты аткарылса «4»;
- Көрсөткүчтөрдүн шарттары жарым жартылай аткарылса «3» деген баа койсо болот.

## 4-КЛАСС

**9-тиркеме**

**Сабактын темасы: Күкүк**

**Сабактын максаттары:**

**- билим берүүчүлүк**: «Күкүк» чыгармасынын мазмунун талдап түшүнүшөт. Күкүктүн жалкоолугунан өзү иштер ишти бөлөктөрдүн моюнуна жүктөп, уурулукка өткөнү тууралуу ой бөлүшөт.

**- өнүктүрүүчүлүк:** акылсыз каармандын сыпаттарын сыпаттап, таблицаны толтуруп баа беришет.

**- тарбия берүүчүлүк:** Бири-биринин ой пикирин угуп ой бөлүшүүгө үйрөнүшөт.

**Көрсөткүчтөр. Жогоруда айтылган максаттар ишке ашат, эгерде:**

- чыгарманын мазмунун түшүнсө;
- чыгарманы өз сөзү менен айтып бере алса;
- күкүктүн жаңылыштыктарын талдап, баа бере алса;
- тексттин тарбиялык маанисин ачып бере алса;
- чыгарманы талдай алса;
- өз оюн далилдүү айта алса;
- макалдарды аңгемелердин мисалында чечмелеп бере алса;
- башкалардын катачылыгынан сабак алып, жалкоо болбоо керек экендигин билишсе;

**Сабактын тиби:** Изилдөө сабагы

**Колдонулган ыкма:** Түгөйү менен иштөө. Салыштыруу.

**Сабактын жабдылышы:** Эки окуучуга бирден №1, 2, 3 тиркемедеги текстти жана №4 тиркеме флипчарт

**Сабактын жүрүшү:**

1. Эки окуучуга бирден тиркемелер (№1, 2, 3) таратылат. Алар текстти окуп чыгышып, түгөйлөрү менен биргелешип музоо менен күкүктүн окуяларын салыштыруу аркылуу акылсыз каармандардын сыпаттарын сыпаттап, жазышат. (20-25 мин.)

2. Түгөйлөрдөн бирден окуучу жазгандарын окуп беришет. Мугалим же окуучулар суроо беришип жалпы талкуу жүрөт. (5-7 мин.)

**Потенциал:** Окуучулар биргелешип иштөөгө үйрөнүшөт, салыштыруу классификациялоо көндүмдөрүнө ээ болушат, ой бөлүшүүгө, өз оюн далилдеп берүүгө аракеттенишет.

**Мугалим балдарды талкууга тартуу максатында суроо менен кайрылат:**

**№1 тиркеме. Сагызгандын жини келди**

Эрте жаздан баштап канаттуулардын бардыгы уяларын сала баштashты. Бир гана

күкүк эч нерсе кылбай бекерпоз жүрдү. Эрте жатып кеч турат. Ошенткен сайын, билесиңер го, уйку ого бетер күчөйт эмеспи.

Ошентип жаз аягы болгон кезде куш аттуунун баары уяларына кирип, жалгыз гана күкүк ай-талаада калды. «Күкүк! Күкүк!» деп ыйламсырайт. Бирок бир да канаттуу аны уясына киргизбейт. Туура да, ар ким эле өз уясын да тынч эс алып жашагысы келет эмеспи.

– Айе, сен эмне уя салып албайсың өзүң?! – деди Сагызган ага боору ооруп.

– Салат элем го, бирок ылайыктуу жер таппадым, – деп Күкүк ыйлап ийди.

– О, койчу! Мен таап берейин ылайыктуу жерди!

Ошентип Сагызган чоң эмендин бутагынан бир ажайып жай таап берди. Бир топ күн өткөн соң караса Күкүк дагы эле эч нерсе кылбай, ар кай жерде учуп-конуп жүрөт. Сагызган таң калды.

– Э, Күкүк! Уяңды эмне салбай жүрөсүң?

– Уяга жарай турган чөп-чар таппай жүрөм.

– О кокуй десе! Бая эле айтпайсыңбы. Жүрү, мен таап берейин.

Сагызган чөп-чардын сонунун таап берген соң, Күкүк дале болбой бекер жүрдү. Сагызгандын жини келип, бир күнү сурады:

– Эй, жалкоо! Дагы эмне шылтооң бар?! Эмне үчүн уя салбай жүрөсүң?

– Уяны го салам дечи, астына төшөй турган тыбыт таппайм...

– Ойе, жолуң болгур десе! Жүрү мени ээрчип уч!

**№3 тиркеме. Күкүк ууру жолго түштү**

Сагызган бир адамдын сарайына учуп келип, Күкүккө сонун үлпүлдөгөн жумшак кебезди көрсөттү. – Момундан ал да каалашыңча алдыңа төшөп сал!

Арадан дагы бир жума өттү. Күкүк болсо баягындай эле салпылдап бекерпоз жүрө берип, бир күнү жумуртка тууп салды. Уясы жок неме талаага тууйт да! Эми эмне кылыш керек. Ойлонуп ыйлап отурду да, Сагызган досун эстеди. Учуп барса досу жумуртка басып отуруптур.

Күкүктү көрө замат Сагызган күлдү.

– Сендей жалкоо жер үстүндө барбы деги? Колуңда баары турат, бирок уя салбайсың. Деги эмне деген жансың өзүң?

– Ырас айтасың, досум. Баары эле бар уя салганга. Бирок убакыт таппадым, такыр колум бошобойт.

– Бали, досум. Сендей жалкоону жерди жети кыдырып табыш мүмкүн эмес. Боорду эзип салдың. Ха-ха-ха! Болду эми, досум, сага жардам бере албайм. Кадырың жан болсун!

– Жумурткамды кошо басып берчи, бай болгур. Баары бир өзүңдүкүн басып отурасың го...

– Жо-жок! Оозуңан айлансын!

Сагызган кашайып такыр болбой койду. Анда Күкүк калган бардык тааныштарынан жалдырап суранса, бири да анын жумурткасын басууга макул эмес. Жок, чын да, бирөөнүн жумурткасын басып, жоопкерчиликти моюнга алыш оңойбу?

Ошондон кийин Күкүк айласыздан ууру жолго түштү. Ээси жок кезде бирөөнүн уясына кире калып, жумурткасын кошуп коет.

**№4 тиркеме:**

| *Жалкоо бала* | *Жалкоо күкүк* |
|---|---|
| - Ал башкалардын үлгү алууга умтулбайт.<br>- Ар бир ишин өз убагында бүтүрбөйт.<br>- Ар дайым шылтоо издей беришет. | - Канаттуулар уя салып жүргөндө бекерпоз болуп күкүк жүрдү.<br>- Өзү иштей турган ишти башкаларга жүктөп коюу тура эмес.<br>- Ал жалкоолугунан, канаттуулардын уясына ууру жол менен жумурткасын кошуп коёт. |

***Суроолор боюнча аңгемелешкиле:***

1. Канаттуулар уя салып жүргөндө Күкүк эмне кылып жүрдү?
2. Ал жаңылыштыгын билип, канаттуулардан эмне деп суранды?
3. Алар макул болбогон соң, кандай уурулукка өтүптүр?
4. Анын кылганын тура дейсиңерби?
5. Өзүнүн кылар ишин бирөөгө кылдырган ушундай адамдарды көрдүңөр беле?
6. Эки аңгемедеги акылсыз каармандардын сапаттардын сыпаттап, салыштырып айтып бергиле.

**Макалдарды окуп, аларды жогоруда окуган аңгемелердин мисалында түшүндүргүлө.**

**Жалкоолук тууралуу:**

Жалкоо жерге да жүк, элге да жүк.

Жалкоого иш буюрсаң, өзүңө акыл үйрөтөт.

Жалкоонун эртеңи түгөнбөйт.

Жалкоого кеч кирбейт, жаманга эс кирбейт.

**Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык көрсөткүчтөрдүн негизинде берилет.**

**Үйгө тапшырма:**

1. Өтүлгөн темаларды кайрадан окуп, мазмунун сүйлөп берүү.
2. Акыл тууралуу айтылган макалдарды ата-энеңер менен бирге окуп маанисин чечмелеп келгиле.

**10-тиркеме**

**Сабактын темасы: Торгой акын**

**Сабактын максаттары:**

**- билим берүүчүлүк:** калыстыкты, тууралыкты туу туткан, адамдардын эле эмес, канаттуу куштардын тынчтыгын бузуп, коркунуч алдына калтырбаганын түшүнүшөт.

Элинин азаттыгын биринчи койгон, өзү эмес жоолашып жүргөн жат эл да, акындын адилеттигине ыраазы болуп, достошуп, эки элдин «Торгой ырчысы» болуп калганын билишет.

**- өнүктүрүүчүлүк:** өз оюн эркин далилдүү айта билүүгө машыгат. Инсерт белгилерин пайдалануу аркылуу таблицаларды толтуруп, анализдеп, белгисиз, түшүнүксүз маалыматтарды системалаштырып биргелешип иштөөгө үйрөнүшөт.

**- тарбия берүүчүлүк:** калыстыкка, боорукерликке, мекенчилдикке, чыдамкайлыкка, топтордо бири-биринин пикирин угуп, сый мамиледе болууга үйрөнүшөт.

**Көрсөткүчтөр:** Жогоруда коюлган максаттар ишке ашат, эгерде:

- чыгарманын мазмунун түшүнсө;
- чыгарманы өз сөзү менен айтып бере алса;

- чыгарманы талдай алса;
- өз оюн далилдүү айта алса;
- текст менен иштөөдө жоонун баатырына Торгой ырчынын эл менен көчө албай кала бергенин таап көркөм окуп берсе;
- инсерт ыкмасы аркылуу эмнени билерин жана жаңы билге ндерин анализдеп, белгисиз маалыматтары системалаштырып биргелешип иштей алса;
- топто ишти аткарууда бирин-бири сыйлап уга билсе;
- чыгарманын мазмунуна жараша жакшылык кылууга, адамгерчиликке үйрөнсө;
- бөлүктөргө тема коё алса.

**Сабактын тиби:** жаңы билимди калыптандыруу

**Сабактын формасы:** инсерт

**Сабактын жабдылышы:** Ар биринде 1ден карандаш №1 тиркеме инсерт белгилеринин таблицасы, №2,3,4 тиркемелер.

**Сабактын жүрүшү:** Мугалим балдарга мындай суроо менен кайрылат:

1. Окуучуларга көктөмдө сайраган куштун атын билесиңерби? Деген суроо берилет.

Окуучулар: Торгой сайрайт, анын үнү мукам, ырчыларды торгойго салыштырат. Торгой жөнүндө бири-бирине өз пикирлерин айтуу менен ой бөлүшөт.(5-7мин)

2. Инсерт белгилери боюнча таблицаны толтуруунун эрежелерин окуучуларга түшүндүрүп, аны дептерине алышат.
3. Аларга текст (№1 тиркеме) таркатылат. Окуучулар анны окуп жатып,туштарына таблицадагы белгилерди коюшат.
4. Адегенде жекече өзү мурда билген, андан кийин жаңы темадан билген маалыматтары боюнча дептердеги таблицаны толтурушат.
5. «Боз үйдүн чамгарагына торгойдун уя салышы», көчкөн элдин «Торгой акынды издеп жерине кайрылышы», «Торгой акын аталып, бактылуу жашап калды» деген таркатылып берилген тексттердеги түшүнүксүз суроолорду биргелешип талкуулап, №2, №3, №4 графаны толтурушат.

**Потенциал:** Инсерт ыкмасы аркылуу эмнени билерин жана жаңы анализдеп, белгисиз, түшүнүксүз маалыматтарды системалаштырып, биргелешип иштөө көндүмдөрүнө ээ болушат.

**Мугалим окуучуларга мындай суроо менен кайрылат:**

1. Ырчы кедейдин боз үйүнүн чамгарагына акын булбулдун уя салышына эмне себеп болду?
2. Жоодон качкан эл менен эмне үчүн Торгой ырчы көчпөй калды?
3. Акылман карыянын сөзүнөн кийин батыр жигит кандай чечимге келди?
4. Эмне себептен жоонун батыры, элди чабуулга колум барбайт деди?
5. Бул ыкма менен иштөөдө силер эмнелерди үйрөндүңөр?
6. Торгой акындын жоодон эллин сактап калганына кандай баа бересиңер?

**№1 тиркеме**

| V-муну биллем | «+»-жаңы билдим | «?»-муну түшүндүм |
|---|---|---|
| - Канаттуу куштардын жумурткасына тийбеш керектигин.<br>- Бөлөк бирөөлөрдүн малын же буюмдарын албаш керек экенин. | - Акындын чамгарагына торгой уя салганы үчүн эл менен көчпөй калганы тууралуу.<br>- Жоонун баатыры акындын адилеттигине, боорукерликке ыраазы болушун.<br>- Эки элдин Торгой акыны болуп, эки элди жоолашуудан сактап калганын. | - Эмне үчүн бир уруу экинчи урууну чаап алат?<br>- Бирөөнүн малын олжолоп алыш уурулук да.<br>-Эми эмне үчүн жоого күрөшүүгө чыккан жок?<br>- Элдин туулуп-өскөн жерин душманга таштап кетиши туура эмес да. |

**Инсерт ыкмасы аркылуу анализдеп жыйынтыкташат.**

**Үйгө тапшырма:**

1. Чыгарманы кайрадан окуп чыгып, төмөнкү макалдардын маанисин чечмелеп түшүнүп келгиле.

Эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи.

Алыс жол атты сынайт, оор күн эрди сынайт.

Ата Журтуң – алтын бешигиң.

2. Торгойдун сүрөтүн тартып келүү.

**Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат.**

- Эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын ( 9 шарт көрсөтүлгөн) баарына жетише алса « 5 » деген баа коюлат.
- Көрсөткүчтөгү шарттардын 6-7 шарты аткарылса - «4».
- Көрсөткүчтөрдүн шарттары жарым жартылай аткарылса «3» деген баа коюлат.

**№2 тиркеме. Боз үйдүн чамгарагына торгойдун уя салышы**

Уруучулук заманда «жоокерчилик заман» дешүүчү. Бир уруу кол курап барып, экинчи урууну чаап, малын олжолоп, талап кетүүчү.»Бөлүнгөндү бөрү жейт» дешип, ар уруу өз ичинен бирдиктүү жоого да болууга аракет кылуучу.

Жаратылыш берген шык жөндөмүнүн аркасында, адам эмес, көктөгү булбул, торгойлор да черткен күүсүнө мукам үнүнө суктанган. Элин биримдикке чакырып, келген жоого күрөшүүгө үндөгөн.

Кыйынчылыкта да үйүнүн чамгарагына салган торгойдун уясын бузуп, кызыл эт балапандарын өлтүрүүгө барбаган Торгой акындын кантип элин жоодон сактап, эки элди достоштургандыгы жөнүндө Сулайман Рысбаев агайыңардын жомогунан билесиңер.

Илгери-илгери кыргыз элинде бир ырчы кедей болуптур. Колундагы комузу – анын мал-мүлкү да, бар байлыгы да ошол экен. Эл аралап, ырдап, аш-тойлордо өнөр көрсөтүп, ата-энесин бакчу экен.

Ырчы кедей комуз чертип, мукам үнүн созуп ырдап жатканда адамдар эмес, жаны жок тоо таш да тыңшап турчу дейт. Ал тургай, түрдүү-түстө тилин безеген акын булбул да, көккө чыгып алып миң кайрып ырдаган торгой да ырчы кедейдин ыр-күүсүн тыңшап унчукпай калчу экен.

Ошентип жүргөн бир күндөрдө, көктөм жазда ырчы кедейдин боз үйүнүн чамгарагына торгой келип уя сала баштаптыр. Аны көргөн кедей ырчы мукам үнүн токтотпой ырдап, торгойдун мукам кайрыктарын комузга кошуп, узакка ээргип ырдайт. Торгой да анын ырына эргип-жибип, улам-улам кайкып учуп келип жатып, боз үйдүн чамгарагына бат эле уя салып коет экен. Аны көргөн кары ата-энеси да бул сырдуу кереметти жакшылыкка жоруп, жалгыз уулунун тегин эмес экенин ойлошот.

Торгой, ошентип, кедей жигиттин боз үйүнүн чамгарагындагы уясына күн сайын бирден жумуртка тууп, күн сайын кечке мукам үн менен миң түркүн кайрып сайраган экен. Муну элдин баары билип, кедей ырчыга дагы да бир ирет таң беришет.

**№3 тиркеме. Көчкөн элдин Торгой акынды издеп, жерине кайрылышы**

Ошол күндөрдө сырттан жоо келип, тынч жаткан элди чаап, эл бириндеп, туш-тушка кача баштаптыр. Торгой ырчы элин бир болууга үндөп ырдап, жоого каршы күрөшүүгө чакырат. Бирок күчтүү жоо күчүнө салып, элдин белин майыштырат. Ошондо эл туулуп-өскөн жерин таштап, аргасыз көчө турган болот.

Туулуп-өскөн жерин душманга таштап көчүү, албетте, баарына кыйын болот. Бирок айла жок, душманга билинбей, түн ичинде жапырт көчүп кетишет. Бир гана Торгой ырчы

карыган ата-энеси менен кара боз үйүндө көчпөй кала бериптир. Ал жөнүндө эч ким билбей калат экен, анткени караңгыда кимдин кайда экенин чакчелекей түшкөн эл билбейт эле да.

Арадан эки-үч күн өткөн соң гана, арттан кууп келаткан жоонун жок экенин билген эл тыныгып, өргүү алышат. Элдин эсебин алышса, баягы Торгой ырчы жок экен. Ал эмне үчүн көчпөй калганын адегенде эч ким деле таназар албаптыр.

Аны жоо колуна түшүп өлгөн экен дешип, баары кейишет. Бир кезде гана бир акылман карыя:

- Анын чамгарыгына торгой уя салып жумурткалап жатпады беле. Ал ошол үчүн көчпөгөнүн эми билдим, – деп муңая тиктейт элге.

- Коюңузчу, ошол чымчыктын уясы үчүн жанын жоого салып бергидей, ал акмак эмес да, аксакал! – дейт эл ичинен бирөө.

Акылман карыянын жогорку сөзун уккан баатыр жигит гана:

- Аттиң, баарыбыз ошол кедей ырчыдай болбоппуз,–деп бармагын тиштептир да, кайратына келип, элине кайрылыптыр:

- Эл-журт! Кыл чайнап кырылганга жигиттериңерди топтогула. Кайра баралы да, кайран кедей ырчыбызды жоодон сактап калалы. Аны жоого таштап коюп, минтип эрсинип отурганыбыз жарабаган жорук!..

Чын эле торгой ырчы эмне болду экен? Ошондон кабар алалы.

Торгой ырчы да «эл менен бирге көчөлү» деп үйүн бүгөлү дешсе, түндө баягы торгой уясынан чукуранат экен. Ошондо эсине келип, жаратқандын бир макулугунун уясын бузууга колу барбаптыр. Анын үстүнө, ошол күндөрдө жумуркалардан кызыл эт балапандар да чыга баштаган эле. Үйдү чечип, түндүктү алганда, сөзсүз торгойдун үйү бузулат эле да, анын жумурткалары сынып, кызыл эт балапандары өлүп калат эле да. Ошол үчүн элге жалдырап, бизди таштап кайда баратасыңар деп айталбай же үйүн таштап кете албай, көчүп жаткан элге жолтоо болушпай, үн-сөзсүз кала беришкен тура.

**№4 тиркеме. «Торгой ырчы» аталып, бактылуу жашап калды**

Жоо эртең менен кыр ашып келип, ээн калган айылды табат. Бир гана эпейген кара боз үйдүн калганын көрүп, душмандын баатыры өз жигиттерин жиберет.

Жигиттер келип, анын ким экенин, элдин кайда кеткенин, анын эмне үчүн көчпөй калганын билишип, шылдың кыла күлүп, баланы баатырынын алдына байлап келишет экен. Жоонун баатырынын алдына келип, кедей ырчы баягы торгойдун мукам үнүн туурап комузун кайрып келет да, үйүнүн чамгарагына торгой уя салып жумурткалаганын, анын уясын бузуп, кызыл эт балапандарын өлтүрүүгө колу барбай, эл менен бирге көчө албай кала бергенин узак ырга кошот. Чаптырган жигиттеринен чын эле ошондой экенин билгенде, жоонун баатыры ага ары ыраазы болуп, ары таң калат да:

- Кара баштуу адамдын эле үйүн эмес, айбан чымчыктын үйүн бузууга колу барбаган адилет бул жигиттин айлын бузуп, элин чабууга менин да колум барбай калды, – деген экен. Анан:

- Менден эмнени тилейсиң, тартынбай айт, Торгой акын, – дейт жоонун баатыры.

- Менин башымды кессеңиз, кесиңиз. Элимдин азаттыгын бериңиз. Элим менен элиңизди жоолаштырбай, достоштуруп кетиңиз. Менин мындан артык сурарым жок! – дейт ошондо кедей ырчы тартынбай.

Ошол маалда кырдан кылкылдаган көп колдун карааны көрүнөт экен. Алар баягы жоодон качып көчүп кеткен кедей ырчынын эли болучу. Ал кедей ырчыны жоо колунан сактап кайрып кетүүгө кол курап келаткан болчу.

Бирок акын эки элдин ортосуна арага түшүп, аларды жоолошудан сактап калыптыр.

***Эскертүү:** Бул чыгарма 4 саатка пландаштырылган көрсөтүлгөн үлгү сабактын негизинде сабактар бирин-бири улап кетсе болот.*

**11-тиркеме**

**Сабактын темасы: Асан Кайгы бабабыз жана анын насааты**

**Сабактын максаттары:**

**- билим берүүчүлүк: чыгарманы угуп, окуп анын** мазмунун түшүнө алат; түшүнүгүн адабий тилде ырааттуу айтып бере алат; Асан кайгыга мүнөздөмө бере алат; өз оюн тексттен мисал келтирүү менен далилдей алат; жаратылыштын ар бир бөлүгүнө аяр мамиле жасоо керектигин түшүнөт.

**- өнүктүрүүчүлүк:** өз алдынча ой жүгүртүп, өз оюн айтууга көнүгөт, сөз байлыгы өсөт.

**- тарбия берүүчүлүк:** жаратылышка аяр мамиле жасоого, анны коргоого үйрөнөт; бири-бирин сыйлоого, колдоого, сабырдуулукка үйрөнөт.

**Көрсөткүчтөр:**

**Жогорудагы максаттар ишке ашат, эгерде;**

- чыгарманын мазмунун түшүнсө;
- чыгарманы өз сөзү менен айтып бере алса;
- чыгарманы талдай алса;
- каарманга мүнөздөмө бере алса;
- өз оюн далилдүү айтып, идеяларын доскага же флипчартка жаза алса;
- кызыктуу сүйлөмдөрдү алып, цитата бөлүгүнө, ал эми анын кеңири маанисин комментарий бөлүгүнө жаза алса;
- аткарган иштерин презентация кыла алса;
- топтук ишти аткарууда бирин-бири сыйлап, уга билсе.

**Сабактын тиби:** Жаңы билим берүүчү

**Сабактын формасы:** өз алдынча, топто менен иштөө

**Колдонулган ыкма:** Эки бөлүктүү күндөлүк

**Сабактын жабдылышы:** Эки бөлүктүү күндөлүк чийилген флипчарт (№1 тиркеме) ар бир окуучуга сызгыч, карандаш керектелет.

**1. Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:**

- Көзүнө көрүнгөн жан-жаныбарларды аяп, алар үчүн кайгы тарта берген адамды көрдүңөр беле? А өзүңөрдү «боорукермин» деп ойлойсуңарбы? Анда маегибизди бул текстти окугандан кийин уланталы.

**2. Окуучулардын жоопторун уккан соң, аңгемени мугалим көрктүү окуп берет.**

**Жаңы тема: Асан Кайгы бабабыз жана анын насааты**

Асан кайгы бабабыз бардык жан-жаныбарлардын турмушуна кайгырып, кейип-кепчиген боорукер адам болгон экен дешет. Ошол үчүн эл аны ушинтип Асан кайгы деп атап калса керек.

Асан Кайгы желмаян төөсүн минип алып, жер жүзүн кыдырып жүрчү имиш. Элдин оор турмушуна абдан кабатыр болот. «Эл бейпил турмушта жашагандай жайлуу Мекен издеп жүрүп каза болгон» деп айтылат уламыш сөздөрдө.

Кыргыз баласы – атам замандан мал менен күн көргөн, мал менен оокат кечирген эл. Бир жылы ак жайдын күнүндө кар калың түшүп, жан-жаныбарлардын көбү кырылган экен. Ушундай кыйын кезеңде Асан кайгы бабабыз жан-жаныбарларга бору ооруп, кайгырып, мындай деп насаат сөз калтырган экен:

Салган тамы жок,
Кылган камы жок,
Алган даны жок,
Баккан малы жок,
Мал багарга алы жок,

Көзү-башын көгөртүп,
Баягы көгөөн байкуш кантти экен?
Көрө турган көзү жок,
Чымын байкуш кантти экен?
Тарбаңдаган шор тумшук,
Ташбака байкуш кантти экен?
Боору жерге жабышкан
Баса албаган балчактап,
Бака байкуш кантти экен?
Куйругу жок, жалы жок,
Кулан байкуш кантти экен?
Боорунда буту жок,
Жылан байкуш кантти экен?
Оргон-жыйган чөбү жок,
Эчтемеге иши жок,
Доңуз байкуш кантти экен?
Кирер эшиги жок,
Корголоор тешиги жок.
Коңуз байкуш кантти экен?
Сууга муздап,
Сөөгү сыздапө чыгар,
Балык байкуш кантти экен?

Жайлоодо жабуу албаган
Арык байкуш кантти экен?
Курт-кумурска үйү жок,
Куурап баары өлгөн чыгар,
Өлбөсө да байкуштар,
Көргүлүктү көргөн чыгар.
Жанын сууга жашырып жүргөн.
Жаян байкуш кантти экен?
Колун алып бооруна,
Коркуп качып жүргөн,
Коён байкуш кантти экен?
Уясын кар баскан чыгар,
Шору таштай каткан чыгар,
Муздап карда жаткан чыгар,
Чымчык байкуш кантти экен?
Ээси жок багарга,
Элик байкуш кантти экен?
Жер-сууга жукпай жүргөн
Жейрен байкуш кантти экен?
Бөрү мунун душманы эле,
Бөкөн байкуш кантти экен?
Кара таштан жай алган.
Таштан башка үйү да жок эле,
Үй оокаттын бири да жок эле,
Кийик байкуш кантти экен?
Чилде түштү кыш болду,
Суунун баары тоңуп муз болду,
Каз өрдөктөн канча өлдү экен?

**Тексттин мазмуну менен таанышкан соң, классты үч топко бөлүп, аларга тексттен өзгөчө маанилүү, кызыктуу деп эсептеген сүйлөмдөрүн алып цитата бөлүмүнө, ал эми анын кеңири маанисин комментарий бөлүгүнө ар бири өз алдынча жазуусун тапшырат.**

**Үлгү:**

| Цитата | Комментарий |
|---|---|
| - Асан кайгы бабабыз бардык жан-жаныбарлардын турмушуна кайгырып, кейип-кепчиген боорукер адам болгон экен дешет. Ошол үчүн эл аны ушинтип Асан кайгы деп атап калса керек.<br><br>- Тарбаңдаган шор тумшук,<br>Таш бака байкуш кантти экен?<br>Боору жерге жабышкан<br>Баса албаган балчактап,<br>Бака байкуш кантти экен?<br>Куйругу жок, жалы жок,<br>Кулан байкуш кантти экен?<br>Боорунда буту жок,<br>Жылан байкуш кантти экен? | - Асан кайгы бабабыз абдан боорукер адам болгон экен. Ал адамдарга гана эмес, жер бетиндеги бардык жан-жаныбарларга да боору ооруп, аларды аяп кайгырган киши болгондуктан анны эл Асан Кайгы деп атап калыптыр…<br><br>- Таш бака, бака, кулан, жылан ж.б. жаныбарлар катуу суукта эмне болду экен деп Асан кайгы атабыз кейиген, аларга бору ооруган… |

Ар бир топ аткарган иштерин презентация кылышат (мугалимдин же окуучулардын каалоосу боюнча).

Мугалим жана окуучулар аларга суроо берүү аркылуу жыйынтыкташат.

Окуучулар бул ыкма аркылуу тексттин мазмуну менен өзүнүн ой-пикирин жана жеке тажрыйбасын байланыштырышат, алардын сабакка кызыгуусун артат. Барактын комментарий бөлүгүнө ушул цитатанын жазуунун себеби, ал кандай ой-пикирлерди жана суроолорду пайда кылгандыгы жөнүндө комментарий жазышат.

**Мугалим балдарды талкууга тартуу жана жаңы теманы бышыктоо максатында суроо менен кайрылат:**

1. Асан Кайгы деп аталышынын себеби бар бекен?
2. Минтип кайгыланышына эмне себеп болуптур?
2. Бул ырдан кийин жаратылыш байлыктарын, жан-жаныбарлардын сактоо үчүн биз эмне кылышыбыз керек деп ойлоп калдың?
3. Асан кайгынын боорукердигин бүгүнкү адамдардын жаратылышка болгон мамилеси менен салыштыргыла.

**Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат.**

**Үйгө тапшырма катары төмөнкүлөр берилет.**

5. Чыгарманы кайрадан окуп чыгып, түшүнгөнүн айтып берүүгө машыккыла.
6. Силер да Асан кайгы сыяктуу жаныбарларга бооруңар ооруп, же алар үчүн кам көргөн белеңер? Класста ой бөлүшүүгө даярданып келгиле.
7. Аталардын сөзүнүн маанисин талдап, чогуу ой бөлүшкүлө.

- Жыланды өлтүрбө, көрүп калсаң ак чач.
- Булакты булгаба, ак ниет адам тазалыкты булгабайт.
- Кумурсканын уюгун бузба, чымчыктын уясын бузба, убал болот.

**12-тиркеме**

**Сабактын темасы: Дүйнөнүн кооз жеринин бири**

**Сабактын максаттары:**

**- билим берүүчүлүк:** Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү өтө эле ар түрдүү жана түр жагынан бай экенин, мамлекеттик коргоого алынган жер корук деп аталарын, жаратылыштын ушундай байлыгын сактап тургандардын эмгеги зор экенин, Сары-Челекке жакын жердеги мектептин окуучулары токойду коргоого алышканын билишет.

**- өнүктүрүүчүлүк:** өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүгө, байкагыч болууга, өз оюн мазмундуу баяндап айтууга көнүгүшөт.

**- тарбия берүүчүлүк:** табийгатты сүйүүгө, жаратылыштын ушундай байлыгын сактап тургандардын эмгегин баалоого үйрөнүшөт.

**Көрсөткүчтөр: Жогорудагы коюлган максаттар ишке ашат, эгерде:**

- чыгарманын мазмунун түшүнсө;
- чыгарманы өз сөзү менен айтып бере алса;
- жаратылыштын байлыгын сактап тургандардын эмгегин түшүнсө;
- чыгарманы талдай алса;
- өз оюн далилдүү айта алса;
- текст иштөөдө жаныбарлар, канаттуулардын түрлөрү алардын жашоо тиричилиги тууралуу таап, көркөм окуп берсе;
- топто иштеген тапшырманын мазмуну боюнча иреттеп окуй алса;
- топтук ишти аткарууда бирин-бири сыйлап, уга билсе;
- чыгарманын мазмунуна жараша жаратылыштын байлыгын сактоого, коргоого үйрөнүшсө;
- бөлүктөргө тема коё алса.

**Сабактын тиби: аралаш**

**Колдонулган ыкма:** тыным жасап окуу, топто иштөө, чаташкан логикалык чынжырлар.

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, сүрөттөр, карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:** окуу китеби, сүрөттөр, карточкалар.

**Өтүлгөн тема боюнча окуучулардын билимдерин текшерет, бышыктайт.**

Жаңы теманы түшүндүрүүгө өтөт. Сабакта жаңы өтүлүүчү чыгарманын аталышы «Дүйнөнүн кооз жеринин бири»

**Мугалим «Акыл чабуулу» ыкмасын колдонуп, балдарга кайрылат:**

- кандай жерлерди «корук» деп аташат?
- коргоого алынган жер корук деп аталат.
- «корук» деп жарыяланган жерлерге аң уулоого, жаныбарларды кармоого тыюу салынат.
- токойлорду, бадалдарды кыюуга тыюу салынган.
- корук жерлерге уруксаты жок кирүүгө болбойт ж.б.

**Мугалим:**

Ооба, балдар силер корук тууралуу көп нерселерди билет экенсиңер. Эми бүгүн сабакта Дүйнөнүн кооз жеринин бири болгон Сары-Челек коругу тууралуу чыгарманы окуйбуз. Көңүл бөлүп уккула. Чыгарманы улам тынным жасап, талкуу уюштуруу менен улантып окуп отурушат. Текстти көрктүү окуучулар кезек менен окушат.

### 1-БӨЛҮК. Сары-Челек коругу

Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү өтө эле ар түрдүү жана түр жагынан бай.

Жаныбарлардын азыркы кездеги абалы корук жайларды уюштуруу проблемасын туудуруп жатат. Илим жана коздук үчүн маанилүү болгон, табияттын табигый көрүнүшүн жана байлыктарын өз калыбында сактоо үчүн. Мамлекеттик коргоого

алынган жер корук деп аталат. Корук деп жарыяланган жерлерге аң уулоого, жаныбарларды кармоого, өлтүрүүгө, токойду жана бадалдарды кыюуга тыюу салынат. Кыргызстанда атайын коргоого алынган жерлер көп кездешет. Алардын ичинде Сары-Челек коругу да кирет.

Анда эмесе, сөз дүйнөнүн кооз жеринин бири Сары-Челек жөнүндө болмокчу.

1. Мугалим балдарды талкууга тартуу максатында суроо менен кайрылат:
2. Кандай жерлерди корук деп аташат?
3. Корук жайларды уюштуруунун максаты эмнеде?

## 2-БӨЛҮК

Сары-Челекти дүйнөнүн кооз жери деп аташат. Чындыгында да, ошондой. Бул жер башка миң сандаган кооз жерлердин жаратылышы, сулуулугунан башкача. Чытырман токойдун ортосунда күзгүдөй тунук көлү бар. Арасын аралап кетсең ар бир көз кайыктан жаңгактарга таң каласың. Арча-кайыңдар, карагайларчы! Шилби, ыргай, ак чечек, деги койчу, эмнелер гана жок! Кымбат баалуу карагаттар, ар түрдүү өрүктөр. Алмалар, мөлтүрөгөн алчалардын түрлөрү эң эле көп.

Сары-Челек көлүнөн башка анын айланасында ири көл, кылакөл жана башка ондон ашык майда көлдөр бар. Мында көкөлөп учкан өрдөктөр жашайт. Балыктар. Ондатрлар бар.

160тан ашык канаттуунун түрү бар, алардын ичинде кыргоолдор, кекиликтер өзүнчө бир жакшынакай көрк берет. Канаттуулар кышкысын төрт эсе азайып калат, себеби алар башка жактарга учуп кетип, жайында кайра кайтышат.

Жаныбарлардын түрлөрү 32ге жетет. Алардын ичинде суусар менен сүлөөсүн бар. Бизге баштатан белгилүү болгон бул кооз жерге зубр биринчи жолу алынып келинип багыла баштаган. Дүйнөдө азайып бараткан жаныбарлардын тукумун көбөйтүү үчүн алар Сары-Челекке алынып келинген. Алар азыр көбөйүп өсүп жатат. Табийгатка көрк берген элик, аркар, бугулардын Мекени болуп калды. Көбүбүз көрбөгөн илбирстер да жашайт.

**Мугалим кайра суроолорду берүү менен талкууну улантат.**

1. Сары-Челектин жаратылышы жөнүндө эмнени билдиңер?
2. Жаныбарлар, канаттуулардын түрлөрү алардын жашоо тиричилиги кандай экен?
3. Дүйнөдө азайып бараткан жаныбарлардын алынып келишинин максаты эмнеде деп ойлойсуңар?

## 3-БӨЛҮК

Сары-Челек – дүйнөнүн кооз жери. Толгон токойдун арасы өзүнчө бир ажайып дүйнө. Кооз гүлдөрү ого бетер көрк берет.

Бир барып, арасын аралап, тунук жүзүн чайкап, гүлдөрүнө суктанып, токойлоруна таң калып, жаныбарлардын жарашыгына кумарланып келген адам кайра эле ошол жерде болууга шашылат.

Албетте, жаратылыштын ушундай байлыгын сактап тургандардын эмгеги зор. Ал жерде корукта жашаган адамдар өз милдетин абийирдүүлүгүк менен аткарышат. Ал жердегилер, Сары-Челектин кооздугуна жооп беришет. Баргандарга кенен-кесири түшүндүрүшүп, дүйнөдө ушундай кооз жер бар экендигине сыймыктанышат.

Атагын алыстан угуп жүргөн Сары-Челекке Кыргызстандын жана башка мамлекеттерден адамдар саякатка келип турушат. Чет мамлекеттен келген меймандар да, ушундай кооз жерде болууну эңсешет. Ал эми жайкысын эс алууга Сары-Челек жөнүндө толук маалымат алынып, барган жерлерине айта жүрүшөт. Сарычелекке жакын жердеги мектептин окуучулары токойду коргоону колго алышкан. Жылдын ар бир мезгилинде көз салып турушат.

**Мугалим суроо берүү менен талкууну улантат.**

1. Бир барган адам эмне үчүн кайра барууга шашылат болду экен?

2. Жаратылыш байлыгын сактап турган адамдардын эмгеги жөнүндө силер эмне дейсиңер? Жаратылыштын байлыктарын сактоого, силер өз салымыңарды кошосуңарбы?

Акындар Сары-Челектин сулуулугун даңктап ырлар жазган. Анда эмесе, А.Исаевдин «Сары-Челек» деген ырына көңүл бөлгүлө.

### Сары-Челек

Атыңдан кагылайын, Сары-Челек,
Батынбайм баа беришке сага ченеп.
Байыркы бабалардан калган белек,
Бар бекен, берекелүү сенден бөлөк.

Келбетиң келишкенден алган тандап,
Бермети, асыл жердин алма, жаңгак.
Сарамжал колуң менен алсаң тандап,
Жемишин уюлунан таңгак-таңгак.

Аркайган аскаларың булут баскан,
Арасын аркар, кулжа аралашкан.
Көргөн да, көрбөгөн да өтүп кетер,
Кумары бир өзүңдөн таркабастан.

**Суроолорду берүү менен балдардын жаңы тема боюнча алган билимдерин бышыктайт.**

1. Акын Сары-Челектин сулуулугун кандай сүрөттөгөн?

2. Сары-Челектин кооздугу, жемиштери, жаныбарлары жөнүндө эмнелерди айта аласыңар?

3. Ушундай кооз жарашыктуу жерибизге кандай мамиле жасоо керек деп эсептейсиңер?

Андан соң, мугалим чыгарманы үч бөлүккө бөлүп үчөөнү үч барака жазып коёт да, ар бир топко таркатат. Мугалим, албетте, балдардын иштеп жатканына көңүл бөлүп, аларга багыт берип, ошону менен катар убакытты чектеши керек.

**Топтун иш аракети:**

Ар бир топтун мүчөлөрү кеңешип, талкуулап аңгемени үч бөлүккө ажырап калган окуяларын ирети менен коюп чыгышы керек.

**Бул ыкманы максаты:** Чыгарманын мазмунун ырааттуу эстеп калганын текшерүү менен бирге, аны эсте тутуп калуусун бекемдейт.

Топтордо өз ара такташып бүткөн соң, классалдында чогуу талдашып, ырааттуулук менен иретке келтиришет да, анны окуу китептеги текст менен салыштырышат.

**Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат.**

- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын баарына окучу жетише алса, анда «5» деген баа;
- көрсөткүчтөгү шарттардын 7-8 шарты гана аткарылса - «4»;
- көрсөткүчтөгү шарттарды жарым-жартылай аткарылса - «3» коюлат.

**Үйгө тапшырма катары төмөнкүлөр берилет:**

1. Чыгарманы окуп түшүнүгүңөрдү айтып берүүгө машыккыла.
2. «Сары-Челек» деген ырдын маанисин түшүнүп жаттап келүүгө.
3. Макалдардын маанисин текст боюнча түшүндүргүлө:

- Тикенсиз – гүл,

Үзүрсүз – эмгек болбойт.
- Жер болгон жерде өмүр бар,
Суу болгон жерде байлык бар.
- Жер тоюнбай, эл тоюнбайт.
- Табийгатты сактасаң, ал сени сактайт.

## КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ОКУУ

**13-тиркеме**

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | **«Кимиси коркок?”**<br>Автору: Ысмайыл Кадыров<br>Иллюстратору: Жыргал Касмамытова<br>Классы: 2-класс, деңгээли: 2.2 |
| **Предметы:** | адабий окуу, класстан тышкары окуу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | Окуучулар:<br>- чыгарманы угуу, суроолорго жооп беришет;<br>- уккан тексттин түшүнгөнүн түрдүү жолдор менен демонстрациялашат. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | «Ооба, жок» таблицасы, «Сүйлөмдөрдү толуктайбыз» көнүгүүсү |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | кичи топтордо, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары:** | **Текстти укканга чейин**<br>**1-кадам: Ч**ыгарманы укканга чейин мугалим окуучуларга китептин мукабасын көрсөтүп, суроолор менен кайрылат:<br>• Чыгарма кандай аталат экен?<br>• Кандай ойлойсуңар, чыгарма эмне тууралуу болот?<br>**Текстти угуу**<br>**2-кадам**: Аудиокитепти чогуу угушат..<br><br>**Текстти уккандан кийин**<br>**3-кадам.** Окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.<br>**1-тапшырма:** Текстти уккандан кийин төмөнкү суроолор берилет:<br>• Окуя качан, кайсы жерде болуптур?<br>• Башкы каармандар кимдер экен?<br>• Ким кимден коркту?<br>• Бул жаныбарлардын кимиси эң коркок деп ойлойсуңар? Эмне үчүн?<br><br>**2-тапшырма: «Ооба же жок”** таблицасына жазуу жүзүндө же оозеки жооп беришет (жекече, жуптарда иштесе болот) (2-тиркеме).<br>**Эскертүү:** *Мында чыгармадагы негизги иш-аракеттерди* |

| | |
|---|---|
| | *таблицага катар ирети менен так жазып коюу зарыл. Окуучу алардын ар бирин окуп же угуп, “ооба” же “жок” деген графага “+” же “-” белгилерин коюп чыгат. Эмне үчүн бул белгини койгондугу аркылуу мугалим окуучунун жообун тактап койсо болот.*<br>Бул тапшырма аркылу окуучулардын окуп\угуп түшүнүүсүн, эстеп калуусун, ой жүгүртүүсүн жакшыртууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.<br><br>**3-тапшырма. «Сүйлөмдөрдү толуктайбыз»** көнүгүүсүнө ылайык окуучулар жуптарда же кичи топтордо иштешет (3-тиркеме).<br>**Бул ыкманын максаты:** окуучулардын жомоктун мазмунун билүүсүн текшерүү менен бирге, эсте тутуусун бекемдейт.<br>**1-кадам:**<br>Мугалим жомоктогу окуяларды 5 бөлүккө бөлүп, ар бир бөлүктү өз алдынча баракка жазып коет.<br>**2-кадам:**<br>Барактарды ар бир топко таркатып, тапшырманын шартын түшүндүрөт жана аларга багыт берет.<br>***Эскертүү***: Мугалим сөзсүз убакытты чектеши керек.<br><br>**Топтун иш-аракети:**<br>**1-кадам:**<br>Ар бир топтун мүчөлөрү чыгарманын фрагменттеринде калтырылып кеткен сөздөрдү көп чекиттин ордуна туура коюп жазып чыгышат.<br>**2-кадам:**<br>Тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин, аны аудиокитептеги текст менен салыштырышат.<br>**3-кадам:**<br>Чыгарманын текстин кезек менен окуп же айтып беришет.<br>**Эскертүү:** *Топтордун аткарган жумуштарын дубалга илип койсо болот. Тыныгуу учурунда балдар бири-биринин жазгандарын окуганга мүмкүнчүлүк алышат.* |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | - «Айлакер эчкилер» (автору: Анушка Равишанкар, которгон: Нурия Умерова), Д.: 3.1<br>- «Находчивые козы» (автор: Анушка Равишанкар, перевод: Нурия Умерова), Д.: 3.1<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**13.1-тиркеме**

Автору: Ысмайыл Кадыров

## КИМИСИ КОРКОК?

Карга жаңгак таап алды. Чагып жейин деп, ары тоголотту, бери тоголотту. Чокулап көрдү. Акыры чага албасына көзү жетти. Аны чагып жештин жолун ойлоду.

Анан тумшугу менен тиштеп алып көкөлөп учту да, жердеги чоң ташты мээлеп туруп таштап жиберди. Жаңгак ташка “чак” деп тийип, жарылып кетти.

Таштын түбүндө уктап жаткан коён чочуп, ыргып турду.

Болду-болбоду, мергенчи мээлеп туруп атты деп болжоду. Серeңдеп тоону карай качып жөнөдү. Тоо капталында оттоп жүргөн кой өзүн карай атырылып келаткан коёнду карышкыр деп ойлоду. Коркконунан үрккөн боюнча бадалды көздөй жүгүрдү.

Бадалдын түбүндө уктап жаткан карышкыр дабыштан чочуп ойгонду. Түптүз эле өзүн көздөй атырылып келаткан койду көрдү. Уйкулуу көзү менен мени жолборс качырып келаткан экен деп ойлоду. Ыргып туруп тоону капталдай качты.

Тоонун капталында ийин казып жаткан чычкан мышык кол салды деп ойлоду. Коркконунан төмөн карай кулап кетти. Ал түптүз эле жаңгак жеп жаткан каргага барып бир тийди. Карга чочуп, уча качты.

Анан карга учуп баратып, жердеги чычканга жем болбой калганына сүйүндү.

Ал эми чычкан болсо өзүнө кол салган “мышыктан” аман калганын ойлоду.

Карышкыр өзүн качырган “жолборстон” качып кутулганына кубанды.

Кой болсо “карышкырдан” аман калдым деп ойлоду.

Ал эми коён болсо мергенчинин огунан аман калдым деп, ырдаган бойдон серeңдеп чуркап баратты.

Эми тапкылачы, балдар, ким эмнеден коркту? Деги булардын кимиси коркок?

**13.2-тиркеме**

**«ООБА, ЖОК» формасы**

| | Суроолор | | Ооба | Жок |
|---|---|---|---|---|
| | Карга алма таап алды. | | | + |
| | Карга жаңгакты тумшугу менен тиштеп алып, көкөлөп учту. Анан жердеги чоң ташты мээлеп туруп, таштап жиберди. | | + | |
| | Жаңгак ташка “чак” деп тийгенде, таш түбүндө уктап жаткан карышкыр чочуп ойгонуп, тоону көздөй качып жөнөдү. | | | + |
| | Өзүн көздөй атырылып келе жаткан коёнду карышкыр экен деп корккон кой бадалды аралай качты. | | + | |
| | Бадал түбүндө жолборс уктап жаткан. | | | + |
| | Тоону капталында ийин казып жаткан чычкан мышык кол салды деп ойлоду. | | + | |
| | Чычкан ылдый тоголонуп барып, жаңгак жеп жаткан каргага бир тийди. | | + | |
| | Карга ага көңүл бурбастан, жаңгакты жей берди. | | | + |
| | Бул жандыктардын кимиси коркок? | баары коркок | | |
| | | коён | | |

**13.3-тиркеме**

**“СҮЙЛӨМДӨРДҮ ТОЛУКТАЙБЫЗ” көнүгүүсү**

**Бул ыкманын максаты:** окуучулардын жомоктун мазмунун билүүсүн текшерүү менен бирге, эсте тутуусун бекемдейт.

**1-кадам:**

Мугалим жомоктогу окуяларды 5 бөлүккө бөлүп, ар бир бөлүктү өз алдынча баракка жазып коет.

**2-кадам:**

Барактарды ар бир топко таркатып, тапшырманын шартын түшүндүрөт жана аларга багыт берет.

***Эскертүү**: Мугалим сөзсүз убакытты чектеши керек.*

**Топтун иш-аракети:**

**1-кадам:**

Ар бир топтун мүчөлөрү чыгарманын фрагменттеринде калтырылып кеткен сөздөрдү көп чекиттин ордуна туура коюп жазып чыгышат.

**2-кадам:**

Тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин, аны аудиокитептеги текст менен салыштырышат.

**3-кадам:**

Чыгарманын текстин кезек менен окуп же айтып беришет.

***Эскертүү:** Топтордун аткарган жумуштарын дубалга илип койсо болот. Тыныгуу учурунда балдар бири-биринин жазгандарын окуганга мүмкүнчүлүк алышат.*

..................................................................................................................................................
.

**1-бөлүк**

Карга _____ таап алды. Чагып жейин деп, ары тоголотту, бери тоголотту. Чокулап көрдү. Акыры чага албасына көзү жетти. Аны чагып жештин жолун ойлоду.

Анан ________ менен тиштеп алып көкөлөп учту да, жердеги чоң ________ мээлеп туруп таштап жиберди. Жаңгак ташка “чак” деп тийип, ____________ кетти.

(**Колдонулуучу сөздөр:** жаңгак, тумшугу, ташты, жарылып)

………………………………………………………………………………………………..

**2-бөлүк**

Таштын түбүндө уктап жаткан ______ чочуп, ыргып турду.

Болду-болбоду, _________ мээлеп туруп атты деп болжоду. Сереңдеп тоону карай качып жөнөдү. Тоо капталында оттоп жүргөн _______ өзүн карай атырылып келаткан коёнду __________ деп ойлоду. Коркконунан үрккөн боюнча _______ көздөй жүгүрдү.

(**Колдонулуучу сөздөр:** коён, мергенчи, кой, карышкыр, бадалды)

……………………………………………………………………………………………...

**3-бөлүк**

Бадалдын түбүндө уктап жаткан _________ дабыштан чочуп ойгонду. Түптүз эле өзүн көздөй атырылып келаткан _______ көрдү. Уйкулуу көзү менен мени ________ качырып келаткан экен деп ойлоду. Ыргып туруп ________ капталдай качты.

(**Колдонулуучу сөздөр:** карышкыр, койду, жолборс, тоону)

……………………………………………………………………………………………

**4-бөлүк**

Тоонун капталында _______ казып жаткан чычкан _______ кол салды деп ойлоду. Коркконунан төмөн карай кулап кетти. Ал түптүз эле жаңгак жеп жаткан ________ барып бир тийди. Карга чочуп, ______ качты.

(**Колдонулуучу сөздөр:** ийин, мышык, каргага, уча)

……………………………………………………………………………………………..

**5-бөлүк**

Анан карга учуп баратып, жердеги ___________ жем болбой калганына сүйүндү.

Ал эми чычкан болсо өзүнө кол салган "______________" аман калганын ойлоду.

Карышкыр өзүн качырган "_________________" качып кутулганына кубанды.

Кой болсо "__________________" аман калдым деп ойлоду.

Ал эми коён болсо ____________ огунан аман калдым деп, ырдаган бойдон серендеп чуркап баратты.

Эми тапкылачы, балдар, ким эмнеден коркту? Деги булардын кимиси коркок?

(**Колдонулуучу сөздөр:** чычканга, мышыктан, жолборстон, карышкырдан, мергенчинин)

………………………………………………………………………………………………...

**14-тиркеме**

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | **«Банкадагы печенье"**<br>Автору: Назизе Херeро<br>Иллюстратору: Сия Масуку<br>Которгон: Талгат Деркембаев<br>Классы: 3-класс, деңгээли: 3.1 |
| **Предметы:** | адабий окуу, класстан тышкары окуу, мекен таануу, ТТКН |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | Окуучулар<br>- окуганын түшүнүү көндүмдөрү өнүгөт;<br>- өз алдынча ой жүгүртүшөт;<br>- чыгарманын окуясына, каармандардын иш-аракетине карата жеке пикирлерин билдирүү менен текст куруу көндүмдөрүн өнүктүрүшөт;<br>- сөз байлыгы өсөт. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | «Сөздөрдүн уңгусу» таблицасы, «Ачык жана жабык суроолор» формасы, «Мен ойлойм...» стратегиясы |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | жекече, жуптарда, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары:** | **Текст менен таанышканга чейин**<br>**1-кадам:** Мугалим китептин мукабасы, аталышы, автору менен тааныштырат.<br>**Текстти окуу учурунда**<br>**2-кадам**: Чыгарманы мугалим же окуучулар кезек менен көркөм окушат (1-тиркеме).<br><br>**Текст менен таанышкандан кийин**<br>**3-кадам.** Окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.<br>**1-тапшырма: «Сөздүн уңгусу»** таблицасына ылайык окуучулар жекече жазуу ишин аткарышат (2-тиркеме).<br>Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү боюнча иштин бул форматы сөздөрдүн маанисин аныктоону жана сөздөрдү талдоону билдирет. Биринчи катарда – сөздүн уңгусу, экинчи катарда – уңгулаш сөздөр, үчүнчү катарда – бул сөздөрдүн маанилери берилет.<br>**Эскертүү:** *Мугалим бул таблицаны окуучуларга берүүдө 3-* |

| | |
|---|---|
| | *катарды бош калтырат. Тактап айтканда, уңгулаш сөздөрдүн маанилерин окуучулар өзүлөрү чечмелеп жазууга тийиш.*<br><br>**2-тапшырма: «Ачык жана жабык суроолор”** таблицасына жазуу жүзүндө же оозеки жооп беришсе да болот (жекече, жуптарда иштесе болот) (3-тиркеме).<br>**Эскертүү:** *Бул суроолорду даярдоодо татаал жана так эмес түзүлгөн суроолордон качуу керек: окуучу өзүнүн ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнүн көпчүлүк бөлүгүн суроонун маанисин түшүнүү үчүн сарптабашы керек.*<br>Ачык жана жабык суроолорду берүү менен окуучулардын окуп\угуп түшүнүүсүн, ой жүгүртүү, аргументтештирүү, талдоо, баалоо көндүмдөрүн жакшыртууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.<br><br>**3-тапшырма. «Мен ойлойм...» көнүгүүсүнө** ылайык окуучулар жуптарда жазуу жүзүндө иштешет (4-тиркеме).<br>**Эскертүү:** *Тиркемеде окуучулардын болжолдуу жооптору берилген. Мугалим бул жоопторду окуучуларга бербөөгө тийиш.*<br>Бул көнүгүү окуган чыгармасына жооп кайтаруунун жазуу жүзүндөгү дагы бир формасы болуп саналат. Мында текстте баяндалган түрдүү кырдаалдарга карата окуучу өз ойлорун кыскача баяндоо аркылуу жазуу көндүмү калыптанат.<br>Ар бир жупка экиден кырдаалдык суроо берилет. Түгөйлөр берилген суроолорго жоопторун жазышат жана жалпы класс алдында жарыя окуп беришет.<br>**Эскертүү:** *Эгер сабак учурунда бардык окуучулар аткарган жумуштарын окуп бергенге жетишпей калышса, анда мугалим “Ойлордун жарманкесин” уюштуруп койсо болот. Мында ар бир жуптун аткарган жумуштары дубалга илинет. Тыныгуу учурунда балдар бири-биринин жазгандарын окуганга мүикүнчүлүк алышат.* |
| **Жогорудагы стратегиялард ы колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | - «Жаңы бала» (Элеонора Прояева, которгон: Т.Деркембаев), Д.: 3.1<br>- «Новенький» (Элеонора Прояева), Д.: 2.2<br>- «Кичинекей боёкчулар» (Черил Рао, которгон Т.Деркембаев), Д.:1.3<br>- «Маленькие художники» (Черил Рао), Д.:1.3<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**14.1-тиркеме**

Автору: Назизе Хереро

## БАНКАДАГЫ ПЕЧЕНЬЕ

Мики жана анын достору Лоло менен Унати өздөрүнүн сүйүктүү китептерин окуп отурушту.

– Силер Микиге бөлмөсүн жыйнашууга көмөктөшсөңөр, мен силерге печенье берем, – деди Пруденс.

– Ооба. Сөзсүз! Жардам беребиз! – деп сөз беришти балдар. Бирок алар дагы эле китеп окуп жатышты.

Бир аз убакыттан кийин алар Микинин бөлмөсүн жыйнаганы жөнөштү.

– Менин бөлмөм таптаза болуп калды. Жүргүлө, эми печенье алып жейли, – деди Мики.

Пруденс бир жакка кетип калыптыр.

Мики, Лоло жана Унати үстүңкү текчени карап көрүштү.

Банкадагы печеньени кантип алыш керек?

Алар отургуч алып келип, кезек менен үстүнө чыгып көрүштү. Бирок эч кимиси печенье салынган банкага жете алган жок.

– Апам бизди жыгылып, бир жериңерди оорутуп аласыңар деп айтмак, – деди Лоло.

Ал Унатинин ийнине чыгып көрдү. Бирок колу дагы деле идишке жеткен жок.

– Атам да бизди жыгылып, бир жериңерди оорутуп аласыңар деп айтмак, – деди Унати.

Андан кийин алар идишке сыйыртмак кылып салып, ылдый тартып алабыз деп жип табышты. Бирок мунусу да окшошпой койду.

– Апам идишти үстүңөргө түшүрүп ийбегиле деп урушмак, – деди Мики.

Ошол учурда бөлмөгө алардын дагы эки досу кирип келди.

– Силер эмне кылып жатасыңар? – деп сурады Жонатан менен Сакхи.

– Биз идиштеги печеньени ала албай жатабыз, – деди Мики.

– Биз силерге жардам беребиз, – дешти алар.

– Келгиле, отургучту текчеге жакын жылдырып, анын үстүнө чыгып көрөлү, – деди Жонатан.

Бирок печенье салынган идишке колдору дагы деле жетпей койду.

– Идишти топ менен уруп, ылдый түшүрүп көрбөйлүбү? – деди Сакхи.

– Макул, топту ыргытып көрөлү! – деди Лоло менен Жонатан.

– Жок! Антпейбиз, кооптуу да! Айнек сынып, жараат алышыбыз мүмкүн, – деп каршы чыгышты Унати менен Мики.

– Балдар, менде сонун идея бар! Пруденсти чакырып келели. Ал бизге өзү печеньени алып берет. Анан баарыбыз чогуу даамдуу печенье менен чай ичебиз, – деди Мики.

**14.2-тиркеме**

**«СӨЗДӨРДҮН УҢГУСУ» таблицасы**

| Сөздүн уңгусу | Уңгулаш сөздөр | Сөздөрдүн маанилери *(окуучулардын болжолдуу жооптору)* |
|---|---|---|
| **ДОС** | **Достор** | **жакын мамиледеги эки же андан көп бала\кыз** |
| | **Достук** | **эки же андан көп адамдын жакын мамилеси** |
| | **Достошуу** | **бирөө менен жакын, жылуу мамиледе болуу** |
| **КӨМӨК** | **Көмөкчү** | **Жардамчы** |
| | **Көмөктөшүү** | **жардам берүү, кол кабыш кылуу** |
| **БАЛА** | **Балдар** | **эки же андан көп бала** |
| | **Балалык** | **адамдын жаш курагы** |
| | **Балакай** | **кичинекей бала** |

**14.3-тиркеме**

**«АЧЫК ЖАНА ЖАБЫК СУРООЛОР» формасы**

| **ЖАБЫК СУРООЛОР** | |
|---|---|
| 10. Суроолордун жообу: “ооба” – “жок” | Балдар Микинин бөлмөсүн жыйноого жардам бериштиби?<br>ооба жок |
| 11. Сунушталган бир | “Микинин бөлмөсүн жыйнашууга көмөктөшсөңөр, мен |

| | |
|---|---|
| нече варианттын ичинен бир туура жоопту тандоону талап кылган суроолор | силерге печенье берем" деп ким убада берди?<br>а) Унати<br>б) Жонатан<br>в) Пруденс<br>г) Мики өзү |
| 12. Сунушталган жооптордун ичинен бир нече туура жоопту тандоону талап кылган суроолор | Банкадагы печеньени алуу үчүн достор кандай аракеттерди кылмак болушту?<br>а) отургуч алып келип, кезек менен үстүнө чыгып көрүштү<br>б) шатыга чыгып алмакчы болушту<br>в) идишке сыйыртмак салып, ылдый тартмай болушту<br>г) топ менен уруп түшүрмөй болушту |
| **АЧЫК СУРООЛОР** | |
| 1. Кошумча айтып берүү | - Эмне үчүн достор печеньени алуу үчүн айтылган бардык сунуштарга макул болушкан жок?<br>- ......................................................................... |
| 2. Кыскача жоопту талап кылган суроолор | - Пруденс атайын сыртка чыгып кеткен жокпу? Кандай ойлойсуң?<br>- ........................................................................<br>- Балдардын мүнөздөрүн сүрөттөгөн үч сөздү жаз.<br>- ........................................................................ |
| 3. Толук жоопту талап кылган суроолор | - Сен кандай ойлойсуң, эмне үчүн чогуу ичкен чай даамдуу болот?<br>- ............................................................................ |

**14.4-тиркеме**

## «МЕН ОЙЛОЙМ...» СТРАТЕГИЯСЫ

**Классы ___________________**

**Окуучунун аты-жөнү ________________________________________________________**

| *№* | ***Окуядагы кырдаалдар*** | ***Мен ойлойм...***<br>*(окуучулардын болжолдуу жооптору)* |
|---|---|---|
| *1* | Достору Микиге бөлмөсүн жыйноого көмөктөшүшөт. | *Мен ойлойм, бул достор абдан ынтымактуу. Бирин-бирин жакшы көрүшөт. Ошондуктан алар Микиге жардам беришти.* |
| *2* | Алар отургуч алып келип, кезек менен үстүнө чыгып көрүштү. | *Мен ойлойм, бийик жерде турган нерсеге жетүү үчүн отургучтун үстүнө чыгуу коопту деле эмес. Бирөөсү чыгып, калгандары отургучту бекем кармап турушса жыгылып кетпейт.* |
| *3* | Ал Унатинин ийинине чыгып көрдү. | *Мен ойлойм, бул учурда да жыгылып кетип, бир жерин оорутуп же кокустатып алышы толук мүмкүн.* |
| *4* | Балдар идишке сыйыртмак кылып салып, ылдый тартып алабыз деп жип табышты. | *Мен ойлойм, минткенде банка жерге түшүп, сынып калышы мүмкүн. Андан да анын сыныктары биринин бир жерин кесип кетүү коркунучу бар.* |

| | | |
|---|---|---|
| *5* | Идишти топ менен уруп, ылдый түшүрмөкчү болушту. | *Мен ойлойм, бул абдан кооптуу. Банканы топ менен урганда банка гана эмес, башка идиштерди да сындырып алышыбыз мүмкүн.* |
| *6* | - Балдар, менде сонун идея бар! Пруденсти чакырып келели. | *Мен ойлойм, Пруденсти чакырып келгени туура. Анткени анын жашы да калган балдардан улуу, бою да узун. Ошондуктан ал бийик текчедеги банканы ала алат. Анын үстүнө ал башында эле балдарга таттуу печенье берем деп убада кылган.* |
| *7* | Сен бул балдардын ордунда болсоң, печеньени алуу үчүн эмне кылат элен? | ........................................................................... .......... |
| *8* | Коопсуздук, этият болуу тууралуу дагы эмнелерди айта аласың? | ........................................................................... ........... |